Мухуддин Төлөбаев
Адылбек Оморов
Тынчтыкбек Токтогулов



# ЖАЙЫЛ БААТЫР
# 2



**Мухуддин Төлөбаев**



**Адылбек Оморов**



Тынчтыкбек Токтогулов

МУХУДДИН ТӨЛӨБАЕВ
АДЫЛБЕК ОМОРОВ
ТЫНЧТЫКБЕК ТОКТОГУЛОВ

# ЖАЙЫЛ БААТЫР

*(Экинчи китеби)*

**Асыл ойлору, тарыхы, санжырасы**



Бийиктик 2005

Китептин жарык көрүшүнө колдоо көрсөткөндөр Академик Турар Койчиев, ишкерлер Тынчтыкбек Токтогулов, Шаршенбек Кулеков, Апаркүл Бектурган кызы, Эрмек Белек уулу, Карабалта шаарынын мери Станислав Николаевич Тищенко, «Жайыл» бириккен дыйкан чарбасынын жетекчиси Абаскан уулу Дөөлөтбайларга терең ыраазычылыгыбызды билгизебиз.



Т. Койчуев



Т. Токтогулов



Ш. Кулеков



А. Бектурган кызы



С. Н. Тищенко



Д. Абасканов



Э. Белек уулу

## РЕДАКТОРДОН

*Жайыл баатырдын биринчи томдугу 2004-жылы жарык көрүп окурмандарынын арасына кеңири тарап кетти. Китептин авторлору бүгүнкү күндө анын экинчи томдугунун үстүндө эмгектенишүүдө.*

*Өз доорунда Жайыл бий Солто элинин эле эмес, бүтүндөй кыргыз элин сырткы душмандар (калмак, ж.б.) жана коңшу канаатташ жашап бирок кыргыздарды басып алууга кол салган душмандардан өз эли-жерин көзүнүн карегиндей сактагандыгы бүтүндөй кыргыз элине маалим. Жайыл атанын билермандыгы, кеменгерлик касиети, баатырдыгы айкөлдүгү, акылмандуулугу, ак көңүлдүгү, келечекти элестете билген көсөмдүгү, мээримдүүлүгү, кайрымдуулугу, кара кылды как жарган калыстыгы карапайым момун кыргыз элинин тереңине сиңип кеткен.*

*Жайыл ата уулдары Асан, Үсөн, Теке, Итике, Байбек, Эшбото, Куттубай жана Кудайбердилер бири-бирине болгон кайрылуу мамилелери өтө сабырдуулук, мээримдүүлүк кайрымдуулук менен болгондугу алардын укум-тукумдарынын арасына кеңири тараган асыл ойлорун турмуштун агымы айгинелөөдө.*

*Республикабыздын төрт районундагы кырктан ашык айыл кыштактардагы Жайыл атанын укум-тукумдарынын (урпактарынын) арасында кеңири тараган асыл ойлору жарым кылымдан бери чогултуп изилдеп-иликтеп иштеп түзгөн Мухуддин Төлөбаев өзүнүн чакан эмгегин эли-журтуна тартуулоодо.*

*Албетте муну менен Жайыл ата жөнүндөгү маалыматтар толук камтылды деген пикирден алыспыз. Жайыл атабыздын аткарган иштеринин жүздөн бири камтылды. Кана эмесе бир боорлор Жайыл ата жөнүндө билгеңизди ортого салыңыз, кашыктап чогултууга сиз да өз салымыңызды, үлүшүңүздү аянбаңыз.*

# БАЙЫРТАДАН ЖОЛ АРЫТЫП

*Кыргыз эли канча кылым жашаса, алар атайы ойлоп эмес, күндөлүк турмуш элеги өзүнөн-өзү калчап чыгарган асыл ойлордун басып өткөн жолу ошончо аралыкты камтыйт. Булардын бирин-экиси гана мезгилдин, жашоо-турмуштун, коомдун өзгөчөлүгүнө карай жаңыланып, жаңы мазмун, жаңы сүрөт алганы болбосо, дээрлик көпчүлүгү элибизге чарчабай-чаалыкпай ошол байыртан кызмат өтөп келе жатат десек апыртткандык болбос.*

*Асыл ойлор өзүнөн-өзү жарала койбостугу бештен белгилүү. Ошолордун калктын улуу-кичүүсүнө, эркек-аялына, бала-бакырага таамай, так айтылып келаткандыгы тарбиялык чоң маанисин кимибиз тана алабыз. Үй-бүлөөчүлүктөбү жолдошчулуктабы, мектептеби, тууганчылыктабы, окуу жайындагы студенттер арасындабы, деги койчу, бир сөз менен айтканда тиричиликтин бардык катмарын, болгон тармагын асыл ойлордой кенен кесири камтыган бир нерсени табуу өтө кыйын.*

*Кыргыздын кыйын чыгаан уулдары да кыздары да асыл ойлордон аралаштырып өздөрүнүн чечендиктерин жанып-бүлөп курчутуп, далай мен кыйынмын дегендердин оозун ачырбагандай керектерге жарап келгендерин айтпай коюуга болобу?*

*Эми асыл ойлордун өспүрүм балдарга, мектеп окуучуларына, жалпы эле жаш дегендерге эле эмес, калайык калкыбыздын калың катмарына табылган рухий кенч, түгөнбөс байлык. Албетте, буларды туура, өз орду менен ыктыярдуу пайдалансак аларды кордобой асырап алган болоор элек.*

*Асыл ойлордун атын-затын өчүрбөй, жылыга ар кайсыл басмадан бирин-эки китеп жыйнагы жарык көрүп турганын колдоо гана керек, анткени аларды илимий иштерге чыгармаларга, жалпыга маалымат каражаттарында, мектеп, жогорку окуу жайларында өтүлгөн сабактарда ж.б. ушуга окшогон иш чараларда кеңири колдонулат. Буларсыз алардын баары кунарсыз, туз салынбаган тамактай даамы чыкпай калат.*

*Ушул максатта асыл ойлордун келечегин узартуу үчүн иштеп чыккан түзүүчүнүн талыкпаган жарым кылымдык эмгегин баалабай коюуга мүмкүн эмес. Ошондой эмгектердин бири колуңузда урматтуу окурман.*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук*
*жазуучулар жана журналисттер*
*союздарынын мүчөсү* *Мамбетжунушов Түгөлбай*

# Жайыл атанын жана балдарынын асыл ойлору

Түзүүчү: МУХУДДИН ТӨЛӨБАЕВ

*Биринчи бөлүм*

## *А*

*Ааламда эмне болбогон,*
*Адамды болбойт кордогон.*

✦ ✦ ✦

*Ааламда толо коңуздар,*
*Адамдан да чыгат – доңуздар.*

✦ ✦ ✦

*Ааламда адамзатта калат – урмат-сый,*
*Арсыздыгыңды, акмакчылыгыңды – тый.*

✦ ✦ ✦

*Ааламды тиреген бийиктик кайда? – акылда,*
*Дүйнөнүн түпкүрүнө жеткен тереңдик кайда? – акылда.*
*Жер жүзүндөгү оор салмак кайда? – акылда.*

✦ ✦ ✦

*Аарынын чакканы да иштеп чыкканы да даары,*
*Аны биле бербес баары.*

✦ ✦ ✦

*Ааламдын көркү – адам,*
*Ардабай ташта – кадам.*

✦ ✦ ✦

*Аарынын, бергени – бал,*
*сайганы – заар.*

✦ ✦ ✦

*Абайлабасаң – абийир ачылат,*
*Байкабасаң – ырыскың чачылат.*

✦ ✦ ✦

*Абактагылардын баары эле алдамчы – эмес,*
*Айып болоор, аларды жан алгычка – теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Абийирин ичкен адам*
*Ар намыстан безген адам.*
*Абийирдин тазалыгы – бейиш,*
*Абийирсиздики – кейиш.*

✦ ✦ ✦

*Абийирсиз – жарыбайт*
*Акылын айтып арыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Абийир жаңы келген келиндин – себи,*
*Абийири менен болсо алганынын – теңи.*

✦ ✦ ✦

*Абийирдүү атанын баласы – эли-жерим дейт,*
*Арсыз атанын баласы – элин-жерин жейт.*

✦ ✦ ✦

*Абийирдүү дос – калыс, акыйкат кебин – айтаар,*
*Арсыз дос – эки жүздүү, жалганчы башка*
*иш түшсө – качаар.*

✦ ✦ ✦

*Абийириңе карабай – тилдейт,*
*Акмак уят-сыйытты билбейт.*

✦ ✦ ✦

*Абийир – жашыңдан,*
*Арсыздык да жашыңдан.*

✦ ✦ ✦

*Абийириңдин ачылганы,*
*Абийириңдин чачылганы.*

✦ ✦ ✦

*Абийир – алтындан да кымбат,*
*Абийир – адамга сымбат.*

✦ ✦ ✦

*Абройуңдун кимге кереги бар, сен өлгөн – соң,*
*андыктан тирүүлүктө өзүңдү-өзүң кадырлаганың–оң.*

✦ ✦ ✦

*Абийири жок ата эненин,*
*Уул-кыздарынын да уяты болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Абийирсиз айым албуут болот,*
*Алганын бийлеп күчкө толот.*

✦ ✦ ✦

*Абышкасы өлгөн арсыз кемпирге күлкү,*
*Себеби; кемпирге калды анын мүлкү.*

✦ ✦ ✦

*Аганын кеңешине кирбейт,*
*Арсызды аялы бийлейт.*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини жамандасаң,*
*Тууганды кайдан табасың?*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини жаман деп, жакшыны кайдан табасың,*
*Жакшылыкты билбеген, өзүңө-өзүң арамсың.*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини алдаганың,*
*Абийириңди жалмаганың.*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини жамандап, береке таппайсың,*
*Ата Мекенди жамандап эли-журтка батпайсың.*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини кыйнаганың,*
*Өз уулуңдан ыйлаганың.*

✦ ✦ ✦

*Ага-иниге карабаган,*
*Ар намыска жарабаган.*

✦ ✦ ✦

*Ага-инини кас туткан,*
*Ал ажыраганы куттан.*

✦ ✦ ✦

*Ага-иниге бакырба,*
*Акылын тап да жакында.*

✦ ✦ ✦

*Агасын сындаган адам,*
*Аялын тыңдаган адам (жаман).*

✦ ✦ ✦

*Ага-ини ынтымактуу болсо,*
*Бүтпөгөн иш болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ага-тууганды н баркына жетпеген,*
*ар кимди жектегени-жектеген.*
*Агаң жаман болсо ташта,*
*Өзүң мыкты боло башта.*

✦ ✦ ✦

*Агалаары жоктун,*
*жакыны жок.*

✦ ✦ ✦

*Агасы жамандын,*
*Иниси да жаман.*

✦ ✦ ✦

*Аганын айтканын укпасаң, акылга тутпасаң,*
*Акмактардын ушак уусун жутасың.*

✦ ✦ ✦

*Ага-ини азат*
*Ага-инини чанганга азап.*

✦ ✦ ✦

*Ага-иниге алкынып, абийирди кайдан табасың, – ?*
*Тууганыңды жаман дегендер,*
*кайын журтуңа кирип аласың.*

✦ ✦ ✦

*Агаиндер менен арыз болгонуң,*
*... оңбогонуң, кор болгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Ага тууганды жээриген келин,*
*Токубай минип алган – эрин.*

✦ ✦ ✦

*Ага-туугандарды кээде иттей тыйышат чыны,*
*Ит болсо «ит» – да ага эмненин сыны*

✦ ✦ ✦

*Адам – иши менен,*
*Айбан – тиши менен баалуу.*

✦ ✦ ✦

*Адам бар – Мекен дебеген,*
*Ата-эне камын жебеген.*

✦ ✦ ✦

*Адамды: – тапкан–аял, баккан–аял,*
*каккан–аял, саткан да аял.*

✦ ✦ ✦

*Адам жарыкчылыкка: – ыйлап келет,*
*– ыйлатып кетет.*

✦ ✦ ✦

*Адам узак жашасам дейт, анын камын жейт,*
*Ошол эле учурда карысам дебейт, камын жебейт.*

✦ ✦ ✦

*Адам алжыганда, иши жок ажал менен,*
*Көзү көрбөй, көөдөнү сезбей, кулагы керең.*
*«Кыш-кыш», «быш-быш» – деп демин алат тереӊ-тереӊ.*
*Ооба, арга барбы акыркы – сапары белен.*

✦ ✦ ✦

*Адам жалындаган жаштыгы өткөнгө кайгырат,*
*Каадалуу карылыгы келгенге кайгырбайт.*

✦ ✦ ✦

*Адам шок: – күйүгөсүӊ, күйөсүӊ түтүнү жок,*
*Күйүтсүз адам да жок пейили ток.*
*Күйүттөн түтүн чыкканда, жер шаары*
*быкшып калмак – айла жок...*

✦ ✦ ✦

*Адамкерчиликтүү күйөө баланы,*
*кайната өз уулундай сезээр,*
*Акмак күйөө бала болсо,*
*кызым «тозокко» түштү дешээр.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын баардыгы бирдей эмес,*
*Анткени «бармакты-чыпалакка» болбойт теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын – кемчилигин айткан – кемибейт,*
*чындыкты айткан – өкүнбөйт,*
*кошоматчы ниети жаман – жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Адам баласы – өткөн өмүргө-өкүнбөйт,*
*мынчага толдум деп өркүндөйт.*

✦ ✦ ✦

*Адам – айткан сөзү менен дөөлөьттүү да сөөлөттүү.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын абийирин: – тапкан да, ачкан да*
*чачкан да – тили.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын көркү: – көзүндө, бөзүндө, баркы – сөзүндө.*

✦ ✦ ✦

*Адамды сыйлаган кор болбойт,*
*Акаарат сүйлөгөн зор болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Адам – аруулугу, улуулугу,*
*адамкерчиликтүүлүгү менен барктуу,*
*акылдуулугу, кең пейил – ак ниеттүүлүгү*
*менен – нарктуу.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын душманы – тили,*
*тилди сүйлөткөн – дили.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын «досу да касы да» – адам.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын баардыгы бирдей эмес;*
*жырткычтык жагына эч бир айбан тең эмес,*
*ишенбесең келгин – мелдеш.*

✦ ✦ ✦

*Адамды «шайтан» – алдайт,*
*шайтанды – Азезил – жайлайт.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын – куралы акыл,*
*акылга жарды бакыр.*

✦ ✦ ✦

*Адам – «арак» дейт,*
*«Арак» – адамдан «ар-ак» дейт,*
*адамдан – «арааак» – дейт.*

✦ ✦ ✦

*Адам жашоонун ырахатын, миң бир ирээт көрөт,*
*Андыктан бир туулуп, бир өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Адамгерчилигиң акылың, ансыз качат жакының.*

✦ ✦ ✦

*Адамга көрк берген – сымбат,*
*Эки көзүң «алмаздан» – да кымбат.*

✦ ✦ ✦

*Адамга жакшылык кылбаган кара ниет болгончо,*
*Абийири таза, ак пейил-кең пейил бей-бечара болуп*
*жашаганың жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Адам жаздын келишине – сүйүнөт,*
*Аары гүлдүн гүлдөшүнө – үйүлөт.*
*Ниети кара – буларды көрүп – күйүгөт.*

✦ ✦ ✦

*Адам көп, адамгерчиликтүүсү аз.*

✦ ✦ ✦

*Адамды: – жаңжалдаштырган – акча,*
*жараштырган – чакча.*

✦ ✦ ✦

*Адамды ажырата бил сындап,*
*Алар адамкерчилиги менен кымбат.*

✦ ✦ ✦

*Адам баласынын ажалы океандагы (мухиттеги)*
*деңиздеги – суудан эмес,*
*Арыкта аккан, көлмө-көлчүктөгү – эле суудан.*

✦ ✦ ✦

*Адам баласы: – жүзүнөн, көзүнөн, сөзүнөн*
*кулк-мүнөзүнөн байкалат.*

✦ ✦ ✦

*Адамдардын баары эле «мендей» – эмес,*
*алгысы келип, бергиси келбеген*
*«сендей» – да эмес, бергиси келип, алгысы келбеген.*

✦ ✦ ✦

*Адамды каалаган жагына жеткирген – таман*
*Буудайды буудай кылган саман.*

✦ ✦ ✦

*Адам – мээрим сөзү менен эрите алат,*
*Булбул мукам үнү менен эритип салат.*

✦ ✦ ✦

*Адамды акылы менен жараткан,*
*Ай-Ааламды тартуу кыла караткан.*
*Аз жашоону – ардактабай, дардактаган аланказары бардыгын жадаткан.*

✦ ✦ ✦

*Адамдын баардыгы кең пейил эмес,*
*Андыктан го беш кол тең эмес.*

✦ ✦ ✦

*Адамдар бар, көзүндө нуру жок, бука көз баштанган,*
*Андайлар кырсык басып, жапа чеккендерди көрсө шаттанган.*

✦ ✦ ✦

*Адамдар бар көзүнүн агы менен карасы барабар,*
*Андайлар ак көңүл, боорукер, жакшылык кылуучу – адамдар.*

✦ ✦ ✦

*Адамды – кадыр-барктуу кылган сабыры,*
*Даракта – дардайта дарак кылган тамыры.*

✦ ✦ ✦

*Адамзаттын – талашып, тартышышы,*
*Пейил тарып, ачкөздүккө, көңүл артышы.*

✦ ✦ ✦

*Адамзатта акыл-эстин астыгы,*
*Паам-парасаттын пастыгы.*

✦ ✦ ✦

*Адамды болбойт – кордогон,*
*Адамды болбойт – зордогон.*

✦ ✦ ✦

*Адам баласы өзүнө-өзү жардам бериши керек;*
*Ач көздүгүн, алдым-жуттум арамдыгын токтотот,*
*Ак ниеттүү эмгектенент – кош колдоп.*

✦ ✦ ✦

*Адам баркы адамда, абайлагын кадамда,*
*Аңдабаса аттиң ов! арман болор адамга.*

✦ ✦ ✦

*Адамкерчиликти баркта,*
*Эл мүлкүнө сугуңду артпа.*

✦ ✦ ✦

*Адилеттикти – адилет адам түшүнөт,*
*Акылсыз адам абийирди түшүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Адилет адамдын абийири бийик,*
*Арсыз, ачкөздүн ойлогону эле кийит.*

✦ ✦ ✦

*Адилеттикти сүйбөгөн адам,*
*Арамдыкты «үй» деген адам.*

✦ ✦ ✦

*Адепсиздик: – акмакчылык,*
*айла амалы былыкчылык, арам – кылык.*

✦ ✦ ✦

*Адал эмгек «бакыт-таалай»,*
*Аны билген оң – баалай.*

✦ ✦ ✦

*Адеп – ак ниеттүүлүккө үндөйт,*
*эки жүздүүлүктү сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Адептүүлүк – жакшыдан,*
*Какшый берет – какшыган.*

✦ ✦ ✦

*Адепсиз мактанганын койбойт,*
*Ач көз тамакты тойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Адилеттикти тутуп калыс бол,*
*Ала көөдөндөн алыс бол.*

✦ ✦ ✦

*Адилеттүү адам, – арамдыкка көнбөйт,*
*Акмактын асылганына көңүл бөлбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Адыраңдоо: – акылсыздыгың,*
*дардаңдоо – даваасыздыгың,*
*Андыктан акылды калчап, колуңду кыскының.*

✦ ✦ ✦

*Ажал менен арбашкандар,*
*Акыйкатчылыкка акысы бар.*

✦ ✦ ✦

*Ажаан айым – беттен алат, беттеп алат,*
*Ажаан ит – буттан кабат.*
*Айырмасы жок – экөөнөн тең көңүл калат.*

✦ ✦ ✦

*Ажал жетсе, алтын так да жардам бербейт,*
*«Ажал шумшук» – арбап, кел-кел дейт.*

✦ ✦ ✦

*Ажалдан качып кутула албайсың,*
*А бирок жанталашып далбастайсың.*

✦ ✦ ✦

*Ажалдан кутулам деп, өзүңдү-өзүң алдайсың,*
*Амалың түгөнүп далдактайсың.*

✦ ✦ ✦

*Ажалдан качуу, акмакчылыктын бир белгиси,*
*Ажалга тике карайт – эр киши, шер киши.*

✦ ✦ ✦

*Ажыга баргандардын баары эле*
*адилеттүү боло бербейт,*
*Айрымдары алып-сатуу менен алектенет – тердейт.*

✦ ✦ ✦

*Ажоону туурап, айрым аткаминерлер*
*орусча ойлоп, орусча сүйлөйт.*
*Кыргыз тили демиш болуп,*
*бирок ниетинде сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Ажоонун: – калайык калкын таштай кача безгени*
*амалынын алты кеткени, ажалынын жеткени.*

✦ ✦ ✦

*Азамат болсо жолдошу,*
*Абийир, акыл чоң досу.*
*Акыйкаттык – олжосу.*

✦ ✦ ✦

*Азамат эрдин максаты, калайык-калктын камы,*
*Алдым-жуттум ачкөздүн максаты – элдин малы.*

✦ ✦ ✦

*Азган ага тууганга келет,*
*Ага тууган жардамын берет.*

✦ ✦ ✦

*Азаттыкты жеңип алат,*
*Өзү келет деген куру жалак калат.*
*(тилеги таш кабат).*

✦ ✦ ✦

*Аз жойулат,*
*Ач тоюнат.*

✦ ✦ ✦

*Аз сүйлөгөн акылдуудай сезилет,*
*Акмак алжып жатып эсирет.*
*Алар ар жерде, ар элде кезигет.*

✦ ✦ ✦

*Азаптан- – акылсыз чыга албайт,*
*Азапсыз акыл да чыкпайт.*

✦ ✦ ✦

*Аз сүйлөгөндүн баары эле акылдуу эмес,*
*Аз сүйлөгөндү акылдууга болбойт теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Азоону ооздуктап башкарасың*
*Акмакка акыл айтсаң таш кабасың.*

✦ ✦ ✦

*Аз өмүрүң бар чакта,*
*Ажылдаба – ардакта, жан сакта.*

✦ ✦ ✦

*Азапка салган аял, азабыңды тарткан бул аял,*
*Андыктан аялга мамиле болууга тийиш – аяр.*

✦ ✦ ✦

*Азды каала, ага койгун талап,*
*Көптү каалаган баарынан куру калат.*

✦ ✦ ✦

*Айбанда уят болбойт, тоютка тойбойт,*
*Уятсыз адам айбандай жойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Айбаттуу айгыр, үйүрүн ач карышкырга алдырбайт,*
*Ач карышкырдын амалы кетип алсырайт.*

✦ ✦ ✦

*Айкөл жаркылдайт*
*Абийир сатылбайт*
*Акмактык катылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Айлың да: – дөөлөттүү болсо – көкөлөйсүң,*
*баш кесер болсо – чөгөлөйсүң.*

✦ ✦ ✦

*Айрымдар «кафе-ресторанда» ичип-жеп жыргайт,*
*Анан «буги-буги» – деп бийлеп, ырдайт.*
*Ач карындар, арпа нанга жетпей*
*боздоп-сыздап ыйлайт.*

✦ ✦ ✦

*Айрымдар толук билбейт,*
*«жан» – мите– битте,*
*– итте, китте*
*– дөө-алпта да ханда да – бирдей.*

✦ ✦ ✦

*Айрым чөп даары,*
*Аны билбейт баары.*

✦ ✦ ✦

*Айылда молчулук болсо,*
*Шаарда токчулук болот.*

✦ ✦ ✦

*Айтканы келеби же келбейби төп,*
*Айтор анын айткандары эле көп.*

✦ ✦ ✦

*Айыбың көргөн күбө – бирге тете,*
*Адамгерчилигиңди көргөн күбө миңге тете.*

✦ ✦ ✦

*Айылдан чыкпаган адам жакыр,*
*Ааламды кыдырган адам – акыл.*

✦ ✦ ✦

*Айткандын баары эле керээз эмес,*
*Аялдын баары эле мээримдүү эне эмес,*
*(айрымдары мерес).*

✦ ✦ ✦

*Айтылган сөз атылган жебедей,*
*Этият бол сүйлөй бербе кебелбей.*

✦ ✦ ✦

*Айтылбаган сыр – алтындай,*
*Ардактагын баркыңдай.*
*Айта бербе? тартынбай.*

✦ ✦ ✦

*Айткандан акыл толбойт,*
*Айткандын баары акыл болбойт.*
*Арсыздар түбү оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Айран-сүт, каймак ден соолуктун булагы,*
*Арак, шарап, «самаш» – арамчылык чырагы.*

✦ ✦ ✦

*Айбан аягынан аксайт,*
*Адам «ар жагынан» аксайт (насиба ж.б.ус.)*

✦ ✦ ✦

*Айтылган кеп акылга жараша,*
*Абийир ачылат, акмакка караса.*

✦ ✦ ✦

*Айлар өтүп, жыл толот,*
*Аптап болсо – көл соолот.*

✦ ✦ ✦

*Айың да күнүң да жаныңда,*
*Аны Ааламдан издеп таалайыңа таарынба.*

✦ ✦ ✦

*Айткан акылың короп,*
*Арсыз-бузуку болот.*

✦ ✦ ✦

*Айтылбаган сырыңыз*
*Армандуу ырыңыз.*

✦ ✦ ✦

*Ак кайың жалбырагын ачканча,*
*Ашыккан сулуу ашыгына качканча.*

✦ ✦ ✦

*Ак көңүлдүн максаты амандык,*
*Арамзанын максаты жамандык.*

✦ ✦ ✦

*Аккуулар куштун асылы,*
*Анты күч сүйүү – ай сыны.*

✦ ✦ ✦

*Ак куу кушу – акыйкаттык*
*ак сүйүүнүн символу*

✦ ✦ ✦

*Акмактан алыс болгонуң*
*Акыйкатка толгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын көркү сакал,*
*Акылдуунун сөзү макал.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын кеңеши тантык,*
*Өзүңдүн акылың эле артык.*

✦ ✦ ✦

*Акмак бергенин доолайт,*
*Ага инини жоолайт.*

✦ ✦ ✦

*Акмак айыбыңды ачат,*
*Абийириңди чачат.*

✦ ✦ ✦

*Акмак кекээрлүү,*
*Айкөл кечиримдүү.*

✦ ✦ ✦

*Акмакка жылтыраган эле алтын,*
*Ачыгын айтсаң кетет баркың.*

✦ ✦ ✦

*Акмакка акыл кирбейт,*
*Атасы күнүгө тилдейт.*

✦ ✦ ✦

*Акмакты мейманга чакырсаң*
*Үй ээсин сыйлайт, керек болсо сындайт.*

✦ ✦ ✦

*Акмак адам үйрөнбөйт*
*Өлгөн адам сүйлөбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акмакты мактасаң да жактасаң да акмак,*
*Ал кимге жакмак, аны кажети жокко тактап.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын кышында кийгени чокой; а түшкөн изи*
*жылаңайлак, көргөндөр таңданышат байкап.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын үйү сүзөнөөк, тебенээк, сүтү жок жакпайт,*
*Акмак үйү өлгөндөн кийин көтөрө мактайт.*

✦ ✦ ✦

*Акмак менен «бейиште» – жашаганча,*
*Акылдуу менен «тозокто» – жашаган артык.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын мактоосунан,*
*Акылдуунун жемеси артык.*

✦ ✦ ✦

*Акмак-акмакка күлөт,*
*Өзүн абдан акылдуу ойлоп жүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Акмак менен арбашканың,*
*Акмакчылыкка жармашканың.*

✦ ✦ ✦

*Акмактын качырганы,*
*Абийириңдин чачылганы.*

✦ ✦ ✦

*Акмак сакалына макталат*
*Акылдуу сөзү менен даңкталат*
*Алар иштеген иши менен такталат.*

✦ ✦ ✦

*Акмакты акылдуу кыла албайсың акыл айтып,*
*Ажоонун качып кеткенинен – өлгөнү артык.*

✦ ✦ ✦

*Акмакка алдатканың,*
*Ак жолдон адашканың.*

✦ ✦ ✦

*Акмак акылдуусунам деп жатып*
*Акмакчылыгын далилдеп салат.*

✦ ✦ ✦

*Ак кишини жаманатты кылганың,*
*Акыры өз башыңа тийип, абийириң кетип сынганың.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкаттык да акчадан,*
*Аный деп качпаган.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкатчылыктан качканың,*
*Акмакчылыкка батканың.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат-акыйкат десе ала чапкан бар*
*Абийирин ачкан ал.*

✦ ✦ ✦

*Ак ниеттик жашоонун көркү,*
*Кара ниеттик анын бөркү.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкаттыкка көнгөн адам,*
*Арамдыкка таштабайт кадам.*

✦ ✦ ✦

*Ак ниет адамдар түтпөйт,*
*Арамза адамдар дос күтпөйт.*

✦ ✦ ✦

*Ак ниетке асыласың кектейсиң,*
*Асылган менен жетпейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат сүйлөө – марттык,*
*Чагымчылык – кыянаттык.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат болгонуң,*
*Абийирге толгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат калыс болгонуң,*
*Анткордон алыс болгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Ак ниет ишенимдүү досуң, жүз туугандан артык,*
*Тууган бар эле болсун, этек-жеңден тартып.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкатты ар ким сындайт,*
*Акыйкат ийилет бирок сынбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкаттыкты достордун баары эле жактабайт*
*Айрымы акыйкаттыгын актабайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат алтындан да оор,*
*Бирок сууга чөкпөйт, бууга көппөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкаттын «сеники, меникиси» – бар,*
*Бирок көрүнбөйт да бөлүнбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкат айга жеткирет,*
*Акмактар айла кетирет.*

✦ ✦ ✦

*Акыйкаттык болбос,*
*Бардыгын барабар теңеш*

✦ ✦ ✦

*Адам аттуунун баары бирдей барабар эмес.*

✦ ✦ ✦

*Ак ниеттин, – пейили кең болот,*
*эли журтка тең болот.*

✦ ✦ ✦

*Ар намысыңды, абийириңди сатпа,*
*Намысың болсо, эли журттан качпа, өлүп берип–акта.*

✦ ✦ ✦

*Акча аралашкан жерде,*
*Акыйкаттык кор де.*

✦ ✦ ✦

*Акчалуу абийириңе карабайт,*
*Арсыздар акаараттыкта каралайт.*

✦ ✦ ✦

*Акчаң көптө – досуң көп,*
*Акчаң жокто – дос да жок.*

✦ ✦ ✦

*Акчалуу болсоң,*
*Аталуу да болосуң.*

✦ ✦ ✦

*Акчасыз карыныңачат,*
*Атаң да качат.*

✦ ✦ ✦

*Акчаны топтогонуң,*
*Адилдикти жоктогонуң.*

✦ ✦ ✦

*Акчанын күчү: – ар кимди күлгүзөт,*
*тегирменди жүргүзөт.*

✦ ✦ ✦

*Акча асканы кулатат,*
*Албуутту сулатат.*

✦ ✦ ✦

*Акчага молдо да сатылат,*
*курал да атылат.*

✦ ✦ ✦

*Акчаны үнөмдөгөн сарамжалдуу жашайт,*
*Куйрук-боор, казы-карта ашайт.*

✦ ✦ ✦

*Акчалуу амалдуу,*
*Акчасыз санаалуу.*

✦ ✦ ✦

*Акчаң, амалың менен депутат боло аласың,*
*Акчасыз акылың менен талаада эле каласың.*

✦ ✦ ✦

*Акча: – абийириңди ачат,*
*абийириңди чачат.*

✦ ✦ ✦

*Акча – адамкерчилигиңден качат,*
*– абийириңди ачат*
*– акмакчылыгыңды чачат.*

✦ ✦ ✦

*Акча – акмакты алчаңдатат,*
*абийирин ачып чалчаңдатат.*

✦ ✦ ✦

*Акча аралашкан жерде*
*Акыйкаттык көрдө.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу эпчил,*
*Акмак кекчил.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу аз сүйлөп көп угат,*
*Акмак көп сүйлөп аз угат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу акылсызга жага бербейт*
*Акылдуу-акылдууну көрсө тердейт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу жаңылбайт,*
*Акмак аңылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу жакындайт,*
*Акмак такымдайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу таарынбайт*
*Акмактан акыл табылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу сыр айтат,*
*Акмак сын айтат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу айылын коруйт,*
*Акмак айылын тооруйт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуууга кеңеш,*
*Албууттук акылдуулук эмес.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу кыска, нуска сүйлөйт,*
*Ажылдоону сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун айтканын колдонуу,*
*Акыйкаттыктын чоң жолу.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу сөз: – ажалдын сакчысы,*
*– жүрөктүн ачкычы,*
*– сүйүүнүн жарчысы.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адамдын айтканынан пайда,*
*Акылсыздан кайда?*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу элдин камын жейт,*
*Акылсыз өзүм-өзүм эле дейт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам жаңылганын сезет,*
*Акмак адам жаңылдың десе – эзет.*
*(сөөмөйүн кезеп).*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам алсызды жөлөп тайайт,*
*Акмак адам алсызды жөөлөп сабайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам көрөгөч.*

✦ ✦ ✦

*Акылга көнгөн – азат*
*Акылга көнбөгөн – азап.*
*(өзүнө-өзү көр казат).*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун эрки күчтүү,*
*Акмакты кара теке сүздү.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу, жаманды жоолабайт,*
*жакшылыгын доолабайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу акырын айтат,*
*Акмак бакырып кайтат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам ыкчыл,*
*Акылдуу ит жытчыл.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам дааныышман*
*Асыл жанды тааныштан.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар арбашса сыр,*
*Арсыздар арбашса – чыр.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам кол астында иштегендерди*
*кас кылбайт,*
*Арсыздар кол астында иштегендерди*
*керeп-матап басмырлайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыз менен арбашканың,*
*Мээнетке жармашканың.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу шоктонбойт,*
*Албуут токтолбойт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам жасай билет көргөндү,*
*Арсыз адам арамдыкка жөндөмдүү.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу болгуң келсе,*
*Кулакты түрүп уга бил, акылга кир.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар алдын ала билишет,*
*Акылга айттырбай киришет.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам теңин табат,*
*Акмак туш болгонун жандап алат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу сезет, акмакка эсеп,*
*Ушакчылар ушундай дешет.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыз тууган; – айылга батпайт,*
*– аялын жактайт,*
*– агасын жамандайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу менен дос болсоң өнөөрсүң,*
*Арсыз менен достошсоң тосоорсуң.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам душманына да жакшылык кылат,*
*Ар намызы болсо, акырын сезип тынат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу алыстан көрөт,*
*Акмак абийириңди төгөт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам – акыл издейт,*
*Акмак акылдуу «биз» дейт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл сураганга, акыл айта бөлүшкөнүң,*
*Акылың андан да ашып өнүп-өнүгүшкөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Акылдууга кемчилигин айтса көнөт,*
*Акмакка кемчилигин айтса элге көңтөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар адамзаттын көркү,*
*Арсыздар ар дайым сөппү.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун иши жылат,*
*Акылсыз ичин сылайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыздар аялынын сөзүнө кирет,*
*Ар кимди жек көрүп жүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам: убадага бек, куубайт кек.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу алдастап ашыкпайт,*
*Арсыз какшыктайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу сөз ылгайт,*
*Акмак чырылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам сабырлуу, токтоо,*
*Аңылдаган акмакта акыл жокко.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу ыгы жок ырсактабайт,*
*Акылсыз абийир сыр сактабайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылды калча кеңеш,*
*Айткандын баары эле, акыл эмес.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар эне тилин ардактаган,*
*Арсыздар дайыны жок дардактаган.*

✦ ✦ ✦

*Акыл – илим-билим – барк,*
*– ар намыс – нарк, абийир,*
*– атак-даңк.*

✦ ✦ ✦

*Акыл – түгөнгүс алтын кен,*
*Аңдабайбыз билбестен.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун бир аты – куу,*
*Акмактын жүргөн жери ызы-чуу.*

✦ ✦ ✦

*Акылдын булагы илим-билим,*
*Аңдаган табат-тилин.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун ачуусу аз,*
*Адептүү сүйлөгөн сөзү саз.*

✦ ✦ ✦

*Акыл сакал менен ченелбейт,*
*Сакалдуу-акылдууга теңелбейт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу акмактардын кемчилигинен*
*жыйынтык чыгарат тактап,*
*Акмактар өз кемчилигинен да*
*жыйынтык чыгарбайт, ошону үчүн – акмак.*

✦ ✦ ✦

*Акылы менен эмгектенген арыбайт,*
*Ага-инини жамандаган жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыздар, чырылдашат,*
*Ичте ырылдашат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу, адептүү абайлап сүйлөйт,*
*Акылсыз акмак атырылып сүйлөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу, адептүү адамдардын балдарына дос болгон балдар да адептүү болоор.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун-акылдуу жандайт,*
*Аары гүлдөн-гүлдү тандайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылы алтындан артык жан экен,*
*Алтынга алмаштыраар бекен?*

✦ ✦ ✦

*Акыл – азат,*
*Акылсыздык – азап.*

✦ ✦ ✦

*Акыл – байлык,*
*Акча – айлык, чайлык.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу азаптан кутулат,*
*Акмак жутунат, тутулат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу – акмакты сүйбөйт,*
*Акмак – акылдуудан сүрдөйт,*
*Адетинче акмактана – сүйлөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл адамкерчилигиңди даңктайт,*
*Акылдуу аны барктайт,*
*Акмакка ал жакпайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл эс токтукту ыктайт,*
*Ач карындан акылдуу сөз чыкпайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл-эстүү күч – акылманда болот,*
*Акыл эссиз күч – акмакка толот.*

✦ ✦ ✦

*Акылың болсо, акчаң да болот,*
*Акылың болбосо акчаң жоголот.*

✦ ✦ ✦

*Акыл эстүү кыздар; сүйлөгөн сөзүнөн, караган көзүнөн, баскан-турганынан байкалат.*
*Кыраан алгыр бүркүт; учканынан билинет кайкалап.*

✦ ✦ ✦

*Акыл бар жерде – азат,*
*Акыл жок жерде – азап.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыз адам, акылдуу адамды көрө албайт,*
*Акылдуусунамын деп далбастайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдан адашуу акмакка кеп эмес,*
*Акыйкат болоор алабармандыкка теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу ит дайынсыз улуп-уңшуп үрбөйт,*
*Таң атпай шимшилеп көчөмө-көчө жүрбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар көп, акыл айтаары аз,*
*Жалмаңдаган көп, жардам берээр аз.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулар жем-чөбүн берип малынын жанында,*
*Арсыздар аңылдап ар кимдин пикетине чыгуу камында.*

✦ ✦ ✦

*Акылдууга – ант, сырлуу ыйык,*
*Акмакка – ант, тамаша мылжыйып.*

✦ ✦ ✦

*Акылман – зирек,*
*Ар дайым айттырбай билет.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу – тынбай эмгектенип тердейт,*
*Акылсызга акча эч жардам бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл башкарып, калемсап жазат,*
*Анын баары өзүнчө эле азап.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу кеңешти ук, өз акылың менен жаша,*
*Алдым-жуттум болбосоң, абийириң таза.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулук менен сабырдуу жашасаң,*
*Ар кандай кыйынчылыкты жеңесиң.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу жоктон бар кылат,*
*Акмак барды жоготуп тынат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу жаңылса оңдогончо шашат,*
*Акмак жаңылса көрүнбөй качат.*

✦ ✦ ✦

*Акыл эси начар илимий иликтөөнү каалабайт,*
*Илимий ийгилик жаратканды баалабайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл-эси менен болбогон – азап,*
*Акыл-эси менен болгон – азат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу көп арамдыкка жулунган,*
*Алты айланып ээрчийт пулуңдан.*

✦ ✦ ✦

*Акыл-эс тунук, аракет күч умтулуп,*
*Алардын үзүрүнө, ага-ини туйтунуп,*
*Ар качан алга-алгалап умтулуп.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун – тили бал,*
*Акмактын – тили заар.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу ар ишти тактайт,*
*Акыл айтканды какпайт.*

✦ ✦ ✦

*Акыл калчап укчу тыңдап,*
*Акыл – бардык байлыктан кымбат.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыз айым абысындарын пассынат,*
*Ага-туугандарын кассынат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуулук накта байлык*
*Акыйкатсыздык – карасанатайлык.*

✦ ✦ ✦

*Акылы тетик көзү өткүр адам,*
*Тиричиликке тың,*
*үй-бүлөгө кайрымдуу таштайт кадам.*

✦ ✦ ✦

*Акылсыз адам тастандайт,*
*Акылдуу адам ач калбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылы менен таш жарган,*
*А бирок, акчасыздан ач калган.*

✦ ✦ ✦

*Акылы арбын арыбайт, акылга жарды жарыбайт,*
*Акылы азбы? же көппү? Адамзаттын барын айт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу – эр, өргө баштайт, тетири баспайт*
*Акылсыз, арсыз аял – көргө баштайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам, айкөлдүгүнөн запкы жейт,*
*Акмак адам кара ниеттигинен сениби дейт.*

✦ ✦ ✦

*Акылы жок – арсыз,*
*Абийири жок – жарсыз.*

✦ ✦ ✦

*Акылдууну Теңирим колдойт,*
*Арсызда – акыл эс болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Акылды туя бил,*
*Ачууңду – тыя бил.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам сабырлуу болот,*
*Акмак адам – ичимдик ичсе эле сойот.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун аркасында кеп калат,*
*Акмактын аркасында «шек» – калат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу – карыбайт,*
*Аттуу – арыбайт*
*Арсыз – жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу тарыбайт,*
*Арсыз жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылды кууган болот,*
*Акылсыз тууган болот.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам; – ар кимге ырсактабайт,*
*– сыр сактайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуунун айтканын тыңда*
*Аңыраңдап көчөгө чыкпа.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адамдар келишсе тил табышат,*
*Акылсыз адамдар беттешсе итче кабышат.*

✦ ✦ ✦

*Акыл адамгерчилигиңди даңктайт,*
*Акылдуу аны барктайт, Акмакка ал жакпайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу арбактан басынат,*
*Акылсыз арбакка асылат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам макул сүйлөп шай кылат,*
*Акмак адам – шылдың сүйлөп каткырат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам – өмүрлүк жарын ардактайт,*
*Акмак адам – өмүрлүк жарына дардактайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам мал менен жансактайт,*
*Акмак адам короого мал бакпайт.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу адам – душманынын дилин тартат,*
*Акмак адам – душманынын жүгүн артат.*

✦ ✦ ✦

*Акылдуу эли жерин ойлойт,*
*Арсыз эч качан тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Аксакалдын кадыры,*
*Сакалда эмес акылда.*

✦ ✦ ✦

*Акынга азап,*
*Эл жүгүн жазат.*

✦ ✦ ✦

*Акын толкуган көл,*
*Акмак соолуган чөл.*

✦ ✦ ✦

*Акын зирек, айтырбай билет,*
*Аста-аста ыр токуп кирет.*

✦ ✦ ✦

*Акын – океандын толкуну,*
*сезбеген эч коркууну.*

✦ ✦ ✦

*Акын – толкунду жиреген желдей,*
*Толкундай жазат ээ-жаа бербей.*

✦ ✦ ✦

*Акындын сыры – ырында,*
*Арсыздын сыры – чырында.*

✦ ✦ ✦

*Акын ар дайым акыл калчайт,*
*Андыктан ал ар балакеттен сактайт.*

✦ ✦ ✦

*Алсыз жарыбайт,*
*Арсыз карыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Алтын чирибейт,*
*Айран ирибейт.*

✦ ✦ ✦

*Алтын сымал жез болот,*
*Албуут аял «нес» – болот.*

✦ ✦ ✦

*Алсыз адам чырылдайт,*
*Ач ит ырылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Алдамчы алдаса болду безет,*
*Акылсыз жетекчи элди эзет.*

✦ ✦ ✦

*Алганыңды зордобо,*
*Балдарыңды кордобо.*

✦ ✦ ✦

*Ала көөдөндөн алыс болгонуң, оңгонуң,*
*Достошконуң – акмак болгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Алтынга асылып жабышкандар көп,*
*Илим-билимге бирин серин.*

✦ ✦ ✦

*Алган билимиңди турмушка ашырганда кана*
*Ал пайда бере алат, ансыз ал ара талаада калат.*

✦ ✦ ✦

*Алып сатуу менен алекеттенип,*
*Айрымдар тердейт.*
*Ал өнөрүн эч кимге бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Алганга аттын башындай алтын аздай,*
*Баскан асфальты былкылдак саздай.*

✦ ✦ ✦

*Албаганың менен айлык,*
*Маданияттуу мамиле чоң байлык.*

✦ ✦ ✦

*Алтынды; билген алат, билбеген калат.*

✦ ✦ ✦

*Алтын – «ал да тын» –*
*деген сыры бар, билип ал.*

✦ ✦ ✦

*Алтындан артык – акыл, асыл ойлорду,*
*Акылдуу жан кабыл алат,*
*Акмак жан жээрип салат.*

✦ ✦ ✦

*Алкы бузулган Жолборс эле,*
*Акмак болду, алты жылы жатмак болду.*

✦ ✦ ✦

*Алкы бузулган ала бергиси келет талап,*
*Алганына акы бербеген кудайдын каарына калат.*

✦ ✦ ✦

*Алганың ырчы болсо; – ыр менен өтөт өмүрүң,*
*– ырдан да калат көңүлүң*
*– жашоонун билбей төгүнүн.*

✦ ✦ ✦

*Алганың дыйкан болсо; – курсагың ток болот,*
*– кайгың жок болот,*
*– көңүлүң шок болот*
*– кыйдылык токтолот.*

✦ ✦ ✦

*Алтын сары, жез сары,*
*Ажыратабы аны баары. –?*

✦ ✦ ✦

*Албуут аял; эркинче эсирет,*
*эринин эсин эки эсе кетирет,*
*элдин көзүнчө жекирет (секирет).*

✦ ✦ ✦

*Алтынды издеп жатканың,*
*Өзүңө-өзүң көр казганың.*

✦ ✦ ✦

*Алтынсыз эле алтындай жашаса болот,*
*Алтынга азгырылган сомдолот.*

✦ ✦ ✦

*Алсаңыз «боло» – алыңыз, тамактан,*
*кардыңыз болот ток,*
*тамак аш жерге кирсин, эсеп-кысабы жок,*
*Бирок... базарда баардыгы кымбат арзаны жок.*

✦ ✦ ✦

*Ала жазда, ашынган бай жут болсо*
*карайлап карса-курса жөтөлөт,*
*Көтөрүм койун чычаңынан көтөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Алоологон – сүйүүнү,*
*алка жакадан алган – көк жөтөлдү,*
*эл-журттан жашыра албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Алты саны соо балаңдын бекер жатканына*
*жүрөгүң зыркырайт,*
*А оорукчанын көрсөң, жашоого бүт үмүтүң – быркырайт.*

✦ ✦ ✦

*Алып учкан кызуу кандуулукка делбеңдесең,*
*Акмакка теңелесиң.*

✦ ✦ ✦

*Ал десең, албарсты да сүйүнөт,*
*Бер десең, байлар да битиреп күйүнөт.*

✦ ✦ ✦

*Алганын бербеген – сараңдык,*
*Ашыкча ичип-жеп «кускан», – арамдык.*

✦ ✦ ✦

*Алсыз адам – заардуу,*
*Алдуу адам – каардуу.*

✦ ✦ ✦

*Алсыздын күчү тилинде,*
*Алдуунун күчү билимде.*

✦ ✦ ✦

*Алып-жулганды койолу,*
*Аман-эсен бололу.*

✦ ✦ ✦

*Алдамчынын алдаганы,*
*Абийирин жалмаганы.*

✦ ✦ ✦

*Алтымышка чыгып арканда,*
*алты ооз асыл сөз калбаса,*
*андай жашоо жөн эле «далбаса».*

✦ ✦ ✦

*Алтын кени жерде,*
*Алгың келсе эмгектене терде.*

✦ ✦ ✦

*Алдаганың – «арам» – алдабагын!*
*Абийириңди – жалмабагын.*

✦ ✦ ✦

*Алгандан бери ажылдаган аялынан,*
*Тажаган эри ажырашам дейт сынап,*
*Аны уккан аялы, эртеси эле бөлөк эрге чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Албуут, ажаан аял менен өмүр бою кор болгончо,*
*Бопоросуңду буркуратып, бойдокчулугуң эле өйдө.*

✦ ✦ ✦

*Алтынды тонналап уурдаган кутулган – аман,*
*тоок уурдаган тутулган заман.*

✦ ✦ ✦

*Амалкөй сак болот,*
*Адилет так болот.*

✦ ✦ ✦

*Амалданып – чоң болгонуң,*
*Акыры барып – жоголгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Амалдуу аял – алыска барбайт,*
*шайтанды да алдайт.*

✦ ✦ ✦

*Амалдуу – бай болот,*
*Акмак – кор болот, заар болот.*

✦ ✦ ✦

*Амалга тойбойт адамзаат,*
*Арамды жойлойт адамзаат.*

✦ ✦ ✦

*Амалдуу чычкан ашкананы алты айланат,*
*мышыкка карматпай «мыш» кылат.*

✦ ✦ ✦

*Аңчынын ажалы – тоодон,*
*Коркоктун ажалы – жоодон.*
*Алдамчынын ажалы – доодон*
*Аракечтин ажалы – самогондон.*

✦ ✦ ✦

*Аңдышкан дос – душманга барабар,*
*Аңдышкан тууган – ар кимди сагаалар, агалаар.*

✦ ✦ ✦

*Ант берген адам мант бербейт,*
*«Мант» берген күндө «дат» дебейт.*

✦ ✦ ✦

*Апаңдан артык кеңешчи тапайсың,*
*Апаңды уксаң, абийириңди сактайсың.*

✦ ✦ ✦

*Апрелде; – жамгыр жаап көктөн,*
*– жер бети көктөм,*
*– жалкоо жүдөп сөккөн.*

✦ ✦ ✦

*Аракетинен сүйүнөөр – Уз,*
*Аракечинен түңүлөр – суз.*

✦ ✦ ✦

*Арамчылыктан алыс болгонуң,*
*Аста-аста оңолгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Ар намыстуу ойлонот, бай болот (кой сойот).*
*Ар намызсыз акыл айтып койкойот.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз Ааламга теминет,*
*Амалы кетет эңгиреп.*

✦ ✦ ✦

*Арамдык; – айбандыкка үндөйт,*
*акылдуу аны сүйбөйт*
*акмак ага гүүлдөйт.*

✦ ✦ ✦

*Арсыздар ар дайым – «мыкты»,*
*Аткарган иши жок, сын, буйрук бергенге шыктуу.*

✦ ✦ ✦

*Ар нерсенин чеги бар; – чектен өтпөгөн жакшы,*
*– чекти бузган бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Арманың көз жашың менен арыйт,*
*Армандуу жан тез эле карыйт.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз да болсо тууганың,*
*Арсыз деп аны куубагын.*

✦ ✦ ✦

*Аргымак чуркап арыбайт,*
*Агасын жамандаган жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ар урууда; – бир билгиси,*
*– бир жиндиси болот.*

✦ ✦ ✦

*Арамза – кытмыр, митайым болот,*
*Абийирисиздин – арамдыгы толот.*

✦ ✦ ✦

*Ар бир адамда: – жакшысы менен жаманы жарашат,*
*– жанталаша карашат,*
*– жакшысы азат, жаманы тозот.*

✦ ✦ ✦

*Ардуунун ары жетпеген,*
*Заардуунун зары – жетпеген,*
*мезгили – жектеген, кектеген замана.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз – өзүн кыйын санап,*
*Ар дайым акмакчылыгын танат.*

✦ ✦ ✦

*Ар намыздуу жигит – жакшы,*
*Ар намызсыз жигит – бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Арам сийдик уул – журт бузар,*
*Абийирин алаңдап жүрүп уткузаар.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз, амалкөй, куйтунун балдарына дос болгон балдар да – куйтку, митайым маскара болоор.*

✦ ✦ ✦

*Аргымак ат – эр азаматтын көркү,*
*Эр азамат – аргымак, тулпардын көркү.*

✦ ✦ ✦

*Аркаңа бир кылчайчы, илээшкен из калдыбы?*
*Жээ бүт өмүр текке өтүп, будуң-чаңдалдыбы?*

✦ ✦ ✦

*Арыктагы аккан суу, ичээр чайың,*
*Андан өскөн дан азык-жеген нан майың.*

✦ ✦ ✦

*Ар кимди какпа,*
*Абийирин сакта.*

✦ ✦ ✦

*Ар ким берген – бир күнгө жетет,*
*Ага-ини берген – бир айга жетет,*
*Ажоо берген – алты айга жетет,*
*Анан дагы сурасаң – абийириң кетет,*
*Андан көрө эмгектен,..*
*эмгек түбөлүккө берет, береке келет.*

✦ ✦ ✦

*Араа, балкасыз – уста,*
*ийне-жипсиз тигүүчү болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Арсыздын мээсинде – «кышында чардаган бакалар»,*
*Үйүндө бакалар толгон чакалар.*

✦ ✦ ✦

*Ар бир короз таңды тоскусу келет,*
*«Ку-кукерекуу» – деп биринен-бири озгусу келет.*

✦ ✦ ✦

*Ар бир коркок, өз баатырлыгына мактанат,*
*Ууру кылтыйып, тымпыйып – сактанат.*

✦ ✦ ✦

*Арам оокатты алгандан,*
*Бекер оокатты берген жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Арамды жойлойт адамзат,*
*Амалга тойбойт адамзат.*

✦ ✦ ✦

*Аракеттенген акча табат,*
*Асманды караган ачка калат.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз жүз достон,*
*Жүз сом артык.*

✦ ✦ ✦

*Аргымак кишенде,*
*А бирок ууруга ишенбе.*

✦ ✦ ✦

*Ар бир ата-эне, балдарым жаман болсун дебейт,*
*Таалим-тарбиясын берип, жакшы болуу камын жейт.*

✦ ✦ ✦

*Ар улуттун каада-салты, үрп-адаты,*
*Ошол өлкөнүн мыйзамынан улуктук кылат.*

✦ ✦ ✦

*Ар кандай айым: – эри менен эрдемсийт,*
*– эрине дем бергенсийт.*

✦ ✦ ✦

*Ар бир чатырды – өзүнүн чычканы мекендейт,*
*Арткан-үрткөндү ташып жашоосун бекемдейт.*

✦ ✦ ✦

*Ар ким алына – жараша,*
*Ар ким алына – караса*
*А жашоо, турмуш – ага тараза.*

✦ ✦ ✦

*Аргымактын камчысы – жем,*
*Бүтөөр иштин камчысы – дем.*

✦ ✦ ✦

*Арам жакка басканың...*
*Ак никелүү айымыңдан качканың.*

✦ ✦ ✦

*Ар кимди сынап,*
*Акча – адамды акылдуу кылат.*

✦ ✦ ✦

*Ар кандай азаптан кутулса болот,*
*Акмактан кутулса оңот.*

✦ ✦ ✦

*Арам ойлуу оңолбойт,*
*Арам жандуу торолбойт.*

✦ ✦ ✦

*Арам ишти таштайлы,*
*Адилет жашай баштайлы.*

✦ ✦ ✦

*Арамдыктын алдында жөргөлөгөнүң,*
*Акыйкаттын астында корголоогонуң.*

✦ ✦ ✦

*Аракет кылган алга барат, каалаганын алат,*
*Аракетсиз ара жолдо калат.*

✦ ✦ ✦

*Ар нерсени айтпа,*
*Айтсаң артка кайтпа.*

✦ ✦ ✦

*Арсыздын баягысы баягы,*
*Анткени акылкечи аялы.*

✦ ✦ ✦

*Ары жок ага-иниден коркот,*
*Арсыз «жетеленген» – торпок.*

✦ ✦ ✦

*Арсызды ар ким сынап,*
*Ал айыл-ападан чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз: – аялынын айтканын колдойт,*
*туугандарын ойлоп койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ары жокко,*
*Баары жок.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз кепке кирбейт,*
*Ага-инини көзгө илбейт.*

✦ ✦ ✦

*Арам кадам таштайт,*
*Анткени аялы бийлейт.*

✦ ✦ ✦

*Ары жоктун, баары шок,*
*Ары жоктун багы жок.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз аялына жашсынат,*
*Ага-инини кассынат.*

✦ ✦ ✦

*Арсыздык – акылсыздык.*

✦ ✦ ✦

*Арсыз ар кимге дардаңдайт,*
*Ар кимге дардаңдаштан-арданбайт.*

✦ ✦ ✦

*Арбакка асылуу: – алсыздык,*
*арсыздык, акылсыздык белгиси*
*Арбакты сыйлайт – эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Арак – ары ак, араак,..*
*Адамды акмак кылчу жарак.*

✦ ✦ ✦

*Арактын өңү ак болгону менен*
*Аткарган иши кара, ниети кара бет кылат.*
*Ичкендер сынап далилдөөдө кынап-сынап.*

✦ ✦ ✦

*Арактыы берип сыйлоо,*
*Акмакчылыкка кыйноо.*

✦ ✦ ✦

*Арак көтөрүп чабат, көмкөрөңдөн салат,*
*Акмакчылыгыңды аштай төгүп салат.*

✦ ✦ ✦

*Арактыы аз ичсең – алкыңды ачат,*
*көп ичсең – абийириңди чачат,*
*Арактыы ар дайым ичсең,*
*акырындап ыркың качат.*

✦ ✦ ✦

*Ашыкча ичсең арак, акмакчылыкка алып барат,*
*Арстан, аюу кылып... абийириңди чачып салат.*

✦ ✦ ✦

*Арак – акылыңды азгыраар, тууган досту кас кылаар,*
*Ашмалтайың чыгарып, аксакал башың пас кылаар.*

✦ ✦ ✦

*Арак ичип ыракат албайсың,*
*акмак болуп өзүңдү алдайсың,*
*Азгырылып аркасынан түшсөң,*
*Ар көчөдө тамтаңдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Алкыңды тыйбасаң аракка,*
*Ал салат сени азапка.*

✦ ✦ ✦

*Арак арам, ичкенге азап-тозок,*
*Андан алыс болгон, акылыга жетип – озот.*

✦ ✦ ✦

*Арак ичкен – улуу-кичүүгө баркты кетирээр,*
*ичпеген – каалаган максатына жетээр.*

✦ ✦ ✦

*Арак ичсең итататайың тутулат,*
*Ички дүйнөң аз аракка утулат.*

✦ ✦ ✦

*Арак ичсең аңырандап кутуруп,*
*Аны сайын ичкиң келет жутунуп.*

✦ ✦ ✦

*Арак менен коньягына алдырып,*
*Кычы кептен көп сүйлөйсүң чалдырып.*

✦ ✦ ✦

*Арак – акылман, академигиңе карабайт,*
*акмакчылыгыңды аңдып сагаалайт.*

✦ ✦ ✦

*Арак: – короздой койкоңдотот,*
*торопойдой тойроңдотот,*
*арстандай ырылдатат,*
*албарстыдай чырылдатат.*

✦ ✦ ✦

*Арактi: – татсаң элжиретет,*
*– жутсаң келжиретет.*

✦ ✦ ✦

*Арактi ашыкча ичсең,*
*торопойдой топуракка оонатат.*

✦ ✦ ✦

*Арак – атына заты жарашат,*
*«Ар-ак» – арсыз калганды туюнтат.*

✦ ✦ ✦

*Арак – арааак бол дегени,*
*Жабыша ичкенди жайлаймын дегени.*

✦ ✦ ✦

*Аракка берилгениң,*
*Акмак экен дедиргениң.*

✦ ✦ ✦

*Арак кайгы капаңды жок кылбайт,*
*Өзүңдү ар намызыңды жок кылат.*

✦ ✦ ✦

*Аракка берилбе, акмак кылып салат,*
*Андан чыккан жол, абакка алып барат.*

✦ ✦ ✦

*Аракечке деңиз тизеден келет,*
*Бирок көлчүккө эле чөгүп өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Аракеч – арсыз, кабыргаңа кеңеш,*
*Ууру, арам адамга керек теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Аракка малынганың,*
*Азапка чалынганың.*

✦ ✦ ✦

*Аракечке сүйүүсүн арнаган*
*Өмүр бою азаптан арылбайт*
*тагдырына таарынбайт.*

✦ ✦ ✦

*Асыл жылкы күлүк,*
*Айлакер жигит бүлүк.*

✦ ✦ ✦

*Аска-тоо куласа таш болот,*
*Аркар-кулжа куласа «гүм-жам» – болот.*

✦ ✦ ✦

*Асанбек чакчаңда дейт, чакчаңды берсең – акчаңы дейт,*
*Акчаңды берсең, пачка-пачкаңды дейт, эптеп жейт.*

✦ ✦ ✦

*Астынкы ээрди алдыга чыгып турган адам бар,*
*Алар ар кандай адамды кепке тартаар, дили тазалар.*

✦ ✦ ✦

*Аскасы асман тиреген, арчасы көктү жиреген,*
*Айтылуу кыргыз жерлери, Алатоо жерде миң элең.*

✦ ✦ ✦

*Ата-энесин сүйбөгөн адам,*
*Алган жарын, балдарын сүйүп жыргатпайт.*

✦ ✦ ✦

*Ата болушка акылдын кереги жок,*
*Аны кайдан «алабарман» – ойлонмок.*

✦ ✦ ✦

*Ата – урук – булагы,*
*Эне – урук турагы.*
*Айкалышса бириксе,*
*Бала – тукум улаары.*

✦ ✦ ✦

*Атанын каргышы ок,*
*Апанын каргышы жок.*

✦ ✦ ✦

*Аткарган ишиңден жыйынтык чыгышы бакыт,*
*Анын турмушка ашышы – рахат.*

✦ ✦ ✦

*Атанын каргышы – укум-тукумуңа жетет,*
*Эненин каргышы эртең эле кетет.*

✦ ✦ ✦

*Атанын төрү бейиш,*
*Атасыз төр кейиш.*

✦ ✦ ✦

*Атың жем жеген сайын жутунат,*
*Арсыз ишенген сайын кутурат.*

✦ ✦ ✦

*Атак-даңкка, зорго-зорго жетесиң,*
*Акмактансаң тез эле ажырап кетесиң.*

✦ ✦ ✦

*Атасынын баласы, акыл-эсин карачы,*
*Атасынын баласы, акмактыкта санаасы.*

✦ ✦ ✦

*Ата-энеден алган мурастын баркына,*
*Акмак уул жетпейт, арыдан бери жок кыла эптейт.*

✦ ✦ ✦

*Ата-эненин төрүндө кыз бактылуу болсо,*
*Эри менен жашаган кыз, эки эсе бак-таалайлуу.*

✦ ✦ ✦

*Ата-энем, эли-журтум эле дейсиң,*
*Ач карыныңдын камын жейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Аткарган иш эл алдында эстелет,*
*Ата-журтуң акыр түбү эскерет.*

✦ ✦ ✦

*Ата-эненин баскан турганы балдарына үлгү,*
*Алабарман, аңкоо болбой өмүр сүрчү.*

✦ ✦ ✦

*Ата-эне, ага-тууганды сыйлаганың,*
*Абийирди жыйнаганың.*

✦ ✦ ✦

*Ата-энеңе акаарат келтергениң,*
*Акылдан адашып ката кетиргениң.*

✦ ✦ ✦

*Ата-эненин тарбиясын алганың,*
*Адамкерчиликке барганың.*

✦ ✦ ✦

*Атка минип бийлик десе жутунган,*
*Албетте абийир жактан утулган.*

\+ + +

*Ата-мекенге кызмат кылсаң арыбайсың,*
*Ага тууганды алдасаң жарыбайсың.*

\+ + +

*Ата бекер,*
*Атам бекен?*

\+ + +

*Ачтын көзү ашка карайт,*
*Ачарчылык жашка карабайт.*

\+ + +

*Ач аюу «тамак» – деп бийлейт,*
*Адам тамактын кадырын бил дейт*
*Тойролоңдоп бийлебесе тилдейт.*

\+ + +

*Ачууңду тыйганың,*
*Акылыңды туйганың.*

\+ + +

*Ачуу акылдан чыгарат акмак кылат,*
*Алды-артыңдан чыгып турат сылап.*

\+ + +

*Ач адам тоюнат, ач көз адам тоюнбайт,*
*тоюнтаар болсоң оюңду айт?*

\+ + +

*Ач көз тамакка тойбойт,*
*тойсо да ачкөздүгүн койбойт.*

\+ + +

*Ач карышкыр айдың талаада – улуйт,*
*Ачтыгынан амалы кетип – куруйт.*

✦ ✦ ✦

*Ач карышкыр ыктытат,*
*Алы жеткенин тытат.*

✦ ✦ ✦

*Ачуунун даамын татпаган,*
*Таттуунун баркына жетпейт.*

✦ ✦ ✦

*Ач адам тапканын жейт,*
*Арам, адал дебейт.*

✦ ✦ ✦

*Ач ат менен сапарга чыксаң: ара жолдо каласың, айласын кантип табасың?*

✦ ✦ ✦

*Ачуусун тыйган улуу – ат,*
*жыйнабаган айыпка жыгылат.*

✦ ✦ ✦

*Ач адам баамчыл,*
*тамакты жытынан сезет – даамчыл.*

✦ ✦ ✦

*Ач карындын кулагы жок,*
*Берсең жей берет, утуру келе дей берет.*

✦ ✦ ✦

*Ачуусуна чыдабай «акмак» – дегени,*
*Айлап-жылдап кайгы-капа жегени.*

✦ ✦ ✦

*Ач, ач болгону менен, акмак эмес.*

✦ ✦ ✦

*Ач карын адам, «сиз» – дейт, нан издейт,*
*нан эч убакта ач адамды издебейт.*

✦ ✦ ✦

*Ач карын бейбечарага атпайт – таң,*
*Ал шордунун ойлогону эле – нан.*

✦ ✦ ✦

*Ач, жылаңач адам, – кантип күн көрөт,*
*Арызданып жүрүп өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Ачкарынды, акчасызды – ажал да алдайт, албайт,*
*Ажал чиркин да акчалууну тандайт – жалмайт.*

✦ ✦ ✦

*Ачууга алдыргандар толуп жатыр,*
*Ачууну кармай билген кана – баатыр.*

✦ ✦ ✦

*Ач көз адамдардын: пешенеси тар болот,*
*дүнүйөгө зар болот.*

✦ ✦ ✦

*Ач көздүн өзү тойгону менен көзү тойбойт,*
*Андыктан алар өлөөр-өлгөнчө ач көздүгүн койбойт,*
*жанталашып жойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Ачуусуна алдырган адам: – арыз жазат,*
*айылды ызы-чууга салат.*

✦ ✦ ✦

*Ач көздөр абийир, адамкерчиликке карабайт,*
*Акча десең жанын сайа сагаалайт.*

✦ ✦ ✦

*Ач көздөр дүнүйөгө тойбойт,*
*Ар дайым арамдыкты ойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Ач көздөр жутунган арам,*
*Чык татырбас – сараң.*

✦ ✦ ✦

*Ачык айткандыгың акылдуулук*
*Астыртан айтканың былык-чылык.*

✦ ✦ ✦

*Ачык айткнага – курушпа,*
*Асылып урушам деп тырышпа.*

✦ ✦ ✦

*Ашыктык – акын кылат,*
*– ар кимди сынап.*

✦ ✦ ✦

*Ашпозчу тамактын буусуна семирет,*
*Ач болсо сөөктү да кемирет.*

✦ ✦ ✦

*Ашынган акмак, шамалдан жардам сурады,*
*шамал карап турабы.*
*Жана андан да катуу күчөгөндө алачыгы сулады,*
*чатыры кулады.*

✦ ✦ ✦

*Ашказан таза, тамактан – баса-баса,*
*Татырлык эмгек кылдымбы?*
*Өзүмө болгон суроолуу – «жаза».*

✦ ✦ ✦

*Ашыктык алоолонгон оттой,*
*Ашыктыкка ашуу жоктой.*

✦ ✦ ✦

*Ашыктык, – атылган октой,*
*жалындаган чоктой.*

✦ ✦ ✦

*Ашказандын тойгону – мээге*
*жарым сааттан кийин жетет.*
*Ал жеткенче жей берген «шордуулар» семирип кетет.*

✦ ✦ ✦

*Аш ичкен табагың, акыры бир күнү сынат,*
*Аны оңдой албайсың кынап.*

✦ ✦ ✦

*Аялсыз – чок болуп өртпүз,*
*Аялсыз – жашоо көрксүз.*

✦ ✦ ✦

*Аялыңдын чанганы: – адамкерчилигиңди тангany,*
*акмакчылыгың арманы.*

✦ ✦ ✦

*Аялыңды кызганып, шектенип кайтарганың,*
*Анын актыгына «шек» – берип майтарганың.*
*Баары бир ишенбейт тура деп...*
*Аргасыз – «тетири» жолго түшөт – анын.*

✦ ✦ ✦

*Аялга шектенип кайтаруу – ишенбөөчүлүк,*
*Албетте жүрөгүнө бүлүк... абийирине чүлүк...*
*Андайлардын жашоосу кыйынга турат – өмүр сүрүп.*

✦ ✦ ✦

*Аял болуу – ачып көздү жумганча,*
*Эне болуу – уулуң эл керегине жараганча.*

✦ ✦ ✦

*Аялыңдын аркырап беттен алганы,*
*ыймансыз калганы.*

✦ ✦ ✦

*Аялга ырыңды айтсаң да,*
*сырыңды айтпа.*

✦ ✦ ✦

*Аягы суюк катын,*
*Ойлонбойт артын,*
*кетирет баркын.*

✦ ✦ ✦

*Аянбай ойлоно сез!..*
*Этектин ээси – эс.*

✦ ✦ ✦

*Аялың аңылдак болсо, тилин тап,*
*Элдин көзүнчө сүйлөбөй оозуңду жап.*

✦ ✦ ✦

*Аялың ырылдап турса, айласыздан көнөсүң,*
*Балдарың чырылдап турса, айланайын деп өбөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Аялың кеңешип-кескенге, кайненең келип кеткенге,*
*Өз энеңден өткөн жан жок, акыл-эстүү,*
*кеп-кеңеш бергенге.*

✦ ✦ ✦

*Аял кол кап эмес, колтугуңа кысып ала албайсың*
*Албуутуна туш келсең, качып да кутула албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Аялды тандаганда, балбылдаган көзүнө кара да,*
*Бал татыган акыл-эстүү сөзүнө кара.*

✦ ✦ ✦

*Аялын мактаган эр,*
*Кайын-журттун отун жаккан шер.*

✦ ✦ ✦

*Аял – жакаңдын актыгы,*
*ишиңдин тактыгы.*

✦ ✦ ✦

*Аял – жароокер, данакер,*
*мекендин сактыгы.*

✦ ✦ ✦

*Аюу бийлеп: – акысын ээси алат,*
*аны көрүп аюу аң-таң калат, оозу-башын жалап.*

# Б

*Багаарың – эл,*
*Бараарың – жер.*

✦ ✦ ✦

*Багылган илдет алат,*
*Кагылган илдет калат.*

✦ ✦ ✦

*Базарчыга «намыз» – да кеппи,*
*Жоктон бар кылып тапканы эптүү.*

✦ ✦ ✦

*Бажаң койчу болсо койуң эгиздейт, эчкиң сегиздейт,*
*Бирок «өлдү-житти», бала салды деп, сага жегизбейт.*

✦ ✦ ✦

*Байлар бапырабайт, тырышат, урушат,*
*Жардылар жалдыраганы менен жайдары турушат.*

✦ ✦ ✦

*Бай сүйгөнүн жейт,*
*Бечара тийгенин жейт.*

✦ ✦ ✦

*Байлык табылат, баары табылат,*
*Бузуку журт бузар эмнеге тарынат.*

✦ ✦ ✦

*Байлык бакыт эмес, бала бакыт,*
*Андыктан бала, баланы тилешет,*
*уктабай жатып.*

✦ ✦ ✦

*Байлык жоголсо, ден-соолугуң бар,*
*Ар намызды жоготсоң эмне бар–?*
*Кайрат күч жоготкон өлүмгө зар.*

✦ ✦ ✦

*Байлык – балаа,*
*башыңа түшкөн – санаа.*

✦ ✦ ✦

*Байлык жерде, эмгектен терде,*
*Байлыкка туйтун, ашканын бер элге.*

✦ ✦ ✦

*Байлык, бакыт – жерде,*
*Эринбе, эмгектен – терде.*

✦ ✦ ✦

*Бай байлыгына мас,*
*акыл парасаты – пас,*
*Дайыма ойноп-куунап,*
*адамкерчилиги – аз.*

✦ ✦ ✦

*Байбичесинен ажыраган (айрылган)*
*кары жетим баладай,*
*Тыңыраак баскан-турганга жарабай*
*... тартканы санаадай...*

✦ ✦ ✦

*Бай каардуу,*
*Жарды ардуу.*

✦ ✦ ✦

*Байтал ат болбойт,*
*Тууган жат болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Байкатпай карылыктын сагаалаганы,*
*Башыңдагы чачыңды ак аралаганы.*

✦ ✦ ✦

*Байды байыткан кулу, маарыткан пулу,*
*Карыткан чуулуу-уулу.*

✦ ✦ ✦

*Байлык бир тыйындан курулат,*
*Тыйындын баркын билген сомду суранат.*

✦ ✦ ✦

*Байлыгың бейишке кетпейт,*
*Байдан кийин буйруган кепшейт.*

✦ ✦ ✦

*Байлыгыңды жоготконуң эч нерсе эмес,*
*байлык келет-кетет,*
*Убакытты жоготконуң көпту жоготконуң,*
*кууп ким жетет. – ?*

✦ ✦ ✦

*Байдан ашкан бай жок,*
*Бирок ашпозчусу, байга караганда ток.*

✦ ✦ ✦

*Бай канчалык бапырандаганы менен – пейили тар,*
*Аркан чырмалганы менен эки учу бар.*

✦ ✦ ✦

*Байга ишенгенче, балтекке ишен,*
*Бөрүбайга ишенгенче, бөрүбасарга ишен.*

✦ ✦ ✦

*Байлар миң сомду, көзүнө карабай чачса,*
*Бейбечарага бир тыйын да акча.*

✦ ✦ ✦

*Байдын каарында жашагандан,*
*Жылаандын заарында жашоо жеңил.*

✦ ✦ ✦

*Баймын деп кардын сылаган – «акмак»,*
*Байлыгыңа мечит куруп – сооп тап.*
*Жетим-жесирлерге, каралашып бак.*

✦ ✦ ✦

*Бай – барсынат, бирок битир,*
*Ала-албайсың «кар» – сурап.*

✦ ✦ ✦

*Байдын эс дарты, жүгүн жүктөгөн – кемеде,*
*Бейбечаранын эс дарты, түндө талаган кенеде.*

✦ ✦ ✦

*Байлык дүнүйө – убайым,*
*Баары эле көрө бербейт убайын.*

✦ ✦ ✦

*Байлык дос кылат, бакыр бат сынат,*
*Бакыр сөз бербей, бакылдап тынат.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт – амандыгың,*
*Баалабасаң жамандыгың.*

✦ ✦ ✦

*Бактылуу айбандан көрө,*
*Бак-бак эткен кайраным артык.*

✦ ✦ ✦

*Бак-таалдайды: – издеген табат,*
*– сезбеген калат.*

✦ ✦ ✦

*Бактылуулук өз колуңда,*
*Эмгектен – эч корунба.*
*Жата бергениң... шоруң да.*

✦ ✦ ✦

*Бай болсоң балдыраба,*
*Жакыр болсоң жалдыраба.*

✦ ✦ ✦

*Баканоездун душманы – өзү, сөзү,*
*Ач көздүн душманы – көзү.*

✦ ✦ ✦

*Бактысы барда бардык адам кыйын,*
*Бактысы кетсе, баркы – «жарым тыйын».*

✦ ✦ ✦

*Бакыт келгенде: – сымаптай кылтыңдайт,*
*калтардай жылтылдайт,*
*саздай былкылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Бактылуу карылык адамдан баарын алат:
балалыгын, жаштыгын, мастыгын, кастыгын,
сөз чынын, кулк мүнөзүн, эби-сынын,
кайратын – анан ал мүгдүрөп-үлдүрөп калат.*

✦ ✦ ✦

*Бакытты эмгектенген табат,
Жалкоо талаада калат.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт бар жерде, кубаныч да бар,
Кубаныч бар жерде, кайгы да бар.*

✦ ✦ ✦

*Бактылууга – бийлик, айлык, байлык, төрайым,
ойносо күлсө баары дайын.
Бей бечара тишинин кирин сорот,
сарсанаа саргайган сайын.*

✦ ✦ ✦

*Бак-бак этпей чыныңды айт,
Бакыргандан «бак» – жыгылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Бак-бак этип байдай сүйлөйт,
Ишке келгенде, ийрелеңдеп сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Бак-таалайдан качпайт: качсаң кайгы куун жетет,
бакыт качсаң кетет.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт кош канатын кагып келет,
Кырсык кош балдагын тагып келет.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт тулпар эмес, ооздуктай албайсың,*
*келсе сайрандайсың, майлайсың, жайлайсың.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт жарк эткен күндөй, бирде жымыңдап күлүңдөйт,*
*бирде билинбейт.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт келсе, сүйүн күтө бил!*
*Каргаша келсе капа болбо,*
*куйруктан ал, бурап туруп толго.*

✦ ✦ ✦

*Бактылууну – бакыт кууп жетет,*
*Бактысыздан бакыт буйтап кетет.*

✦ ✦ ✦

*Бакыт-таалай колуңда, бассаң-турсаң жолуңда,*
*Адамзат пендеси андан качат,*
*аны кармоонун ордуна.*

✦ ✦ ✦

*Бакытты куул кармай албайсың,*
*Тынбай эмгектенсең кана жандайсың.*

✦ ✦ ✦

*Бактылуу болгуң келсе, ыймандуу бол,*
*Баамдай бил, ыймансыз чалганда тор.*

✦ ✦ ✦

*Бактысыз балалыктан,*
*Бактылуу – баласыздык.*

✦ ✦ ✦

*Бакытты танда-талда,*
*Бакыт деп балакетке калба.*

✦ ✦ ✦

*Балдарың баш ийбесе,*
*Элиңе пайдаң тийбесе,*
*Жашооңдон пайда жоктой.*

✦ ✦ ✦

*Балалык кезиң бал кезиң,*
*Баардыгына бал сезим.*

✦ ✦ ✦

*Балаңды эрке тарбияласаң, минип алат,*
*Өмүрү өткөнчө түшпөй, түйшүккө салат,*
*Өлгөнчө тутуласың, өлүп эле кутуласың.*

✦ ✦ ✦

*Балаң бактың – базарың,*
*балаң бактың – азаарың,*
*Тукум улап жашаарың.*

✦ ✦ ✦

*Баланы бапестеп бакканың,*
*Балакетти башыңа тапканың.*

✦ ✦ ✦

*Бала бакыт, бала гүл,*
*Баалап аны биле жүр.*

✦ ✦ ✦

*Баланы жаман жолго өзүбүз салабыз, кийегой,*
*ичегой, алагой деп калабыз.*

✦ ✦ ✦

*Ошентпи мойунга минген балабыз,*
*өмүрү бою түшпөй күчөйт санаабыз.*

✦ ✦ ✦

*Баланы тапкандар көп,*
*асырап таалим-тарбия берип баккан аз.*
*Ошондуктан көбөйгөн көчөдө жетим,*
*сокур, тилемчи – таз.*

✦ ✦ ✦

*Баланын тили – бал,*
*Баланы барктай ал.*

✦ ✦ ✦

*Балдай тамабыз*
*былык-чылыгыңды чыгарып, балакетке калабыз.*

✦ ✦ ✦

*Балаңдын: – балдай сөзү сүйүнтөт,*
*заардай сөзү күйүнтөт.*

✦ ✦ ✦

*Баласыз адам, мөмөсүз дарактай,*
*Баскан-турганы, муң-кайгысы айыкпас жараттай.*

✦ ✦ ✦

*Баланы коркутуп уктатпайт,*
*Коркуп уктаган балада кут жатпайт.*

✦ ✦ ✦

*Бала эненин көркү,*
*Баласыз эне сөлпү.*

✦ ✦ ✦

*Балалык башат,*
*Карылык азап.*

✦ ✦ ✦

*Бала – бардык байлыктан өтөт, жетет.*

✦ ✦ ✦

*Балык сөөлжанды жутат,*
*Кайрымак балыкты тутат.*

✦ ✦ ✦

*Балдардын баары жардамдашат,*
*чөнтөгүңдөн алганга,*
*Саракдык кылышат чөнтөгүңө салганга.*

✦ ✦ ✦

*Бала акыл-эстүү болсо кубаныч, көңүлүң өсөт,*
*Балаң алдым-жуттум болсо азап-тозок.*

✦ ✦ ✦

*Балдарга түшүндүрүп уялтып тарбиялa,*
*Каарданып камчыңды карманба.*

✦ ✦ ✦

*Балыкчы балыгы менен мактанса,*
*Кочкор кочкордой койу менен,*
*Атбашы атынын башы менен*
*Жетиөгүз – жети өгүзү менен*
*Алабука, алабукасы менен даңкталат.*

✦ ✦ ✦

*Бал жегиң келсе, аарыны өстүр,*
*Балдай ширин сүйлөгүң келсе,*
*көбүрөөк окуп сөз бил.*

✦ ✦ ✦

*Балдар кичине кезинде жөн жатпайт уктатпайт,*
*Балдар чоңойгондо уйку өзү эле качат – азап.*

✦ ✦ ✦

*Балдарың, кичине кезинде сурайт,*
*жокчулукту сезет,*
*чоңойгондо сурайт деп сезет да безет.*

✦ ✦ ✦

*Бала ширинби?*
*Бал  ширинби? тандадыңыз кайсы бирин.*

✦ ✦ ✦

*Балды миң ойлонуп, күн сайын көргөндөн*
*оозуңа даамы татыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Балапан тооктун жумурткасы майда,*
*чоң тооктукундай кайда?*

✦ ✦ ✦

*Бала-балага кара – чала,*
*Билбегенин үйрөтүп ак сана.*

✦ ✦ ✦

*Балбанды жыга албайсың ык болбосо,*
*Бак-бак дээр ырлар кайда «шык» – болбосо.*

✦ ✦ ✦

*Баланы кудай ураарда, атадан бийлик талашат,*
*Бийлигине жетем деп, жамандык ишке жанашат.*

✦ ✦ ✦

*Баланы бага алсаң – төрө,*
*төрөбөй эле койгон артык...*
*таштап кеткенден көрө.*

✦ ✦ ✦

*Бала төрөлсө эле бакыт эмес, бакыт болуш үчүн,*
*башында ойлонуш керек.*

✦ ✦ ✦

*Бала «бакытты» –  эңсеген жетпейт,*
*Бала «бакытты» –  таштап кетпейт.*

✦ ✦ ✦

*Баланы төрөп баксаң – «базарың»,*
*Баланы төрөп таштап кетсең «мазарың».*

✦ ✦ ✦

*Баалай бил, бакыт колуңда,*
*Талдай бил, таалай жолуңда.*
*Баалай да талдай да албасаң,*
*Чалынганың тозок торуна.*

✦ ✦ ✦

*Балдарың: – ыймандуу болсо ырыс,*
*ыймансыз болсо уруш*
*ыймандуу болушуна тырыш.*

✦ ✦ ✦

*Баалай билгин, тилим ал,*
*Бала бакыт – тили бал*

✦ ✦ ✦

*Бала «кас-кас» туруп басат,*
*Басып кеткени – азат,*
*Бечел болгону – азап.*

✦ ✦ ✦

*Барктаган билет сөз баркын,*
*Беделдүү сөздүн түбү алтын.*

✦ ✦ ✦

*Баркы бардын – малы жок,*
*Малы бардын – даңкы жок,*
*Даңкы бардын – наркы жок.*

✦ ✦ ✦

*Барксыз бай болгончо,*
*Барктуу адам болгон оң.*

✦ ✦ ✦

*Барды барктабайбыз, сактабайбыз,*
*Жоголсо далбастайбыз.*

✦ ✦ ✦

*Бармактай булбул беш минута сайраса*
*адам баласы – эрийт,*
*Карга бир күн кечке каркылдаса да*
*адам баласы аны – жээрийт.*

✦ ✦ ✦

*Бардык жан-жаныбарлар, курт-кумурскалар,*
*өсүмдүктөр жер энеден тамактанышып*
*жашай алышат. Ооба, жер энесиз жашоо жок...*
*өлүп калышмак.*

✦ ✦ ✦

*Бардардын ар күнү майрам,*
*Бейбечарага майрам кайдан.*

✦ ✦ ✦

*Бар дөөлөттү сүйбөгөн,*
*Бардар да өтөт дүйнөдөн.*

✦ ✦ ✦

*Баскан-турган, кылык-жорук мүнөзүң,*
*Баамдалат мылжыңдыктан бир өзүң.*

✦ ✦ ✦

*Бассаң-турсаң кайкалайсың,*
*Бейишимдин төрүндөсүң байкабайсың.*

✦ ✦ ✦

*Бассаң – мүдүрүлбө,*
*сүйлөсөң – кекечтенбе,*
*турсаң – теңселбе,*
*калп айтсаң – калжаңдаба, жалжаңдаба,*

✦ ✦ ✦

*Баатырдын –даңкы калат,*
*Айкөлдүн баркы калат.*
*Коркоктун тарпы калат.*

✦ ✦ ✦

*Баатыр – күн байланбайт,*
*Бакшы – бий шайланбайт.*

✦ ✦ ✦

*Баатырга – баатыр тирелет,*
*Баатырлар майданда билинет.*

✦ ✦ ✦

*Баатыр жоодо байкалат,*
*Бокжүрөк качат кайкалап.*

✦ ✦ ✦

*Баатырдын тилеги – эли-жери.*

✦ ✦ ✦

*Башталат иштер майдадан,*
*Байкабайт аны майда адам.*

✦ ✦ ✦

*Башыңдан кырсык өткөз дүнүйөң чачылат,*
*денең жанчылат, көксөөң басылат, көзүң ачылат,*
*Ушундан кийин акылдуу адам машыгат,*
*акмак адам ашынат...*

✦ ✦ ✦

*Башка улуттун тилин билүү, алардын дилин билүү,*
*Ар улуттун ички дүйнөсүнө сүңгүп кирүү.*

✦ ✦ ✦

*Баш адамдын көркү,*
*Башты баш кылган – бөркү.*

✦ ✦ ✦

*Башкага кылган жакшылык да жерде калбайт,*
*Мезгил келсе адамзаатым талдайт.*

✦ ✦ ✦

*Башыңа иш түшкөндөн жер караба?*
*Балакеттин баары – санаада.*

✦ ✦ ✦

*Баш-көз, тиш – оорубайт,*
*кудай буйруса кудай тоорубайт,*
*Болгонун толук жайлаган боор, бөйрөктүн ишин айт.*

✦ ✦ ✦

*Башы чоң болгон эр киши,*
*Парасаатсыздыктын белгиси.*

✦ ✦ ✦

*Бай болсоң балдыраба,*
*Жарды болсоң – жалдыраба.*

✦ ✦ ✦

*Баягысы-баягы...*
*Суу менен нан, бечаранын тамагы.*

✦ ✦ ✦

*Бейиште жашап жатканыңды билбейсиң,*
*жемелейсиң тилдейсиң,*
*бейпайлыгыңды көзүңө илбейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Бейиштин бардыгына ишенбесең да*
*тозоктун бардыгына ишене бер,*
*Тирүүлүктөгү «тозогуң» түрмө,*
*каалаганга жол ачык күндө.*

✦ ✦ ✦

*Бейиш чексиз, тозок түпсүз.*

✦ ✦ ✦

*Бейбечаралар алп урушуп кыргыз тили дей беребиз,*
*кайгы капа жей беребиз.*
*Атка минерлер орусча ойлоп, орусча сүйлөп*
*кыргыз тили деп, тил эмизген – деги укмуш элебиз.*

✦ ✦ ✦

*Бекер оокаттын берекеси болбойт,*
*Белсенип эмгектенгенди колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Бекерпоз анткор, пейили шоктор,*
*Бектер канкор.*

✦ ✦ ✦

*Бекерпоздон кач, өнөрпозго жармаш.*

✦ ✦ ✦

*Бекер жарма болсо, жарма достор табылат,*
*жабыла ичет баарылап.*

✦ ✦ ✦

*Бекерге чыйкан да чыкпайт,*
*Алды менен кычыштырып кыйнайт.*

✦ ✦ ✦

*Бекерпоз, жалкоо, – ичип жеш үчүн жашайт,*
*Тыйынчылык пайда жок,*
*Оо Көкө Теңирим! мындайды кашайт.*

✦ ✦ ✦

***Бекерпоз эмгектенбей – тойролоңдойбуз,***
***Бейиште жашап барктабай – ойрондойбуз.***

✦ ✦ ✦

*Безээри туугансыз жашоого болот,*
*Бейпил кошунасыз жашоого болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Безеленип үргөн иттен, эмнеге үрүп жатасың десе,*
*Уруу-бөрү келбесин деп коркутуп жатам дептир.*
*Аның түзүк, а куйругуңду эмнеге кысып алгансың десе*
*Көпкөн желим чыгып кетпесин деп, кептептир.*

✦ ✦ ✦

*Бейбечаранын бир байлыгы бити менен бүргөсү,*
*Башка эч нерсеси жок түңүлсөңчү.*

✦ ✦ ✦

*Бейбечеранын насибине кол салганың,*
*Безеленип тозок отунда жанганың.*

✦ ✦ ✦

*Белекти – алган сыйлуу,*
*берген барктуу, баалуу.*

✦ ✦ ✦

*Белек-бечкекти – алганды жакшы көрсөң,*
*бере бергенди да бил.*

✦ ✦ ✦

*Бергенге бир тыйын да көптөй*
*Берээрин берип ичинен сөкмөй.*

✦ ✦ ✦

*Бербегенге беребер,*
*Барбабганга бара бер,*
*Келбегенге келе бер.*

✦ ✦ ✦

*Берээриңди бербесең, сот керең, териштирбейт терең,*
*Берээриңди берсең, – өкүмү, чечими дароо – белен.*

✦ ✦ ✦

*Бечелдин колдоору өзү,*
*Бейчеки сүйлөбөгөн сөзү.*

✦ ✦ ✦

*Бечелдин максаты, көксөөсү басуу,*
*Уурунун максаты, көксөгөнү качуу.*

✦ ✦ ✦

*Бечелден – баатыр чыгат,*
*Бетегеден «быт-чыт» чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Бечел да бар алына толот,*
*Балким эл башкарган мыкты болот.*

✦ ✦ ✦

*Беш кол тең эмес,*
*Болбогон иш теңдейм деп дегдеш.*

✦ ✦ ✦

*Биздин кеңеш: – сиздикинен кем эмес,*
*кааласаң күрөш, кааласаң тиреш.*

✦ ✦ ✦

*Биздин сүйүктүү тамак – жарма менен нан,*
*Ар дайым ток аны ичип-жеген жан.*

✦ ✦ ✦

*Биздин Кадыр-Аалы кекирбейт,*
*Кесип алсаң да секирбейт.*

✦ ✦ ✦

*Бийаалы – быламыгына ыраазы,*
*Бир табагын жейт – «сразу».*

✦ ✦ ✦

*Бийлик-бийлик деп бирди көрөбүз,*
*Байлык-байлык деп жүрүп – өлөбүз.*

✦ ✦ ✦

*Бийликке жетпей төбөбүз,*
*Бийлик деп жүрөбүз-өлөбүз.*

✦ ✦ ✦

*Бийликке жабыла аттанганың,*
*Элди башкара албай «мат» калганың.*

✦ ✦ ✦

*Бийликке – жыргатам, гүлдөтөм деп келишет,*
*Өздөрү жыргап, гүлдөгөн соң, жыргай эле берейин деп бийликтен кетишпейт.*

✦ ✦ ✦

*Бий болгондордун баары эле билерман,*
*Билерман болсо да бий болом дегендер оңдойт-сомдойт.*

✦ ✦ ✦

*Бийликти мурас кылсам дейт,*
*Жутунган сайын жулсам дейт.*

✦ ✦ ✦

*Бийликке келгенче эл-эле-эл деп,*
*Бийликке жеткен соң эртең эле кел, дешет.*

✦ ✦ ✦

*Бийлик, байлык өкүмзордук оору,*
*Кониет, касиет – кереметтүүлүк жолу.*

✦ ✦ ✦

*Бийлик акылга баш ийет,*
*Акыл бийликке – ак ниет.*

✦ ✦ ✦

*Бийлигине – жүгүнгөн адам,*
*Кырсыгыңа – таштабайт кадам.*

✦ ✦ ✦

*Бийлик десе асылганын койбогон,*
*Бийлик менен байлыкка эч тойбогон.*

✦ ✦ ✦

*Баракелде, ата-эне, уул-кызы,*
*Бир үй-бүлөө, тойлогону-тойлогон.*
*Бөлүп-бөлүп менчигине басышты,*
*Бүт кыргызды бир адам жок ойлогон.*

✦ ✦ ✦

*Битир – жугундуга да битирейт,*
*Итине куйдура бербей титирейт.*

✦ ✦ ✦

*Билимдүүнүн баары жетпейт биригип,*
*Саясат билимдин баарынан бийик.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнү жамандап келген адам,*
*Сени да жамандайт басса эле кадам.*

✦ ✦ ✦

*Билсең жалдыраба,*
*Билбесең тантыраба.*

✦ ✦ ✦

*Билимдүү билгичтик кылат,*
*Билимсиз былтыйып тынат.*

✦ ✦ ✦

*Билбегенге – жылкынын өтү даары,*
*Аны биле бербес баары.*

✦ ✦ ✦

*Билимдүүнүн деңгээли бийик,*
*Билимсиз турат башын ийип.*

✦ ✦ ✦

*Бийлик көксөө – кумар,*
*Бийлик кетсе... өлүмсүрөйт булар.*

✦ ✦ ✦

*Билген адам дагы билсем деп, билбегенин сурайт,*
*Билбеген жан билгенин да – тунжурайт.*

✦ ✦ ✦

*Билимдүүнүн көөнү күндөй жаркырайт,*
*Билимсиздин көбү түндөй түнөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Бир ата-эне он балага «кен-ээ»,*
*Он бала, ата энеден «келе-келе».*

✦ ✦ ✦

*Бир тууган уялашым,*
*Эмгектенгенден эмнеге уяласың. – ?*

✦ ✦ ✦

*Бирөөгө карызга бергениң, жоголду дегениң,*
*Оңой-олтоң алам деп кайгы жебегин.*

✦ ✦ ✦

*Бир күндө эки кубаныч чанда-чанда,*
*Бир күндө эки кайгы анда-санда.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнүн аялына көз артып,*
*өзүңдүкүнөн куру жалак калба?*
*Пейилиңди, ниетиңди түзө ар намысың барда.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөлөр чанып кетирген аял,*
*Бирөөлөр сүйүп жеткенге – даяр.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөлөр «беш бармакка» тойот,*
*Бирөөлөрдү көгала койдой – сойот.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнө – өлүм – кайгы-муң каргаша,*
*Молдого баары бир: жаназа, киреше, аласа.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөгө мейманга барбасаң,*
*Бирөөнү мейманга чакырбасаң,*
*бул битирликтин белгиси,*
*Билип алганың оң, бир эле жашайт эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Бир жолу калп айткан,..*
*Өмүр боюу каргышка калат, калпычы аталат.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнө кыянаттык кылганча,*
*Кара ниеттикке барба чыда.*

✦ ✦ ✦

*Бир тыйындык ширенке менен, бүтүндөй шаарың күйөт.*
*Башыңа мүшкүл иш түшөт.*

✦ ✦ ✦

*Бир жумада Бейшенбекке беш күн бейшенби,*
*Жекшенбекке жети күн жекшемби.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнүкүнө көз артсаң,*
*Өзүңдүкүнөн куру каласың.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөнүн жарын (эрин) сүйүп калганың,*
*Бейадептикке барганың,*
*адамкерчиликти талкалаганың.*

✦ ✦ ✦

*Бирөө кырсыктаса, Теңириме тобо келтир!*
*Күлсөң сени көрөт эртең эле келет,*
*сазайыңды берет, дейт элет.*

✦ ✦ ✦

*Бир тууганды мактаба да жактаба!*
*Мактасаң уккандар ишенбейт,*
*Жамандасаң наадан экен дейт.*

✦ ✦ ✦

*Биримсиздик – билимсиздик.*

✦ ✦ ✦

*Бирөөгө жамандык кылсаң: – өзүңө келет,*
*анткени – арамдык себеп.*

✦ ✦ ✦

*Бир эчкиге беш теке, таштан-ташка секирип*
*чыгышат жекеме-жеке.*

✦ ✦ ✦

*Боорукер берешен адам байыбайт,*
*Битин сыгып канын жалаган неме,*
*байыган менен жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Бопоросуңду чегип көпкө,*
*Бет келгенин сөкпө,*
*Болоор-болбоско чөкпө.*

✦ ✦ ✦

*Бойго жараша ой болбойт,*
*Бойу узун тойлойт, талбайт*
*Бойу пас көкту көксөп ойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Ботодой көзү жайнаган жылдыздуу болуп,*
*Бирок жер карап сүйлөгөн адамдын,*
*жан дүйнөсү таза акыйкатчыл болушат.*

✦ ✦ ✦

*Бойлуу бийиктен карайт,*
*Бойсуз бийликке карайт.*

✦ ✦ ✦

*Бокстан бир секунд кеч кетсең*
*бүт өмүрүңдөн ажырайсың,*
*Бир саат эрте кетсең*
*Болгон жашооңду кадырлайсың.*

✦ ✦ ✦

*Бөлүнгөн барып жоголот,*
*Кеңешкен иш оңолот.*

✦ ✦ ✦

*Бөтөңдүн мактаганы,*
*Босогоңду аттаганы.*

✦ ✦ ✦

*Бөтөңдүн кайгысы менен тойбойсуң,*
*Чычаңдагандыгыңды койбойсуң.*

✦ ✦ ✦

*Буудан – аргымак, тулпар делет,*
*Этият бол баары бир тебет.*

✦ ✦ ✦

*Булбулу жок жерде, «бака» чардайт,*
*Башчысы жок жерде, албууттар коргойт.*

✦ ✦ ✦

*Бук болгон адам турабы,*
*Буканын мүйүзү куралы.*

✦ ✦ ✦

*Бузуку, төрүңө кусат,*
*Үй-бүлөөңдү бузат.*

✦ ✦ ✦

*Бул жалганда, ажал алка жакадан алганда:*
*Алдыңда ашың желбейт, колу-бутуң серпкенге келбейт.*
*Оозуң Ошту карап көз ирмелбейт.*

✦ ✦ ✦

*Бузукулар калкымдан,*
*Бузулган бар алкымдан.*

✦ ✦ ✦

*Бул жашоодогу бирөөгө жасаган жакшылыгың да,*
*жамандыгың да, айланып келип өз башыңа тийет.*

✦ ✦ ✦

*Бука жокто, букачаардын күнү,*
*Бүгүн чыгарат күнү-түнү.*

✦ ✦ ✦

*Бука сүт бербейт, кунаажын күч бербейт,*
*Аларды түшүнгөн эрдейт.*

✦ ✦ ✦

*Бул жашоодо адам бар, адамкерчиликтүү адамдар,*
*Адам сөрөйлөр бар, ошону үчүн жашоо – тар.*

✦ ✦ ✦

*Бул жашооңду «бар» жана «жок» тейлейт,*
*«Барды» – эч ким албайт, «жокту» – эч ким бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Буканын, текенин алдынан чыкпа – сүзөт,*
*Жылкынын алды жагынан ыкта.*

* * *

*Бул жалганда, түбөлүктүү жер, абаа, суу калат,*
*Жазылган ыр, айтылбаган сыр калат.*

* * *

*Бул айрымдар качан оңолоор экен?*
*Чакырылбаган меймандын келгенинен,*
*Кетпей койгону «балакет» болот экен.*

* * *

*Бул пенде да: жашап жатам, билгиң келсе билгин дейт,*
*Таңдын атканынан, күндүн батканынча ичкилик*
*иче берип, күндүн өткөнү билинбейт, үнү кирилдейт,*
*көзүнүн асты ириңдейт, башы зиңкилдейт.*

* * *

*Буканы уруп сабагандын: шиши толот,*
*ал кекчил болот, бир күнү болбосо, бир күнү сүзүлүп өлөт.*

* * *

*Бул жаралытышта ким, эмне күчтүү?;*
*бардыгын куйкалап күйгүзгөн – от күчтүү;*
*бардыгы кыян-жаян агызган, оттон да суу күчтүү;*
*оттун күйгөнүн, суунун акканын*
*көтүрүп турган – жер күчтүү,*
*күйгөн отту өчүргөн, кыян-жаян сууну бурган,*
*жердин жети кабатына чейин иштешкен*
*бул жаратылышта – адам баласы күчтүү.*

* * *

*Бирөөгө убада бербе,*
*Убада берсең аткарып эрде.*

* * *

*Бул жашоодо: чечкен сыр түйүнүңдөн...*
*чечиле элеги толтура.*

✦ ✦ ✦

*Булак: өрдөн ылдый агат, ага эшилме жер жагат,*
*ага берип жар кылып алат,*
*катуу таштак жерден боздоп-сыздап*
*«шылдырап» үн салат.*

✦ ✦ ✦

*Бука кекчил келет, бурчка такап*
*баары бир күнү челет.*

✦ ✦ ✦

*Бузукунун ниети кара,*
*Баскан-турганы балээ.*

✦ ✦ ✦

*Бузукулар бузук жолдо, ниети арам,*
*Бузукулук иштери – тарам-тарам.*

✦ ✦ ✦

*Бузуку бузгандыктан чарчабайт,*
*Ак ниет ала жипти аттабайт.*

✦ ✦ ✦

*Бүтүндөй жер-жүзүн кыдырып көрө албайсың,*
*аны китептен гана окуп үйрөнүп биле талдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Бүгүнкү туулган жумуртка, жеп койсоң жок болот,*
*өстүрсөң эртеңки алгыр куш болот.*

✦ ✦ ✦

*Бүркүт кайда учпасын таза абада,*
*Карга кайда учпасын, бок-сак санаада.*

✦ ✦ ✦

*Бүркүт бүркүт болуп калганына өзү да өкүнөт,*
*Эмне үчүн бүркүт кылып чыгардың деп энесине –*
*өкүрөт-өкүнөт.*

✦ ✦ ✦

*Булбулдөгөн жалындан, бықшыган түтүн булайт,*
*Бүлүнгөндөн тонолгон жардам сурайт.*

✦ ✦ ✦

*Бүтпөс ишти баштаба,*
*Бирок бүтпөйт деп таштаба.*

✦ ✦ ✦

*Бүгүн бирөөнү алдасаң, эртең ишеничтен чыкканың,*
*Бүт өмүр боюу адамкерчилигиңди көргө тыкканың.*

✦ ✦ ✦

*Бүркүт көрүп алат,*
*Кузгун-жору өлүк алат.*

✦ ✦ ✦

*Бүгүн калп сүйлөсөң, ишеничтен чыгасың,*
*Абийириң аштай төгүлүп-сынасың.*

✦ ✦ ✦

*Бүкүр да болсо балам,*
*Сын-сыпаттуусун кайдан алам.*
*Бүгүн ичсең ач карын, эртең ичсең ач карын,*
*бүлдүрөсүң го ашказандын баарын.*

✦ ✦ ✦

*Бүгүн эрте, эртең кеч,*
*Бүтөөр ишти дароо чеч.*

# Д

*Дайынсыз далбастайсың, канчалык жышынсаң да кардан ак боло албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Даамдуу ширин тамак, ашказанга жагып калат,*
*Кызыгып ичип жей берсең, былчыйта-семиртип салат басып-тура албай айлаңды алты-алат.*

✦ ✦ ✦

*Данды бирден терсең баштыгың толот,*
*Саманды бир талдан чогултсаң боо болот.*

✦ ✦ ✦

*Даанышмандын акыл-насыяты тирек,*
*Даанышман-даанышманды көз караштан билет.*

✦ ✦ ✦

*Данды бирден терсең кабың толот,*
*Аны актап сатсаң капчыгың толот.*

✦ ✦ ✦

*Даражалууга бүжүрөгөн адам,*
*Бейбечараларды тебелеген адам.*

✦ ✦ ✦

*Даракты дардайткан ным, азык зат жер,*
*Далилин көргүң келсе, таштак жерге дарак эгип көр.*

✦ ✦ ✦

*Дарт келгенде – азап, уйку качат,*
*Дарт кетсе – азат, уйку басат.*

✦ ✦ ✦

*Дарттын баары: тамак-аш менен кирет, талап менен чыгат.*

* * *

*Даары дармек чөптөн,*
*Делөөрүйт көпкөн...*
*Дем салдырат айласы кеткен.*

* * *

*Дарт басты деп жатканың, дартты бакканың,*
*Дартка каршы күрөш. далдырап жатпагын.*

* * *

*Дардайып бекер деп, иче бербе,*
*дамбырадай карынды кербе.*

* * *

*Далалат кыла эмгектен, мээнеттен иште терде,*
*ырыскынын баары жерде.*

* * *

*Дарагына жараша көчөсү, көлөкөсү...*

* * *

*Дарактын жалбырагы толук түшпөсө, кыш оор болот,*
*муз тоңот, чөп-чар түгөнүп жут болот.*

* * *

*Дардаңдаба, дайынсыз көппө,*
*Доомат коюуп, досуңду сөкпө.*

* * *

*Даракты – бүрдөткөн, гүлдөткөн тамыры,*
*Акынды – алкынткан, балкыткан ал ыры.*

* * *

*Деги эле жашоо кызык,*
*Чычкандын кудайы – мышык*
*Тамактын кудайы – «сызык».*

✦ ✦ ✦

*Делөөрүгөн кутурат,*
*Делдеңдеп жүрүп утулат.*

✦ ✦ ✦

*Делдеңдеген кайнене,*
*Келинине жек келет, келининен «шектенет».*

✦ ✦ ✦

*Делөөрүп тоготподуң, ден соолугуңду жоготконуң,*
*– баардыгын жоготконуң.*

✦ ✦ ✦

*Деловой болуп оңду-солду тоноп,*
*Дегдеп жүгүрүп жүрүп депутат да болот*
*Булар менен калайык-калк кантип оңот?*

✦ ✦ ✦

*Демди алып жатканың, жашап жатканың,*
*Дем алуу токтосо, өлгөнүң «таштай» – катканың.*

✦ ✦ ✦

*Демикпей демиңди сакта,*
*Өткөн өмүрүңдү ичиңде макта.*

✦ ✦ ✦

*Ден соолук алтындан артык, «дардайбай» –*
*Тамактануунду бир аз жүрчү– тартып.*

✦ ✦ ✦

*Ден соолугуң жашоо тирегиң,*
*Ден соолуксуз жыргабайсың билемин.*

✦ ✦ ✦

*Деңиздин толкуну – тамчыдан,*
*Шайтандын коркоору – камчыдан.*

✦ ✦ ✦

*Депутаттардын дымагы эмнени кана кылдырбайт,*
*Дөңгөчтөр жарылып, жолдор салынып,*
*кошоматчылар жалынып...*

✦ ✦ ✦

*Депутат болгон соң, «токол» – алсамбы деп ээлигет.*

✦ ✦ ✦

*Депутаттыкка акча керек,*
*Дендаралыкка чакча керек.*

✦ ✦ ✦

*Деп уткандар, жеп утат,*
*Жеп уткандар, деп утат.*

✦ ✦ ✦

*Депутат болобуз деп, дээлигебиз, жээлигебиз*
*Депутат болуп эл тагдырын чечкенге*
*жетээр бекен мээбиз?*

✦ ✦ ✦

*Депутаттар делөөрүйт 100 (жүз)*
*мыйзамды кабыл алдым деп,*
*алардын ондон бири иштебейт, эмине себеп?*
*демек баардыгы чала алынган эптеп-септеп.*

✦ ✦ ✦

*Добуш сурап, тайын союп таратат,*
*Дос жарларын утур бирден санатат.*

✦ ✦ ✦

*Доону доолатканың,*
*Досту жоолатканың.*

✦ ✦ ✦

*Досту кордобо,*
*Пасты зордобо.*

✦ ✦ ✦

*Досуңа күйгөнүң,*
*Досуңду сүйгөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Дос ардагың, досту баалагын,*
*досту чанганың, доссуз калганың.*

✦ ✦ ✦

*Досуңдун тепкени – өпкөнү,*
*Душманыңдын өпкөнү – тепкени.*

✦ ✦ ✦

*Дос болгончо тыңда, сында,*
*досуңду жемелей берип пассынба, кассынба.*

✦ ✦ ✦

*Досуңду жек көрүп сөккөнүң,*
*дымагың көтөрүп көпкөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Досуңду басынтып шагын сындыруу күнөө,*
*Сени да ошентиши мүмкүн бирөө.*

✦ ✦ ✦

*Досуңдун достугун такта,*
*досуңду эл алдында какпа*
*досуңдан да сырыңды сакта.*

✦ ✦ ✦

*Досуңдун алдаганы – түзүңдү урганы,*
*Тууганыңдын алдаганы – ниети бузулганы.*

✦ ✦ ✦

*Досту бааласаң чындап*
*Ат башындай алтындан да кымбат.*

✦ ✦ ✦

*Достук күзгүдөй тунук,*
*шек келтирсең бүлүнөт быркырайт,*
*Оңдой албайсың кол сунуп*
*улунуп-жулунуп чыркырайт.*

✦ ✦ ✦

*Достук баа жеткис байлык,*
*Досу жоктун пайдасы жок адамзатка чайлык.*

✦ ✦ ✦

*Досуң көңүлүң калганча досуң,*
*Көңүлүң калган соң жоосуң.*

✦ ✦ ✦

*Дос – досуна ишенип кыйынчылыктан коркпойт,*
*мындай ынтымактан ар кандай*
*кыйынчылык токтойт.*

✦ ✦ ✦

*Достор бар жадырап-жайнаган,*
*Кара ниеттердин ичинде – жини кайнаган.*

✦ ✦ ✦

*Достор көп: – дуулдап ичишсе мас,*
*доолаша келишсе эле кас.*

✦ ✦ ✦

*Достор Жумабайдыкынан жолугушуп,*
*жутушунча-жутушту оолугушуп,*
*анан Жумабайды сабашты бири-бирине болушуп.*

✦ ✦ ✦

*Достун кызматы эсепсиз, чексиз,*
*аны биле бербес – «тексиз».*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөтту көтөргөн-көтөрөт,*
*Дөөлөтту көтөрбөгөн бөгөт.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөтту көтөргөн көтөрөт,*
*Көтөрө албаган азабын көрөт*
*акыры барып өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөттүү оңолот,*
*Дooматтуу соолот.*

✦ ✦ ✦

*Дөөдөн качкан кутулат,*
*Доодон качкан тутулат.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөттүнүн сөзү өткүр,*
*Сөөлөттүнүн өзү өткүр*
*дөөпөрөздүн көзү өткүр.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөт теминтет,*
*мээнет кемитет.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөт делөөрүтөт,*
*мээнет мээ сергитет.*

✦ ✦ ✦

*Дөөлөттүү – дөөдүрөсө да жарашат,*
*Дөөлөтсүз – дөөдүрөсө элдин баары карашат.*

✦ ✦ ✦

*Дудукка сүйлөгөнүң, дүлөйгө ырдаганың бейпайда,*
*Аларды түшүнгөн кайда?*

✦ ✦ ✦

*Дудук кыңылдап дүлөйгө ырын ырдайт,*
*Дүлөй укмак кайда,*
*сүйкүмдүү күлүмсүрөгөнүнө эле жыргайт.*

✦ ✦ ✦

*Душманың өзүңдөн чыгат, өпкө бооруңду сыгат,*
*бийликке арызданып баралбайсың,*
*ар намызданып карайлайсың.*

✦ ✦ ✦

*Дуптун уругу (желуд) көп болсо,*
*Кыш жеңил болуп, эгин түшүмдүү болот,*
*кырман толот.*

✦ ✦ ✦

*Дилиңдин, диниңдин, тилиңдин бирлиги,*
*дегдеген демиңдин бир болуу тирилиги.*

✦ ✦ ✦

*Дилиңди тактаганың,*
*эне тилиңди сактаганың.*

✦ ✦ ✦

*Дилиңиз сиздин – тилиңиз,*
*Тилиңизди – билиңиз.*

✦ ✦ ✦

*Дилиңиз – тилиңиз, дилиңиз – диниңиз*
*урматтайлы-сыйлайлы бирибизди-бирибиз.*

✦ ✦ ✦

*Дыйканга жер жемиш өстүргөнгө – бакча керек,*
*Жаш бөбөктөргө – бала-бакча керек.*
*Наспурушка чакча керек, депутатка акча керек,*
*депутат болбой калган,*
*соттошуп мээңди чакча керек.*

✦ ✦ ✦

*Душмандын жылмайганы кубанганы,*
*Досуң чындыкты айтпай тура алабы–?*

✦ ✦ ✦

*Дүйнө жүзүндө бардык эл бирдей,*
*ээлери, дешээри, эзээри, безээри кана башка.*

✦ ✦ ✦

*Дүлөйдүн: – кудайы көзү, көзүрү сөзү.*

✦ ✦ ✦

*Дүлөйгө сүйлөсөң оозуңду карайт,*
*Дудукка сүйлөсөң ээгин жалайт.*

✦ ✦ ✦

*Дүр дүйнөңө салып бүлүк,*
*Дүйнөдө эмне күлүк? санаа күлүк.*

✦ ✦ ✦

*Дүнүйө жүзүн кыдырып, эч нерсени тутунбайсың,*
*А ушак-айыңдан кутулбайсың.*

✦ ✦ ✦

*Дүлөй радиону бурабайт,*
*Булбулдун үнүн угалбайт.*

✦ ✦ ✦

*Дүлөй сүйлөгөн сөзүңдү, ээгиңдин кыбырашынан билет.*
*Дароо жообун берип кирет.*

✦ ✦ ✦

*Дүйнөдө бир эле өлкө бар: өзгө тилде иштешкен,*
*өз эне тилинде тиштешкен, атуулдары жутунган,*
*ажоосу качып кутулган, атка минээрлери...*
*бири-бирин тартып тураар бутунан.*

# *Ж*

*Жааган жамгыр басылат,*
*жаман кепке асылат.*

✦ ✦ ✦

*Жаа менен «такты» – атканың,*
*Жетеңди талкалап жатканың.*

✦ ✦ ✦

*Жабышкан сүлүк тойгондо түшөт,*
*Баккан букаң семирсе – сүзөт.*

✦ ✦ ✦

*Жаз келгенде курт-кумурскага жан кирип,*
*айлана-чөйрө, кызыл-тазыл гүлгө оронот,*
*өнөт, өсөт, төрөлөт, көгөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Жаздык эгинди: – апрелде эксең түшүмдү мол аласың,*
*май айында эксең, орто түшүм аласың,*
*июнда эксең эптеп-септеп эле каласың*
*(талаада каласың).*

✦ ✦ ✦

*Жаз алды менен: жаздык эгиниңди эккениң,*
*мол түшүмгө жеткениң.*

✦ ✦ ✦

*Жаз-жайы чогултканыңды,*
*кышы менен желип жок болот,*
*малың ток, көңүлүң шок болот.*

✦ ✦ ✦

*Жаз алды менен биринчи күн күркүрөгөнгө чейин*
*бакалар чардабайт деп айтат элибизде*
*байкоо жүргүз, түйүп алыңыз дээриңизге.*

✦ ✦ ✦

*Жазып китеп жаратканың,*
*Ай-Ааламды караткаңың.*

✦ ✦ ✦

*Жазып калтырган акыл эмгегиң – байлыгың,*
*Байлык деп дүнүйө чогултканың – кемпайлыгың.*

✦ ✦ ✦

*Жазуучу: – жакырдын сөзү,*
*– жардынын көзү,*
*– жармачтын өзү.*

✦ ✦ ✦

*Жазуучу: – жардынын – кулагы, азизтин – чырагы,*
*– жакшынын – сынагы, жакырдын – ынагы,*
*– чаңкоонун – булагы, бечелдин – сурагы.*

✦ ✦ ✦

*Жайды жайлай – бекерчи,*
*Кышы-кыштай – тилемчи.*

✦ ✦ ✦

*Жайында ойноп-жыргап – кууңаганың,*
*Кышында үшүп-тоңуп – куураганың.*

✦ ✦ ✦

*Жакшыдан – дөөлөт, жамандан – мээнет.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы менен жүрсөң дөөлөт-сөөлөт – басат,*
*Жаман менен жүрсөң мээнет-кайгы – азап.*

✦ ✦ ✦

*Жакшыдан тукум ал,*
*Жаманды нукуп кал.*

✦ ✦ ✦

*Жакшылык унутулбайт,*
*Жамандык утур – тыңдайт.*

✦ ✦ ✦

*Жакырлыгың – жалкоолугуң, жамандыгың,*
*жакырлыгыңды досуңв да, касыңа да айтпа,*
*Арыздангандан жакырлык оңолбойт,*
*оңолгуң келсе – эмгектене иште.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы атага – буту, кол,*
*– жакшы уул бол.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы адамды изде,*
*Урматтап-сыйла «сиз» де.*

✦ ✦ ✦

*Жакшынын «бакшы» – болушу – тыйын,*
*бакшынын жакшы болушу кыйын.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы дос кучакташат,*
*Жаман дос ушакташат.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы жаша: – окуп билим ал, эмгектен*
*дүйнөгө даң сал. Сени ким кой деп жатат?*
*Жашоо үчүн ичип-жешиң керек.*
*Эмгектенип тамагыңды табып, ичип-же,*
*ата-эненин мойнунан түш. Арам оокат болбо!*
*Адал – жашооң керек, демек...*
*Ооба, эмгектенүүң керек!*

✦ ✦ ✦

*Жакшы жаша: – ата-энеңдин, ага-туугандардын, алган аялыңдын тапканына суук колуңду сунба, колуңду тарт. Уурулук кылба! Уурулугуң менен бир момун бечаранын ырыскысын кыйба?*

✦ ✦ ✦

*Жакшы жаша: – жамбаштап жатканың жаман, алты саның аман. Жер каз, үрөөн эгип багып түшүмүн алып тирилик кыл. Жан бак, мал бак. Ал да колуңдан келбесе, уятсыз, акмак – бейбак!.. Бул жашооңдун кимге кереги бар – тамтаңдап..?*

✦ ✦ ✦

*Жакырмын деп жалдырап жата бербе,*
*Жаныңды үрөп эмгектене терде,*
*Жан азыгы эмгекчилге – жерде.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы кошуна, жатындаштан артык,*
*Жаман кошуна, этек-жеңден тартат.*

✦ ✦ ✦

*Жакпаса отун күйбөйт,*
*Бакпаса катын сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы жашадыңбы, жаман жашадыңбы баары бир,*
*Бир башка бир өлүм, ага кам көрбө, казылаар көрүң.*

✦ ✦ ✦

*Жакшыга жолуксаң, жаманды унутасың,*
*Жаманга жолуксаң жакшыны эстейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Жакшылыкка – жакшылык, акылдуулук,*
*Жакшылыкка – жамандык, акмак-куулук.*

✦ ✦ ✦

*Жакшылыкка – жакшылык – акыл эстүүлүк,*
*Жакшылыкка – жамандык – кара ниеттүүлүк.*

✦ ✦ ✦

*Жакырбыз деп жар салгандан оңолбойбуз,*
*Жан үрөп эмгектенсең оңолобуз.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылык – «сиз» – дешет, бийлетет, секиртет,*
*Байлык – бапыратат кекиртет, семиртет-эсиртет.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылык: – бардыгын үйрөтөт,*
*– кекечти сүйлөтөт,*
*–ысыкты үйлөтөт.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылык: – күлгүзөт, күйгүзөт, сүйгүзөт,*
*сүйүнтөт, жүгүнтөт, үйүлтөт.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылыкты – баштан өткөрбөгөн,*
*Жаманчылыкты – баштан өткөрбөгөн.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылык: – чынжырды үздүрөт,*
*– акырды сүздүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Жакырчылык: машак тергизет, талкан жегизет,*
*Түшүңө да кирбейт семиз эт.*

✦ ✦ ✦

*Жакшынын баскан-турганы сүйлөгөн сөзү үлгү,*
*жаман жандыкы – күлкү.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы атанын баласы, бүтпөгөн ишин бүтүрөт,*
*Калайык калкка пайда деп, күнү-түнү күтүнөт.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы жагымдуу адамдын, башы, кулагы...*
*баары орточо болот, жароокер жакшы ниеттүү*
*купулуңа толот.*

✦ ✦ ✦

*Жакшы адамдын мурунy кичине,*
*адамкерчилиги чоң болот,*
*абийирдүү, адептүүлүгү көңүлгө толот.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо карызчыл,*
*Жаман арызчыл.*

✦ ✦ ✦

*Жалчыбаган: – туугандардан четтейт,*
*– максатына жетпейт.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо жан – керилчээк,*
*Жарыбаган – эринчээк.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо бекер оокатты көздөйт,*
*эмгексиз – эч нерсе өспөйт.*

✦ ✦ ✦

*Жалган айтпагандын жашоосу жакшы,*
*Жалганчы жанын жеген жосунсуз бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо жата берет,*
*Бакыт кача берет.*

✦ ✦ ✦

*Жалган айткан жарыбайт,*
*Кайраттуу жан карыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жалганчы – сөз арасында,*
*жылаан – гүл арасында.*

✦ ✦ ✦

*Жалбырак кеч түшсө,*
*жыл оор болот, чөп-чарың (тоютуң)*
*жетпей шор толот.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо менен уйку, экөө ага-ини,*
*Ар дайым колдошот бирин-бири.*

✦ ✦ ✦

*Жалган айтып адамга жакшылык кыла албайсың,*
*Жалганды айтып өзүңдү-өзүң алдайсың, жайлайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жалган сүйлөгөн жарыбайт, иши арбыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо, жатып ичээр жарыбайт,*
*Аракетчил, эмгекчил арыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жалкоо: жакырчылыкка жутунат, тутулат,*
*жакырчылыктан эмгектенсе эле кутулат.*

✦ ✦ ✦

*Жалганды сүйлөп жаныңды жебе,*
*Жалган кеп, билинбейт дебе.*

✦ ✦ ✦

*Жамандан жан үрөп кач,*
*Жакшыдан из калышы парс.*

✦ ✦ ✦

*Жаман адат чыккыс ор,*
*Ага көнгөн болот кор.*

✦ ✦ ✦

*Жаманды: – көргөн адам жакшылыкка тарбияланат,*
*көрбөгөн адамда жаман – адат.*

✦ ✦ ✦

*Жаман сөз кулактан кирип,*
*жүрөктү муздатат, сыздатат.*

✦ ✦ ✦

*Жамандыкка барба? Каргышка калба?*
*Каргыш тукум куүйт, укум-тукумуңа кетет*
*түбүңө жетет.*

✦ ✦ ✦

*Жаман чыккан келин: – баскан-турганыңды сындаган,*
*уулуңа жамандап – жат кылган.*

✦ ✦ ✦

*Жаман катын: – ырыскыңды чачат,*
*– төркүнүнө качат.*

✦ ✦ ✦

*Жамандын бир аты жазуучу,*
*Жүргөн жери ызы-чуу.*

✦ ✦ ✦

*Жаманды жолотпо,*
*Акылды коротпо.*

✦ ✦ ✦

*Жаман: – жайы кышы мас*
*тууган-туушканына кас.*

✦ ✦ ✦

*Жаман катын – эрин туугандан бөлөт,*
*Журттан чыкканын – туугандан көрөт.*

✦ ✦ ✦

*Жаман катын жарыбайт,*
*Жакшы катын таарынбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жаман катын каныңды соргон митедей,*
*Жаныңа жайлык бербейт кенедей.*

✦ ✦ ✦

*Жаман катын жанын жейт,*
*Жалган сүйлөп арын жейт.*

✦ ✦ ✦

*Жамандык кылган жарыбайт,*
*Жармага тойгон арыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жаман дос тетири жакка бурат,*
*Оңдой албайсың аны сынап.*

✦ ✦ ✦

*Жаман досту ээрчиген жарыбайт,*
*Максатына жетип марыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жаман байыса: тууганын жектейт,*
*сүйлөтө койбой кектейт.*

✦ ✦ ✦

*Жаман болсо да уулум, аман болсун,*
*Ансыз тукум калбай «куу» – баш (шыйрак) шорсуң.*

✦ ✦ ✦

*Жамандын бир өнөрү артык,*
*Жылдыра койбой турат тартып.*

✦ ✦ ✦

*Жаман-жакшылык кылбайт,*
*Жакындаган жанды – сындайт.*

✦ ✦ ✦

*Жамбаштын – сынганы,*
*жанталашпай жаныңдын тынганы.*

✦ ✦ ✦

*Жаман адамды жамандайт,*
*Жакшы адамды мактайт.*

✦ ✦ ✦

*Жамандык кылган жарыбайт,*
*Ниети жакшы – тарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жамынчына жетпеген, жарды да өтөт дүйнөдөн,*
*Сүйөм-күйөм деп койуп, жыргатып жарын сүйбөгөн.*

✦ ✦ ✦

*Жаман-жаман дейсиң эриңди,*
*Жаман эрден: – жайнаган балдар төрөлбөйт,*
*– арча бешикке бөлөнбөйт,*
*– алчаңдаган аргымагына өңөрбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Жамандыгын жашырып жатканың,*
*Абийириңди сактап, амалын тапканың.*

✦ ✦ ✦

*Жандын ширindиги: – ажоого, академикке,*
*акылдууга, арсызга, акмакка, алсыз курт-кумурскага*
*«бап барабар» – андай эмес деп ким далилдей алаар.*

✦ ✦ ✦

*Жанын үрөп эмгектенет акылдуу киши,*
*Жөн эле жамбаштап жата берүү – арсыздын иши.*

✦ ✦ ✦

*Жандай көргөн достошот,*
*Жөнү бирге коштошот.*

✦ ✦ ✦

*Жан дүйнөң – жан дүйнөмө жакындашат,*
*Жөн койсоң сыр чечише бакылдашат,*
*Жүрөктөн сызып чыгып жылуулуктар,*
*Жай алып, жаның жыргап акылдашат.*
*Жүрөктөн-жүлүндөргө сезим күчөп,*
*Жалындап-алоолонуп ашып ташат.*

✦ ✦ ✦

*Жан-жаныбарлардын жаны суудан,*
*Өмүр кесет сууну бууган.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо – көңүл,*
*Суу – өмүр.*

✦ ✦ ✦

*Жаныңды үрөп билгин,*
*Жашоонун үзүрү – билимиң,*
*Илимсиз илең-салаң тирилигиң.*

✦ ✦ ✦

*Жан азыгы жерде – эмгектерде,*
*Жата бербей иште – терде.*

✦ ✦ ✦

*Жаның үрөп эмгектенсең – жыргайсың, куунайсың,*
*Жамбаштап жата берсең – ыргайсың, куурайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жаныңды кыйганга жан талашпа, карылыкка жетип,*
*Көзүң чекчейгенге, белиң бекчейгенди көргөнгө жайталаш.*

✦ ✦ ✦

*Жаныңды сактаймын деп качканың,*
*Адамкерчилигиңди да – айбандыкка сатканың.*

✦ ✦ ✦

*Жаңы төрөлгөн наристе,*
*эне эмчегин лыпылдата сорот,*
*Баласы эссиз чоңойсо,*
*эненин жүрөгү «лакылдап» – согот.*

✦ ✦ ✦

*Жаңы келген келиндин себи –*
*анын абийири «кыз» – белгиси.*

✦ ✦ ✦

*Жаңы жыл: – жаңы үмүт, максат, тилектериң,*
*жакшылыкка умтулган тиректериң.*

✦ ✦ ✦

*Жаңы жыл: – жаңы максат, жаңы дүйнө,*
*жан үрө, болбогонго кабак түйбө.*

✦ ✦ ✦

*Жаңжалдуу үйдөн кут качат,*
*чыр басат кайгы капа азап.*

✦ ✦ ✦

*Жарды болсоң жалдыраба,*
*Бай болсоң балдыраба.*

✦ ✦ ✦

*Жарды – эт жештен сыгылат,*
*Жаман – эт жесе тишине тыгылат.*

✦ ✦ ✦

*Жаралган жан жаныбарлардын бардыгы – төрөлөт, көгөрөт, көбөйөт, чөгөлөйт – ана барып өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Жараар керекке, жерде болот береке.*

✦ ✦ ✦

*Жаратылышта жаралган жандын баардыгы азыгы жерден, жанын багат эринбей эмгектенген.*

✦ ✦ ✦

*Жарыбаган жалтанбайт,*
*Жыргаган жан жер төлө кайтарбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жаркылдап, жалаңдаган шамшаар бычактан коркпо,*
*Жылаандын тилиндей соймоңдогон тилимден корк.*

✦ ✦ ✦

*Жаратылыш канаттууга канат,*
*адамзатка акыл-эс берген акыйкат,*
*айкөл, ак ниет боло аларды иштетүүгө – аракеттен.*

✦ ✦ ✦

*Жары болбой жер болбойт,*
*Жардысы болбой эл болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Жарганат жарыктан жалтанат,*
*Жортуулга караңгыда аттанат.*

✦ ✦ ✦

*Жаратылышты жамандаган жарабайт,*
*Жаратылышты түшүнө билбеген жамандайт.*

✦ ✦ ✦

*Жатындашын жээриген – жарыбайт,*
*Жеп-жутканы болбосо – марыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жатындашка жат болбо,*
*Жалпы журтка кас болбо.*

✦ ✦ ✦

*Жатындашын жат кылган,*
*кайын журтун туугансыйт,*
*Жатындашын жат кылган – баягы,*
*мурдунан муруңтуктап жетелеген – аялы.*

✦ ✦ ✦

*Жатып мейман болуп кетиңиз,*
*эртең кудай буйруса түштөнөбүз,*
*Уй тууса сүттөн ичип күчтөнөбүз.*

✦ ✦ ✦

*Жашоону акыл башкарат,*
*Акылсыз адам таш кабат.*

✦ ✦ ✦

*Жашоодо: – өз ордуңду таппаганың,*
*– өз үйүңө батпаганың.*

✦ ✦ ✦

*Жаш кезиңдеги кемчилигиңди,*
*Жашай-жашай билесиң.*

✦ ✦ ✦

*Жашоосунан жан кечкен адам,*
*Жарытылуу таштабайт кадам.*

*Жашоо – өмүрдүн өтүшү,*
*Жыргалын ойлоп жаныңдын*
*Жүйүртөк баса чөк түшүү.*

✦ ✦ ✦

*Жашоодон: – үрөп-үрөп дооронун сүрөт,*
*– ойноп-куунап, жыргап күлөт.*

✦ ✦ ✦

*Жашоодо – кексерген кезиң,*
*– тепселген сезим.*

✦ ✦ ✦

*Жашоонун – ысыгын, суугун,*
*жакшысын, жаманын көрөсүң,*
*турмуштун агымына көнөсүң.*
*агымга каршы далбас урсаң – чөгөсүң,*
*аста-аста барып өлөсүң,*

✦ ✦ ✦

*Жашоодо – чөгөлөп чөккөнчө, кошоматты кош айтып*
*көрүнгөндү өпкөнчө... адилетти туу тутуп,*
*башты бийик көтөрүү – рахат.*

✦ ✦ ✦

*Жашында: – жалындаган шок адам,*
*– карыганда токтолот,*
*– токтолбосо – соттолот,*
*анан барып жок болот.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо үчүн – ашоо,*
*бей пайда – жашоо.*

✦ ✦ ✦

*Жашоонун канаты – ыр,*
*Жашоонун жараты – чыр.*

*Жаштык мезгил аста-аста түгөнүп,*
*Карылыгың келе жатат түнөрүп.*

✦ ✦ ✦

*Жаштык мезгил – ташкындаган дайрадай,*
*ай Ааламга жетемин дейт байма-бай.*

✦ ✦ ✦

*Жаштыгың кайда калды? – биз түшкөн эңиштерде,*
*– берген кеңештерде, ашкан белестерде,*
*– өткөн элестерде.*

✦ ✦ ✦

*Жашы кичүү болсо да – караганда сага,*
*акыл жагынан ашкан – ага.*

✦ ✦ ✦

*Жаштыгың-мастыгың карыганда тарайт,*
*Маарага жеткенсип байма-бай карайт.*

✦ ✦ ✦

*Жетимишиң – желедеги аттайсың,*
*жетелетпей баспайсың,*
*жылып-жылбай пастайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жашайын жыргап дечү элең,*
*өлүмдү сура кечинен.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо «баа» – деп дем алуудан башталат,*
*– анан кадам ташталат*
*– бара-бара салтанат.*

✦ ✦ ✦

*Жашоодогу максатсыз багытың сүйүксүз, канчалык*
*умтулсаң да мүдөөң толбойт, ойлогондой болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо жакшы, жакшы жашай албаган – мен,*
*Жашоо жаман деп даттанган – сен.*

✦ ✦ ✦

*Жашооңдо: – табихат бузулса, элдин шору,*
*– эл бузулса эрдин шору.*
*– өзүң бузулсаң, үй-бүлөңдүн шору,*
*– үй-бүлө бузулса өз шоруң.*

✦ ✦ ✦

*Жашынан эл башкарган жакшылыктын белгиси,*
*Карыганда жашсынбайт эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Жашооң: – жакшы болсо, башың кашкайат,*
*орто болсо чачың тармалданат,*
*жарды болсо, уруш-талаш арман калат.*

✦ ✦ ✦

*Жашоодо ата-эне оорубасын,*
*Жалаңдап «ажал шумшук» тоорубасын,*
*Жашоонун гүлү соолубасын.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо өткөн өмүр менен өлчөнбөйт,*
*Бүтүргөн ишиң менен өлчөнөт.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо өтүп жатат, ач жылаңач,*
*жарыган эч нерсе жок,*
*Ошондой болсо да өлгүм жок,*
*өзүм чоркок, жүрөк коркок.*

✦ ✦ ✦

*Жашооңдо жолукканды «сиз» – де, жакшылык изде,*
*Жаманчылыктан кутулбайбыз, өзү эле келет сизге.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо: – сүйүү, акыл-эс менен барктуу,*
*аны барктаган нарктуу.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо өмүр, кызгалдактай жайнаган,*
*шакардай кайнаган,*
*Сезген инсан кызыгына батат, татымын – татат.*

✦ ✦ ✦

*Жаштык жалын, учуп-күйүп жүрөсүң,*
*Жагып-жакпай көрүнгөндү сүйөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Жашыңда сөөктү жара чайнайсың,*
*Карыганда быламык менен чайлайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жашоонун күчү – билимде,*
*Карынын күчү – тилинде.*

✦ ✦ ✦

*Жаш баланын эрмеги оюнчук,*
*Кары-картаңдын эрмеги – жаздык*
*Жата бергизбе? андале көрүң – каздык.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо – күрөш, күрөштөн качканың,*
*жашоодон жадап жатканың.*

✦ ✦ ✦

*Жашыбыз алтымыш алтыда, ден-соолугум татына,*
*Тынымсыз эмгектенүү бар, ааламда адам затына.*

✦ ✦ ✦

*Жаштыгыңда – төрөсүң,*
*Жаралган соң көрөсүң, күнүң бүтсө өлөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Жашоого жаралгандын өзү эле чоң – бакыт,*
*каалагандай жашоо өткөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Бири – күнүтүнү уктап жатат,*
*бири – тынбай эмгектенип татат.*

✦ ✦ ✦

*Жаштыгың – дайра ташыган,*
*Жаштыгың – жалын башынан.*

✦ ✦ ✦

*Жаш кезиңде – жатып-туруп жүгүрөсүң,*
*Жашың өткөндө – жүрөгүм деп бүгүлөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Жашооңузга, жанды үрөп жутунбагын,*
*Жутунганың, тутулганың утулганың.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо – жыргал тириликте,*
*Бийлик күч – биримдикте.*

✦ ✦ ✦

*Жашоо үчүн ичип-жеген – артык,*
*Ичип-жеш үчүн жашоо – ноомарттык.*

✦ ✦ ✦

*Жаштык жашоо кадыры,*
*Өткөн жылда эмес – акылда.*

✦ ✦ ✦

*Жашоону жакшыртууга өз үлүшүңдү кошо алдыңбы?*
*Жээ көр ооканттын кулу болуп калдыңбы?*

✦ ✦ ✦

*Жаш жубайлар өз алдынча түтүн булатышканда,*
*кана, жашоонун кумарына канышат,*
*ойноп-куунап маарышат.*

✦ ✦ ✦

*Жеген ичкениң жетиштүү болсо,*
*андан даамдуусун издебе,*
*Жыргап кеткенибиз жок «биз» – деле.*

✦ ✦ ✦

*Жегени сары май, ичкени памил чай,*
*Сакалы белине жетет пай-пай,*
*Иштеген иши жок, дайыма эле дай-дай*
*деп, кол сунмай.*

✦ ✦ ✦

*Жегенден – жел чыгат,*
*Жебегенден – тер чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Жеке адам бузулат, бузат,*
*Жоро жолдошу күтөт-түтөт.*

✦ ✦ ✦

*Жеке кызыкчылыгыңды ойлогонуң,*
*Жеке ичип-жегенге эле тойлогонуң.*

✦ ✦ ✦

*Жем-чөп жеген уй, сүттү өзү эле берет,*
*Жем-чөп жебеген уй жээрий – тебет.*

✦ ✦ ✦

*Жер ыйык, ырыскы байлык,*
*Жигерлүү эмгектенүүнү унутпайлык.*

✦ ✦ ✦

*Жерге эмгектенсең түшүмүн алаарсың*
*Жамбаштаган жалкоо болсоң талаада каласың.*

✦ ✦ ✦

*Жериң – жээриң,*
*Эриң – дээриң.*

✦ ✦ ✦

*Жер эне: – Ааламда адамзаатты баккандай,*
*– Эне да балдарын багат,*
*баласыз энени байкуш деп карап таңданат.*

✦ ✦ ✦

*Жер эненин ээси: – талаада тайраңдагандар эмес,*
*– эмгектенип сайрандагандар.*

✦ ✦ ✦

*Жер энеге койулуучу өлүк,*
*койгончо катпагандын жосуну «начар»,*
*Жакында дагы бирин ээрчите качаар...*
*ырыскыңды чачаар...*

✦ ✦ ✦

*Жери такырдын, эли жакыр.*

✦ ✦ ✦

*Жериң тирилигиң, жаның тилегиң,*
*Жоого алдырбас, жоон билегиң.*

✦ ✦ ✦

*Жетекчи жегич болсо сени кешик кылат,*
*тешип тынат,*
*Жетекчи жетик болсо, сени сезип тынат,*
*сени сегиз кылат.*

✦ ✦ ✦

*Жетекчи урушчаак болсо,*
*Кызматчысы тырышчаак болот.*

✦ ✦ ✦

*Жети атасын билбеген – тексиздигиң,*
*Жети тилди билбегениң эссиздигиң.*

✦ ✦ ✦

*Жети үйдө бир балта,*
*Жигиттердин ойногну карта*
*Жакырчылык күч желкеден тарта.*

✦ ✦ ✦

*Жетишпеген турмуш болсо да,*
*Жетишээрлик жашоо болсо болду*
*Жокчулуктун толбой оорду.*

✦ ✦ ✦

*Жетим – балакетти бекер жатабы,*
*Желкелеп алган өгөй ата (эне) аны.*

✦ ✦ ✦

*Жетимге: үйдөн өгөй эне – чырылдайт,*
*Сырттан суук-аяз, улуп-уңшуп дырылдайт.*
*Жолбун иттер ырылдайт,*
*Жалдырап ач-жылаңач бырылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Жетимиш жашка чыгып,*
*аркада желээлеген эмгегиң калбаса...*
*Анда жашооң жөн эле ачылып-жабылган дарбаза.*

✦ ✦ ✦

*Жээр ашыңды оордобо,*
*Жетим-жакырды кордобо.*

✦ ✦ ✦

*Жигит туулуп-өскөн айылына кайрылат,*
*Жылкы жем жеген жерине кайрылат.*

✦ ✦ ✦

*Жигиттин сыны – көздө,*
*Жүрөктүн сыры – сөздө.*

✦ ✦ ✦

*Жоокерлер буйрукту аткарат,*
*Жөн койсо аламандык башталат.*
*Жолдоштун саралдыгын сезгениң,*
*Өзүңдүн марттыгыңды эстегин.*

✦ ✦ ✦

*Жолдош деп кимге кез келдиң,*
*Жолдошуңду сараң деп эзбегин.*

✦ ✦ ✦

*Жолдоштун сараңдыгын сезгениң,*
*Жолдошту жаман деп безгениң.*

✦ ✦ ✦

*Жолдуу адамды жарытат,*
*Жокчулук жанды карытат.*

✦ ✦ ✦

*Жоктун бир арманы – жокчулук,*
*Бардын бир арманы – токчулук.*

✦ ✦ ✦

*Жолдуунун букасы да сүт берет*
*Шордууну өлтүрө сүзөт, тебет.*

✦ ✦ ✦

*Жолборс жондон алат,*
*Чөө, бөрү, түлкү тойлоп калат.*

✦ ✦ ✦

*Жорго тай жорголоп жүрүп өлөт,*
*Коркок корголоп жүрүп көрбөгөндү көрөт.*

✦ ✦ ✦

*Жокчулуктун жону катуу,*
*Мээнеттенсең, эмгегиң таттуу.*

✦ ✦ ✦

*Жокчулук: ар кимди сынап,*
*акыл-эстүү кылат.*

✦ ✦ ✦

*Жонуңду – күн жылытат,*
*Жаныңды – жан жылытат.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөктү баш башкарат,*
*Башсыз жүрөк ташкабат.*

✦ ✦ ✦

*Жүз – жүзгө чыккан пенде,*
*Жашоого тойбой – кудайга*
*жалынып келтиргени келме.*

✦ ✦ ✦

*Жуугандан кара кийиз агарбайт,*
*Ак кийиз карарбайт.*

✦ ✦ ✦

*Жут болгон жерге кут да конот.*

✦ ✦ ✦

*Журт бузардан сактан,*
*Жалаага жыгат – актан.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөк – муз эмес, эрийт,*
*Чүрөк суз эмес – жибийт.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөккө буйрук бере албайсың,*
*Жүрөгүң сүйбөгөндү алдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөгү актын, ниети да ак, иши тактан,*
*Жүзү кара, куйткулардан дайым сактан.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөккө күч келтиргениң,*
*Иштөө тартибин өлтүргөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөгүнөн күйбөгөн ыйлабайт,*
*Жүзү караны адам сыйлабайт,.*

✦ ✦ ✦

*Жүзү таза – ар намыс бекемден,*
*Жүзү кара качат Ата-Мекенден.*

✦ ✦ ✦

*Жүзү кара – журтчулуктан качат,*
*Журт жүзүнө кара көө басат.*

✦ ✦ ✦

*Жүрөк сырын ача бил,*
*Жүрөктүн ачкычы кызыл тил.*

✦ ✦ ✦

*Жүгүрсөң күчкө толосуң, эстүү болосуң,*
*Жан жүрөгүң оорубай, жүгүрсөң эле оңосуң.*

✦ ✦ ✦

*Жылдызды көрөсүң – алалбайсың,*
*Кошоматчы кой союп сагаалайсың.*

✦ ✦ ✦

*Жылманын жоноору жок,*
*Жылаңачтын тоноору жок.*
*Жыйылган байлык ирийт,*
*Чачылган байлык чирийт.*

✦ ✦ ✦

*Жылаандын уусу дары,*
*Жамандын сөзүндө заары.*

✦ ✦ ✦

*Жылаандын – заары, хандын – каары,*
*Ачкөздүн – бары, уурунун баары – жаман.*

✦ ✦ ✦

*Жылаанды канча асырап баксаң да уу (заар) берет,*
*Аарыны баксаң бал берет, бакпасаң өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Жылдыз жымыңдайт жарыгы жок,*
*Жалкоо кымыңдайт карыны ток.*

✦ ✦ ✦

*Жылаанды өстүрсөң чагат,*
*Аарыны өстүрсөң багат.*

✦ ✦ ✦

*Жыгачтын ийри-буйрусун, чапса-сүрсө түзөлөт,*
*Адамдын дили бузугун – майласаң сүттөсөң да*
*көшөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Жылуулукту кааласаң түтүнүнө чыда,*
*Жылуулукту сүйгүзгөн бороон-чапкын аязы да.*

✦ ✦ ✦

*Жыргал кетет, азап – өтөт,*
*Жалган сүйлөгөн түпкө жетет.*

✦ ✦ ✦

*Жыргатам-кыйратам деп айрымдар чарчайт,*
*Жараткан эмгегиңди, мезгилдин таразасы калчайт.*

✦ ✦ ✦

*Жыргал – чуулуу,*
*Жылаан – уулуу.*

# *З*

*Заманына – жараша адамы,*
*адамына – жараша кадамы.*

✦ ✦ ✦

*Зарлап-боздоп акыйкатты издеген,*
*Заман болду зулумдарды «сиз» – деген.*

✦ ✦ ✦

*Заардуу жылаандан кутуласың,*
*Ызы-чуу ушакка тутуласың.*

✦ ✦ ✦

*Зордук менен башталган иш,*
*Кордук менен аяктайт.*

✦ ✦ ✦

*Зордуктаган бийлик болбойт,*
*Зордуктаган бийлик – оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Зордук – кордук,*
*Зордуктоо – кордуктоо.*

✦ ✦ ✦

*Зордогон бийликтеги эл жыргабайт,*
*ойноп-куунап ырдабайт.*

# *И*

*Илимге канчалык сүнгүп кирген сайын,*
*Сырлуу түйүнү чечиле баштайт,*
*Ага чыдаган улантат, чыдабаган таштайт.*

✦ ✦ ✦

*Илхом келет деп күтпө:*
*эмгектенсең – келет, эмгектенбесең безет.*

✦ ✦ ✦

*Илим-билимди сүйгөн инсандын*
*зериккенге убактысы болбойт,*
*көздөгөнүнө жетүүнү ойлойт, ага жолдойт.*

✦ ✦ ✦

*Илим-билимсиз ийгилик болбойт,*
*Илимдүүнү-билимдүү колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Илимдүүнүн көңүлү ток,*
*Илимсиз өнүгүү жок.*

✦ ✦ ✦

*Илгертеден ата-бабанын кеби дейт,*
*Иши илгерилээр жигиттин ити чөп жейт.*

✦ ✦ ✦

*Имамга бийлик да байлык да керек эмес,*
*Имамдагы максат, ырыс-ынтымак,*
*ырашкерлик тынчтыкка кеңеш.*

✦ ✦ ✦

*Ireңine жараша иши,*
*Ишине жараша ireңи.*

✦ ✦ ✦

*Искусствонун түшүнүксүз жагы болбойт,*
*бирок аны түшүнбөгөндөр – түшүнүксүз деп ойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Иттин отуруп алып үргөнү: – арыганы, карыганы,*
*аңдыганы өлүм аны.*

✦ ✦ ✦

*Ит набатты таштай көрөт,*
*Жармага жанталашып өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Ит эле болду – Сарыбагыш,*
*Ит болгуң келсе бол (кел) чабыш.*

✦ ✦ ✦

*Ит дагы эркелеткенди – сезет,*
*Итигул зиркилдесе эле – безет*

✦ ✦ ✦

*Иттин жашоосу жүнүнөн байкалат,*
*Ырчынын бактысы – үнүнөн чайкалат.*

✦ ✦ ✦

*Ит өлөөрчө тойсо да,*
*Шимшилеп «бок-сактан» – кый өтпөйт.*

✦ ✦ ✦

*Иттен корккон таяк издейт,*
*Итчилигин билген – «сиз» дейт.*

✦ ✦ ✦

*Итчилик ичкиликтен башталат,*
*Иче берсе бала-чака ташталат.*

✦ ✦ ✦

*Ит корккону‌на – үрөт,*
*Коркутканын – кабат.*

✦ ✦ ✦

*Иттин короочу болгону, уйкусу тынч ээсине пайда,*
*Андай короочу иттер кайда?*

✦ ✦ ✦

*Ичи-койнуңа киргиси келген досуң,*
*Ичи-койнуна кийрибейт өзүн.*

✦ ✦ ✦

*Ички дартты дарылоо – тыйын,*
*Ички душмандан арылуу – кыйын.*

✦ ✦ ✦

*Ичи тар адам – оронҙдойт,*
*Иши эч качан – оңолбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ичкиликти: биринчи, экинчи чөйчөгүн аласың,*
*үчүнчүсү сени алат, темтеңдетип көтөрүп чабат,*
*кумардан канат.*

✦ ✦ ✦

*Ичкен сууң таза болсо,*
*дениң соо болот, ишиң оңолот.*

✦ ✦ ✦

*Ичип чаңкоосу канбагандын,*
*эстегенден – эңсөөсү канбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ишеничтен чыккан дос – жоо,*
*Илгиртпей келүүчү – доо.*

✦ ✦ ✦

*Иш чырылдашып башталса,*
*Ырылдашып бүтөт.*

✦ ✦ ✦

*Иш ынтымакта башталса,*
*ырыскы түшөт.*

✦ ✦ ✦

*Иши жокту – бекерликке эмес,*
*– ишмерликке үндө.*

✦ ✦ ✦

*Ишинен келген жолдошуңа,*
*кылдан кыйкым таап чырылдап эле турсаң;*
*акырындык менен алыстай баштайт,*
*анан барып тап-такыр таштайт.*
*Анткени эрге «чыр» – эмес, «ыр» – керек.*
*Чырылдай-ырылдай берсең акыры*
*«кечтим байдын кызынан» – демек.*

✦ ✦ ✦

*Иштесең так болосуң,*
*Окусаң акылдуу болосуң,*
*Ысык-суукту көрүп токтолосуң,*
*Шайтан азгырса «шок» болосуң,*
*Акыл токтотпосоң – жок болосуң.*

✦ ✦ ✦

*Иштебеген мыйзам; ийленбеген камырдай,*
*суу көрбөгөн тамырдай.*

✦ ✦ ✦

*Иштин сапаты, ишинен билинет,*
*Алтындын сапаты – тиштегенде билинет.*

# *К*

*Кагылайын кабырган менен кеңеш,*
*Кыргызды бөлүп жарган – кыргыз эмес.*

✦ ✦ ✦

*Кагып-согуу – акылсыздык белгиси,*
*Какпайт-сокпойт эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Кадырлуу кайнанеге, – карчыга, жамбаш, куймулчак,*
*Кадырсыз кайнанеге, – далы, күң жилик, шыйрак.*

✦ ✦ ✦

*Каадалуу – кадыр-баркка жетет, караандабай мезгил өтөт, кадыр-баркың да кетет.*

✦ ✦ ✦

*Кадырлаган көп, кадырыңа жеткен аз,*
*Аксакал деген көп, ардактаган аз.*

✦ ✦ ✦

*Кадыр баркыңды сактагың келсе,*
*Алдым-жуттум боло бербе.*

✦ ✦ ✦

*Кадырлуу адам карыбайт,*
*Кесирлүү адам жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Казаны кайнабаган аял*
*Көрүнгөндүн үйүн кыдырганга даяр.*

✦ ✦ ✦

*Каз бийик учса, суу көп болуп, өзөндөр толот,*
*Каз жапыз учса, суу аз болот, көлчүктөр соолот.*

✦ ✦ ✦

*Каз-өрдөк тумшугун канатына катат,*
*А балким жылуулук издеп жатат,*
*Же жөн эле табигый адат...*

✦ ✦ ✦

*Кайрат, күч, кубат,*
*Кайгы басып турат.*

✦ ✦ ✦

*Кайраттуу адам кырсыкта билинет,*
*Кайратсыз адам мөгдүрөп баш ийет.*

✦ ✦ ✦

*Кайраттан жанганың,*
*Кырсыкка батканың.*

✦ ✦ ✦

*Кайраттуу адам, тагдырды багынтат,*
*Максаттуу адам бардыгын сагынтат.*

✦ ✦ ✦

*Кайнак сүттү ичээрде үйлө,*
*Көрбөгөн сулууңду сүйбө.*

✦ ✦ ✦

*Кайрат – канжар,*
*Айбат – ажыдаар.*

✦ ✦ ✦

*Кайраты жок – чоркок, айбаты жок – коркок,*
*Арсыз – экөөнө тең, орток.*

✦ ✦ ✦

*Кайгысыз, адам эсирет,*
*Кайгылуу жанга эс кирет.*

✦ ✦ ✦

*Кайгыга мүгдүрөбө!*
*Айтканга кир, жеңе бил.*

✦ ✦ ✦

*Кайгы... – уу...*
*Кайдагы уйку?*

✦ ✦ ✦

*Кай жерде бекер оокат, той-аш болсо,*
*Сугалак ошол жерде...*

✦ ✦ ✦

*Кайчысыз – кийим бычылбайт,*
*Кийбесе – кийим чычылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Кайсыл жерде жүрсөң, ошол жердин ырын ырдайсың,*
*Кырчаңгыланып чыр кылбайсың.*

✦ ✦ ✦

*Кайгы капаңды арак менен ача албайсың,*
*Андан арылам деп арактан ичип өзүңдү-өзүң алдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Кайната – ар намысты сүйөт,*
*Күйөө бала – алганды сүйөт,*
*Кайнене – ала кетсе деп баштыгын түйөт.*

✦ ✦ ✦

*Кайың менен эмен (дуп) багынын*
*жалбырагы бири калбай тап-таза түшсө,*
*кыш жеңил болот, малдуу ферлерлер оңот.*

✦ ✦ ✦

*Кайраттуу адам – көл,*
*Кайратсыз адам – нөл.*

✦ ✦ ✦

*Кайраты жок коркок – хан,*
*Карайлаган шорлуу – жан.*

✦ ✦ ✦

*Кайгыда: – карбаластаба, сабырлуу бол, акыл токтот, амалын акыл табат, акыл орток.*

✦ ✦ ✦

*Кайдыгер адам катыны өлсө көбөт,*
*Кыйшык көз, түздү да кыйшык көрөт.*

✦ ✦ ✦

*Какшык сөз, кастык сөз,*
*Кастык сөз, пастык сөз.*

✦ ✦ ✦

*Какшык сөз, мээлеген октой,*
*Койо албайсың тоботпой.*

✦ ✦ ✦

*Какшыктаган адам, кара ниет*
*Какшыгы октой тийет.*

✦ ✦ ✦

*Кааласаң ич, же, кааласаң бышакта,*
*кааласаң бычакта,*
*Эң негизгиси жаным, – кучакта.*

✦ ✦ ✦

*Каалашыңча майрамда, сайранда,*
*Майрамга эч ким кел дебейт, кет да дебейт.*

✦ ✦ ✦

*Калемдин күчү – кажыбаган акылда,*
*Кадырдын күчү – ыйман, ырыс жанында.*

✦ ✦ ✦

*Калем сапсыз жазуучу болбойт,*
*басса-турса жазсам деп ойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Калемдин учу – найзадан да күчтүү,*
*Калемдин күчү – кылычтан да өткүр.*

✦ ✦ ✦

*Каалаcа бийлеп алат, кардыңды жарып салат,*
*айлакер амалын табат.*

✦ ✦ ✦

*Калыс болсоң – досуң көп,*
*Калпычы болсоң – касың көп.*

✦ ✦ ✦

*Кампаңда болсо, кам санаба,*
*Чөнтөгүңдө да болот, кааласаң толот.*

✦ ✦ ✦

*Калайык калкты кысканың,*
*Эли-журттан чыкканың.*

✦ ✦ ✦

*Калпычы адам убада бергенге,*
*кечирим сураганга – март,*
*анткени ал андагы – дарт.*

✦ ✦ ✦

*Канаттуу кумурскалар учканда – сулуунун үрөөнүн эк,*
*Эгинин оруп аласың этек-этек.*

✦ ✦ ✦

*Каниет кыл, нысап кыл,*
*Көп жесең сугалак дедирет,*
*кардың керилет.*

✦ ✦ ✦

*Кан басымы көтөрүлүп ашынган*
*Кытмырлар көп жаштайынан кашынган.*

✦ ✦ ✦

*Кан жүрөгүңдү иштетет,*
*Кан кетсе жаныңды тиштетет.*

✦ ✦ ✦

*Кандай ит: карыса да күчү – качырганы менен айбаты,*
*Баса албай темселеп жок кайраты.*

✦ ✦ ✦

*Канаты сынык куш учпайт,*
*Учканды көрсө жүрөгү сыздайт.*

✦ ✦ ✦

*Каниет кылсаң көңүл канат,*
*Каниетсиз катып калат.*

✦ ✦ ✦

*Капасыз адам карыбайт,*
*Карыздар адам жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Капустанын көчөтүнө курт түшпөсүн десең,*
*анын жээгине чалканды кошо эккениң оң болот,*
*курт-кумурска жоголот.*

✦ ✦ ✦

*Карапайым момундар,*
*Куулук-шумдугу жок сонундар.*

✦ ✦ ✦

*Кара санатайлык илдет,*
*Пайдалуу болуш милдет.*

✦ ✦ ✦

*Каракчылык, зордук, зомбулук, кордук.*

✦ ✦ ✦

*Карылыктын – бырыш-тырышы – бакыт,*
*Аны чечмелеп көрчү, ойлоп жатып.*

✦ ✦ ✦

*Карылык акылдууга: – күздөй, күдөрүн үзбөй,*
*ой-максатын пикирин түздөй.*

✦ ✦ ✦

*Ак шоолаалуу таң атат, ийгиликти жаратат,*
*бардыгын каратат, саматат.*

✦ ✦ ✦

*Карылык акылсызга: – кыштай, басса-турса сыздай,*
*кылаарга иши жок, чылымын чегет өпкөсүн ыштай.*

✦ ✦ ✦

*Карылыкты – эч ким каалабайт, бирок умтулат*
*ага жетпеген – умсунат.*

✦ ✦ ✦

*Карылык өргө, анан төргө*
*көңүл бөлбө, төрдөн кийин көргө.*

✦ ✦ ✦

*Карышкыр каргыш туүйт, каргыш тукум куүйт,*
*калп айтуу кендирди буүйт.*

✦ ✦ ✦

*Каршылыкка кайрат кылганың бакыт,*
*бакытка жете албайсың жатып.*

✦ ✦ ✦

*Кары адамдын: – бир буту төрдө, бир буту көрдө,*
*өлүп баратса да баспас өргө.*

✦ ✦ ✦

*Карылык да келди: – Басканың балаңа жакпаган,*
*Байбичең жанга жатпаган, неберең сөзүңтактаган,*
*бүшүркөп келин-кыз какпаган,*
*бир тыйын жок акчадан... өлбөйсүң бирок ачкадан*
*анын эмнесин айтып – мактанам.*

✦ ✦ ✦

*Карынын баары эле, акылдуу эмес,*
*акылсыздык болоор ага теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Карызды: – жалдырап алган, жалдыратып бербейт,*
*жарым жылдан кийин кел дейт.*

✦ ✦ ✦

*Карт бойдок үйлөнсө күн батпайт,*
*күн батса, эл жатпайт.*

✦ ✦ ✦

*Карыз алмак оңой, бермек кыйын,*
*андай митайымга бербе тыйын.*

✦ ✦ ✦

*Карышкыр менен дос болгон бээ талаада калат,*
*Карышкырлар тамашалап жарат, анан жеп салат.*

✦ ✦ ✦

*Кардың ачканда жулунуп-жулмуңдап каласың,*
*тойгузуунун айласың табасың.*

✦ ✦ ✦

*Каргашалуу бозодон,*
*Кара суу ичкен артык.*

✦ ✦ ✦

*Карышкыр жемин кармап алат,*
*Түлкү алдап-амалданып бүлүк салат.*

✦ ✦ ✦

*Карынын кадыры; элинде, жеринде,*
*Келиндин кадыры; эринде, дээринде.*

✦ ✦ ✦

*Кар түшпөсө из болбойт,*
*Катуу суук болбосо муз тоңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Кара ниет, митайым, кытмырдан без,*
*Адамга ошону үчүн берилген акыл-эс.*

✦ ✦ ✦

*Карылык – тажрыйбасы менен бай,*
*Каадалуу ичкени эле чай.*
*Кеп-кеңешин айтат байма-бай.*

✦ ✦ ✦

*Карыган дөбөт, бороон чапкынды сүйбөйт,*
*Бурганакты карап үрбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Кар калың түшсө, түшүм мол болот,*
*кырман толот.*

✦ ✦ ✦

*Карысы бардын ырысы бар,*
*Карандай чай-майы даяр.*

✦ ✦ ✦

*Кара кылды как жарган – калыс,*
*Кытмыр – кыйдылардын иши – арыз.*

✦ ✦ ✦

*Кары калп айтпайт,*
*Кеп-кеңештен кайтпайт.*

✦ ✦ ✦

*Карыны кепке чакыр,*
*Карынын айтканы акыл.*

✦ ✦ ✦

*Кара ниеттин: – иши арам,*
*– пейили сараң.*

✦ ✦ ✦

*Кара ниет арамза*
*Каарын төгөт кайда караса.*

✦ ✦ ✦

*Карынын кадыры – сөзүндө,*
*Карынын кадыры – көзүндө.*

✦ ✦ ✦

*Карыган адам токтолот,*
*Сөөк жукарып морт болот.*

✦ ✦ ✦

*Каргаша келсе – тебелеп тепсеп таптайт,*
*Тамак аш көңүлгө тартпайт*
*Көөнү ток уктап жатпайт.*

✦ ✦ ✦

*Касыңдын да намысын кордобо,*
*Кыз-келинин зордобо.*

✦ ✦ ✦

*Катынынын сөзүн сүйлөгөн тууган,*
*Туугандарга-туугандыгын – бууган.*

✦ ✦ ✦

*Катынынын сөзүн туу кылган,*
*Ар намызсыз кудай урган.*

✦ ✦ ✦

*Катынды кудай ураарда эл алдында эсирет,*
*Эпчилденип жүргөндө ырыскысы – кесилет.*

✦ ✦ ✦

*Катын туубаса – тул,*
*Эчки туубаса – пул.*

✦ ✦ ✦

*Катынынын кебин кептеген – кайран,*
*Алганынын сөзүн сүйлөгөн – айбан.*

✦ ✦ ✦

*Катыны туубастын, өзү – «куубаш» болот,*
*анан кантип оңосуң, бара-бара түбөлүккө соолосуң.*

✦ ✦ ✦

*Катын барда кайын журт*
*Катын жокто алдым жут.*

✦ ✦ ✦

*Катынды кайдан алсаң да, эптеп-септеп жагасың,*
*Алды менен балдарыңды,*
*андан кийин небереңди багасың.*

✦ ✦ ✦

*Катышпаган, сыйлашпаган тууғандан,*
*алып-беришкен, келип-кетишкен кошунаң*
*миң мертебе артык.*

✦ ✦ ✦

*Кедейлик жанды эзет, кендирди кесет,*
*Жарым карыш бастырбай сөөмөйүн кезеп.*

✦ ✦ ✦

*Кежир – кеп уккусу келбейт,*
*Өз билгенин бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Кежирди – башкага болбойт теңеп,*
*Кежирленип жүрүп азабын чегет.*

✦ ✦ ✦

*Кекенген аял эринин көзүнө «чөп» – салат,*
*Кегин алат, «кеңкелес» – билбей эле калат.*

✦ ✦ ✦

*Келиндин ыймансызы кайра сүйлөйт,*
*Кары-картаң, кайын ата-энени сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Келиндин каш-кабагы уулуңдан:*
*Уулуң начар болсо – келиниң кергиштейт,*
*Уулуң жакшы болсо – кемчилигин билгизбейт.*

✦ ✦ ✦

*Келиндин ичкилик иче баштаганы,*
*абийирин чача таштаганы.*

✦ ✦ ✦

*Келечекке умтулган жөндөмдүүлүк; кичине эле баштан,*
*кең-пейилдик кабак-каштан.*

✦ ✦ ✦

*Кээ бир кыз эрге тийгенче сыланып-сыйпанат,*
*Эрге тийгенден кийин, чөнтөгүңө кирет сыйпалап.*

✦ ✦ ✦

*Кемчилигин сезген: – акылдуу адам,*
*– сезбеген «арам» – кадам.*

✦ ✦ ✦

*Кеп угуп, аз сүйлөгөн жакшы,*
*Көп сүйлөп, сөз укпаган – бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Кеменгерлер кемчилигин билишет,*
*Кеңешин берип оңдоого киришет.*

✦ ✦ ✦

*Кемчиликти моюнга алган жакшы,*
*Моюнга албай танган бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Кемпирди өпсөң,*
*күндө ээрдин боенот.*

✦ ✦ ✦

*Кеменгер боло бербейт, бардык эле эр киши,*
*Жөнөкөйлүк, кеменгерликтин белгиси.*

✦ ✦ ✦

*Кембагалдык жашоого үйрөтөт,*
*Байлык бапыраңдатып сүйлөтөт.*

✦ ✦ ✦

*Кембагал жетишпей үшкүрөт,*
*Бай батыра албай бышкырат,*
*Көрүнгөндү шылдыңдап ышкырат.*

✦ ✦ ✦

*Кембагалдык – акылдуунун да,*
*– амалын алты кетирет.*

✦ ✦ ✦

*Кемпир менен мышык жылуу жайда,*
*абышка менен күчүктүн жүргөнү эле пайда.*

✦ ✦ ✦

*Кембагалдын эшиги ачык,*
*Бекитээри жок баары чачык.*

✦ ✦ ✦

*Кембагалдын пейили кенен*
*Колунан барга акылы менен терең.*

✦ ✦ ✦

*Кеменгер кетет кеп калат,*
*Кетмен чапсаң тер агат.*
*(Кечте барып бел талат).*

✦ ✦ ✦

*Кембагал кептен кем эмес,*
*Кемчилиги... шер эмес.*

✦ ✦ ✦

*Кемчилигин сезген акылдуу адам,*
*Кемчилик кетирбеске таштаар кадам.*

✦ ✦ ✦

*Кембагалды кекээрлебе – кектебе,*
*Керсейүүдө кембагал деп жектебе.*

✦ ✦ ✦

*Кемпир эсирсе келинин «сиз» – дейт,*
*Келин эсирсе – кайненеден кемчилик издейт.*

✦ ✦ ✦

*Кенедей аары да гүлдөн-гүлдү соруп*
*граммдан бал жыйнайт,*
*Жатып ичээр жан бакты, жалкоо*
*эмгектенбей кыйнайт...*

✦ ✦ ✦

*Кенебестик кемчилдик,*
*Эбин тапкан – эпчилдик.*

✦ ✦ ✦

*Кең пейил адам, сабырлуу болот,*
*асан кайгы, наалууда соолот.*

✦ ✦ ✦

*Кенедей бүтүргөн ишиң жок – бакырба,*
*Алды менен ишиң бүткөрүп анан бакылда.*

✦ ✦ ✦

*Кепти көөдөнгө түйө,*
*Кыска-нуска сүйлө.*

✦ ✦ ✦

*Керсейген акылдуудан,*
*Кебиңди уккан адам түзүк.*

✦ ✦ ✦

*Керейген адам – көңдөйлүктүн белгиси,*
*Керейе бербейт эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Кереметтүү жерлерибизди: – сакташыбыз керек,*
*сатпашыбыз керек.*

✦ ✦ ✦

*Кесирлүүнүн кесири өз башына көрүнсө жакшы,*
*Журт башына көрүнсө – азды.*

✦ ✦ ✦

*Кесирленбе – керсейбей алгыныӊ – тил,*
*Кеңешти бере албасаң да угу – бил.*

✦ ✦ ✦

*Кесирлүү короого сийет,*
*Кесири керт башына тийет.*

✦ ✦ ✦

*Кесирлүү бар, кемчилигин билбеген,*
*акыл айтсаң ашата ал тилдеген.*

✦ ✦ ✦

*Кетирген кемчиликти сезе билгениң зор азаматтык,*
*Анткени аны оңдоодон адам калыптанат.*

✦ ✦ ✦

*Кетирген кемчилигиңди да билгениң – кеменгерлигиң.*

✦ ✦ ✦

*Кечеги жетекчи: – бүгүнкү айлакер молдо*
*эки сөзүнүн бири кудайым колдо.*

✦ ✦ ✦

*Кечиримдүүлүк – эрдик,*
*Кек кууган шермейделик.*

✦ ✦ ✦

*Кечинде босогону аттаган кыз, жарым түндө жубай,*
*Таңдын атышы менен үй ээси,*
*ооба, бул сынактан өтпөйт кээси.*

✦ ✦ ✦

*Кемчилик ар бир адамда бар,*
*Аны өз акылыңда калчаганда кана кутуласың.*

✦ ✦ ✦

*Кийген кийимиң сөөлөтүңдү көтөрөт*
*Сүйлөгөн сөзүң, дөөлөтүңдү көтөрөт.*

✦ ✦ ✦

*Кийик чөйрөдөгү кыймыл аракетти тиктейт,*
*добушту тыңшайт, жыт-жыбырды искейт,*
*кокус шек болсо, – «чыйт» – дейт.*

✦ ✦ ✦

*Кибиреген эле кирпи, аюуну үңкүрүнө сыгат*
*керек болсо кууп чыгат.*

*Килейген келемиштен,*
*Кенедей балык артык.*

✦ ✦ ✦

*Кимдин-кимдигин билгиң келсе, үйүнө бар,*
*үйүнөн билинет; кеменгер, ак көңүл же пейили тар.*

✦ ✦ ✦

*Китеп жазып калтыруу бул, өзүң жашаган доорго эле эмес, кийинки доордун урпактарына калтырган белегиң, эстелигиң, анткени түбөлүктүү жашаган инсан жок, бир күнү бул жарыкчылыктан кетүү мыйзам ченеми.*

✦ ✦ ✦

*Китеп жазуу натыйжалуу жашоонун жыйынтыгы, өз дооруңдан кийинки доорго белеги.*

✦ ✦ ✦

*Китеп окусаң аз-аздап акылдуулукка үйрөтөт,*
*акмакты да чечен кылып сүйлөтөт.*

✦ ✦ ✦

*Кичи пейилдигиң – адамкерчилигиң,*
*төрөпейилдигиң – айбанкерчилигиң.*

✦ ✦ ✦

*Кичине катын: – сүйсө ысык, эрге кызык.*

✦ ✦ ✦

*Кичине үйгө отун аз кетет,*
*аны акылдуу жан сезет.*

✦ ✦ ✦

*Кодулаган бала, кор болот,*
*Эркин өскөн бала шер болот.*

✦ ✦ ✦

*Кой дегенге болбойбуз,*
*Кой дегенди кордойбуз.*

✦ ✦ ✦

*Колуңдан келээр ишти, кудайлап тиленбе, жалынба,*
*жалкоо экен деп, күнөөгө малынба.*

✦ ✦ ✦

*Колуңдан эч нерсе келбей, алчактасаң карашат,*
*Колуңдан иш келип, чалчактасаң жарашат.*

✦ ✦ ✦

*Колуңдан айың жула качса kууп жетесиң,*
*Оозуңдан жаман сөз чыкса, өмүр бою сар санаада өтөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Колу алтын болгону менен*
*ниети кара – терең.*

✦ ✦ ✦

*Колу таза, ниети кара,*
*Ишенбесең ишин бирден сана.*

✦ ✦ ✦

*Колу таза, жүрөгү кара,*
*Качан болсо иштери чала.*

✦ ✦ ✦

*Колдон келсе сырды жүргөн жакшы – чече,*
*Көз ирмемдик жаңылыштыгың кылымга – тете.*

✦ ✦ ✦

*Коңуз жүргөн жерде, коңуздун жыты сасыйт,*
*аары жүргөн жерде, гүлдүн-балдын жыты аңкыйт.*

✦ ✦ ✦

*Койду кыркса кочкор титирейт,*
*Кембагалды көрсө, ачкөз битирейт.*

✦ ✦ ✦

*Коркконго кош көрүнөт,*
*дөңгөчтөн качат «бөрү» – деп.*

✦ ✦ ✦

*Коркок жоодон эмес,*
*коодон өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Короочу ит үрөт,*
*жаман ит жатат – үргүлөп.*

✦ ✦ ✦

*Кошоматчы кожоюнга бергенин,*
*кол алдындагылардан өндүрөт.*
*Коркутуп жүрүп көндүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Короо сарайдын эшигин жабасың,*
*А бирөөнүн оозун кантип тыйа аласың.*

✦ ✦ ✦

*Корккон жан алыс качат,*
*Кор болбой кутулганы азат.*

✦ ✦ ✦

*Кошоматчынын; – сөзү – ушагы, өзү – тузагы,*
*ала көөдөндөр туткуну,*
*акылдуулар аны сезет, дароо безет.*

✦ ✦ ✦

*Кошоматчы катын – күйүттүү,*
*кылыктуу келгени – сүйүктүү.*

✦ ✦ ✦

*Кошоматчы кылыктанса күлөт,*
*Ит капса, каппаса да үрөт.*

✦ ✦ ✦

*Көөдөндөгү өпкө,*
*жашоо берген адамга,*
*жел менен чыдайт көпкө.*

✦ ✦ ✦

*Көз көрөт; көңүл сезет, жүрөк эзет, бут жүгүрөт,*
*жүгүнөт, акылдуу алат, акмак калат.*

✦ ✦ ✦

*Көк бет аял – күндөн күнгө эсирет,*
*– абирийиңди кетирет.*

✦ ✦ ✦

*Көзү сокур – ор,*
*Көөдөнү сокур – кор.*

✦ ✦ ✦

*Көзүңчө мактаган – кас адам,*
*Качан да болсо – пас адам.*

✦ ✦ ✦

*Көзгө чөп салган жаман жар,*
*Андайда болбойт – намыс ар.*

✦ ✦ ✦

*Көзүңдү көрсө каткырган,*
*тетири карап «мат» – кылган.*

✦ ✦ ✦

*Көзгө эркиндик бербе?*
*Кадалбасын карабас жерге.*

✦ ✦ ✦

*Көз жаш төгүлгөн жерде,*
*намыс ар, уят-сыйыт бар.*

✦ ✦ ✦

*Көз көрөт, көңүл бөлөт,*
*Көз көрбөсө, көөдөн өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Көзүнөн жаш чыкканча күлгөн адамдар,*
*кең пейил, ак көңүл, ниети таза адамдар.*

✦ ✦ ✦

*Көзү оорубаган, көз айнекчен адамдардын*
*ачуусу тез болот,*
*ар нерсеге дүүлүгүп козголот.*

✦ ✦ ✦

*Көздөрү кызарган адамдар, өтө чыйрак,*
*сөздөрү таттуу болот,*
*бөтөнчө жөндөмдүү иши оңолот.*

✦ ✦ ✦

*Көзүнүн карегиндеги кара чекит канчалык*
*кичине болгон адамдардын – ниети кара ичи тар,*
*мындайлар бийликке умтулган сүйгөн мансапкор*
*амалпараз адамдар.*

✦ ✦ ✦

*Көзү ойноктогон адамдар айлакер болот,*
*тузагына илгенге аракет койот, илинсең сойот.*

✦ ✦ ✦

*Көздөрү кичине тар келсе, андай адамдар*
*сөзмөр чечен болот,*
*Кептеше келсең тарыхыңды таразалайт*
*оңду-солду солоп.*

✦ ✦ ✦

*Көзү жаалдуу, тайбас жалтанбагандан өзүң жалтан,*
*алар кан төгүүдөн кайра тартпаган,*
*кура албайсың салтан.*

✦ ✦ ✦

*Көз көрөт, көөдөн көрбөсө да көңүл бөлөт.*

✦ ✦ ✦

*Көзү алаңдаган коркок,*
*мык кага албаган чоркок.*

✦ ✦ ✦

*Көңүлдүн чөккөнү туюулат,*
*Кырчындай жаштар – суудай куйулат.*

✦ ✦ ✦

*Көңтөрөт тоо, колу-буту соо,*
*каалаган ишин бүткөрөт, казырынча оң жолдо.*

✦ ✦ ✦

*Көп сүйлөгөн чечен эмес,*
*төп сүйлөгөн чечен.*

✦ ✦ ✦

*Көпүрүлсүн, көпсүн мейли күчөсүн,*
*кайдан куласаң да жарга түшөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Көпкө басылган жумуртка сасыткы,*
*бөпөлөп өстүргөн бала азыткы.*

✦ ✦ ✦

*Көптү билгиң келсе, көбүрөөк окуп аз укта,*
*ушак-айың укпа.*

✦ ✦ ✦

*Көптөн бери жолугушпаган доско*
*жолукканым жакшы болду,*
*бирок аны менен чырылдашпай-ырылдашпай*
*ажырашканыбыз андан да сонун болду.*

✦ ✦ ✦

*Көп сүйлөгөн бакшы, аркандын узуну,*
*сөздүн кыскасы эле жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Көргөнгө көз тойбойт, бирок көргөнүн койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Көп сүйлөгөн – маңыз,*
*Эп сүйлөгөн – чечен.*

✦ ✦ ✦

*Көйрөң адам көөнүндөгүсүн кылат,*
*...Кааласа көчүгү менен жылат.*

✦ ✦ ✦

*Көралбасаң бирөөлөрдүн кемчилигин,*
*бул кечиримсиз – кемчилигиң.*

✦ ✦ ✦

*Көргөнгө көз тойбойт,*
*Көргөнүң карынга аш болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Көзөм болмок көзүңдөн,*
*Өткүр болмок өзүңдөн,*
*Өксүк болмок сөзүңдөн.*

✦ ✦ ✦

*Көйнөгү кирдин, көңүлү кир,*
*Кылтагына чалынба баамдай бил!*

✦ ✦ ✦

*Көтөрүп чоңойткон жакыныңа ор казганың,*
*Өзүңө-өзүң көр казганың.*

✦ ✦ ✦

*Көтөрө сүйлөп мактаган адам,*
*Көтөрүп чапканга таштаган кадам.*

✦ ✦ ✦

*Көчөдө үлпүлдөгөн, сүлкүлдөгөн айым,*
*Үйүн үч көтөрөт чырылдаган сайын.*

✦ ✦ ✦

*Кубаныч бар, көз ирмемге жетпеген,*
*Көз ирмем бар, өмүрү эстен кетпеген.*

✦ ✦ ✦

*Кудайдын куттуу күнү таң атып,*
*күн чыгат, да батат,*
*а жалкоо жамбаштап жатып – уктап эле жатат,*
*Ууру урунганын уурдап эле жатат, арзан эле сатат.*

✦ ✦ ✦

*Кудай дебеген куру калат,*
*куучуңдап куру жалак.*

✦ ✦ ✦

*Кудай-кудай дегенден курсак тойбойт,*
*Теңир-теңир дегенден тыйындуу болбойт.*
*Эмгектенсең кана: кудайым колдойт,*
*теңирим жолдойт.*

✦ ✦ ✦

*Кудай бирине саксайган сакал берген*
*бирине акыл... бирөөлөр ар намыстуу келет.*

✦ ✦ ✦

*Кудайдын бекер белеги, – уйку,*
*элчиси шайтан.*

✦ ✦ ✦

*Кудай берет деп, куру калба,*
*аракеттен эмгектен чамда.*

✦ ✦ ✦

*Куда болом деген көп,*
*Куда болчу бирөө...*

✦ ✦ ✦

*Кудай таалам ден-соолук берди, акчасы жок,*
*демек делдейбе, аракеттен арбагыңды сок.*

✦ ✦ ✦

*Кудай таалам «атаны» – берди, балдарын укпаган,*
*Иттей ичип, күн-түнү уктаган.*
*Уурулук кылып, же анысы жукпаган.*

✦ ✦ ✦

*Кудай-кудай дегенден «кумара» – да курулбайт,*
*Кудай-кудай-кудай деп куру эле өзүн-өзү алдайт.*

✦ ✦ ✦

*Кудай таалам сынап көрдү,*
*Сылаңкорозго моданы берди*
*Киндиги, үч кошкону ачык,*
*кыздар-ов «килең» – килеңдеди.*

✦ ✦ ✦

*Кут конгон жерде, жут болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Куйткулар көмүскөдө пааналап,*
*Кимдин-кимдиги, ишинен бааланат.*

✦ ✦ ✦

*Куйтку жойпу адам, – душман болот,*
*Кошоматтанып купулуңа толот.*

✦ ✦ ✦

*Куйтуну ким сүйөт,*
*Куйтуланып жүрүп үйү күйөт.*

✦ ✦ ✦

*Куйту митайым киши*
*Куйтуланган арам иши.*

✦ ✦ ✦

*Кулкунун тыя албаган,*
*Кудай-кудай десе арданам.*

✦ ✦ ✦

*Кулак угат, кээде сурап...*
*Каңырыш болбосун деп, калдайып турат.*

✦ ✦ ✦

*Кулагы катуу бакырып сүйлөйт,*
*Кытмыр киши күлкүңдү сүйбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Кулактары чоң далдайган инсандын, мүнөзү терс,*
*Жашоолору узак, тарткандары тузак,*
*ойногону оюн-шоок кач андайдан.*

✦ ✦ ✦

*Курт – мөмөлүү дарактарды тойлойт,*
*кууураган даракта курт болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Куруган амал,*
*Кууураган жаман.*

✦ ✦ ✦

*Кууракган жыгач тапсыз,*
*Куучуңдаган жигит бактысыз.*

✦ ✦ ✦

*Курч акыл – асыл башка сыгат,*
*Курч акыл – башты тээп чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Кургурду ошондой кылып салган,*
*Машина төрт дөңгөлөк, экөө туртөт*
*Алдыңкы экөө жол баштап калган.*

✦ ✦ ✦

*Куру сөз кулак тойгузбайт,*
*Кунарсыз козу сойгузбайт.*

✦ ✦ ✦

*Куру сөз менен «кургак учуктан» кутула албайсың,*
*Кутулам десең өзүңдү да өзгөнү да алдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Куру саясатчы кутурганын койбойт,*
*Куру кыйкырык менен курсак тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Куш балапанына чогулткан жемин*
*кулгуп кусуп берип багат.*
*Ата-энесинин антиши балапанга жагат*

✦ ✦ ✦

*Күйөө балаң үйүнөн кууса, тил кайрыба «сиз» – де,*
*карбаластап карайлабай эшикти изде,*
*анткени ал карачечекей кызыңдын кылыгы...*
*ошолургандын былыгы...*

✦ ✦ ✦

*Күз бышыкчылык болгондо, жер-жемиш бышып жалбырак түшүп тонолот.*

✦ ✦ ✦

*Күз күрөөдө дарактын жалбырагы күбүлүп түшкөндө бети ай карап (өйдө) түшсө,*
*келээрки жылы эгин түшүмсүз болот;*
*анын тескерисинче жалбырактар жер карап түшсө,*
*эгин түшүмдүү болот, кырманың толот.*

✦ ✦ ✦

*Күкүктүн таң эртеңден ачкарын сайрашы*
*кыштын оор болот деп баяндашы.*

✦ ✦ ✦

*Күкүктүн эрте учуп келиши,*
*Калайыкка ачарчылыктан кабар бериши.*

✦ ✦ ✦

*Күлүктүн күлүктүгүн чапкан билет,*
*Күйөөнүн күйөөрлүгүн тапкан билет.*

✦ ✦ ✦

*Күлкүдөн да адам өлөт, күлүп жатып,*
*көңүлү ток, арманы жок таштай катып.*

✦ ✦ ✦

*Күнүмдүк өмүр, отурган төрүң,*
*эртеңки бараар жериң – көрүң.*

✦ ✦ ✦

*Күнсүз түн болбойт, жерсиз суу болбойт,*
*абасыз жашоо болбойт,*
*ырыскесерлер абаны булгап ойнойт.*

✦ ✦ ✦

*Күн күркүрөп нөшөрлүү болушу,*
*Эгиниң түшүмдүү болуп кырманыңдын толушу.*

✦ ✦ ✦

*Күнөөсүздү күнөөлөгө болбойт,*
*Күнөөсүздү күнөөлөгөн оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Күркүрөгөн дарыя, бир тамчыдан куралат,*
*Эшилген аркан сымалы тоо башынан чубалат.*

✦ ✦ ✦

*Күтсөң-күтпөсөң да, болоор иш болот, бойоосу канат.*

✦ ✦ ✦

*Күчүк уурдаган, жылкыдан да кайра тартпайт,*
*Күлүп жайнап эчкимге айтпайт.*

✦ ✦ ✦

*Кызыгуудан калган адам, кызыксыз адам,*
*Калтырап зорго таштайт кадам.*

✦ ✦ ✦

*Кызматты баалагандын даражасы көтөрүлөт,*
*Баалабаганды жөөлөп чыгарат төтөлөп.*

✦ ✦ ✦

*Кызгануу: сүйгөнүнө шек,*
*шектен чыгат кек.*

✦ ✦ ✦

*Кызыккан – билет,*
*ашыккан – жетет.*

✦ ✦ ✦

*Кыздын ар намысы – кыздыгы,*
*Кыздын ар намызсызы – суздугу.*

✦ ✦ ✦

*Кыздын кыз келиши – эрдиги,*
*Кыздын кыз эместиги – «шермендилиги».*

✦ ✦ ✦

*Кызың төрөлгөндөн себине камдан,*
*Калайык калктын салты ата-бабадан.*

✦ ✦ ✦

*Кызды өпсөң – көөдөнүң тойот,*
*Келинди өпсөң – чөнтөгүң чойот.*

✦ ✦ ✦

*Кыз кылыгы менен,*
*Кытмыр былыгы терең.*

✦ ✦ ✦

*Кыз балага – эмчегинин түйүлүшү:*
*табигый көрүнүш, ага керек көнүгүш.*

✦ ✦ ✦

*Кызматы бар шок,*
*Кызмат бүгүн бар, эртең жок,*
*Түбөлүк байлап берген белек жок.*

✦ ✦ ✦

*Кызмат түбөлүк байланбайт,*
*Кызматчы түбөлүккө шайланбайт.*

✦ ✦ ✦

*Кызарып чыккан күн жаайт,*
*Күн кызарып батса – анда жадырап жайнайт.*

✦ ✦ ✦

*Кыз кезинде – кылтыңдаган,*
*Аял – болгондо алжаңдайт,*
*ар кимге калжаңдайт.*

✦ ✦ ✦

*Кыздын макул болбогону, каалабаганы эмес,*
*Кадырын бил! Кабыргаң менен кеңеш.*

✦ ✦ ✦

*Кыз күйөөгө чыкканда, ырдап-жыргап барат,*
*Кыз күйөөдөн чыкканда – боздоп-сыздап калат.*

✦ ✦ ✦

*Кызыл-тазыл гүлдөргө; бал аарылар үйүлөт,*
*ширесин соро сүйүнөт.*

✦ ✦ ✦

*Кыз аттуулардын баары эле кыз эмес,*
*Уз аттуулардын баары эле уз эмес.*

✦ ✦ ✦

*Кыйындыктан корккон: – башканы кордойт,*
*башка түшкөндү оорлойт,*
*бактылуу болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Кыйшык түз болбойт, бышыкчылыксыз күз болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Кыйшык бычылган кийим, кыйшая тигилет,*
*Сөлпөйтө кийип, сөлпөйүп жүрөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Кыйынчылыкты жеңе билбеген,*
*тагдырына таарына тилдеген.*
*Кыйналсаң үйрөнөсүң,*
*Үйрөнгөнчө сүйлөнөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Кыйынсынган келин-уулду өзүнчө бөлүп кой,*
*бирине-бири шоктонот, чыр-чатак аста токтолот.*

✦ ✦ ✦

*Кылчактап жоого беттегениң,*
*Максатыңа жетпегениң.*

✦ ✦ ✦

*Кылымга тете жаша, же күн эле жаша,*
*Өткөн өмүрүңүз секундадай көрүнбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Кылыктангандардын баары эле кыз болбойт,*
*Кызды «кыздык белгиси» жолдойт.*

✦ ✦ ✦

*Кылмыштуу катын көрүнгөнгө жорго,*
*Кылыктанып жүрүп түшөт торго.*

✦ ✦ ✦

*Кылкансыз балык болбойт,*
*Дыйкансыз дасторкон толбойт.*

✦ ✦ ✦

*Кылым кыл арканда ченелбейт,*
*Кылымга чыга жашабаган ага кебелбейт.*

✦ ✦ ✦

*Кыл чылбыр болбой байланбайт,*
*Көрбөсө көңүл жайланбайт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: мээнеттүүнү басат,*
*дөөлөттүүдөн качат.*

✦ ✦ ✦

*Кыргыз эли: Адигине – Тагайдын балдары,*
*Наалы эжеден тараган калганы.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык басынтып келет,*
*Кеменгер акыл калчап жеңет.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык капыстан келет,*
*Акылдуу сабыр кыла жеңет.*

✦ ✦ ✦

*Кырчындай толгон убагың,*
*Кызыгып баарын сурадың.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: – алыс-жакыным деп санабайт,*
*Жакшы-жаманыңа карабайт.*
*Акылдууну да акмакты да чалат*
*Азапка салат, керегин алат.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: – жаш-карыңа, тууганчылыгыңа карабайт, барабар аралайт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык – алсызды жаралайт,*
*алакөөдөндү сагаалайт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: – сактанганды «сиз» дейт,*
*акмактанганды издейт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: – адамдан-адамды тандайт*
*акмакка – чамдайт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык: – келгенче сактан, кутулбайт качкан.*

✦ ✦ ✦

*Кыркында – жалжаңдаган,*
*алтымышында – алжаңдайт.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык кокустан келет,*
*Кем-карчыңды демеп.*

✦ ✦ ✦

*Кырсык сурабай келет, сазайыңды берет.*

✦ ✦ ✦

*Кырсыктан качып кутула албайсың,*
*Кесирленсең кырсыкты жандайсың.*

✦ ✦ ✦

*Кыр-кырда карышкырлардын улуп-уңшуганы*
*чычкандардын чексиз көбөйүшү;*
*ачарчылыктын, жакырчылыктын белгиси,*
*анын алдын алат акыл-эстүү киши.*

✦ ✦ ✦

*Кыргызстанга ким Президент болсо ал болсун!*
*Аялы Таластан болсо да,*
*бийликт талашкан болбосун!*
*(Жогорку Кеңештин депутаты*
*Сооронбай Шарипович Жээнбековдун сөзү)*

✦ ✦ ✦

*Кырк жашка чыкканча байыбаган,*
*өмүрү өткөнчө жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Кыштын көркү – кар,*
*Кыздын көркү – жар.*

✦ ✦ ✦

*Кыштын келе жатканы тозок,*
*кышта – тондуу аял созот, бирок камдуу озот.*

✦ ✦ ✦

*Кышкы суукка, ала жаздан камдан,*
*Жакырчылыкка жазы-кышы чамдан,*
*Жалкоолукка берилип ара-бөк калбаң.*

✦ ✦ ✦

*Кышта кар оор түшүп суук болсо, эгин түшүмдүү,*
*Кыш жеңил-желпи болуп, жер тоңуп-тоңбосо*
*шорунду түшүрдү.*

✦ ✦ ✦

*Кыш оор болсо, аяз-суук калтырайсың,*
*титирейсиң качасың,*
*Үйдөн чыкпай меш түбүндө жатасың.*

✦ ✦ ✦

*Кытмырда пейил – тар,*
*азис – көзгө зар.*

✦ ✦ ✦

*Кытмырларга жолобо,*
*Кембагалды тонобо.*

✦ ✦ ✦

*Кымча бел: көз жоосун ала күлүңдөйт,*
*көрүнүп койуп көрүнбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Кычыраган киши да аязда – жорголойт,*
*жан-жаныбар сууктан – корголойт.*

# *М*

*Максатсыз жашоо, ичпи-жевө, ашоо.*

✦ ✦ ✦

*Максатсыз адам, майып адам.*

✦ ✦ ✦

*Малсызга жайлоонун кереги жок,*
*алсызга жөтөлдүн тийгени – ок.*

✦ ✦ ✦

*Малы жоктун камы жок,*
*мал багууга алы жок.*

✦ ✦ ✦

*Мал адам үчүн: – туулса да,*
*өлсө да чыгараар күчүн.*

✦ ✦ ✦

*Малчы – малын багат, тегирменчи – унун салат,*
*кумарчы – кумарынан утулуп калат.*
*Аргасыз суроо туулат, булар кайсы арына*
*депутат болом деп саясатка барат?*

✦ ✦ ✦

*Калайык калк таң калат,*
*толкуп көтөрүлүп чаң салат.*

✦ ✦ ✦

*Малы жок бай – барксыз,*
*Баскан турганы – нарксыз.*

✦ ✦ ✦

*Мамлекетти тапкан да баккан да өзүңсүң.*

✦ ✦ ✦

*Мамлекеттик тилге маани бербеген*
*маданиятсыздыктын белгиси.*
*Эне тилди кадырлаган – эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Мансапкордо абийир болбойт,*
*колунан келсе кордойт.*

✦ ✦ ✦

*Манасты – Манас кылган – Бакай,*
*Манастын элинин башын аттаган – А. Акай.*

✦ ✦ ✦

*Маңдай териң менен тапкан наның ширин,*
*Жатып ичээр жанбакты, анын билбейт бирин.*

✦ ✦ ✦

*Маңдайы жазы, пешенеси кең болгон эр киши,*
*ал акылдуулуктун белгиси.*

✦ ✦ ✦

*Маңдайы жазы, пешененин кеңдиги,*
*ал адамдын акылынын тереңдиги.*

✦ ✦ ✦

*Март адам бирди берип, миңди алат,*
*Сараң адам бирди алып, миңдеп калат.*

✦ ✦ ✦

*Март айы, дарт айы,*
*алашалбырт, үзүмчүлүк, түгөнгөн майы-чайы.*

✦ ✦ ✦

*Мастык – жаштык, пастык,*
*өзүнө-өзү кастык.*

✦ ✦ ✦

*Мас адам – соо адамды көрсө тайраландайт.*

✦ ✦ ✦

*Мастык – пастык, кастык, жаштык (мээси аздык).*

*Машина – май менен жүгүрөт,*
*Аргымак – жем менен жүгүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Мезгил – атылган октой, өтө берет токтобой,*
*арсызды боктобой, жалкоону жоктобой.*

✦ ✦ ✦

*Мезгилдин өтүшүнө байланыштуу жашоо өзгөрөт,*
*өз-өздөлөт, өзгө-сөздөлөт.*

✦ ✦ ✦

*Мезгил токтобойт,*
*маңыроо – жоктобойт.*

✦ ✦ ✦

*Мезгили келсе; – келинден мурда кыз тууйт,*
*үч көчкөн көчтөй көңүл сууйт.*

✦ ✦ ✦

*Мезгил: – канаттуу куштай зымырайт,*
*аккан суудай шылдырайт.*
*Бала – адам боло жетилет, кары чал боло кетилет.*

✦ ✦ ✦

*Мезгили келсе аюу да учат*
*Ай-Ааламга эмес, тоодон ылдый сызат.*

✦ ✦ ✦

*Мезгил келсе: – жер да ийет, ийилет*
*кийилбеген алтын чепкен кийилет.*

✦ ✦ ✦

*Мезгилди кууп өтөм деген – күчтүү – кеп,*
*Мезгилден калбай – тең эле жүргөнүң – эп.*

✦ ✦ ✦

*Мейманың келсе сүйүнөсүң, келбесе күйүнөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Мейман – «чыйкандай» каалаган жериңе чыгат,*
*тойгончо ичип-жейт кардын сылап.*

✦ ✦ ✦

*Мейманга – дегенде эки көзү төрт,*
*бирок эч ким чакырбайт – баары жек көрөт.*

✦ ✦ ✦

*Мекенди коргоо – ыйык эрдик,*
*аны аткарган кеменгерлик.*

✦ ✦ ✦

*Мекенди таштай качкан, жүзү каралык.*

✦ ✦ ✦

*Мекке-Мединага кудайга сыйынып «Ажы» болуу*
*үчүн эмес, ала барган буюм-тайымын сатуучулар толо.*

✦ ✦ ✦

*Мен бул дүйнөдө эле жыргап-куунап алдым,*
*тиги дүйнөдөгү «бейишимди» арендага алгын.*

✦ ✦ ✦

*Менин бул дүйнөдө «барым-жогум» – жарым тыйын,*
*бирок жарыбаган жанды кыйуу-кыйын.*

✦ ✦ ✦

*Менин тилим душманым,*
*тартпасам эле – урушканым...*

✦ ✦ ✦

*Мергенчи жанын үрөйт,*
*Жандоочу кийик сүрөйт.*

✦ ✦ ✦

*Мергенчи тоо башынан кийик издейт,*
*Көрүп калса шашпа «сизге-биз» – дейт.*

✦ ✦ ✦

*Мечитке барсам, – молдокем «битир» – дейт,*
*Айыл өкмөтүнө барсам «сылык» – дейт.*
*Үйгө кирсем «битим» – жейт,*
*Көчөгө чыксам итиң – тиштейт, деги кайда барам?*

✦ ✦ ✦

*Мечиттин ачылышы: айыл өкмөтү*
*Удуучуев сүйлөп жатты,*
*Кагылайын калайык! «ыймандуу» – бололу деп*
*алдындагы чайдан татты, эмесе эмки «тосту» –*
*райакимге берели деп, оозун басты.*

✦ ✦ ✦

*Миллиард-миллиарттаган ададмар,*
*бирок адамкерчиликтүүлөрү абдан аз.*

✦ ✦ ✦

*Митайым адам: – акылдууну жандайт,*
*– акмакты алдайт.*

✦ ✦ ✦

*Митаам адам: – кытмырланып көрүнгөндү алдайт,*
*– кадыр-барк күтө албайт.*

✦ ✦ ✦

*Митайымдын пейили тар,*
*мен-мен деген эле жан...*

✦ ✦ ✦

*Молдо: – ишке карыш жылбай,*
*– ашта карышкырдай.*

✦ ✦ ✦

*Молдокеге: – арак берсең, арак арам,*
*макуру астопралла – дейт, шарап деп берсең,*
*шарыятта жол бар деп алып жиберет.*

✦ ✦ ✦

*Молдоке: – келе-келе дебейт, берсең жок дебейт.*

✦ ✦ ✦

*Молдонун: – капчыгы толбойт, карды тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Молдо бата берет: – тирүүдөн да,*
*– өлгөндөн да ала берет.*

✦ ✦ ✦

*Молдо – жан чыкканды күтөт,*
*Сот – жаңжал чыккандан үмтөтөт.*

✦ ✦ ✦

*Мончодо жуунбаган адам,*
*даарат алгандан таза болбойт,*
*бирок даарат алуу тазалыкка жолдойт.*

✦ ✦ ✦

*Мугалимдин татыксыз тарбия каталыгы дароо*
*билинет, алар окуучунун тагдырына балта чабат.*

✦ ✦ ✦

*Медицина кызматкерлеринин каталыгынан*
*сыркоолор акырын-акырын барып өлүп тынат.*

✦ ✦ ✦

*Музыканын мукам үнү – улут ылгабайт,*
*музыканы түшүнбөгөн анча жыргабайт.*

✦ ✦ ✦

*Мурутсуз сакал көркөсүз,*
*Мык-мык эмес бөрксүз.*

✦ ✦ ✦

*Мурчуя тиктеген адам – шектүү,*
*Мурду жырылган буура, бука – кектүү.*

✦ ✦ ✦

*Мурдун көтөрүп айрымдар – асманды карайт,*
*Жылдызды санайт, сый-сыпатты самайт.*

✦ ✦ ✦

*Муштумуңду түйсөң, беш бармагың барабар,*
*алканыңды жазсаң, ар башкача алар.*

✦ ✦ ✦

*Мүдүрүлөөрүң таштан, мүдөөсүздүк баштан.*

✦ ✦ ✦

*Мүдүрүлсөң тураарсың,*
*Мүгдүрөсөң кууруаарсың.*

✦ ✦ ✦

*Мүдүрүлгүңүз келбесе,*
*Мурунду көп көтөрбө.*

✦ ✦ ✦

*Мүгдүрөп муундун кеткени,*
*Алсыздыктын жеткени.*

✦ ✦ ✦

*Мүйүздүү уй сүзсө, кардыңды жарып салат,*
*Токол уй сүзсө «шишиги» – калат.*

✦ ✦ ✦

*Мүнөзү жаман адамдар; чап жаак келип,*
*ооздору чоң болот.*
*Ээн-эркин бастыра койбой тооруйт,*
*колуна тийгенин сорот.*

✦ ✦ ✦

*Мыйзамды чыгарган – эл:*
*элди башкарган мыйзам,*
*эл башаламан, мыйзамды тыйсаң.*

✦ ✦ ✦

*Мыйзам дейбиз, мыйзам чырмалган эле желээ:*
*«бүргөлөр» – секирип чыгат,*
*түшкөнү кемирейген – «кене».*

✦ ✦ ✦

*Мыйзамдар мажирөө – жазылат, министрлердин*
*үстөлүнө басылат, катылат,*
*карапайым эл, мыйзам иштебейт дейт алсырап.*

✦ ✦ ✦

*Мыйзамдын талабына таталбаган,*
*мезгилдин талабын билалбаган – «шорлуу».*

✦ ✦ ✦

*Мылжың – мээңди эзет, сөөмөйүн кезеп.*

✦ ✦ ✦

*Мынтыгы жок, мергенчи болбойт,*
*аңдыганын атсам деп ойлойт,*
*«аңы өлөт» – аны убал деп ойлоп да койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Мышыгы жок үйдүн кожойуну – чычкан,*
*мыйыгынан «чыйт» дейт, кирсең тыштан.*

* * *

*Мышык чычканды – самайт,*
*Карышкыр койду – карайт,*
*Короочу ит – аягын жалайт.*

* * *

*Мышык тойсо чычкан менен ойнойт,*
*Тойгон менен чычканды аңдыганын койбойт.*

* * *

*Мээнеттүнү бөлбөйт каралап,*
*Мээнеттенүүдөн – дөөлөт жаралат.*

* * *

*Мээримсиз эне – ийибейт,*
*Мээримсиз ата – кейибейт.*

* * *

*Мээнет келгенде: – уйгактай жабышат,*
*– карышкырдай карышат,*
*мээнеттүү – кутула албай алышат.*

* * *

*Мээнеткечтен оору качат,*
*Жатып ичээрди издейт,*
*«сизге – биз, бизге – сиз» – дейт.*

* * *

*Мээнетсиз – маарыбайт,*
*Жалкоо – жарыбайт.*

* * *

*Мээр чөп болсо, дары дешээр,*
*Мээр төккөн жандын бардыгы – эр*
*Мүгдүрөп калган инсанга,*
*мээримин төккөн – адам дарыгер.*

# *Н*

*Наадандардын – наадандыгын көргөн акылдуу адам, адептүүлүктү үйрөнүшү мүмкүн.*
*Наадандарга кошулуп кеткендерге келет күлкүң.*

✦ ✦ ✦

*Найза денени жаралайт,*
*Наарзынын сөзү жүрөгүңдү жаралайт.*

✦ ✦ ✦

*Намыс – ар бар жерде*
*Уят-сыйыты бар элде.*

✦ ✦ ✦

*Наристенин жаманы болбойт,*
*ата-эненин жаманы – тойлойт,*
*төрөлгөн балдарын ойлоп да койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Насибин тыйа алган адам, адамкерчиликтүү адам,*
*Насибин тыйа албаган адам, ар кадамы – арам.*

✦ ✦ ✦

*Начар жигит – айдама, эси-дарты пайдада.*

✦ ✦ ✦

*Ниети каранын тили ачуу,*
*Максаты – абийириңди чачуу.*

✦ ✦ ✦

*Ниети жамандын үйү – күйөт,*
*Көөнү жамандын ичи күйөт.*

✦ ✦ ✦

*Ниети каранын, иши чала.*

✦ ✦ ✦

*Ниети кара – ороңдойт,*
*Ниети кара – оңолбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ниети каралар – актанат,*
*сезип калбасын деп сактанат.*

✦ ✦ ✦

*Ниети – актын*
*– иши – так*
*– дени – сак.*

✦ ✦ ✦

*Ниети каранын иши чала,*
*былыгы чыгат бара-бара.*

✦ ✦ ✦

*Ниети кара, – «колу таза»...*
*Жакындасаң жабат жалаа.*

✦ ✦ ✦

*Ниети кара, тарткан санаа,*
*жойпуланып издегени балээ.*

✦ ✦ ✦

*Ниети кара күндө тонолот,*
*Теңирим колдосо, мүмкүн оңолот.*

✦ ✦ ✦

*Ниети таза адам! – таза бололу дебейт,*
*асан кайгы жебейт.*

✦ ✦ ✦

*Ниети кара – алдайт, талбайт,*
*ак неттүү ага барбайт.*

✦ ✦ ✦

*Нур – бул өмүр, кармап капка сала албайсың,*
*бирок аракеттенип далбастайсың.*

✦ ✦ ✦

*Нуска сөз улуудан,*
*назданууу сулуудан.*

✦ ✦ ✦

*Нысап кыл: – өлчөлүү жегениң – өмүр көңүл...*
*ашыра жегениң – азап, тозок...*

✦ ✦ ✦

*Нысапсыз соодагер,*
*соога деп – доогер.*

# О

*Ооба, кыйынбыз деп тил эмиз, силерди биз билебиз,*
*Силер келип кеткенден бери бир алтын чай кашыкты*
*издеп таппай жүрөбүз.*

✦ ✦ ✦

*Огород жайыңды, короо-сарайыңды беките аласың,*
*Оймоктой оозуңду беките албаганыңа таңданасың.*

✦ ✦ ✦

*Оозундагы: тиштери алтын абышкага балекет жабышты,*
*– аркы дүйнөгө кетмекке оозу-башы карышты.*
*– Неберелери «өлбө эле өлбө» деп, асылышты,*
*Мына бал каймак, – май даам тат деп,*
*оозду зорго ачышты,*
*Аз болгондо, ачпай коймок «ох-ох» – деп, калышты.*
*Ооба, көргөн көзүңө, уккан кулагыңа ишенбейсиң,*
*тиштерин бирден терип суурип алышты,*
*(сатышты, марышты).*

✦ ✦ ✦

*Оозу ортючо – киши, дили ак илим-билимде иши.*

✦ ✦ ✦

*Оозу чоң адамдар бакылдап маңыз келет,*
*жасаган жакшылыгын ай-асманга теңеп.*

✦ ✦ ✦

*Оозундагы тиштеринин арасы – ачык-ачык*
*келген адамдар бар.*
*мындайлар бирөөлөрдүн ой пикирин айттырбай*
*билүүчү адамдар.*

✦ ✦ ✦

*Ойлоп тапкандын баары окумуштуу болсо,*
*ойлоп чыгаруу жагынан акындан ашкан*
*окумуштуу жок, бирок, – акын окумуштуу делбейт,*
*акынга «окумуштуу» – наам берилбейт.*

✦ ✦ ✦

*Ой максаты башканын, жолу башка,*
*Сугалактын оюу ашта.*

✦ ✦ ✦

*Ойлонбой ойносоң, коюунга толот,*
*Оюуңда болбосо, боюуңда болот.*

✦ ✦ ✦

*Ой корум жашоо – кумары,*
*Ой корум турмуш куралы.*

✦ ✦ ✦

*Ой – сөздөн куралат, көз – ойдон тунарат,*
*Таң – күндөн нур алат, бар – жоктон суралат.*

✦ ✦ ✦

*Оймоксуз аял болбос,*
*Оймоксуз аял оңбос.*

✦ ✦ ✦

*Ойлонбой ойнобо, онтобой ооруйсуң,*
*Опсузга жетпей, шолоктоп тооруйсуң.*

✦ ✦ ✦

*Океан толкуса буркан-шаркан түшөт,*
*Эл толкуса ташын-талкан түшүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Окутуучунун сөзү кыска жана нуска болот,*
*Ой коруму көңүлгө толот.*

✦ ✦ ✦

*Он жолу өлчөп бир жолу кес,*
*Ошондо да тууралыгын акылда сез.*

✦ ✦ ✦

*Он жылдан бери оң капталым ооруйт, ажал тооруйт,*
*Врачка кайрылсам, эмне экенин билбейт,*
*эмне үчүн ооруйт деп тилдейт.*

✦ ✦ ✦

*Оңолбос адам болбойт,*
*Ооба, айла жок купулуңа толбойт,*
*Эсиңде болсун! ал дагы сенин кемчилигиңди*
*айтып оңдойт.*

✦ ✦ ✦

*Опулдаган орун басар,*
*Оңутуп издеп оруң казаар.*

✦ ✦ ✦

*Оо кудай таалам, кара ниет достордон куткара көр,*
*алардын талашканы эле төр. Алар кайдан билсин,*
*төрдөн кийин түшкөнүн көр.*

✦ ✦ ✦

*Оору айтпай келип, алсыратып кетет.*

✦ ✦ ✦

*Орой сөз октой,*
*Оозго ураар топтой (токтой).*

✦ ✦ ✦

*Отургандардын: – бирине башыңды ийкеп,*
*экинчисине жылмайып, үчүнчүсүнө көзүңдү кыссаң,*
*Калгандары өздөрү эле түшүнбөйбү сенин ким экениңе.*

✦ ✦ ✦

*Оолугуп койуп жаткан бар,*
*Оозуна тийсе таткандар.*

✦ ✦ ✦

*Оюнда жоктун боюнда бар,*
*боюнда жоктун оюнда бар.*

# Ө

*Өз алын билген адам – арданат,*
*Өз алын билбеген адам – каарданат.*

✦ ✦ ✦

*Өз ага туугандарына батпаган,*
*Өзүнү-өзү карматаган.*

✦ ✦ ✦

*Өз балдарыңды сүйүп эркелет,*
*Өзгөлөрдү элестет.*

✦ ✦ ✦

*Өз балаңдын өөндүгүн билбейсиң,*
*Башкалардыкын байкаар замат тилдейсиң.*

\+ + +

*Өз ден соолугуң өз колуңда,*
*Өркүндөп өс, эч кимден корунба.*

\+ + +

*Өзгөнүн кеңешин угуп,*
*Өз кемчилигиңди оңдо.*

\+ + +

*Өзгөдөн көргөн көрөңгө,*
*Өзүңө-өзүң болгун өбөлгө.*

\+ + +

*Өзгөгө болуш үчүн – сый,*
*Өзүңдү – «жаным» – өзүңдү – тый.*

\+ + +

*Өз кемчилигиңди билгениң,*
*ачыгын айтсак акылга киргениң.*

\+ + +

*Өз напсисин тыйа алган адамга – сүйүн,*
*Өзүн-өзү тыйа албаган адамга – күйүн.*

\+ + +

*Өзүн-өзү билген адам – эр,*
*Өзүн – билбеген адам – кор.*

\+ + +

*Өзүңө-өзүң сүйүнгөнүң,*
*Өзөгүңдөн күйүнгөнүң.*

\+ + +

*Өзүмчүл: – күнү-түнү тойлойт, күнү-түнү ойлойт,*
*өзгөсү өлүп кетсин деп, ойлоп да койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Өзүн-өзү сыйлабаган адам,*
*Өзгөнү да сыйлабайт.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңө караба, өзгөгө кара.*

✦ ✦ ✦

*Өзүң менен өзүң күрөш – эңиш,*
*Өз эркиңди өзүң калыптантканың – жеңиш.*

✦ ✦ ✦

*Өзүн-өзү чакырган «күкүк»,*
*Таштан-ташка секирип,*
*Өзүн-өзү бакырган «кекилик».*

✦ ✦ ✦

*Өзгө элдин эне тилин билгениң,*
*алардын ички сырын билүүгө бир демиң.*

✦ ✦ ✦

*Өзү ооруп өлалбай жүрүп,*
*бирөөлөрдү дарылайт күлүп.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдүн жүрүм-турумуңа кара,*
*бирөөлөрдү сындаганды ким коюптур сага.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдү-өзүмдөй сүйөм,*
*Өзгөчө – көзүңдү, сөзүң – деп, күйөм.*

✦ ✦ ✦

*Өзү төрөлгөнү эле чунак кулак (дүлөй) укпайт,*
*күлүңдөп жалдырайт, карды тойсо эле уктайт.*

✦ ✦ ✦

*Өзүнө-өзү бычак уруп, же муунуп өлгөндөр бар,*
*андайларда, болбойт – намыс ар.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдүкүн чанып, өзгөгө жабышпа,*
*анын да дымагы алыста.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдөн кийин калуучу байлыгың,*
*Жазып калтырган акыл эмгегиң.*

✦ ✦ ✦

*Өз тууганынан кор көргөн*
*Ашуудан азат, агындан – тозот.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдү-өзүң мактаганың,*
*Акмактыгыңды тактаганың.*

✦ ✦ ✦

*Өзүңдүн ыймандуу, адептүү болгонуң,*
*балдарыңды ага жолдогонуң.*

✦ ✦ ✦

*Өкүм – кордобос, зөөкүр – зордобос, ууру – уурдабас,*
*өлсөң да артта чирибей, ирибей бөксөрбөс*
*пайда келтирээр байлыкка умтул.*

✦ ✦ ✦

*Ал байлык жазган ырың, ачкан сырың,*
*тапкан илим-билимиң.*

✦ ✦ ✦

*Өлгөнгө шашпа...*
*Кадырлуу карылыгыңды көргөнгө шаш.*

✦ ✦ ✦

*Өлөңдүү жерде өгүз өлбөйт,*
*Өлө жалмап бара-бара төрлөйт.*

✦ ✦ ✦

*Өлөөр жылаан ийинден сойлоп чыгат,*
*Тилин соймоңдотуп бет келгенин чагат.*

✦ ✦ ✦

*Өлүм: – шоруңдун шоңкордой агылышы,*
*жашоо эшигинин жабылышы.*

✦ ✦ ✦

*Өлүмгө моюн сунганың,*
*Жашоодон утулганың.*

✦ ✦ ✦

*Өлүмдү издебе, ал өзү издеп келет,*
*Көксөгөнүңдү аткарып берет.*

✦ ✦ ✦

*Өлбөгөн адам болбойт,*
*Өлгөндү эмгеги колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Өмүрдү баалабаган барксыз,*
*Өмүрдү каалабаган нарксыз.*

✦ ✦ ✦

*Өмүр – өтөт, кетет,*
*Өнөр – өлбөйт, максатына жетет.*

✦ ✦ ✦

*Өмүрлүк жарды ар тараптан баалап алат,*
*Кулк-мүнөзүн толук билбесе,*
*өмүр бою мүдүрөп калат.*

✦ ✦ ✦

*Өмүрдү: – дардактап өткөндөр бар,*
*ардактап өткөн да бар, тырышып жаткандар бар,*
*тып-тыйпыл саткан да бар, бүтүргөн бир иши жок...*
*болсочу «кенедей» – ар.*

✦ ✦ ✦

*Өмүр өтөт, өнөр түтөт.*

✦ ✦ ✦

*Өмүр ченелүү: баалаган адам жакшы,*
*баалабаган адам бакшы.*

✦ ✦ ✦

*Өмүрдүн булагы – суу, абаа, нур, жер,*
*Жашоонун булагы – эмгектен чыккан – тер.*

✦ ✦ ✦

*Өмүрү кылдын учунда илинип турса да,*
*Жашоодон үмүт үзбөгөн – адам баласы.*

✦ ✦ ✦

*Өмүр өтөт жазганың калат,*
*жазаарың болсо, жаза бер самап.*

✦ ✦ ✦

*Өз эне каргайт, жалгайт, жамандыкка барбайт,*
*Өгөй эне – арбайт, алдайт – каргайт.*

✦ ✦ ✦

*Өз эли жериң – мекениң,*
*Мекениң – мейкиндигиң, бейпилдигиң.*

✦ ✦ ✦

*Өз эриңдин койнуңда жатканы жакпай–колоктогондой,*
*бирөөнүн эри – сүйкүмдүү көрүнөт, көңүлүң бөлүнөт,*
*Көз жашың төгүлөт, кабырган сөгүлөт...*
*Ал сени карап ичинен сөгүнөт...*

✦ ✦ ✦

*Өнөрдү тута кармасак,*
*Өнөр өзөк жалгатат.*

✦ ✦ ✦

*Өнөрлүү – өрлөйт,*
*Өнөрлүү өлбөйт,*
*Өнөрсүз чөлдөйт.*

✦ ✦ ✦

*Өнөр – тамак аш сурабайт,*
*Өнөр – кагат, багат, оң жолго салат.*

✦ ✦ ✦

*Өнөрлүү: – кадыр барктуу,*
*– сыйлуу даңктуу.*

✦ ✦ ✦

*Өнөрүңдөн-өөрчүп тердегениң,*
*барчылыкта марып эрдегениң.*

✦ ✦ ✦

*Өнөр – өнөт, өркүндөйт,*
*Өмүр – өлөт, көрмүн дейт.*

✦ ✦ ✦

*Өрдөктүн жемсөөсү тойбойт,*
*Молдонун чөнтөгү толбойт.*

✦ ✦ ✦

*Өспүрүм мезгилиң, өскөн мезгилиң,*
*өздү, өзгөнү сезгениң, өкүттүү иштен – безгениң.*

✦ ✦ ✦

*Өспөгөн адам болбойт, адам алдыга же артка кетет;*
*алдыга кеткени – азамат,*
*артка кеткен – акмак делет.*

✦ ✦ ✦

*Өссөм деп көксөйт, бирок өзүн-өзү жамандаган адам эч качан өспөйт.*

✦ ✦ ✦

*Өсүү бар жерде, чөгүү да бар,*
*тигүү бар жерде, сөгүү да бар.*

✦ ✦ ✦

*Өткөн өмүрүңдү куул жетпейсиң,*
*Эртеңки убайымдан качып кетпейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Өткөн өмүр: – жыл менен эмес,*
*Өтөгөн эмгегиң менен – өлчө.*

✦ ✦ ✦

*Өткөн өмүр: – узак, көп жашаган убакытка,*
*күрүчтөй тизилген тишиңе карабайт*
*бүтүргөн ишиңе карайт.*

# П

*Падышанын: – эли-жерин таштай качканы*
*– балакеттин басканы.*

✦ ✦ ✦

*Паамдуу адам – эпчил,*
*Пейили тар адам – кекчил.*

✦ ✦ ✦

*Пейили түзүк – оңолот,*
*Пейили бузук – жоголот.*

✦ ✦ ✦

*Пейили жакшыны паамдайсың,*
*Ниети жаманды жуусаң да тазалай албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Пенсия алаарда кемпир-чал сыйлуу,*
*Казан борк-борк кайнап, «чый-пыйлуу».*

✦ ✦ ✦

*Пул чачкан бар, максаты жок,*
*Нур чачкан бар, пейили ток.*

# С

*Сааты – жок тууган болбойт,*
*болсо эле тойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Сабыр – ырыскы, адамкерчилик,*
*Сабырсыздык – кесир, текеберчилик,*

✦ ✦ ✦

*Сабырдуулук, токтоолук, бактылуулук белгиси,*
*Салабаттуу, сөөлөттүү болот эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Сабырлуу болсоң – кадыр барктуу болосуң,*
*Сабырсыз болсоң – абийириңди кетирип соолосуң.*

✦ ✦ ✦

*Сагызган шакылдаса бир жаңылык алып келет,*
*Сагызган бекерге «шакылык-шакылык» – дебейт.*

✦ ✦ ✦

*Сайракан сааган уюун эле мактайт,*
*Уюу чымын «дың» – десе эле – сайгактайт.*

✦ ✦ ✦

*Сакалдуулук акылдуулук эмес,*
*айып болоор сакалдуулукту акылдууга теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Сакал ак сакалдык эмес, акылсыздык ага теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Сакалсыз жашаса болот, макалсыз жашоо кыйын.*

✦ ✦ ✦

*Сакалдуунун баары урматталса,*
*Теке төргө өтмөк (чыкмак):*

✦ ✦ ✦

*Сакалы-белине жетиптир, бирок...*
*ырыс-ыйманы кетиптир.*

✦ ✦ ✦

*Саламаттыгың байлыгың,*
*отуруп-тура алганың, шайма-шайлыгың.*

✦ ✦ ✦

*Самаган жандар уланды, саясий оюн куралды,*
*Сөзүнө-өзүнө, илим-билими, сынына көңүл буралы,*
*Жыйырма эки талапкер – Президенттикке!*
*Сабыр кыл – чыдай туралы.*

✦ ✦ ✦

*Санаа чагылгандан да күлүк,*
*Чак түштө салып бүлүк.*

✦ ✦ ✦

*Санаалуу – саргайат, картайат.*

✦ ✦ ✦

*Сансызбайды – сагызган да билет,*
*Көргөн сайын, «шакылыктап» – ийет.*

✦ ✦ ✦

*Санаалаштар жолукса, ар кими өз көйгөйүн айтышат,*
*Өлөөрчө ичип алып, жакалашып кайтышат.*

✦ ✦ ✦

*Санаага – батканың,*
*саргайып кайтканың.*

✦ ✦ ✦

*Сараң байдын санаасы – чакчасы,*
*санаганы түшүндө – акчасы.*

✦ ✦ ✦

*Сараң бересесин эртең дейт,*
*Эртеси келсең – элеңдейт,*
*Эртең эле берем дейт.*

✦ ✦ ✦

*Сараңдын бычагы да мокок,*
*Курчут канча чыгым болом деп коркот.*

✦ ✦ ✦

*Сараңдын минген аты, арык-торук, көтөрүм,*
*«Ыкшып» – калса, көтөрө албайт жөтөлүн.*

✦ ✦ ✦

*Сараң өөп жарытпайт,*
*Сараңдык менен арыктайт.*

✦ ✦ ✦

*Сараңдын малын ууру алат,*
*Ууру албаса өлүп калат,*
*Саргая санаа тартып дайыма куру жалак.*

✦ ✦ ✦

*Сатуучуда кызыл – тил,*
*Сырды сактай бил.*

✦ ✦ ✦

*Сел ташып коркутат,*
*Селки – качып коркутат.*

✦ ✦ ✦

*Семиздикти кой көтөрөт,*
*Семирбес кой «жөтөлөт».*

✦ ✦ ✦

*Семиз арыктаганча,*
*арык аман калмак, эгерде ажалы жетпесе.*

✦ ✦ ✦

*Серке кайда баштаса, кой ошол жакка басат,*
*Серкесиз – койго азап.*

✦ ✦ ✦

*Сөздүн падышасы – ыр, вазири – сыр.*

✦ ✦ ✦

*Сөздөн-сөз чыгат,*
*Эрегиштен көз чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Сөздүн кадырына жеткен сөзүнө турат,*
*Кадырына жетпеген оңду-солго бурат.*

✦ ✦ ✦

*Сокурдун кудайы – кулагы,*
*Кээде укпай калат бул дагы.*

✦ ✦ ✦

*Сокур да болсо уулум,*
*Теңиримдин буйругу,*
*Сокур кылып туудум.*

✦ ✦ ✦

*Сокур казыр көрөбүз дейт,*
*чолоктун чойула бийлегенин көрүп,*
*жашоого үмүтүң артат.*

✦ ✦ ✦

*Сокурлар көрбөй адашат*
*Уруулар колдон талашат.*

✦ ✦ ✦

*Сокурдун ишенгени, жалгыз көз,*
*анысы эки көздөн – көрөгөч.*

✦ ✦ ✦

*Солто эли, эли-жерин коргоп кырылды,*
*Казак эли кан сийе жыгылды.*

✦ ✦ ✦

*Соода сормо саздай соруп кетет,*
*Кызыксаң акыры түбүңө жетет.*

✦ ✦ ✦

*Соодагерлердин эсептегени тыйын,*
*Сараңдык жагынан биринен-бири кыйын.*

✦ ✦ ✦

*Соттолгончо сотту «ыктайсың» –*
*Сорулуп-сорулуп отуруп соттон соо чыкпайсың.*

✦ ✦ ✦

*Сотко барсаң созуп бар,*
*Созбосоң ишиңди эртеңкиге калтыраар.*

✦ ✦ ✦

*Сотко соопчулук издеп барасың,*
*Сордуруп-сордуруп анан каласың.*
*Сүлүктөй соргонуна туш болсоң,*
*Соопту кайдан табасың.*

✦ ✦ ✦

*Соттун чөнтөгү, өрдөктүн жемсөөсүндөй,*
*же толбойт эле тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Сот жыгач устадай: – каалагандай эзет,*
*каалагандай кезет, кааласа желимдей жамайт,*
*абакка камайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү күчү: – бактысызга бак берет,*
*нарксызга нарк берет, акылсызга акыл берет,*
*акылдууга жакын келет, арсызга ар-намыс берет*
*... берешен келет.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүнүн көз ирмеми, кылымга тете,*
*ага ар ким эле бербейт жете.*

✦ ✦ ✦

*Сүйбөгөнгө, сүйгөнү жетпейт,*
*Сүйүү дарты өмүр бою кетпейт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүнүн: – алкышы – оттой,*
*каргышы – октой.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүдө чек жок: – кары-жашыңа, жаман-жакшыңа,*
*алыс-жакыныңа, сокур-дүлөйүңө,*
*көпкөн-чөккөнүңө, карабайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүнүн күйүтү – сырында,*
*Сүйүүнүн түйүнү – ырында.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүгө – сүйүү кошулса,*
*мөмөсүн берет.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүгө – күйүт кошулса, ыркы кетет.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүдө ниет бузулса, түбүнө жетет.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – күч, ысык, назик карыбайт,*
*Сүйүүнү барктабаган жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – теңине жетсе; нарктуу, барктуу,*
*теңине жетпесе; азап, тозок, жарды.*

✦ ✦ ✦

*Сүйөмүн деп – жалжайба,*
*күлөмүн деп – ыржайба,*
*... шек туудурат.*

✦ ✦ ✦

*Сүйлөшкөнчө – тон сыйлуу,*
*Сүйлөшкөн соң – сөз сыйлуу.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү жашты ылгабайт, сүйүүсүз адам жыргабайт,*
*Сүйүүнүн баркын баалаган, сүйөмүн деп булгалайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйлөсөң – сүйлөш бирок келжиребе,*
*Сырдашсаң – сырдаш бирок элжиребе.*

✦ ✦ ✦

*Сүйлөшсөң – сүйлөш бирок талашпа,*
*Талашсаң – талаш бирок акылдан адашпа.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү өрттөн күчтүү – жеткенче көксөйт*
*бир тутанса өчпөйт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү кулпуланбайт,*
*Сүйүүнү теңирим өзү жалгайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – мыйзамыңа, жашыңа, тармал чачыңа*
*кашка башыңа карабайт, жүрөгүңдү жаралайт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйөмүн деп жалынасың, жалбарасың, алдайсың,*
*бирок сүйүүнү сатып албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Сүйкүмдүүлүктүн үлгүсү болбойт,*
*Сүйкүмдүү жанды сүйүү өзү колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү деген болбогондон башталат,*
*Баркка жетпегени бара-бара ташталат.*

✦ ✦ ✦

*Сүйөмүн – сүйөмүн деген бар, сүйгөндүгүн билгизбей,*
*Күйөмүн – күйөмүн деген бар, күйгөндүгүн билгизбей.*

✦ ✦ ✦

*Сүйгөнүңдү миң жолу кайталагандан натыйжа болбойт,*
*Сүйгөндүгүңдү билгиз, ортодо алтын казык орнойт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү кумарсыз болбойт,*
*Кургак сүйүүгө курсак тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – от, сүйүү – оору, сүйүү күч-кубат,*
*Сүйүүгө татыктуу бол, аны ала албайсың сурап.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүсүз жашоо болбойт, сүйүүсүз жыргал болбойт,*
*Сүйүүнүн баркын билбеген, сүйгөн жанды кордойт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү өтө сейрек кездешүүчү жыпар жытын чачкан гүл,*
*ошондуктан аны ар дайым кастарлап сактай бил,*
*ардактай жүр.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүнүн оту керемет, сүйгөнгө-сүйгөн теңелет,*
*Сүйүүнү барктай албаган, сүйгөнүн жүрөт жемелеп.*

✦ ✦ ✦

*Сүйкүмдүү сүйүү – бала,*
*Сүйкүмсүз сүйүү – балээ.*

✦ ✦ ✦

*Сүйгөнүн сүйүү – саламат, сүйүүдөн адам жаралат,*
*Сүйүүнү кадыр тутпаган, сүйүүнү турат каралап.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү асманга – айга теңелет, сүйүү алоологон керемет,*
*Сүүйүнү туу тутпаган, сүйдүм деп чанат – тебелеп.*

✦ ✦ ✦

*Сүйгөн адам – сагынат,*
*Кызганчаак адам таарынат.*

✦ ✦ ✦

*Сүйлөп жатканда көздөрү тез-тез*
*ылдам кыймылдаган адамдар,*
*Жаман жоруктан алыс,*
*ишенимдүү дос – болчу адамдар.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүүгө өтө чексиз берилсең,*
*акылың жоготуп койосуң, акыры акмак болосуң.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүнүн жолу, ашказандан – жүрөккө,*
*Жүрөккө – жеткениң, мүрөккө – жеткениң.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү өзүнчө – ооруу,*
*Сүйгөнүнө жетпегендин шору.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү жүрөк – ооруу,*
*азаптын тору, сүйгөндүн шору.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – толкун, сүйүү күч,*
*Сүйгөнүнө жеткен сүйүнүч.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү жылуу, сүйүү – ысык, сүйүү – от,*
*Сүйүүсүнө жетпегенде жыргал – жок.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү жыргал, сүйүү бейиш, сүйүү шок,*
*Сүйгөнүнө жеткен жанда пейил – ток.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү күчтүү, сүйүү от, сүйүү учак,*
*Барктабаса бара-бара болот тузак.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү чексиз, сүйүү тексиз.*

✦ ✦ ✦

*Сүйгөн соң жүрбө талаалап, сүйбөсөң тийбе сагаалап,*
*Сүйүүдөн эле сүйүүдөн, сүйүүдөн «бала» жаралат.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү – ырыс, ынтымак,*
*ыйман менен төрөлгөн бала – бала,*
*Сүйүүсүз – ызы-чуу,*
*ынмансыздык менен төрөлгөн бала – балээ.*

✦ ✦ ✦

*Сүйөмүн деп шылуундар дегдейт,*
*Сүйөм дегендин баары эле сүйө бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүп тапкан бала – бакыт,*
*Сүйүшпөй тапкан бала – мээнет.*

✦ ✦ ✦

*Сүйүү балдай, сүйүү кут,*
*Ыйык кармап, бийик тут.*

✦ ✦ ✦

*Сүлкүлдөп алды-артына карабаган,*
*Сабырсыз инсан болбо алабарман.*

✦ ✦ ✦

*Сугуңду артканды койгун,*
*Ага-тууган, дос-жар менен сый болгун.*

✦ ✦ ✦

*Суктандырчу жамалыңдан,*
*Суук тийбесин – таманыңдан.*

✦ ✦ ✦

*Суук таманыңдан өтүп, өпкөңө жетет,*
*Жөткүрө берип айла-амалың кетет.*

✦ ✦ ✦

*Суукка тоңуп калмак экенмин,*
*Калтырап-титирегенди билбегенде,*
*Эсиме келдим, Эшмат – тилдегенде.*

✦ ✦ ✦

*Суктун – көксөөсү толбойт,*
*Иттин – каппасы болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Сулуу аял – курутту,*
*«Сузу-узу» – эле турукту.*

✦ ✦ ✦

*Сулуулукту туу туткан айым,*
*Сумсандырып кетээр байын.*

✦ ✦ ✦

*Сулуунун акыл-эси ченелүү болот,*
*Көрүнгөндү көрсүн деп койкойот.*

*Сулууга суктан да акыл эстүүлүк менен жаша,*
*Сулуунун азап-тозогу болот өзүнө жараша.*

✦ ✦ ✦

*Сулуу бар суйкайган элжиреген,*
*Сулуу бар сумсайган келжиреген.*

✦ ✦ ✦

*Суранган көп, сунган аз,*
*Тиленген көп, берген аз.*

✦ ✦ ✦

*Сурансаң көп сура, бергенин аласың,*
*бербесе жалдырап каласың.*

✦ ✦ ✦

*Суу иримдейт,*
*ынтымаксыз эл бириндейт.*

✦ ✦ ✦

*Суу ирибейт, таш чирибейт.*

✦ ✦ ✦

*Суу жаратылыштын жаны,*
*билген бар, билбеген бар аны.*

✦ ✦ ✦

*Суу менен бүт өмүр тирилигиң;*
*сууну ичсең ширин, жуунсаң кетет кириң.*

✦ ✦ ✦

*Суу менен от – тилсиз жооң,*
*ар дайым этият болгонуң оң.*

✦ ✦ ✦

*Суу – өмүр үчүн «туу» –*
*Сексен пайыз денебиз – суу.*

✦ ✦ ✦

*Суулар өтсө – сай калат,*
*Байлар өтсө – мал калат.*

✦ ✦ ✦

*Суусун бар чаңкооңузду кандырбаган,*
*Сулуу бар жете албай жалдыраган.*

✦ ✦ ✦

*Сууңду алып, отуңду жаккан эр жакпаса,*
*Суу алдырып от жактырган эрге туш болосуң.*

✦ ✦ ✦

*Сыйлагандан кор болбойсуң,*
*Сый алганда зор ойлойсуң.*

✦ ✦ ✦

*Сый болгон жерде ый да болот,*
*Ый болгон жерде сый да болот.*

✦ ✦ ✦

*Сылыктык-сенектикти сүйбөйт,*
*Маданияттуулукка үндөйт.*

✦ ✦ ✦

*Сыланып-сыйпанса өзүнчө эле чүрөк,*
*Сыланып-сыйпанбаса көргөн адам күлөт.*

✦ ✦ ✦

*Сын-сыпатына карачы, атасынын эле баласы,*
*ала көөдөндүгү эле чаласы.*

✦ ✦ ✦

*Сын сыпаты келишкен кооз,*
*бирок чөнтөгү эле эмес, көөдөнү кошо бош.*

✦ ✦ ✦

*Сыр түйүндүү жамалыңдан,*
*Сезимталдуу амалыңдан.*

✦ ✦ ✦

*Сырыңдан да сак,*
*сактаган досуң.*

✦ ✦ ✦

*Стаканды кагыштырбай калса бир эл бар,*
*(таластыктар)*
*Үйүңө чейин кууп келип, кагыштырып кетишет.*
*Жүздү ичкен соң, ойда... максатына жетишет.*

# Т

*Таалимсиз тарбиячы болбойт,*
*Таалимсиз адам тойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Таалими жок, тартипсиз шок, тарбиячы болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Таалим-тарбиянын башаты – эне тилде,*
*Тарбиялаар баланды – эне тилинди бил де.*

✦ ✦ ✦

*Таалимсиз ата-энеден,*
*Тарбиясыз бала өсөт.*

✦ ✦ ✦

*Табихый сулуулкка алынбаган айым,*
*кошумча боеноору дайын.*

✦ ✦ ✦

*Табихаттын татымы бардыгына барабар,*
*Бирөө сезет, бирөө кесет, бирөө эзет, бирөө безет.*

✦ ✦ ✦

*Тагдыр деп отуруп калган болбойт,*
*Тырышып аракет кылсаң; Теңирим колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Тагын тыштай качкан хан – ырыскесер,*
*таштай качкан элден – безээр.*

✦ ✦ ✦

*Тагдырга түшкөн кырсыкты: – кайраттуу жеңет,*
*мажирөө жерге теңелет.*

✦ ✦ ✦

*Тажрыйбадан тактык жаралат,*
*Татыктуу болсо дүйнөгө таралат.*

✦ ✦ ✦

*Тажрыйба иликтөө-изилдөө ой максаттын жемиши,*
*ага маани бербегендер арсыз киши.*

✦ ✦ ✦

*Таза кол – таза кол дейбиз,*
*таза кол менен эч нерсе жасай албайбыз.*
*Кара ниеттүүлөр, таза кол деп,*
*өзүбүздү-өзүбүз алдайбыз.*

✦ ✦ ✦

*Таза «Кыргызстан» – болуш үчүн ар бир атуулдун*
*жүрөгү таза болуп, ниети – ак,*
*пейили – так, дени – сак болуш керек.*

✦ ✦ ✦

*Таза жүрөксүз – ак колдор татканын,*
*тартканын койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Таза Кыргызстан деп бажылдайбыз,*
*тымызын ташуудан – тартынбайбыз.*

✦ ✦ ✦

*Таза-таза деп, миң айткандан тазарбайбыз,*
*таштандысы чачылган базардайбыз.*

✦ ✦ ✦

*«Таза-таза» – эле дейбиз,*
*тымызын талашып-тартышып жейбиз.*

✦ ✦ ✦

*«Таза-таза» дей беребиз,*
*Тартып алып жей беребиз.*

✦ ✦ ✦

*Таза бололу дегенден тазарып кетпейт,*
*Таза бололу деп жатып эптейт.*

✦ ✦ ✦

*Талабы жок өмүр,*
*Тарпы кеткен көңүл.*

✦ ✦ ✦

*Талашкандар – калаар,*
*Жутунгандар – алаар.*

✦ ✦ ✦

*Талкансыздын уулунун аты Талканбай,*
*Аркансыздын уулунун аты Арканбай.*

✦ ✦ ✦

*Талаш-тартышсыз кеңеш болбойт,*
*болсо да купулга толбойт.*

✦ ✦ ✦

*Талды ийилгенче ий,*
*Ийилбегени – бий.*

✦ ✦ ✦

*Тайраландап кетпегин,*
*Тамекини – чекпегин.*

✦ ✦ ✦

*Тамды алды менен түптөйт...*
*Түркүксүз там бүтпөйт.*

✦ ✦ ✦

*Тамактан тартынба: – тойгончо же,*
*жакпаганды ичпе, тердегенче иште.*

✦ ✦ ✦

*Тамчы таш жарат,*
*Камчы баш жарат.*

✦ ✦ ✦

*Тамашаны көтөрө албаганды – тамашалаба,*
*Тамашаласаң каласың – балаага.*

✦ ✦ ✦

*Тамакка тойбой өкүнгөнүң, ачкөздүккө өтүнгөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Тамак деп эле, баарын жей бербе?*
*ашказанды да аягын – эрде.*

✦ ✦ ✦

*Таңсыз короз чакырбайт,*
*Таңды короз атырбайт.*

✦ ✦ ✦

*Таң атат да күн батат,*
*«Ит мышыктай» жашоо өтүп жатат.*

✦ ✦ ✦

*Тарыхта эң биринчи Сотту соолутабыз деп*
*алтымышы жатат*
*Пикетчиктер «ак үйдү» – ай сайын басып алып атат.*

✦ ✦ ✦

*Тарыхты чалмакей – чалганың,*
*Туу тутунган адамдын алжып калганы.*

✦ ✦ ✦

*Тарбиясы жок кыз,*
*Таңдайга такалган муз.*

✦ ✦ ✦

*Тар киши жарыбайт кең пейил адам арыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Тарпты дайыма, кузгун тойлойт,*
*Түлкү-карышкырлар жойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Таранчы талаадан данды бирден терип жеп – тойот,*
*Жалкоо качан эмгектенип, жалкоолугун койот?*

✦ ✦ ✦

*Тарых жакшы жаманыңа карабас,*
*Тарыхта жакшы-жаманы аралаш.*

✦ ✦ ✦

*Тарбиячы – тагдырды чечет.*

✦ ✦ ✦

*Таттуу тил, жан жыргатат,*
*Тантык тил, азап – ырбатат.*

✦ ✦ ✦

*Татканга, жегенге – бал таттуу,*
*Тутканга бакканга бала таттуу.*

✦ ✦ ✦

*Таттуу тамак-аш, ашказандын – шору,*
*Ашыкча тойо жей берсең табаарың – оору.*

✦ ✦ ✦

*Таш боор – адамдан пайда болбойт,*
*Таяктап, талкалап кордойт.*

✦ ✦ ✦

*Таш боор мерез, – бай болот,*
*Ичкени ирим чай болот.*

✦ ✦ ✦

*Ташты жарып чыккан чөптүн уругу күчтүү,*
*Ташка чыккан чөптү жеген эчки – сүттүү.*

✦ ✦ ✦

*Ташыркаган бууданды, такаласаң оңолот,*
*Тууганын танган тууган – тонолот да кор болот.*

✦ ✦ ✦

*Ташкулага алтын ээр токумун токусаң деле,*
*ташкула бойдон калат,*
*Күндө чапкылаган камчысын самап.*

✦ ✦ ✦

*Ташкенбай үйүндө жокто,*
*Тарсылдат да эшигине токто.*
*Тымызын кирип кеткендин уяты – жокко.*

✦ ✦ ✦

*Таяктан: – ага-иниден кетет ызаат,*
*– ажаан ит куйругун кысат,*
*– алгыр куш асманга сызат.*

✦ ✦ ✦

*Таяк жеген ит, таякты көрсө ырылдайт,*
*Таяк жеген аял, таяк көрсө чырылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Театрды көрүү үчүн келгендерден, өзүн элге көрсөтүү үчүн келгендер көп болот.*

✦ ✦ ✦

*Тежик адамга, арсыз адам да кыжырын келтирет, телмирип тура берсе келжиреп.*

✦ ✦ ✦

*Тектүүдөн – үмүт үзүлбөйт,*
*Тикенек – да гүлдөйт.*

✦ ✦ ✦

*Тектүү жигит теминет,*
*Тексиз жигит кемирет*
*Оозго тийгенин аймап семирет.*

✦ ✦ ✦

*Текеде сүт болбойт,*
*Сүт үмтөткөн оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Теке – айыптуу болсо териси сыйрылат,*
*Тентек – айыптуу болсо, тебелеп-тепсеп чыр кылат.*

✦ ✦ ✦

*Темирди: – уруп-согуп, кесип, өгөөлөп, оңдосо болот,*
*Албуут-ажаан аялыңды, эпке келтирүүгө болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Теңсинбесең жоо болот,*
*териштирсең доо болот.*

✦ ✦ ✦

*Теңсинбеске жолобо,*
*Теңелем деп коробо.*

✦ ✦ ✦

*Теңирден тилеп ак жолду,*
*Сапарда дайым сак болгун.*

✦ ✦ ✦

*Теңирим ырыскысын баарына барабар берет,*
*Ырыскесерлер ырыскысын өзүлөрү эле тебет.*

✦ ✦ ✦

*Теңирден тетири жүргөн оңбойт,*
*Так жүрсөң Теңирим өзү колдойт.*

✦ ✦ ✦

*Теңсизди зордобо,*
*Тууганды кордобо.*

✦ ✦ ✦

*Тикенексиз роза гүлү болбойт,*
*Чакпаса бал аарысы тойбойт.*

✦ ✦ ✦

*Тилемчинин баштыгы толсо да, ач көзү тойбойт,*
*Толсо деп ойлойт, толтур деп жойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Тилин тарткан тың чыгат,*
*тегирменди тартсаң ун чыгат,*
*Тилиңди тартпасаң «чуу» – чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Тилегиң – тирегиң, түзүктүгүң билемин,*
*Тилиңди тартсаң – азат, тартпасаң – азап.*

✦ ✦ ✦

*Тилинен – бал тамгандын айырмынын*
*дилинен заар тамат.*

✦ ✦ ✦

*Тил – жагат, багат, кагат, танат, жарат, чагат,*
*көрөт, бөгөт, сөгөт, өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Тилдин – тилин тикен да алат,*
*Көзгө кыпын түшкөндө тилиңдин учу менен жаласаң*
*өйкөбөй чыгып калат.*

✦ ✦ ✦

*Тилиңди тарта сүйлө, душманың аз болот,*
*тамыры соолот.*

✦ ✦ ✦

*Тил – бал, тил – душман, тил – көңүл, өмүр, өлүм.*

✦ ✦ ✦

*Тил – тилди тарта бил.*

✦ ✦ ✦

*Тилиңди бекиткен тиш менен эрин,*
*бирок ага карабай, кагаарын кагат,*
*чагаарын чагат.*

✦ ✦ ✦

*Тилди азыраак кайрайлы да сайрайлы,*
*андан көрө ак ниет иштей баштайлы.*

✦ ✦ ✦

*Тил шириси – каарында,*
*Гүл шириси – аарыда,*
*жан шириси – дарыда.*

✦ ✦ ✦

*Тилди башкара билген түзүк,*
*Башкара билбегенде үмүт – үзүк.*

✦ ✦ ✦

*Тирүүсүндө кадырлабаган, өлгөнүндө өкүнбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Тирүүсүндө барктабаган,*
*Өлгөндө өкүнбөйт да өкүрбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Тирүүлүгүңдө бүт дүнүйөң манат,*
*өлсөң бардыгы калат.*

✦ ✦ ✦

*Тишиң менен тиштей албаганды,*
*ээгиң менен эптей албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Тиштей албайсың чыканагыңды,*
*билесиңби аныңды?*

✦ ✦ ✦

*Тишиңди тишиңе тийгизбей шакылдайсың*
*Очоктогу отту карай жакындайсың...*
*А жайы менен жамбаштап жатып бакылдайсың...*

✦ ✦ ✦

*Тозокту өзүң табасың,*
*жутунуп жутуп уктап каласың,*
*тоту куштай сайрап, торопойдой оонап аласың.*
*Алганың балдары менен атасыныкына кетип,*
*телмирип-теmтейип бейишиңдин –*
*тозогуна өзүң барасың.*

✦ ✦ ✦

*Тойдо тойлосоң тойло,*
*бирок кайра кетишти да ойло.*

✦ ✦ ✦

*Токол үй үзөнөөк, токол эчки сүзөнөөк.*

✦ ✦ ✦

*Токтоолук – кылган ишти үйрөнбөйсүң, билбейсиң*
*сабырсыз болсоң өзүңдү-өзүң тилдейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Токойго отун көтөрүп барган, акмактыктын белгиси,*
*Кудукка суу куйбайт акыл-эстүү эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Токойдо отунга тойлойт, тоноочу болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Токойдон отун издеген топорлуктун белгиси,*
*Токойго от тутантпайт акыл-эстүү киши.*

✦ ✦ ✦

*Токой – тоту куш, тоңкулдак, булбулдун – заманы,*
*түбү сайын түрткүлөгөн – каманы.*

✦ ✦ ✦

*Токтукка топук кылбаган,*
*азга ал алкымын тыйбаган.*

✦ ✦ ✦

*Ток ит жутунбайт, тетири басса утурлайт,*
*Тоок-короздон кутулбайт.*

✦ ✦ ✦

*Толкундабай сүйлөсө токтоо киши,*
*Топук болоор жараткан тоодой иши.*

✦ ✦ ✦

*Томаяктын аялын тооруган бай жарыбайт,*
*Кыздуу үйгө теминген, теңирсиздер карыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Топук тоодой балакеттен сактайт,*
*Топуктуу – томаякты какпайт.*

✦ ✦ ✦

*Тоонун көркү токойдо,*
*Токолдун көркү Бокойдо.*

✦ ✦ ✦

*Тоосу гүлдүү жердин балы көп,*
*Топуктуу элдин малы көп.*

✦ ✦ ✦

*Тоютсуз үйдүн сүтү жок,*
*Тоютсуз малдын күчү жок.*

✦ ✦ ✦

*Төө минген алысты көрөт,*
*Жөө жүргөн арып өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Төөгө – оңойго?*
*Чайнаганы, аймаганы чогойно.*

✦ ✦ ✦

*Төөнүн көксөгөнү – тикен,*
*Тикен майдай жагат, жанын багат.*

✦ ✦ ✦

*Төрөлгөнүң – өлөөрүң, көрбөгөндү көрөөрүң,*
*көрө-көрө өрлөгүн, көсөм боло төрлөгүн.*

✦ ✦ ✦

*Төрлөгөнүң – көр дегениң.*

✦ ✦ ✦

*Төшүңдү какканың, өзүңдү сатканың,*
*акылды тактагын.*

✦ ✦ ✦

*Тулпардын туйлаганы коездугу,*
*Туйлаган тулпарды кармаган жүгөнү менен оздугу.*

✦ ✦ ✦

*Тулпар чуркаган сайын жер титирейт,*
*Бай-байыган сайын – сараңдана битирейт.*

✦ ✦ ✦

*Тулпарды: камчыланып каалаган жерге жетпейсиң,*
*Каалашынча жемдесең кана этпейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Турганда бүтүрөөр ишиңди ойло,*
*Кеч киргенде бүтүргөн ишиңди эсиңден чыгарып койбо.*

✦ ✦ ✦

*Турмушта: өнөрлүү да, таланттуу да акылдуу*
*адамдан аша албайт, ал өнөрдүн бардыгы*
*акыл ченемине жараша болот.*

✦ ✦ ✦

*Турмушуңа таарынганың, тагдырыңа жагалданганың.*

✦ ✦ ✦

*Турган жаман дем ала албай ден соолуп,*
*Сулуулуктун туу чокусу – ден соолук.*

✦ ✦ ✦

*Тууган бирөө, тууганддын эзээри болсо безээри болот,*
*тууганддын сезээри, дешээри болот,*
*аял миң – алаарың бир.*

✦ ✦ ✦

*Туугандан ажыраганың, тууңдан ажыраганың.*

✦ ✦ ✦

*Туугандарга батпаган жан, эли-журттан чыгат,*
*Ага далилдин кереги жок,*
*турмуш өзү аныктаган сынак.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды мээнет чырмаса; шиши толот,*
*тууганы менен кас болот.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды жеригендин: пейили арам, өзү сараң.*

✦ ✦ ✦

*Туугандан безген кор болот, көргөн күнү шор болот,*
*Көрүнгөндөн корголоп, көрүнгөнгө жорголоп.*

✦ ✦ ✦

*Тууган-туурганга душман болбос,*
*душман болсо оңбос.*

✦ ✦ ✦

*Туулган өлөт, тууганы көмөт.*

✦ ✦ ✦

*Тууган көп, алсам деген – дегдеген,*
*Тууган аз берем деген – бербеген.*

✦ ✦ ✦

*Тууганыңды тирүүсүндө кадырлабасаң,*
*өлгөндөн кийин өкүргөнүң – акмакчылыгың.*

✦ ✦ ✦

*Тууган – өлсөң жоктойт, тирүүңдө – тоготпойт.*

✦ ✦ ✦

*Туугандан бөлүнгөнүң, туугансыз көрүнгөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды кордобо, тексизди зордобо.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды эзбе, туугандан безбе.*

✦ ✦ ✦

*Тууганыңды – душманыңдай көрсөң,*
*Өкүрөөрүң болбойт өлсөң.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды алдаганың, өзүңдү-өзүң алдаганың.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды алдабагын, тууганды каргабагын.*

✦ ✦ ✦

*Тууганды – алдаганың, жарыбаганың.*

✦ ✦ ✦

*Түбү жок челек болбойт,*
*болсо эч убакта толбойт.*

✦ ✦ ✦

*Түйшүк жашоону ыктайт,*
*Түйшүктүү адам жүзгө – чыкпайт.*

✦ ✦ ✦

*Түлкү куйругун катат,*
*анткени, түлкүнү куйругу сатат.*

✦ ✦ ✦

*Түлкү шимшилебесе ачка калат,*
*күнү-түнү шимшилеп жүрүп тамактанат.*
*Түндө түлкүлөрдүн куйругу чамгарактайт,*
*ар түлкү өз куйругун сактайт.*

✦ ✦ ✦

*Түрмөгө түшмөгүң оңой, чыкмагың азап.*

✦ ✦ ✦

*Түрмөгө: – чакырып алат, чыгарбай салат.*

✦ ✦ ✦

*Түрмөгө түшмөгүң оңой, чыкмагың тозок,*
*андыктан бошот деп – «созот».*

# *У*

*Убаданы аткаруу милдет,*
*Убадага турбаган илдет.*

✦ ✦ ✦

*Убакыт токтобойт,*
*Ууру – жоктобойт.*
*Ток мал оттобойт.*

✦ ✦ ✦

*Убаданы аткарган – эр, убадага турбаган – көр.*

✦ ✦ ✦

*Убада бербе, берсең аны аткарган эр киши,*
*Убада берип аткарбаган, убада берүү эле иши.*

✦ ✦ ✦

*Узун кулак ар кимди тооруйт,*
*Ушагын айтпаса башы ооруйт.*

✦ ✦ ✦

*Уйдун желининде сүт ирибейт,*
*Ууда да алтын чирибейт.*

✦ ✦ ✦

*Уйкашы болбой ыр болбойт,*
*Жашыруун болбой сыр болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Уйкусуздуктун эң күчтүү дарысы эле – эмгек,*
*Эртеден-кечке эмгектенгин (иште) терден.*

✦ ✦ ✦

*Колу-бутуңду тарта албай шалдырайсың,*
*көзүңдү ача албай уктап магдырайсың.*

✦ ✦ ✦

*Уйу бардын майы бар, майы бардын сыйы бар.*

✦ ✦ ✦

*Уйуңду ууру уурдап алып, ууру эмесмин дейт,*
*Уюң менен жөн эле кеңешип жатканмын дейт.*

✦ ✦ ✦

*Укканга кулак канбайт, шыбыш болсо аңдайт.*

✦ ✦ ✦

*Укпаган кулагын түрөт, уурутунан жылмая күлөт.*

✦ ✦ ✦

*Укса уулуңа үйрөт, укпаса кереги жок сүйлөп.*

✦ ✦ ✦

*Уктап эле жатат, кайнатамдын баласы,*
*Кокустан калбады бекен чаласы. – ?*

✦ ✦ ✦

*Укугуңду коргосоң зор болосуң,*
*Укугуңду коргобосоң кор болосуң.*

✦ ✦ ✦

*Укугуң ар намысың, ар намысың – укугуң.*

✦ ✦ ✦

*Укугуң – ук-ук-угум.*

✦ ✦ ✦

*Ук угуп ал, ата-эне асыл да,*
*Укугум бар деп, ата-энеге асылба.*

✦ ✦ ✦

*Укугуң укуругуң,*
*Коргоочу ар намысың тукумуңун.*

✦ ✦ ✦

*Улгайсаң карыган убагың,*
*Улутунуп тамшанаар курагың.*

✦ ✦ ✦

*Уулдуу ата дармандуу,*
*Уулсуз ата армандуу.*

✦ ✦ ✦

*Уулу кайраттуунун, келини уяттуу,*
*Уулу мажирөөнүн келини – «куят суу».*

✦ ✦ ✦

*Уулдун балдары урмат, кыздын балдары кымбат,*
*Балдар-кыздардын балдарын көр – жыргап.*

✦ ✦ ✦

*Уулуңдун тил кайтарганы,*
*Ушу жетет деп дилиңди майтарганы.*

✦ ✦ ✦

*Уулуңдун көзүнчө эриңди келесоо десең,*
*Уулуң атасын – акмак дейт,*
*Ушинтип уулуң таяк жейт.*

✦ ✦ ✦

*Улуктун укуругу узун,*
*Кууса жетет, качса кетет.*

✦ ✦ ✦

*Улуттун уңгусу эне тил,*
*Урматтап эне-тилиңди бил.*

✦ ✦ ✦

*Улуулук сакал менен эмес,*
*Акыл-эс менен эсептелет.*

✦ ✦ ✦

*Улууларды жолдогон адам оңот,*
*Улууларды кордогон адам соолот.*

✦ ✦ ✦

*Уулуң жаман болсо, келиниң жаман,*
*Ыркырап-чыркырап беттен алган каман.*

✦ ✦ ✦

*Улуусун сыйлаган эл – азат,*
*Улуусун кордогон эл – тозот.*

✦ ✦ ✦

*Улууну кордогонуң,*
*Уулуңдан кордолгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Уурунун үй-бүлөсү да ууру,*
*Улуу-кичүүсүнүн баарынын ниети буруу.*

✦ ✦ ✦

*Ууру чөнтөгүңдү кесет, ага уурдаганы эле эсеп.*

✦ ✦ ✦

*Ууну – соробуз, – уулуу болобуз, чуулуу болобуз.*

✦ ✦ ✦

*Ууру – ууру эмес,*
*Уурусу бар эл – ууру.*

✦ ✦ ✦

*Уурулуу айыл жарыбайт,*
*Ушакчы катын арыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Уурунун мезгили түн, аарынын мезгили – гүл,*
*Гүлдүн тилегени – күн, асанчынын абийири – үн.*

✦ ✦ ✦

*Ууру – ууруга шарактайт,*
*Ууру – каракчыны да карактайт.*

✦ ✦ ✦

*Уурунун уусу тар жерде жүрөт,*
*Умсунуп турушат баскандан жүдөп.*

✦ ✦ ✦

*Ууруга ат башындай алтын берсең деле,*
*Ууру – уурулугун токтотпойт.*

✦ ✦ ✦

*Ууруга – эркиндик берсең, эшикме-эшик кыдырат,*
*Эч нерсе калтырбай сыдыргыңды сыдырат.*

✦ ✦ ✦

*Ууру эртеден кечке уктайт күндө,*
*Уусу – түндө, түшөрү – түрмө.*

✦ ✦ ✦

*Уурулук менен жашаганча,*
*Тууралык менен жаша.*

✦ ✦ ✦

*Уурдап алганча, сурап ал.*

✦ ✦ ✦

*Уурдап алганча, соодалашып ар балакетке сал.*

✦ ✦ ✦

*Ууру-ууруну колдойт,*
*Ууру уурдабай койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ушак менен жан бакпа,*
*Улутту, эне-тилди ардакта.*

✦ ✦ ✦

*Ууру коен жүрөк, уктап жатса да*
*бөжүрөп күлөт.*

✦ ✦ ✦

*Ууру бири-бирин колдойт,*
*Ууру күнү-түнү жойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Урушта: – баш жарылып, көз чыгат,*
*Өпкө-боор жанчылат, анан барып жан чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Урматтуу меймандар: бөксөрбөйт алдыда кесеңер,*
*калтырбай ичип жесеңер.*

✦ ✦ ✦

*Урпагы чыкпас үн болбойт, үнсүз үйдө нан болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Уруш бар жерде – ырыс жок,*
*Ырыс бар жерде – уруш жок.*

✦ ✦ ✦

*Уста болбой уук ийилбейт,*
*Ийне-жипсиз тон тигилбейт.*

✦ ✦ ✦

*Устат атаңдан да артык,*
*Ачкөздүн эси-дарты баркыт.*

✦ ✦ ✦

*Учук корккондон чыгат, толгондо жарылат,*
*Илдеттүү азап-тозоктон арылат.*

✦ ✦ ✦

*Ушакчы – элең-элең дейт,*
*Уксам деп кулак белендейт.*

✦ ✦ ✦

*Ушакчынын ушагы,*
*Ушуга түшөбү деген тузагы.*

✦ ✦ ✦

*Ушакчынын кулагы сөздө,*
*Ыштансыздын көөдөнү – бөздө.*

✦ ✦ ✦

*Ушак сөз көмүрдөй кара, аралай чабат сар-санаа.*

✦ ✦ ✦

*Ушак көмүрдөй кара, каралап жабаары жалаа.*
*Ушактан качсаң куйт, үн дебесең өзүнөн-өзү суйт.*

✦ ✦ ✦

*Ушакчыга оозуңду ачпа,*
*Ушакчы ушактайт айтса-айтпаса.*

✦ ✦ ✦

*Ушакчы: – карыбайт, арыбайт, жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ушакты – тутунбагын,*
*Ушакты укпаганың кутулганың.*

✦ ✦ ✦

*Уятсыз конок болсо бергениңе тойбойт*
*Жалап-жуктап жаныңды койбойт.*

✦ ✦ ✦

*Уятсыздык абийир эмес*
*Ушакчыны болбойт теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Уятты – билген билет,*
*Билбеген башты ийет.*

✦ ✦ ✦

*Уят тийгенге тийет,*
*Тийбеген – тиртийет.*

✦ ✦ ✦

*Уяттуу адам кызарат,*
*Уятсыз адам кумсарат.*

✦ ✦ ✦

*Уяты жокко, уйку да жок.*

✦ ✦ ✦

*Уюгунда миллиондой кумурска,*
*бири-бирин «сизиң» – дешип турушат.*
*Ай Ааламда миллиарддай адамзат,*
*эмне жетпейт? курушат да урушат.*

# Ү

*Үйүңдө сыйың болбосо, журт ичинде жутунба.*

✦ ✦ ✦

*Үйүңдө баркың болбосо,*
*Калайык-калкта кайдагы даңк.*

✦ ✦ ✦

*Үйүнөн безген аял,*
*Үмүтсүздүгүн сезген аял.*

✦ ✦ ✦

*Үмүттөнгөн билет,*
*Үмүт деген – тилек.*

✦ ✦ ✦

*Үйдүн куту – конок,*
*Конокко буйруганын койот.*

✦ ✦ ✦

*Үйдө бакылдаган – такылдаган,*
*Эл алдында «аңкоо» – акыл качат андан.*

✦ ✦ ✦

*Үйүңдө үзүм нан болбосо, дос-жарды издеп таппайсың,*
*Тууган-туушканга каттайсың, же аларга жакпайсың.*

✦ ✦ ✦

*Үйдө үзүм нан болгон менен,*
*Уккан-жегенге пейил кенен.*

✦ ✦ ✦

*Үрөөндү жерге эгесиң, а түшүмү суудан.*

✦ ✦ ✦

*Үй ээси үңүрөйсө,*
*Коногу – бүжүрөйт.*

✦ ✦ ✦

*Үй ээси жадырап-жайнаса,*
*Мейманы мемиреп магдырайт.*

✦ ✦ ✦

*Үрөөнүң дандуу болсо, түшүмү арбын болот,*
*кырманың толот.*

✦ ✦ ✦

*Үй ээсин ук (тыңда)*
*биринчи ичип-же, анан дээриңди де.*

✦ ✦ ✦

*Үйүнөн – таяк жеген ит качат, эсирген эшек качат,*
*эринен таяк жеген катын качат.*
*Эрге тийээр – кыз качат, эссиз «ажоо» да качат,*
*албетте ал акмакчылык жеткен азап.*

✦ ✦ ✦

*Үйдөн жарака кетсе – оңолот,*
*Элден жарака кетсе – соолот.*

# *Х*

*Ханды кудай ураарда, арааны абдан ачылат,*
*Алдында жүргөн малайын, «айбансың» деп асылат.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай ураарда эли-журтун жамандайт,*
*вазирине тиши өтпөй, эки көзү алаңдайт.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай урганда, катыны бийлик талашат,*
*Калайык калкы таң калып, таңыркаша карашат.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай ураарда, балдары бийлеп курутат,*
*Балдарына сөзү өтпөй, хандыгын шордуу унутат.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай ураарда, кыздары бийлеп чойоңдойт,*
*Кызарганды бүт соруп, кылыгы менен ал оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай урганда, катыны бийлик жүргүзөт,*
*Кайын журтун чоң кылып, калайык калкын күйгүзөт.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай урганда, качып кетип кутулат,*
*Ичи күйүп туз жалап, утам деп жүрүп утулат.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай урганда эл мүлкүнө кол салат,*
*Кызматты сатып пара алып, карыздарын бүт санап.*

✦ ✦ ✦

*Ханды кудай урганда, каныңды сорот сүлүктөй,*
*Алдым -жуттум дегенде, жулунуп турат күлүктөй.*

✦ ✦ ✦

*Хандын ырсалактап күлгөнү,*
*Калайык калктын абалын билбей жүргөнү.*

✦ ✦ ✦

*Хандын эли-журтунан качканы – жүзүкаралыгы,*
*ар намысы жок – адамдыгы.*

✦ ✦ ✦

*Хан насиби бузулса, калкына утур салык салат,*
*Калайык калкы каржалып, боздоп-сыздап калат.*

✦ ✦ ✦

*Хандын насиби бузулса, элин сорот,*
*Хан соргон эл кантип оңот?*

✦ ✦ ✦

*Хандын эне тилине маани бербегени,*
*Эл кадырына жетпегени, ырыскесерленгени.*

# Ч

*Чабалайкелердин эртерээк учуп келгени,*
*бышыкчылык, токчулуктан кабар бергени.*

✦ ✦ ✦

*Чалды кудай ураарда, чамээлүү чайга семирет,*
*Чычайта соруп чылымын, чыт көйнөк көрсө теминет.*

✦ ✦ ✦

*Чакалап чачканыңды, чөмүчтөп чогулта албайсың,*
*Чамаң кеткенде ырыскесерлигиңди баамдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Чанда-чанда келсе мейман,*
*Күндө-күндө келсе кайдан? ал найман.*

✦ ✦ ✦

*Чаңыргандан терек кулабайт,*
*Чамаалуу чайды сурабайт.*

✦ ✦ ✦

*Чаян чакса, өзүн-өзү да өлтүрөт.*

✦ ✦ ✦

*Чексиз – жалкоолугуң, ченемсиз – аңкоолугуң.*

✦ ✦ ✦

*Чек араңа бек болсоң, жоболоңдуу жоо кетет,*
*«Көсөөнү» – сөксөң, сакалчанга доо кетет.*

✦ ✦ ✦

*Чечендин кудайы – сөзү,*
*бечелдин кудайы – өзү.*

✦ ✦ ✦

*Чириген мээден: – көрө албаган көз,*
*ириген сөз чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Чиркей жыргаганынан өмүр бою зыңылдабайт,*
*Карды ток бала бир секунд да кыңылдабайт.*

✦ ✦ ✦

*Чириген байга, Теңирим уул-кызды берген,*
*Алар байдын тарбиясы менен*
*«зыкымбай» – болуп чыга келген.*

✦ ✦ ✦

*Чогоолдун катыны сулуу,*
*Чокой кийингендин аягы жылуу.*

✦ ✦ ✦

*Чому жок эшек болсо да чөбү жок жер болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Чоң үй жылыганча, кичине үйдө тердейсиң,*
*Аны түшүнө билсең эрдейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Чоң үй жылыганча тоңосуң, кичине үйдө эле оңосуң.*

✦ ✦ ✦

*Чоң ата-энеңди бөпөлөсөң,*
*Неберелериң сени көкөлөтөт.*

✦ ✦ ✦

*Чоң эне тандаган кыз жакшы,*
*Көчө таптаган кыздан «сыз» жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Чочко көктү карайт, көптү самайт,*
*Семирсе экен деп, ээси чыгарбай камайт.*

✦ ✦ ✦

*Чөйрө адамды кайра жаратат,*
*Чөйрө адамды саматат.*

✦ ✦ ✦

*Чөлдүн кемеси – төө,*
*Чөлдүн жемеси – жөө.*

✦ ✦ ✦

*Чунак кулак: – пейили тар, кыянатчылык белгиси, чыкчырыла чыкыйган, алар да эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Чыга албай кылыгыбыз, чылыгыбыз – былыгыбыз.*
*Качан калаар экен – кыргызчылыгыбыз.*

✦ ✦ ✦

*Чыкчырылган кайнененин көзү алды – артында, чечмелей койот, чама-чаркыңды.*

✦ ✦ ✦

*Чымыр болгуң келсе – элден мурун туруп, муздак сууга жуунуп...*

✦ ✦ ✦

*Чындыкты ката албайсың,*
*Жалганды сата албайсың.*

✦ ✦ ✦

*Чындык деп чычалап кектейсиң,*
*Чындыкка мушташып жетпейсиң.*

✦ ✦ ✦

*Чындык сууга чөкпөйт, отко күйбөйт,*
*Чындык көп адамдарга жакпайт*
*Кеч болсо да өзүн-өзү актайт.*

✦ ✦ ✦

*Чындык алтындан да кымбат,*
*Чынчыл инсан – ар дайым кылдат.*

✦ ✦ ✦

*Чындык чынарбайга жетти, жалган жайылып кетти.*

✦ ✦ ✦

*Чындык жапайы аарыдай башка-көзгө жабышат,*
*Жалган – жалынат, малынат, чалынат.*

✦ ✦ ✦

*Чындык арыбайт, карыбайт,*
*Чындыкты бурмалаган жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Чындык, акыйкаттык теменедей тешип чыгат,*
*Чыкчырыла мен мындамын деп турат.*

✦ ✦ ✦

*Чыныгы дос, ысык-суукта барабар,*
*Эки жүздүү дос, башыңа иш түшсө карабайт.*

✦ ✦ ✦

*Чыныгы доско жаныңды-малыңды бергениң аздык кылат.*
*Арамза дос бар, баскан-турганыңды тураар сынап.*

✦ ✦ ✦

*Чындык – ачуу, чычалагандык андан качуу.*

✦ ✦ ✦

*Чычканды мышык кордойт,*
*Чычкандын чыгааны болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Чычкан тешиктен чыгып, эшиктен кирет,*
*Мышык кармасам деп тилейт.*

✦ ✦ ✦

*Чычкан ток болсо – тойроңдойт, ач болсо ойлонбойт.*

✦ ✦ ✦

*Чычаңыңа чыйкан чыкса: – кокуйлашты көрөсүң, кокуйлап жатып өлөсүң.*

✦ ✦ ✦

*Чычканга алдырган куу болот,*
*Куу менен жүргөн чуу болот.*

✦ ✦ ✦

*Чычкандын ийининдеги жүз жылдык өмүрүнөн*
*ак шумкардай көктөгү бир шаңшыган – артык.*

✦ ✦ ✦

*Чычкан – мышыкты сөгүп коркутат – ийининде,*
*мышыктын алдында өтө эле ийилме.*

# *Ш*

*Шайырлык – байлыктан артык,*
*шыйрактап турганы болбосо тартып.*

✦ ✦ ✦

*Шайтансыз – чатак сөз болбойт, саз сорбойт.*

✦ ✦ ✦

*Шайтан алданбайт, шамал кармалбайт.*

✦ ✦ ✦

*Шакылдаган шайдооттук эмес,*
*Аңкоолук болоор шайырларга теңеш.*

✦ ✦ ✦

*Шал болуп шалдырап отурганча,*
*Аксап-тескеп баскан артык.*

✦ ✦ ✦

*Шаан-шөкөттүү мастыгың – жаштыгың,*
*Келечексиз карылыгың – алсыздыгың.*

✦ ✦ ✦

*Шерменде болуп жашагандан,*
*Шерлик менен өлгөн жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Шумкар жумурткадан чыгат,*
*Шумдар бузулгандардан чыгат.*

✦ ✦ ✦

*Шум ажалдан качып кутула албайсың,*
*бирок «шумшуңдөп» – өзүңдү-өзүң алдайсың.*

✦ ✦ ✦

*Шыпаага-шыпаа окшошот,*
*Шынаага-шынаа – бошотот.*

✦ ✦ ✦

*Шыпты-тиктеп жатасың,*
*берсе татасың, бербесе катасың.*

# Ы

*Ыза – тозок, акыл – азат.*

✦ ✦ ✦

*Ыйкы-тыйкыдан ырыскы качат,*
*Ырк кетсе ырыскыны чачат.*

✦ ✦ ✦

*Ыймандуу – угат,*
*Ылай тунат.*

✦ ✦ ✦

*Ыйман элде, ырыскы жерде,*
*Эринбе эмгектен жээриң жерде.*

✦ ✦ ✦

*Ыймансыз адам болбойт,*
*Ыйманы куйгөн адам оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ыймандуу, ыймансызды кыйбайт,*
*Ыймансыз-ыймансыздыгын тыйбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ыйманы күйгөн безээри, өз үйүн өзү уурдайт,*
*Арзыбаган тыйынга пулдап арам-аракка дуулдайт.*

✦ ✦ ✦

*Ыймандуу – адебине тердеген,*
*Ысык бар, жалын бербеген.*

✦ ✦ ✦

*Ыймансыз сүйүү отуна малынба,*
*ыймансыз сүйүү тозогуна чалынба.*
*Ыймандууга, ыймандуулук...*
*ыймансыз таштап кетти деп таарынба.*

✦ ✦ ✦

*Ыймансыз митайымга чалынганың,*
*Ыктыярың менен «тозокко» – малынганың.*

✦ ✦ ✦

*Ыймандуу бол, ырыскыңды теппе,*
*Ыймансыз болуп ырсалактап кетпе.*

✦ ✦ ✦

*Ыймансыз тууган,*
*Ырыскыны бууган.*

✦ ✦ ✦

*Ынсапсыз болгонуң,*
*Кардыңды кере тойгонуң.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымак жок жерде, ырыс кетет,*
*Душманың түбүңө жетет.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымак – элде жергемден,*
*Ырыскы жерде – эмгектен.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымактан чыккан болбойт,*
*Ынтымактан чыккан оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымак ырыскы сыйың,*
*Ынтымак – барда сыйың, жокто ыйың.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымактуу туугандан – душманы сестенет,*
*Ынтымаксыз тууганга душманы сес берет.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымаксыз абысындар бири-бирин сынайт,*
*Ага иниге даам татырбайт, катыштырбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымак ыдыраган доордо,*
*Ыйманды тепсеп, ырыскесер болбо.*

✦ ✦ ✦

*Ынтымактан кеткениң, ырыскыны тепкениң.*

✦ ✦ ✦

*Ыплас жерде аңырайган оозуңду жап,*
*чымын учуп кирбейт,*
*ансыз алтын сымал, темир тишиң кирдейт.*

✦ ✦ ✦

*Ырды – акылды калчап жазат,*
*Ыр жазылганча – азап.*

✦ ✦ ✦

*Ыргылжың көңүл коштук, көөдөндөгү боштук.*

✦ ✦ ✦

*Ыркы жок тууган, ырыскыны бууган.*

✦ ✦ ✦

*Ырсалактап жүргөнүң, ыймансыз күйгөнүң.*

✦ ✦ ✦

*Ырчы өнөрпоздордун – ооздору кичине келип алдыга түртүп турат.*
*Өнөрүн бир баштаса токтото албайсың сурап.*

✦ ✦ ✦

*Ырылдашып-чырылдашкан үйдөн ырыс качат, кут турбайт, кемпай жан аны туйбайт.*

✦ ✦ ✦

*Ырысы жок – ыйлайт, ыйманы бар сыйлайт.*

✦ ✦ ✦

*Ырыскысын бууган, ыйманы жок тууган.*

✦ ✦ ✦

*Ырыс ынтымакты сүйбөгөндөр,*
*Ыйманын жеп жалган сүйлөгөндөр.*

✦ ✦ ✦

*Ырыскыны тепкен – болбойт,*
*Ырыскыны тепкен – оңбойт.*

# Э

*Эгемендүүлүк десе – ээликпейли,*
*дайынсыз – жээликпейли.*

✦ ✦ ✦

*Эгем – эмгекчи жанды колдойт,*
*Эмгекчи жанда дарт болбойт.*

✦ ✦ ✦

*Эгин талаасына: – көңдү көп чачсаң,*
*түшүмдү мол аласың,*
*көң чачпасаң ээн талаада каңгырап куру каласың.*

✦ ✦ ✦

*Эгиниң бар – кардың ток.*
*Эшигиң бар – малың жок.*

✦ ✦ ✦

*Эже-сиңдинин эңсегени эгизде,*
*бири Алабукада, бири Жетиөгүздө.*

✦ ✦ ✦

*Эже-карындаштын сыйы, алтын сыргага чейин,*
*эненин сыйы бүт өмүрүң өткөнчө.*

✦ ✦ ✦

*Эй Адамзат пендеси! – акыл менен кадам таштагыла,*
*арам жакка баспагыла, акмактыкты таштагыла.*

✦ ✦ ✦

*Эй Адамзат! – ниетиңди түздөгүн,*
*үмүтүңдү үзбөгүн.*

✦ ✦ ✦

*Ээй жараткан колдо! –*
*деп эмгектен качкан, – «эшен менен молдо».*

✦ ✦ ✦

*Ээй калайык калкым! –*
*эске келели элестетели боолгоп,*
*элден жарака кетсе – соолот.*

✦ ✦ ✦

*Ээй бурадар! – аркаңа бир кылчайчы эмнең калды?*
*эли-жериң эскерээр эмгек барбы?*

✦ ✦ ✦

*Эки адам чатакташса;*
*акылдуурагы айыпка жыгылат,*
*акмагы ан сайын чыкчырылат, ныгырат.*

✦ ✦ ✦

*Эки жүздүдө – таштаган кадам, абийирсиз адам.*

✦ ✦ ✦

*Эки жүздүү – анткорлор,*
*Эбиңди табаар анткорлор.*

✦ ✦ ✦

*Эки зыкым куда болсо: – бири бирин сынайт,*
*болбосо ажырашып тынат.*

✦ ✦ ✦

*Эки жүздүлөр биринен-бири жалтанбаган*
*Эби келе калса жалмаңдаган.*

✦ ✦ ✦

*Элдин ырыс-ынтымагын бузган адам,*
*Өз ырысын өзү кыйган адам.*

✦ ✦ ✦

*Элдин дили сатылса да,*
*Элдин тили сатылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Элдин наркы улуулугу,*
*Кыздын баркы сулуулугу.*

✦ ✦ ✦

*Элдин – тилеги тынчтык, тиреги баатыр.*

✦ ✦ ✦

*Элден чыксаң да,*
*ага-иниден чыкпа, боорлошко – ыкта.*

✦ ✦ ✦

*Элден чыкканың – эссиздигиң,*
*Ага туугандан чыкканың – акмакчылыгың.*

✦ ✦ ✦

*Элдин көзүнчө үлпүлдөгөн айым,*
*үйүндө ырылдаган ажыдаар ан сайын,*
*албуутанып алдыңа койбос чайын.*

✦ ✦ ✦

*Эл билгенге чейин Акмат дечү эле*
*Эл билген соң «акмак» – деп калышты.*

✦ ✦ ✦

*Элди алдоого болбойт,*
*Элди алдаган оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Элден качып кутуласың,*
*ажалга ана-мына дегенче тутуласың.*

✦ ✦ ✦

*Элге жек көрүнгөн жетекчи, арсыз жетекчи,*
*Эли корккон жетекчи, акылы пас жетекчи.*

✦ ✦ ✦

*Элге бергениң кайтат,*
*Эссизге бергениң кайтпайт.*

✦ ✦ ✦

*Эли сыйлаган жетекчи,*
*Кеменгер, акылдуу жетекчи.*

✦ ✦ ✦

*Элин жээриген – наадан,*
*тууганын жээриген – жеңил баадан.*

✦ ✦ ✦

*Элин эзген – хан,*
*Элден безген – хан.*

✦ ✦ ✦

*Эли баатырдын, жери да баатыр болот,*
*Баатыр жер гүлдөй жайнап өсөт.*

✦ ✦ ✦

*Эли-журттун ыйлап боздогону,*
*Бийликке каршы козголгону.*

✦ ✦ ✦

*Эли каршы хандын жыргаганы курусун,*
*Бийлигиңден акырын кол жууганы турусуң.*

✦ ✦ ✦

*Эли ыйлаган жердеги, хандын күлкүсү,*
*адамзаттын жеткен акмагы – түлкүсү.*

✦ ✦ ✦

*Элин – чанган шер марыбайт,*
*Эрин – чанган катын жарыбайт.*

✦ ✦ ✦

*Эли жерин таштай качкан, хандын барынан жогу.*

✦ ✦ ✦

*Элин баккан падышага – алкыш,*
*Элин таштай качкан падыша сөрөйгө – каргыш.*

✦ ✦ ✦

*Эли-жерин таштай качкан – «ажоо»,*
*ар намыссыз – «макоо».*

✦ ✦ ✦

*Эли-жерин таштай качкан адамды,*
*Эли сүйбөйт, сыйлабайт ошол дагы «адамбы».*

✦ ✦ ✦

*Эл каргышы – узатпайт,*
*Эл каргышы – тузактайт.*

✦ ✦ ✦

*Ээлигесиң эмнегедир, эссиз болбо,*
*Эне тилиңди бил, колуңдан келсе колдо!*

✦ ✦ ✦

*Эл нааразы болгондо ханын карай жулунат,*
*Айласы куруп хан шордуу бийлигинен утулат.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенген тердейт,*
*Эмгексиз «бакыт» – келбейт.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенген – эрдейт,*
*Дөөлөт бекер келбейт,*
*Дөөлөттү бирөө бербейт.*

✦ ✦ ✦

*Эмгекчил азаматка,*
*Жалкоо жакын келбейт.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенген оңолот,*
*Эмгексиз тонолот.*

✦ ✦ ✦

*Эмгегиңди – элге берсең – айтат,*
*жерге берсең – кайтат.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенген эр азамат – оңолот,*
*Уурдагандар – тонолот.*

✦ ✦ ✦

*Эмгек байлыктын – булагы,*
*Эрк аны башкараар куралы.*

✦ ✦ ✦

*Эмгек – марытат, мээнет карытат.*

✦ ✦ ✦

*Эмчинин – эми элге, оозуна келгенде – келме.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенбей жатканың: –*
*жакырлыкка кекиртектен батканың*
*карын ач – кара таштай катканың.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенгенди адам катарына эсептешет,*
*Жалкоону – «жатып ичээр» эле, дешет.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенип эгин эксең: – кампаң болот, баары болот.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенүүсүз эгин өнбөйт,*
*Жатып ичээр ага көнбөйт.*

✦ ✦ ✦

*Эмгекчилдин тапканы ширин,*
*Жалкоонун жатканы – ширин.*

✦ ✦ ✦

*Эмгексиз төрөлбөйбүз,*
*Эмгексиз оңолбойбуз.*

✦ ✦ ✦

*Эмне кылышты билбеген идиолог катчы,*
*Эмне кылам деп элден сурабай,*
*орунду бошотуп барып – жатчы.*

✦ ✦ ✦

*Эмгек ырыскы – жаратат,*
*Эли журтту каратат.*

✦ ✦ ✦

*Эмгектенген адамдын кемчилиги болот,*
*Эли журтту эскертип оңдоп койот.*

✦ ✦ ✦

*Эне ыйык – мээнетиңе күйүп, мээримине бөлөйт,*
*ак сүтүн берип, балам бактым-базарым деп,*
*пешенеге жазганын көрөт.*

✦ ✦ ✦

*Эне сүтү балага – чексиз карыз,*
*андан кутулуу ар бир инсанга парыз.*

✦ ✦ ✦

*Эненин жүрөгү – тилеги, Ааламдын тиреги.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилин сүйлөбөгөн – жээригени,*
*Эне тилин сүйлөй албаган – дөөрүгөнү.*

✦ ✦ ✦

*Энекем – берекем, кең экен*
*Энекем – Меккем, Теңирге тең экен.*

✦ ✦ ✦

*Эне – ыйык, көркү бала, баласыз энени басат санаа.*

✦ ✦ ✦

*Эне тил улуттун – негизи,*
*Эне тил улуттун – девизи.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилиңди кадырлабаганың,*
*Эл кадырынан ажыраганың.*

✦ ✦ ✦

*Эне-тилиңди барктабаганың,*
*Эли-жериңди кадырлабаганың.*

✦ ✦ ✦

*Эне тил – улут байрагы, эне тилиңди бил – жайдары.*

✦ ✦ ✦

*Эне тил – улуттун жаны, денеден аккан каны,*
*Эси жок биле бербейт аны.*

✦ ✦ ✦

*Эне-атанын белеги – эне тили,*
*Эгерде таза болсо – элдин дили.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилдин кор болгону,*
*Эгемен элдин шордолгону.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилдин тилеги, максаты, улутту коргоо,*
*Улуттун уюткусу – эне тилде го...*

✦ ✦ ✦

*Эне тили – тирегиң, тилегиңдин түзүктүгүн бил элим.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилин эш туткан – кеменгерлик белгиси,*
*Эне тилин унуткан – кемпайлыктын белгиси.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилде: – ырың жазылат,*
*– сырың ачылат.*
*– чериң жазылат.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилиңди биле бербегениң,*
*Теңирден тетири кирдегениң.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилсиз – эл болбойт, эне тилин эл колдойт,*
*Эне тилин түшүнбөй, эрдемсинген эр оңбойт.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилиңди сыйлабай чанганыңыз,*
*Эл кадырын урматтабай калганыңыз.*

✦ ✦ ✦

*Эне тил – элди тактаган,*
*Эне тил – элди сактаган.*

✦ ✦ ✦

*Эне тил – элдин негизи*
*Эне тилин кор кылбайт эр киши.*

✦ ✦ ✦

*Эгемен эл эне тили менен бекталат,*
*Эмгектенген эл дили менен даңкталат.*

✦ ✦ ✦

*Энеден кийин балага эркелөө болбойт,*
*Атадан кийин туугандар да өз алдынча тойлойт.*

✦ ✦ ✦

*Эне баланы көздөйт, энесиз бала өспөйт.*

✦ ✦ ✦

*Эненин элжирөөсү, эркелеткени чексиз,*
*Эңилип түшөт балага эрксиз.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилиң барда,*
*Эл тарыхың да бар.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилин кастарлагандар,*
*Эли журтун да кастарлагандар.*

✦ ✦ ✦

*Эне – Мекен! ата – бекен?*

✦ ✦ ✦

*Эне – Мекен, ата бекер.*

✦ ✦ ✦

*Энем – Мекен, энем – экен.*

✦ ✦ ✦

*Эне тилим – жүрөгүм, эне тил деп жүрөмүн,*
*Эне тилин билбеген, эссиздерден жүдөдүм.*

✦ ✦ ✦

*Эң күчтүү дары бул – эрк, эмгек,*
*Эмгексиз дары кайдан жардам бермек.*

✦ ✦ ✦

*Эпсиз катын: – этек-жеңи жерге тийсе пайда,*
*Эрге тиймек кайда?*
*эптеп-септеп күн өтөт көрүнгөн жайда.*

✦ ✦ ✦

*Эпилдеп-жепилдеп тилин сабап,*
*Эки жүздүүлөр эбин табат.*

✦ ✦ ✦

*Эрайым бар шер теңелгис,*
*Эрайым бар эрге бергис.*

✦ ✦ ✦

*Эр азамат ар намызга жаралат,*
*Эл ичинде эрдиктери таралат.*

✦ ✦ ✦

*Эр азаматтын эркин жеңгени,*
*Эрдиги – шердиги, баа жеткис эмгеги.*

✦ ✦ ✦

*Эр азамат, эл камын көрөт,*
*Өзүнө кийин көңүл бөлөт.*

✦ ✦ ✦

*Эр бузулса – катынсырайт,*
*Катын бузулса шаар урайт.*

✦ ✦ ✦

*Эрди катындын ынтымагы ташты да эритет.*

✦ ✦ ✦

*Эрден чыгат, ээрдин сыгат,*
*Көрдөн чыкпайт.*

✦ ✦ ✦

*Эрди-катын жуурулган камырдай, түбү бирге тамырдай,*
*Кайнене келинге – камыр ачыткычтай,*
*каалаcа тыңдайт, сындайт, кыйнайт, ыйлайт,*
*кыйбайт, акыры барып – сыйлайт.*

✦ ✦ ✦

*Эрди-катын алып-ичип алдындагы ашты*
*Ардакташып-сыйлашканы эле – жакшы.*

✦ ✦ ✦

*Эрегишкен тер төгөт,*
*Эрегиштен эр өлөт.*

✦ ✦ ✦

*Эрегишке жок бөгөт,*
*Эрегиштен эл чөгөт.*

✦ ✦ ✦

*Эриңе эби жок асылсаң, – качат, азап,*
*эби менен асырасаң – озот.*

✦ ✦ ✦

*Эрин менен тил сезет: ачуудан безет, ширинди жешет.*

✦ ✦ ✦

*Эрин чанган катын – ар балээге барат...*
*Акыры талаада эле калат, көрүнгөндү карап.*

✦ ✦ ✦

*Эриңди эссиз деп жүрүп, жети уул төрөдүң,*
*Эссиздигин такта да жанына жатпа.*

✦ ✦ ✦

*Эриңдин көңүлүн калтырып, балдарыңдын көзүнчө какпа,*
*Эрайым болсоң абийириңди сакта.*

✦ ✦ ✦

*Эркек өзүнүн эссиздигин сезбейт,*
*Аялын дайым – «эссизсиң» – деп, тескейт.*

✦ ✦ ✦

*Эркекке карап күлсөң, чырайыңа ашыгат,*
*Эссизге карап күлсөң, ...урайыңа жабышат.*

✦ ✦ ✦

*Эрктүү каалаcа кулагын чойот,*
*каалаcа улагын сойот, чоң тойот.*
*Эрксиз элеңдеп жүрүп, ууруга алдырып койот.*

✦ ✦ ✦

*Эркелеткенге элжиребе,*
*Кекеткенге келжиребе.*

✦ ✦ ✦

*Эрктүүлүк – акылдан, эссиз бакырган,*
*Эстүү – эли жерин, эпке чакырган.*

✦ ✦ ✦

*Эртели кеч жегени чөп,*
*Эти жоктун тиш чукуру көп.*

✦ ✦ ✦

*Эссиз – кээри менен,*
*Эне – мээри менен.*

✦ ✦ ✦

*Эссизге мал бүтпөйт,*
*Эшекке жал бүтпөйт.*

✦ ✦ ✦

*Эссизге тыйуу жетеби?*
*Эссиздин душманы этеги.*

✦ ✦ ✦

*Эссиздигиң – эрксиздигиң.*

✦ ✦ ✦

*Эссиз эли-журтка асылат,*
*Эси кетсе басылат.*

✦ ✦ ✦

*Эси жоктор баш кошсо, ырылдаган иттей,*
*бири-бирине ыркы түтпөй.*

✦ ✦ ✦

*Эси жок эсирсе – энесине асылат,*
*калайык-калкын кассынат.*

✦ ✦ ✦

*Эсиңде болсун баса?*
*Көрүнүшүм серт болгону менен, дилим, ниетим тап-таза.*

✦ ✦ ✦

*Эси жоктун, эсеби жок.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү эрте турат, эки жакка көңүл бурат.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү эринбейт,*
*Эссиздикке берилбейт.*

✦ ✦ ✦

*Эстүүнүн эсеп-кысабы болот, эби-сыны толот.*

✦ ✦ ✦

*Эси бардын – сеси бар.*

✦ ✦ ✦

*Эс акыл, эссиз жакыр.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү малдуу болот,*
*Эссиз малын сойот.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү жалгайт, эссиз каргайт.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү каралашат, эссиз талашат.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү эли-журт дейт,*
*Эссиз эли-журтун жейт.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү жашоо үчүн, эссиз ашоо үчүн.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү жетекчи, эссиз – этекчи.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү элге жакындайт,*
*Эссиз элге – бакылдайт.*

✦ ✦ ✦

*Эстүүнүн эстүү зайыбы,*
*Эссизде-эссиз айыбы.*

✦ ✦ ✦

*Эстүүдө – акыл, эмгек,*
*Эссизде – бакыр эрмек.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү – үнөмчүл, эссиз – күмөнчүл.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү – эмгектенет, эссиз бер дейт демеп.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү адам – даңкталат,*
*Эссиз адам – барктанат.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү адам – эстүү, эссиздерге – сестүү.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү аял үйдүн куту,*
*эссиз аял үйдүн жуту.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү адамдардын – өлүмү эссиздиктен.*

✦ ✦ ✦

*Эстүүнүн – сапаты, эссиздин – канаты.*

✦ ✦ ✦

*Эски адамдар: – нускалуу акыл-эстүү болгон,*
*бүгүнкү жаштар: – шайыр-шатка толгон.*

✦ ✦ ✦

*Эстүү аял – эпчил, эссиз аял – кекчил.*

✦ ✦ ✦

*Эт жебесең тишиңе тыгылбайт,*
*Тырмаксыз сирке сыгылбайт.*

✦ ✦ ✦

*Эчки күүлөсө, теке жүгүрөт, теке секирсе, эчки бүгүлөт.*

✦ ✦ ✦

*Эчки ээн койсоң – күндө бирден кем,*
*карышкырга жем.*

✦ ✦ ✦

*Эч бир ата – баласын ууру-ушакчы,*
*аракеч, арам болсун дебейт.*
*Бирок бала – өзүнөн башкалар*
*таалим-тарбия алаарын кенебейт.*

✦ ✦ ✦

*Эшмат – Эркайым менин жеңем дейт,*
*Элине кабар белендейт.*
*Эшигин таппай элеңдейт,*
*Жеңе эртең эле келем дейт.*

Т. ТОКТОГУЛОВ
М. ТӨЛӨБАЕВ
А. ОМОРОВ

# ШАРИП МЕНЕН ШОРУКЧУНУН ТАРЫХЫ

*Экинчи бөлум*

## АТТИҢ! ДЕП КАЗАК ЭЛИ БАШ ЧАЙКАШКАН

Уй мүйүз тартып отурган жалпы казак элинин билермандары Абылай ханды тегеректеп отурушуп ар бири ээлеген кадыр-баркына жараша бир-бирден кеңешчилер өз ой-пикирлерин ортого салып жатышты. Бирок кандай болсо да Жайыл баатырды балдары менен өлүм жазасы күтүп турганы бештен белгилүү болду. Анткени тирүү калса, эртең эле бүтүндөй кыргыз калкынан кол чогултуп, казанды тулгасынан түшүрө чаап көргүлүктү көрсөтөт деген арам ой алардын ар бирин бийлеп алды. Ал аңгыча төрдө отурган акылдуу карыларынын бири үнүнүн кыраатын жай чыгарып, Абылай ханым, башка келсе өлүмдөн адам качып кутула албас, Жайыл баатырга балдары менен азырбы же ананбы баары бир өлүм өкүмүнө токтолдук. Андан көрө үч күндөн бери ач жаткан туткундарга казак-кыргыз калкынын каадалуу сый-урматынын шарапаты сыңары каада салты боюнча тамак тарттырып бир сын көз менен карап көрбөйлүбү?

Жайыл баатырдын ач карыны күчтүү бекен? Же ар намысы күчтүүлүк кылаар бекен-? Деген сунушун кийириди. Төрдө оң жамбашында кынтайып жаткан Абылай хан бул жүйөөлүү сунушка көңүлүн бөлгөндөй башын өйдө көтөрүп Кыдыр ата туура айтасыз деп колдоорун билгизди.

Күн бешимдеп калганда, Абылай хан баш болгон казак элинин билермандары: хан, султандары, бий-болуштары аргымак аттарына минишип Жайыл баатыр жаткан тамтыгы чыккан жаман боз үйгө беттеп келишет. Туурдугу кырк тешик болуп кепенин ичине жадырап-жайнаган күндүн кана нурлуу шооласы эч нерседен тартынбай дүнүйө бейкапар төгүлүп турат. Кепенин ичи-тышын анын керегеси эле бөлүп турганы болбосо, ичи менен сыртынын айырмасы жоктой.

Боз үйдүн ичиндеги жаман өгүздүн тарпы кеткен талпагынын үстүндө төрдө сол жамбашына кынтайган Жайыл баатыр, ага катар агасы Кошой бийдин уулу Момокон отурат. Булардын бир тарабында Үсөн, экинчи тарабында Теке баатырлар отурушат.

Топтошкон ат үстүндөгү казак элинин билермандары, калк кадырлуулары кандайдыр бир мамлекеттик нерсени талкуулагандай өздөрү менен өздөрү болушуп, дүнүйө бейкапар бак-бак этишип каткыра күлүшкөнү-күлүшкөн. Алдыларындагы тарпы чыккан жаман боз үйдө Жайыл баатырдын бар же жок экендигине алар капарларына да албагандай түрлөрү жоктой күпүлдөшүп күлүшөт. Ал аңгыча кызматта жүргөн эки казак жигиттер боз үйдөгү Жайыл баатырлардын колдоруна суу куйушуп, дасторкон салышып бир чарага ортосунда козунун башы бар эт тартылды.

Ооба, жашоонун ар бир секундунда «өлүм» менен «өмүр» – мен, мен деп талашып турган учурда тартылган бул эт «сый» табак эмес, «сын» – табак экенин билген ага-ини, ата-балдар капкачан эле баамдап түшүнүшкөн. Алар напсин агытып, шайтандын азгыруусуна алдырышып тартылган табактагы козунун этин талашып-тартышып жеп жиберишкен жери жок. Мелтиреп төртөөнүн ортосунда бир чара эт турат. Аңгыча кынтайып жаткан Жайыл баатыр чокмор баш менен ойо чабылган оң тизесинин сыздап жанына жай бербей ооруганын сезбегендей түр менен козголуп ондонуп отуруп, койгула балдарым Теңир астында ырыскесерлик кылбайлы, бул тартылган тамакта эмне айып? – деп, табактын ортосундагы башты алып анын оң уурутунан бир тилим кесип оозуна салып ооз тийген болду да башты жанында отурган иниси Момокон баатырга узатты.

– Момокон баатыр, агасы Жайылдан алган баштан кежиге куйкасынан бир тилим кесип оозуна салып ооз тийип бычакты чыкыйга сайган боюнча өзүнөн кийинки Үсөн баатырга узатат.

– Үсөн баатыр агасы Момокондун колунан алган баштын оң кулагынан кесип жеп, экинчи кулагына бычакты сайып өзүнөн кийинки Теке баатырга башты узатат. Теке баатыр Үсөндүн сунган башын колго алып, оң көзүн оюп алып төрткө бөлүп алды менен атасы Жайылга, агасы Мо-

моконго жана Үсөнгө ооз тийгизип, калган бир бөлүгүн өзү ооз тийет. Бычакты баштын сол көзүнө сайганда, көздүн чечекейи жарылып ичиндеги суйуктук сыртка чачырайт.

Казактын билерман, бий-болуштары жана Абылай ханы калп эле кара-күчкө каткырышканы менен боз үйдөгү тамак тартылган Жайыл баатырдын бардык кыймыл аракеттери казак элинин миңдеген мен-мен деген акылман ойчу, сынчылары аркалуу миңдеген көздөрдүн каректери булардын ар бир кыймыл-аракеттерин астейдил аңдып карап чечмелеп турушкан.

Ооба, сырттагы байкап турган сынчылардын пикири боюнча Жайыл баатырдын ар намысын алардын ач карыны жеңе алган жок. Алар айрым ач көз, сук казактар кептегендей болуп тартылган табактагы этти талашып-тартышып жеп таштаган жок. Алар сый-сыпаа гана сабырдуулук, токтоолук менен Жайыл баатыр ооз тийип сунган баштан гана ар кимиси ар башкача ооз тийишкени болду.

Бирок бул ооз тийүүлөрдүн да толгон-токой сыр түйүндөрүнүн туңгуюк түрмөктөрү жатканын сынчы-санчылардын ар бири өз билген дараметтерине жараша чечмелешип бейбежиреп жатышты:

– Жайыл баатырдын тартылган табактагы башты алып оң ууртунан бир кесип ооз тийгени.

Баш этинин өтө даамдуу, ширин жери бул жогоруда Жайыл баатыр кесип жеген (ооз тийген) уурту болоорун эсептегени, ары жумшак, ары даамдуу. Бая эле пайгамбар жашынан өткөн баатыр жашоонун шириндигин түшүнгөндүгүнүн кабары, колдон келсе адам баласы бул жашоонун шириндигин туйсак, билсек дегени. Экинчи кесип жебегени, тойо жеп тогуз болбойсуң, ар нерсеге топук кылган оң болот, дегени деп чечмелешти.

– Момокондун баштын кежигесиндеги эттен бир кесим кесип жеп ооз тийип, бычакты чыкыйга сайганы: кокустан аман-эсен бошонуп чыксам, баарыңарды бирден тетири мууздап, каныңарды селдей агызамын дегени, бычакты чыкыйга сайганы, мээңерди чукуп башыңарга чай кайнатам дегени деп чечмелешти.

– Үсөн баатырдын кулактын бирин шарт кесип жегени, бир боор элек, ушак кепке, сөзгө алдырдыңар дегени, аман

кутулуп кетсем кулагыңарды чунайта кесип кегибизди алабыз дегени деди.

Теке баатырдын оң көздү оюп жеп салганы, соо калсак оң көзүңдү оюп жеп, сол көзүңдү соолута сайып саламын дегени го деп сынчы-санчылар, бир оздон чечимге келишип божурап тиги билермандарга айтып жатышты.

Бул чечмелөөнү угуп отурган билерман казак элинин кадырлуулары Абылай хан менен бирге чечмеленген сыр түйүндөрүнө акыл калчашып ого бетер шыкак болушуп буларды эч убакта тирүү калтырууга болбостугун далилдөөгө далбас уруп жатышты. Айрыкча көзүңөрдү соолутамын деген Теке баатыр деп жаалашты.

Абылай хандын жан-жөкөрлөрү кужулдөшүп биринен сала бири анау Теке деген баатырдын көзүн тазалау керек экен дешип бир бүтүмгө келишип казактын көзүн чукуур немени атасынын көзүнчө жалынтып, жалбартып, чөгөлөтүп мизин кайтарууну көксөп турушту.

Эки жан алгыч балбан жигиттер ийээ... Теке баатыр сенсиңби? – дешип экөө эки жагынан колтуктан алышып эки этегин баса отурушту. Экөө тең жалаңдаган канжарларын сууруп чыгышып экөө эки жагынан бири оң, бири сол бөйрөгүн ойуп сууруп алышты, куду эле Теке баатыр баштын көзүн ойуп алгандай кылышты. Теке баатырдын чыдамкайлыгына, кайраттуулугуна караңыз, алар канжар менен бөйрөк талаштыра сайышып бурап бөйрөктөрдү ойуп алышканда куду чымын чаккандай да болбогондой кың да дебестен кенебей, былк этпей отурганына карап турган эл да таңданышып:

– Баракелде, чыдамына караңыз, кайратына караңыз дешип бири-бирине ат үстүндө эңкейе калышып шыбырашып жатышты. Эки бөйрөктөн шүүшүндөп кара кочкул кан шорголоп агып жатты...

Карап турган калың казак эли жаалашып мына эми жыгылат, ана жыгылат деген пикирде үн дебей тымтырс болуп калышты.

Кекээрленген үн менен Абылай хан Теке баатырга кайрылып, – Кана баатыр мырза! өлөөр алдында кандай өтүнүчүң бар? – деген шылдыңдаган мүнөздөгү суроосун узатты.

Теке баатыр, үнүн басымдуу чыгарып:

Абылай хан!
Аткара алсаң сөзүңдү,
Аргымак атка мингизгин,
Колума курал карматып,
Айкөлдүгүң билгизгин.
Аткарбас болсоң сөзүңдү,
Айымдыгың билгиздиң,
Абылай хан!

деп суроолуу карады.

Абылай хан эки бөйрөгүнөн кан шоргологон Теке баатырды атка жетип-жетпей жыгылаар деген кыязда желдеттерге карап өтүнүчүн аткаргыла дегендей ишараат билгизди (каш какты). Абылайдын көзүнүн агы менен кошо айланышкан желдеттер, Текенин теңселип турган абалына көз жүгүртүшүп мыйыктарынан күлүшүп, аргымак деп бир жаман чобурду Теке баатырдын алдына туура тартышты, мына куралыңыз (кылыч, найзаңыз) деп мазакташып койчунун кызыл четин таягын сунушту.

Теке баатыр бу да болсо кудайдын буйругу, А кудайга наараазы болуучу болбойт деп, дароо алдына тартылган атка минип, колундагы четин таягы менен «Чүү» жаныбарым тулпарым, жаның болсо чуркагын, бекер карап турбагын деп, эки буттап астыдагы аттын кабыргасын капшыра темингенде, араң баскан ат турган ордунда ойдолоп, ыргыштап турду...

Теке баатыр ыргыштаган атын үстөккө-босток теминип «Жайыл» – деп, ураан чакырып, «Жайыл» – деп күчөп бакырып, колундагы четин таягы менен топ казакты аралай чаап оңду-солду шилтеп жети казакты торойто чаап түшүрдү. Акыры өзү да кансырап алы-күчү кетип «Жаааййыыыл...» деп, барып минген атынан кулап түшүп көмкөрөсүнөн жатып калды.

Ооба, Теке баатыр ошол жатышында жантаслим болду. Карап турган казактар көз ачып жумганча «уу-дуу» болушуп «чакчалекейи» – түшүп калышты, эмне окуя, кандай окуя болгонун түшүнүшпөй мындай окуя болоору үч уктаса да түштөрүнө кирген эмес эле. Көрсө кырсыкты кайдан деп болбойт тура, казыр эле Теке баатырга карап мыйыгынан жылмайып шылдыңдуу тиктеген журт башчы, билермандарынын ажалы жеткен жетөө бирдей күтүүсүз өлүмгө дуушар

болуп көз жумушту. Элибиздеги ажалды кайдан деп болбойт деген пикир ушундайдан чыкканын күндөлүк турмуш агымы айгинелөөдө.

Бул да болсо, кудай таалама карата ар бир жеке адамдын текеберчиликтеринин кесепети эмеспи? Карап турган калың казак журтчулугунун ичинен Ой тооббаа!... дешип жакаларын карманышканы, бири таң берип чыныгы жүрөгүндө жалы бар баатыр «экен десе, бири бул кыргыз» өз кунун өзү төлөтүп ала кетти го дешип, шыпшынышып баштарын чайкап жатышты.

Ал аңгыча бул аңгемелешкендердин арасынан бири чыгып, эй абаке сиз «жүрөгүндө жалы» бар, накта баатыр экен дейсиз жүрөгүндө эмей эле, жалы кыр аркасында болуп жүрбөсүн карасаң-карасаң алиги желкесинен нары кеткен туу чачты деп, жерде көмкөрөсүнөн өлүп жаткан Теке баатырды көрсөтүп жатышты. Ага көздөрү жетип-жетпеген көпчүлүктүн баардыгын кызыктырды. Ал аңгыча бир билерман казактын буйругу менен Теке баатырдын көйнөгүн желкесинен ылдый айра кесишет. Мына ошондо карап турган калың казак эли көргөн көздөрүнө өздөрү да ишенип-ишенбей бири-бирин карашып «ойпырым ооой» – «кудая тооббаа» – дешип шыпшынышып жакаларын кармашып, «Аттиң ай», – «аттиң ов» – чеки иш кылган экенбиз ау – дешип жатышты. «Арыда кадыр барктуу көрүнүшүнөн сөөлөттүү, да дөөлөттүү да аксакал, жерде жаткан Теке баатырдын өлүгүнө жакыныраак бастырып келип көргөн көзүнө өзү да ишенбей. Оо кудай таалам! Мындай эл баатырын касиеттүү, кереметтүү жалы бар инсанды Алла Таалам миң жылда бир гана жаратат эмеспи. Бул баатырды өлтүргөндүн ордуна кастарлап багып андан тукум алганыбызда жалпы казак эли көп нерсе утушмак тура, «аттиң-аттиң ов» – деп атынын башын буруп өзүнчө кобурап кетип бара жатты.

Булардын бардыгын өз көзү менен көрүп, элдин сөзүн кулагы менен угуп турган Абылай хан да Теке баатырдын аркасындагы желкесинен чычаңына чейинки кыр аркадагы жалын көрүп, эки көзү алайып таң калган түрүн жашыра алган жок, бирок бул таңкалышын билгизип үн да катпай телмире чексиз белгисиздикке караган көзүн ирмебей катты да калды. Албетте Абылай хандын ой толгоосунда эмнелер

болуп жатканын бир кудайдын өзү билбесе, башка эч ким билбеген чечилбеген сыр түйүнү болуп кала берди.

Бүгүнкү болгон окуя Мерке калаасындагы ар бир казактын үйүндө узун сабак кеп болуп айтылып жатты. Бул таң калыштарын жашыра албастан эки казактын башы кошулган жерде Теке баатырдын «кыр аркасындагы жалы» – болуп жатты. Аны уккан казак элинин энеси да атасы да башты чайкап «аттиң ов, аттиң» – деп өкүнгөндөрүн жашыра алышпады. Андай касиеттүү керемет баатыр инсанды өлтүрүүгө неге ашыгышты бул Абылай хан? – деп бири-бирине суроо берип, суроолуу тиктеп жатышты.

Албетте болоор иш болуп бойоосу канган соң, ал өткөн ишти миң ирет айткан менен кайра ордуна келбейт эмеспи. Арга канча... өлдү калды, бүтүндөй казак элин таң калдырып, тамшандырып Теке баатыр кара жер жазданып түбөлүк келбес сапарына кетти.

Ооба, аргасыздан бир ачуу чындык ойго келет, балким окурмандар жогорудагы Теке баатырдын жалы жөнүндөгү окуяны ойлоп тапкандай боолголоштору да мүмкүн. Ошондуктан анын накта чындык экендигин атайын далилдер менен тастыктай кеткенибиз оң болоор.

Илимдин биология тармагындагы андай бөтөнчө өзгөчөлүктөрдүн тукум кууй тургандыгы жөнүндө негизделген далилдөөлөр бар. Ал эми Теке баатырдын бул өзгөчөлүгү өзүнөн кийинки укум-тукумуна берилдиби же жокпу? – деген суроону алдыга койуп сурамжылап ата-бабалардан берки Теке баатырдын териштиргенибизде төмөндөгүдөй болуп чыкты. Теке баатырдын Шорукчу деген уулунун Мангулда, андан Бата ата төрөлөт. Айталы дегенибиз эки ата өткөндөн кийинки Теке баатырдын чебереси Батанын оң бетинин отунда динар тыйынын өлчөмүнчөлүк түк баскан кара «калы» болгон экен, ошондуктан калайык калк Бата атаны «карамтай» аташчу экен. Ал эми Батанын чөбөрөсү Токтосундун оң далысында, Бээрмандын оң чыпалагында, Бекжандын оң жак эмчегинде бармак басым калдарынын бардыгы жогоруда айтылгандардын далили болоор деген пикирдебиз.

Ошентип Жайыл баатырдын өлүмүнө кумарланып тамаша кылгысы келген казактардын көптөрү өздөрүнө-өздөрү өкүрүп айгайлашып ызы-чууга түшүп жатышты.

Теке баатырдын акыры өлүм алдында аттан кулап баратып «Жаааййыыыл, Жаааййыыыл» – деген үнү бүтүндөй Ааламга жеткендей ураан болгондой. Балким бул ураан көктөгү Көкө Теңириме жеткендир... ырайымын жалгагандыр... ошондуктан Коңурбай атанын жалгыз Жайыл уулунун тукуму бүгүнкү Кыргыз Республикасынын төрт районуна (Панфилов, Жайыл, Москва, Ак-Суу) кеңири тарашына жалгоо болгондур.

Ооба, Жайыл баатыр эки уулу Үсөн, Теке жана бир бооруу Момокон менен бирдикте бул жарыкчылыктан түбөлүккө кош айтышты. Алар душман колунан мекени болгон кыргыз элин кыргыз жерин коргоп жатышып каза болушту. Бирок элибизде «Уучу» куру эмес эле, дегендей ар биринин аркаларында тукум улаган туяктары калган. Булар жөнүндө 2004-жылы көлөмү 42,5 басма табак болгон Жайыл баатыр №1 китебинде мүмкүн болушунча маалыматтар берилди.

Казыркы сөз кезегин Жайыл баатырдын неберелери Үсөндүн уулу Шарип менен Теке уулунун Шорукчусуна берели. Колдо болгон адабий маалыматтарда жана кол жазмаларда ар кандай баяндамалар катталган.

Алардын негиздүүрөөгү дегенибизге токтололу. Ооба өз учурунда Жайыл баатыр адабий маалыматтарга караганда жалаң эле Солто элинин бий билерманы, баатыры болбостон ал ошол мезгилдеги бүтүндөй кыргыз элинин жетекчиси болгону жөнүндө Кыргыз Эл жазуучусу Асанбек Стамов агабыздын төмөндөгүдөй маалыматтары бар.

Адабий маалыматтарга, жана калайык калкыбыздын сынчы санчыларынын, санжырачыларынын айткандары боюнча кыргыз элинин мен деген баатырлары Жайылдын замандаштары (албетте 5-10 эле эмес 25-30 жаш өйдө, ылдый болушу ыктымал. Эсенгул чоң баатыр, Атаке баатыр, Садыр хан Момокон баатыр, Бердике берендер үзөңгүлөш жүрүшүп эртели-кеч кыргыз элинин башына түшкөн мүшкүл иштерин бирге чечүүгө аракеттенгендей түрү бар.

Бирок иш жүзүнө келгенде ата-бабабыздын кылымдардан бери канына сиңип калган уруу-урууларднын ар намысы дешип бири-бирине анчалык колдоо көрсөтө бербегени иш жүзүндө байкалууда. Анын накта мисалы катары. Казак

элинин баатыры Абылай хан суук колун салаарда Жайыл өзү жогорудагы кыргыздын билермандарын Көтмалдыга баш коштуруп кеп-кеңеш курганда, кыргыз эли-жеринин тагдырына тынчсызданып болуптур баатыр «ынтымакка келели», «бир жакадан баш, бир женден кол чыгаралы» деген бир бүтүмгө келе албагандыгынан байкалууда. (Булар жөнүндө Жайыл баатыр-1 китебинин 53-бетинен баштап толук маалымданган Бийиктик–2004-ж.). Бул кеңеште сарбагыштардан Эсенгул Чоң баатырыбыз кол башчысы ким болот? – деген суроосун берип, эмне үчүн пайгамбар жашынан өтүп калган Жайыл баатыр кол башчысы болот? – дегендей ичи чыкпаган суроону берип, Жайыл баатырга сиз бара бериңиз биз көрө жатаарбыз дегенчелик кылып кыргыз калкынын тагдырына кайдыгерлик менен караган.

***Ойлобой кээси намысты, ой тутум жактан карышты, ойдогу дарты башчылык, опсуздук ишке барышты, от күйүп жатса кең Чүйдө, ордо ойноп жатып алышты.***

Ал эле дейин десеңиз, Жайыл баатырдын көздөй күйөө баласы Атаке баатыр да бир боору Эсенгул чоң баатырдын ыгынан чыгып кете алган эмес. Ошол эле учурда аз да болсо Асык элинен: «Кокуй кыргыздын башына алаамат күн түшкөнү калыптыр дешип айыл аксакалдары улуу-кичүүлөрү, эл кадырлаган билермандары баш кошушуп бир бүтүмгө келишип ***Ормуш*** баатырга ыктыярлуу болгон жоокерлерди топтоп курал-жарагы, керектүү гүл азыктары менен топтоп келишип Жайыл баатырдын колуна кошулушкан.

Белгилүү Талас өрөөнүнөн ***Бердике*** баатыр эли-журтунун ысык-суугуна өзү күйүп-бышып Абылай кыргызды карай бет алса Таласты таштап өтмөк беле деп алдын ала жоокерлерин камдап чекти бек бууп турушкан.

Беттегенин талкалап, кас душмандардан калкалап, чебин бекем кармаган, Бердике баатыр чалкалап, чамалап көрүп Бекенди, душманы андан жалтанат.

Абылайдын кабарын, Бердике баатыр угуптур, сан жетпеген кол курап, душмандын жолун бууптур, Таласты талкалайм деген Абылай шору куруптур.

Бир-бирин айтпай атынан «Берен» – деп, ураан чакырган, бей күнөөгө тийбестен, бейбашты алган атынан, журт ичинде тынччылык, жутунбай калган катылган.

Чүй боорунан ***Чоро*** тукумдары да Жайыл баатырдын үндөөсүнө жоопсуз жата алышпады. Кара чоро тукумунан, кол кураган эл келди, колдорунда кылыч-найза, көрүндү баатыр шерлери, катар басып катар турса, каптап кара жерлерди.

Ал эми Талас өрөөнүнөн өзүн «Садыр хан»– деп, атап жүргөн Садыр хан Жайыл баатырдын кудасы жеңилин жерден оорун колдон алуунун ордуна, сырткы душмандар кол салып келе жатса Садыр хан дүнүйө бейкапар уктап жаткан жеринен уулу экөө тең колго түшүрүлүп өлүмгө баш ийип отурушпайбы.

Бир сөз менен айтканда ошол учурда кыргыз элинин баатырлары, ар кими өз арбайын согуп, сырткы душмандарга карама-каршы туруштук бере албаганын тарыхый чындык фактылар айгинелеп отурат.

* * *

1758-жылдары Жайыл бий жалпы кыргыз элине жетекчилик кылып турганда кыргыз элинин ички жана сырткы байланыштарынын баардыгы Жайыл бийдин жетектөөсүндө болуп турган. Кыргыз элине ошол заманда калмактар кандай коркунуч туудурса, кытайлар алардан күчтүүрөөк коркунуч туудуруп турган. Ошондуктан мамлекеттин ички-сырткы байланыштарын жогоруда белгилегендей Жайыл бий жүргүзүп турган.

Кытай элине Нышаа баатырдын баштоосунда жөнөтүлгөн элчилердин курамына кыргызстандагы ар бир уруунун өкүлдөрү катышканы талашсыз, Элчиликке баш аягы эки жүз элүү адам жөнөтүлгөн. Алардын арасында Жайыл атанын Үсөн уулунун уулу Шарип жана Теке уулунун уулу Шорукчулар да бар эле. Элибизде эгем заманынан бери айтылып жүргөн «атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны» – демекчи, Жайыл бий да неберелеринин жаштыгына карабай (он үч-он төрт жаштарда) эки уулунун уулдарын (неберелерин) элчилердин курамын кошуп жиберген, албетте «илгери үмүт» – да. Эл көрүп, жер көрүп неберелеринин турмуштун ысык-суугуна калыптансын, эл менен мамиле түзгөндү үйрөнсүн деген кана пикирлери, максатта болгон.

Кытайга Жайыл бийдин Нышаа баатыры баштап барган элчилерин Кытай элинин ханы кабыл алып белгилүү тартиптеги маселелердин баардыгы ортого койулуп көптөгөн сыр түйүндөрү чечмеленген. Белгиленген мезгили бүткөндө кыргыз элчилери кайра кайтышкан. Бирок Кытай ханынын өтүнүчү менен Кыргыз элчилеринин башчысы Нышаа баатыр менен Кыргыз элинин ошол учурдагы жетекчиси Жайыл баатырдын эки небереси убактылуу «ак үйлүү» – болуп кытай элинде калтырылган.

Кытайдан келген Кыргыз элинин элчилери болгон иштин чоо-жайын толугу менен төкпөй-чачпай Жайыл бийге баяндап беришкен. Ошону менен бирге элчилердин башчысы болгон Нышаа баатырды жана Жайыл бийдин неберелери Шарип менен Шорукчуларды белгилүү убакытка чейин «ак үйлүү» кылып калтырылганын баяндашат.

Албетте бул жерде чочулай турган эч нерсе жок, ошол учурдагы замандын талабы ошондой болгон эл аралык талаптар эле. Ошондой болсо да мына ушул күндөн баштап кыргыз эли кытайлыктарга эл аралык тартипти бузуп жогоруда макулдашылган эки өлкөнүн талаптары кынтыксыз мыйзамдын негизинде аткарылаары ал турган иш дечи. Ошону үчүн мамлекеттердин ортосунда Хандын эң жакын кишилери элчиликте болсо алар «ак үйлүү» болуп алынып калынышы табихый иш эле.

«Ак үйлүү» болуп калган адамдар хандын сарайында алардын белгилүү кызматкерлеринин көзөмөлүндө өз жашоолорун өткөрүшөт. Алар үчүн бардык жашоо шарттары талапка жараша түзүлүп берилет. Жаштайынан кытай элинин таалим-тартибине аралашкан Шарип менен Шорукчулар көп кыйналышпай тез эле кытай тилин үйрөнүшүп кетишкени табихый иш деңизчи. Бара-бара калайык-калктын каада-салттарына, үрп-адаттарына көнүшүп алардын керектүү жактарын өздөрүнө кабыл алышып «камыр-жумур» болушуп аралашып кетишет.

Кыргыз эли тарабынан Кытай элинин тынчын алган эч кандай эл аралык деңгээлдеги тартип бузуу алардын болбогондугуна байланыштуу Шарип менен Шорукчулардын баскан-турганына көз салуу маселеси да аздап-аздап барып көз

салуудан калып, алар ээн-эркин кадимки эле кытай жарандарындай жашоо тиричиликтерин өткөрө башташат.

Алардын жашоо-тиричилиги узак жылдардан бери көз кырында болгону менен Кытай элине эч кандай кооптонууларды туугузбагандыктан аларга болгон көзөмөл иштери акырындык менен токтотулган.

Элчиликке келгендеги жаш уландар жогоруда көрсөтүлгөндөй алды менен кытай хандыгынын ак сарайында жашоо-тиричиликтерин өткөрүшсө, арадан жылдар өтүп дегендей алардын жүрүм-туруму эч кимди кооптондурбай Шарип менен Шорукчу мырзалар эр азаматтардан болуп чыга келишти. Күндөлүк кытай элинин жашоо-шартына сүңгүп кирип ар кими өз тиричиликтерин өткөрүп калышты. Алды менен бирге жашашса, кийин турмуш шартка жараша экөө эки башка жашоого өтүштү. Алыбетте, эртели кеч баш көз болуп «балам» – андай кыл, мындай кыл деген ата-эне болбогондон кийин бирөөнүн эли-жеринде накта турмуштун нечен сырлуу сыноолоруна туш болушту. Ысыкка күйүп, суукка тоңушуп ар кими өз алдыларынча кайрат-күчкө толушуп калыптанышты, жашоо тиричиликтерин өткөрүү далалатында талыкпай жан үрөп аракеттеништи. Бирине-бири эс болуп, акыл-насыяттарын айтышып бир боор кыргыз туугандар иштеринен миң-бир эсе сыздап-боздогону менен сыртка эч нерселерин чыгарышпай, кудум эч нерсе болбогондой күндөлүк көр тирилик билинбей өтүп жатты.

Шакардай кайнаган жашоонун агымына кошулушуп күндөлүк жашоо турмуштун аракетинде эки бир тууган алды менен соода-сатык иштери менен аракеттенишип жашоолорун өткөрүштү. Шарап мырзанын иши жүрүшүп бул соода-сатык ишинде бара-бара калыптанып келе жатты. Алар Бээжинден акырындык менен Кытай республикасынын Иле областынын Көк Терек ооданында жашоо-тиричиликтерин өткөрө башташты. Күнүгө болбосо да күн алыс Кытай республикасынын борбору болгон Бээжин шаарына катташып керектүү буюм-тайымдарын алышып келип, аларды кайра сатып Көк-Терек ооданына толугу менен отурукташып калышат. Шариптин соода-сатыктагы иши уланып кеткени менен Шорукчу бир тууганынын иши анчалык жүрө бербеди. Муну андап түшүнгөн Шорукчу Көк Терек ооданынан да

четтеп айыл-кыштактарды мекендеп иштеп жүрүп бирин-экин мал кураштырды. Элибизде «кудай деген куру калбайт» – демекчи, тынымсыз аракеттенген эмгеги анын да багын ачып жашоо-тиричилиги оңоло баштайт.

Бой тарткан Шорукчу, эртели-кеч баскан турганы тың, сүйлөгөн сөзү орундуу, айткан сөзүн аткарган жарандардан болуп адамкерчилик кадыр-баркы күндөн-күнгө жашаган чөйрөсүндө көтөрүлгөндөн көтөрүлүп өзүнчө абройлуу азаматтардан боло алды. Албетте мындай зыңгыраган эстүү-баштуу мырзалар көз жаздымда калмакпы, өзүнө ылайыктуу жоро-жолдошторунун колдоосунун негизинде көңүлү тарткан «периштеси» менен таанышып, мамилелери күчөп сыр алышып жүрүп баш кошушуп үйлөнүп алышат. Жаштыктын жалындаган таттуу-ширин мезгилдери билинбей өтө берет. Элибиздеги «катын алсаң, отун ал» – дегендей үй-бүлөөдөгү бардык талаптарды акырындык менен камсыздандырышып жан үрөөдө баш кошкон эрди-катындын жашоолору уланып жатты. Мезгил деген учкан куштай күн санап, саат санап, секунд санап билинбей өтө берди. Шорукчунун колуктусунун да ай күнү жетип алар наристелүү болушат. Жаңы төрөлгөн уулунун атын Шорукчу ата жергиликтүү жоро-жолдошторунун сунушу менен Мангулда деп аташат.

Ошентип Жайыл атанын Теке уулунун уулу Шорукчунун баласы Мангулда Кытай элинде мындан 239 жыл мурун 1766-жылы жарык дүйнөгө көз жарган наристе экенин эч кандай далилдөөнү талап кылбаган табихый чындык болуп отурбайбы. Албетте Шорукчу атанын Мангулдадан башка балдар-кыздары жөнүндө эч кандай маалыматтар жок, мүмкүн кудай тааламдын аларга буйруганы жалгыз уулу Мангулда болгон чыгаар.

Аргасыздан, турмушта өткөн бир окуя эске кылт этип т үшүп, санааң санга, оюң ойно бөлүнөт. Абылай хан менен болгон каргашалуу кармашта Жайыл баатырдын чексиз кайраттуулугунан баатырлыгынан 30 миң чамалуу Абылайдын колу айосуз кыргынга учурап бүгүнкү карт тарыхка бул согуш «Жайыл каргышы» – деген ат менен аталып отурганын, болгондо да аны кандайдыр бир белгисиз инсан эмес, ошол кыргынга учураган Абылай хандын кара чечекей не-

береси Чохан Валихановдун жазуусу менен маалим болуп отурганына эмне демекчисиз урматуу окурманым.

Бул зарлуу турмушта акыйкаттык, калыстык болбогону менен карт тарых чындыкты кана ылгап тарых бетине калпып алаарын турмуш агымы айгинелеп отурганына өзүңүз күбө болуудасыз. Ошол кыргында Жайыл атанын уулу Теке баатырдын эки бөйрөгүн эки жагынан Канжар менен оюп алганына карабай, өлүм астында Абылай хандын сынамакка акыркы өтүнүчүңдү айтаарсың деген мыскылына жооп кылып ар намыстуу «жалдуу Теке баатыр» – берген атына минип Жайыл деп ураан чакырып, Жайыл деп утур бакырып көз ачып жумганча дүнүйө бейкапар турган топ казакты аралай чаап бирден жети казактын билермандарын «торойто-торойто» чаап аттан түшүргөнү акырында өзү да эки бөйрөгүнөн дирилдеп аккан кандан кансырап барып аттан кулап баратып «Жааайййыыл», «Жааайййыыл»– деген зар какшаганы бүтүндөй Ааламга болгон урааны мүмкүн коңшулаш Кытайга да жеткендир... Кудай таалам Теке баатырдын ураанына жооп кылып тукумун улап Кытай жеринде да Жайыл атанын чоберосин жарыкчылыкка алып келгендир...

Элибизде бекеринен «үмүтсүз шайтан» – деп айтпагандыр, болбосо жакшы ниет жан эритет дегендей болуп Теке баатырдын небереси Мангулда кытай жеринде төрөлмөк беле?

Уулдуу болгон Шорукчу кучак толгон кубанычын жашыра алмак беле, алыбетте бир боору Шарипке кабарлайт. Бөлөк эл – бөлөк жерде Шарип менен Шорукчу бир боорлор чогулушуп кыргыз тукуму кытайда да төрөлгөнүн өз ич ара белгилешип, кудай тааладан анын амандыгын тилешет. Шорукчунун жашоо-тиричилиги барган сайын калыптанып колундагы малы күтүрөп көбөйгөндөн көбөйүп колу узарып, өзү жашаган чөйрөнүн дөөлөттүү да, сөөлөттүү да инсандарынан болуп калат. Уулу Мангулда саат сайын эмес, секунд санап чоңойуп ал дагы эр азамат жигиттерден болуп, атасы Шорукчунун жеңилин жерден, оорун колдон алып, кадимкидей ишеничтүү арка-бел болуп эс тартат. Эртели кеч атасы Шорукчунун таалим-тарбиясын алып, айткандарын толук тыңшап угуп, өзүнүн түпкү негизи Алатоолук кыргыздын тукуму экендигин да бир эмес, миң ирээт уккандыр. Кыргыз болгондо да катардагы эле кыргыз эмес, бүтүндөй

кыргыз эли-журтун башкарган Жайыл бийдин чөбөрөсү экенинен толук кабардар болуп жүрөт.

Өзүңүздөргө белгилүү кыргыздардын негизги үрп-адаты, каада-салты ата-теги тарыхы укумдан-тукумга мына ушундай айтуу жолу менен эле кылымдардан-кылымга эч жерге жазылбай сакталып келе жатканына мына бүгүн деле күбө болуп отурбайбызбы. Кечээ эле, 1995-жылы Эгемендүү Кыргыз эли Манас эпосунун жаралганынын миң жылдыгын белгилеп майрамдап отурушпайбы. Баарыбызга белгилүү Совет дооруна чейин Манасты кыргыздар ооз эки эле айтып келишкен, айтканда да сааттап-күндөп эмес, Манасты айлапжылдап тынымы жок айтышканы тарыхый чындыктын накта далили эмеспи. Манасты бир айылдан бир эле киши эмес, бир айылда ондогон-жүздөгөн адамдардын айтышы, ал эми бүтүндөй кыргыз элинде миңдеген-миңдеген Манас эпосун айтуучуларынын бардыгы эч кимге жашыруун эмес да.

Ошентип Жайыл бий, баатырдын чөбөрөсү Кытай элинде да төрөлүп эр жетип чоңойуп жатты. Атайылап эртеликеч Мангулда да барган сайын кызыгып болгонун болгондой угуп-билип туюп жүрөгүнүн борборуна, тереңине «кыргыз» – дегенди купуя сыр түйүнүндөй сактап жүрдү. Мангулданын да жаштык балалык кези өтүп бой тиреген эр азаматтардан болуп атасы Шорукчунун кеп-кеңешине ортоктош эле эмес, акылына-акыл кошкон, кеңешине-кеңеш кошкон жардамчысы болуп калды. Абройлуу, таалим-таасири тартип-талабы күч үй-бүлөөдө эр жеткен Мангулда да эл оозуна өзүнүн токтоолугу, сабырдуулугу менен алына баштады.

Ата-эненин үмүтү жакшылык эмеспи, колдорундагы уулдары Мангулданы ыгы келген ылайыктуу жерге куда түшүп үйлөндүрүү алардын негизги милдеттеринен болуп калды. Мына басса-турса, эртели-кеч алардын тынчын алган нерсе ушул маселе жүрөктөрүн ээлеп алды. Акыры ата-эне, уулу Мангулда болушуп бир бүтүмгө келишти. Көптөн күткөн Мангулданын үйлөнүү тойу да болуп Шорукчу агабыз куда-сөөк күтүп, кадыр-баркы, зоболосу андан да көтөрүлүп калды.

Иниси Мангулданын үйлөнүү тойуна атасынын бир боору Шарип да үй-бүлөсү менен келип Шорукчунун кубанычына тең ортоктош болушту. Колдорунан келген жардамдарын беришип кол кабыш кылышты. Ошентип кытай элинде кыр-

гыздардан Жайылдай бий-баатырдан үч үй бүлөө пайда болду. Элибизде «той да болоор, тойдун эртеси да болор» дегендей, арадан билинбеген мезгил канаттуу куштай учуп өтүп жатты. Кудайым берээрин унуткан жок, баш кошкон жаш жубайлардын тун уулдары төрөлгөн күн да жетип келди. Кудайдын буйругу менен Шорукчу неберелүү, уулу Мангулда балалуу болду. Жаңы төрөлгөн наристени Бата деп аташты. Албетте бул сөздүн толгон токой сыр түйүнү жатканын кимдер жок деп, төгүндүккө чыгара алат. Ата-бабалардан элибизде «бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» – деп бекеринен айтпаса керек. Балким чыны менен кытайдагы үч үй бүлө Жайыл бийдин тукумдары ырымдап жаңы төрөлгөн наристени жакшы ниеттерди самашышкан максаттары иш жүзүнө ашсын деп «Бата» деп аташкандарында эч кандай күмөндүн жоктугун кийинки турмуштун агымы айгинелеп койгондой түрү бар (бул сөздүн учугуна дагы токтолоорбуз).

Ооба Бата атабыз «ак жолтой» болду десек жаңылышпайбыз, андай дегенимдин себеби Бата ата өзүнөн кийин бир эмес эки бирдей инилерин ээрчите келди. Батадан кийинкисин Батагүз, андан кийинкисин Байынтогуз деп аташкан. Ошентип Мангулданын катары менен үч уулу барабар чоңойушуп өсүп бой тартып келе жатышты.

Элибизде «кудайды көзүң менен көрбөсөң да, акылың менен тааны» деген накыл сөздөрү бар. Анын сыңарындай Жайыл атанын небереси Теке баатырдын уулу Шорукчу менен Үсөн баатырдын уулу Шарип экөө тең Кытай элине барып туруп калгандарына ондогон-ондогон жылдар билинбей өтүп кетти. Өзүңүздөр көргөндөй турмуштун агымына байланыштуу экөө тең үйлөнүп-жайланышып бала-чакалуу болушту. Ал эле эмес балдары да эр азаматтардан болуп Шорукчу атанын уулу Мангулда үйлөнүп ал дагы бир эмес үч азамат Бата, Батагуз жана Байынтогуз аттуу уулдарлуу болгондугун маалымдап отурабыз.

Мына ушундай эле жакшылыктар Үсөн баатырдын уулу Шорукчу атада да болуп жатканы жөнүндө бизде эч кандай маалыматтардын жоктугунан ал жөнүндө эч нерсе жаза да айта да албай отурабыз. Албетте бул Шарип атанын балдары укум-тукуму да бутактап өсүп-өнүп турганын акыл кал-

чап эле элестете алабыз. Балким мезгил туура келип бизден кийинки Жайыл атанын урпактарынан чыгаан уулдары чыгып бул тарабын да толугураак чечмелеп сыр түйүнүн толук жандырганга мүмкүнчүлүктөрү келген да учур келээр деген зор үмүттөбүз. Мындан ары биз Теке баатырдын уулу Шорукчу атанын укум-тукумунун тарашынан колдо болгон маалыматтарды берээрибизди белгилеп койолу.

* * *

Ооба Мангулда атанын үч уулу – Бата, Батогуз жана Байынтогуздар барабар бой тартып эр жетишти. Алар да өздөрүнө жараша жоро-жолдошторду күтүшүп калайык калктын калың катмарына алына баштады. Үчөө барабар биринен бири өтүшүп эр жүрөк бакыбат жигиттерден болушуп, ошол учурдун талабына ылайык улуттук ойун-шоокторго активдүү катышышып Мангулданын балдары, Шорукчунун неберелери деп кадыр-барк күтө баштады. Өтө баса белгилөөчү нерсе булардын эне тилин урматтап сыйлашып дайыма эне тилинде сүйлөшүп кыргыз элинин үрп-адаттарын унутпагандыгы болуп отурат. Мангулда атанын да Теңиримден тилеген ак тилектери аздан орундап уулдарына улуулата үйлөнтүп-жайлантып куда-сөөк күтүп тамыры барган сайын жайыла баштайт.

Барабар өсүп келе жаткан ага инилер арасынан инилеринин агасы Бата мырзанын колунан кандай иштер келсе, акыл-эси тунук тилинен да ошондой иш келген эр азаматтардан болуп сөзгө чечен болуп чыгат. Албетте жашоодо акыл эмгеги менен күч эмгеги барабар эл арасына тарааары барыбызга маалим. Бата өзү жашаган Көктерек өрөөнүндө аттын кашкасындай калайык-калкка алынганы аз келгенсип ал коңшулаш Үрүмчү шаарына, өрөөнүнө да тез-тез каттап алар менен карым-катышы күчөгөндөрдөн. Белгилей кете турган нерсе, Көктерек өрөөнүнүн башы көк тиреген түбөлүк эрибеген көк кашка болгон муз мөңгү тоолорун ашып Үрүмчү шаарына, Үрүмчү өрөөнүнө катташып турушкан, албетте мунун баарын күнүмдүк өткөн жашоо турмуштун зарылчылыгы мажбурлаганы айдан ачык.

Өзгөчө баса белгилей кете турган нерсе бул ошол Көктерек өрөөнүнүн башындагы түбөлүк эрибеген муз тоолору бол-

мокчу. Бул муз тоолору кыштын чилдесинде бороон-чапкын аяздын кычыраган суугуна кар жылдан-жылга көбөйүп топтолгондон-топтолгондугу. Кыш өтүп жаз-жай келгенде кышында топтолгон карлар акырындык менен эрип көк жылгаяк болуп калмайы бар. Ал эле эмес күн ысык тийген жылдары алиги түбөлүк эрибеген өрөөн толо муз тоолору чарт-чарт жарылып кеткен учурлары болот. Албетте мындай муз ашууларынан дайыма өтүп жүргөн адамдар турмуштун оорчулук татаал татымдарын баштарынан өткөрүшүп өтө тажрыйбалары артык болот. Ар дайым алардын минген аттары эмчектүү такалар менен такалангандыгы, ошондой эле канжыгаларында кол аркандын бөктөрүлгөндүгү, керек болсо ат жабуулары менен сапарга чыккандарын ар бир эле адам баласы чечмелеп биле бербес. Эмесе бул жогоруда аталган буюмтайымдардын ар биринин купуя сырын чечмелөөгө өтөлү.

Албетте мындан эки-үч кылым мурда өткөн Кытай республикасынын Көктерек өрөөнүнүн башындагы түбөлүк муз тоолорундагы өз көзүбүз менен көрбөгөн бирок болгон окуяларды мындай болуптур, андай болуптур дегенибизден мурла кечээ эле мындан 40-50 (кырк-элүү) жыл мурда өз башымдан өткөн бир окуяны айтып өткөнүм оң болчудай.

Бүгүнкү Баткен областынын Кадамжай (Фрунзе) районуна караштуу эт-сүт жана жашылча-жемиш өстүрүү боюнча адистештирилген Кадамжай совхозунда 1966-1970-жылдары чарбанын башкы ветеринардык врачы болуп иштеп калдым. Совхоздо жыл башына карата бир жарым миң жылкы, үч жарым төрт миңден ашык кара мал, кырк миңден ашык кой-эчки жана жыйырма беш миңге чукул канаттуу куштары (тоок) болоор эле. Кара малдары айыл-кыштактардан анча алыс эмес жазгы-жайкы жайлоолорунда жайланышчу. Ал эми жылкылар ошондой эле койлору Ош областынын узаккы жайкы жайлоолору Чоң-Алай өрөөнүнө жайланышчу. Чоң-Алай өрөөнүнүн жайкы жайлоолору ал жагы Тажик республикасынын Жергетал району менен чектешкен жерлери жайлоолору көп. Бул узаккы жайкы жайлоого малдарын айдаган жылкычы-койчулар Кадамжайдын жайлоолорунан айдап Кадамжай менен Айдаркен шаарчаларынын ортосундагы «Бел» ашуучунан түштүктү карай Айдаркен өрөөнүнүн башы менен өрдөп Кум-Бел ашуусун (дава-

нын) ашып Алоудин өрөөнүнө түшөт. Бул өрөөндө айдап келе жаткан малдарын бир-эки сутка эс алдыра жайып андан нары «Карыбок баш» ашуусун ашып ал жагы Чоң-Алай өрөөнүнүн Көк-суунун жээгине түшсө, экинчи жагы бу Көк-суу өрөөнүнө түшпөстөн Карыбокбаштан түз эле Жолбокбаш ашуусу менен 10–15 чакырым туңгуюк ак кар, көк муздун үстү менен жүрүп отуруп Тажик республикасына чектеш Шумкар тоо кыркаларына келип түшүшөт. Өтө кызыгы мына ушул ашууларды июнь айында ашып өткөндө ак кардын үстү менен өткөндө эч кандай кыйынчылыктар байкалбай өтүп кетишет да жайы менен ал жерде малын багып бийик тоолуу жайкы жайлоодо баккан малдарын нык семиртилишине жетише алышат. Бул жерде жайкы жайлоодогу малды туз менен камсыз кылуу маселеси өтө оор болоор эле, анткени мындай бийик тоолуу ашууларда ат-төөгө тузду жүктөп жеткирүү иш жүзүндө болбой турган нерсе болсо, экинчи иш жүзүндө Кадамжай совхозунун борборунан эле беш-он автомашинасына тузду жүктөп алып Кадамжай–Ош андан ары Ош–Дарауткурган – Кара-Тейит маршруту боюнча алып барып жеткирчүбүз. Аралыгы Кадамжай–Ош – 150 чакырым болсо Ош Дараут (360 чакырым) Дараут–Каратейит (65) чакырымды түзөт. Ал эми Каратейит айылында түшүрүлгөн тузду жылкычылар, койчулар атайын ат-төөлөрү менен келишип жүктөп кетишет.

Өтө кызыгы мына ушундай узак жол менен тузду алып келгенче, жайлоонун кубаттуу чөбүн оттогон койлор бир жумадан кийин туз сураганына чыдабай чабандардын чатырларын, боз үйлөрүн тытмалап жеп жибергендиги болуп эсептелет. Ошондуктан жайлоого жеткен койчу-малчылар дароо эле «туз-туз» деп, тынчсызданышат. Ал эми тузду алып келип койлорго күнүгө эртели-кеч аз-аздан резина баллондордон кесилген аштоолорго салышып берип жүрүп койлордун тузга болгон талабын канааттандырышат. Эгерде туздун баарын аштоого толо салып койсо абдан туз сураган койлор ашыкча жеп алып тузга уулугуп өлүм-житимге учураган күндөрү да көп болгон. Албетте биз негизги багытыбызлан четтеп кеткенибиз үчүн окурмандарыбыздан кечирим сурайбыз. Эмесе жогоруда айткандай жайкы жайлоодо нык семирген койлорду-жылкыларды август айынын аягында кайра ай-

дап кетүү маселеси башталат, мына ушул жерде малчылардын түйшүктүү ишин кыйынчылыктарын толук айтып бүтүп түгөтө албайсыз. Мөңгүлүү муз тоолорунун үстүнкү катмарындагы жылынкы жааган карлардын көбү эрип көк жылгаяк муздардын пайда болгону, көп жерлерден койлорду чубатып кыялап айдап жүрүп, акыры жарылган эки-үч метр келген муз жаракаларына арчадан көпүрө жасап койлорду өткөргөн учурлар көз алдымда элестеп турат. Мына ушундай кыйынчылыктардын биринде Кадамжай совхозунун биринчи бөлүмүнүн кой ферма башчысы Пузулуев Абдыкадыр ага минип келе жаткан атынан түшүп муз үстүнөн кыялай жетелеп келе жатканда минген аты жылгаяк көк муздан тайгаланып учуп жөнөп жарылган муз аңына түшүп кеткени болду. Муз жаракасы үстү жагынан эки-үч метр болгону менен ал жарык тарып кетээрин ошондо билдик. Абдыкадыр аганын учкан аты муз жаракасынан түшүп кетип муздун кысыгына кептелип калганы аттын онтогон добушунан даана угулуп турду. Өтө өкүнүчтүүсү чабан-малчыларга делген алардын эки айлык маянасы (куржундагы) акчалар кошо аты-паты менен куржундун кошо кеткени болду. Андай кыйынчылыкта ар ким өзү менен өзү, анткени ар бир чабандын карамагында бир отор койу (500 баш) ошону көзөмөлдөш керек, бүт жоопкерчилиги мойнунда. Ошондой болсо да алды арттагы чабандарды эптеп токтотуп колдо болгон жогоруда айтылган кыл аркандарды улаштырып муздун жаракасына түшүп кеткен аттын канжыгасында байланган куржундагы акчаны алып чыгуу үчүн көпкө кеңешип салмагы жеңилирээк Койчуман деген чыйрак жигиттин белинен арканды арчындап түшүрдүк. Бул эмгегибиз текке кетти, анткени жаракага түшкөн аттын онтогону угулуп жатканы менен аттын өзүн көрө албагандыгы, экинчиден эки кабат аркандын бир кабаты музга тилинип эшилип бара жатканы себеп болду. Жаракадан түшүп бараткан Койчуман өзү муз жаракасына кептелип калып аркандын музга кесилип баратканын көрүп калып кайра тарткыла эле, тарткыла деп кыйкырганынан кайра тартып алганыбызда арчындалган арканды муздун кыры куду бычактай болуп кесээрин өз көзүбүз менен көрүп ишендик. Койчуманыбызды кайра тартып зорго аманэсен алып калганбыз. Балким мына ушундан айтылып кал-

ган макал болушу да ыктымал «ач көз бай өлгөн аттын тасасын издеп алты ай жер казыптыр» деген эл макалы ойго кылт этти. Ошентип түбөлүк эрибеген мөңгү муз тоолорунун жаракасына Абдыкадыр ферма башчысынын аты-токуму, акчасы менен түшүп кетип аны топтошкон эл эптеп чыгара албай анан кеткенбиз.

Куду мына ушундай эле окуя, Кытайдагы Көктерек өрөөнүнүн башындагы түбөлүк мөңгү-муз тоолорун ашып Үрүмчү шаарына, өрөөнүнө өтүп бараткан Бата атанын башынан да өткөнүнө эми токтололу. Бата ата жогоруда айткандай Көктерек өрөөнүнөн Үрүмчү шаарына жөнөп жогоруда белгиленген мөңгү-муз ашуусунан өтүп баратып, жардам сураган добушту кулагы чалып калат. Өзүнө-өзү тың, алдуу-күчтүү Бата ата абайлай бастырып жардам сураган добуш чыккан тарапка этияттык менен жакындап барса анча чоң эмес муздун жаракасына аты-паты менен кептелип калган бир инсанды көрөт. Муздун жаракасындагы адамдын жалынып-жалбарганын уксаңыз тим эле үнү кудайга жеткендей. Бата ата аттан түшүп, акылды токтотуп, ал жак, бул жагын карап байкагандан кийин канжыгадагы жоондугу билектей болгон кыл арканын чечип анын бир учун аңдагы адамга түшүрөт. Аркан колуна тийген адам эптеп атынын басмайылынан жана экинчи учун аттын мойнунан байлап бекитип өзү аркан аркалуу жаракадан чыгат. Жаракадан чыккан кытай улутундагы адам экен, ал экөөлөп жатып кептелген атты тартып эптеп сыртка сүйрөп чыгышат. Болгон окуянын чын-төгүнүнө көзү жетип-жетпеген тиги запкы жеген кытай инсаны Бата атага рахмат үстүнө рахматын айтып жанында болгон тыйын-тыпырын аңтарып-теңтерип болгонун Бата атага берет. Бата ата болсо тиги кытай инсанынын бул аракетине таң калышта карап жок андай болбойт, биздин крыгыздарда бул ишти «соопчулук»–иши дейт, бул жакшылык акчага бааланбайт, эгерде мен сиздин берген арзыбаган тыйыныңызды алсам Теңиримден мага соопчулук ишим кабыл алынбайт деп эптеп түшүндүрүүгө аракеттенип берген акчасын албай койот. Кытай атуулу күлүмсүрөп Батанын мамилесине аң-таң калып демек кыргыздын сооп дегени кытайдын акчасынан миң эсе кымбат тура деген түшүнүк пайда болот. Өзүнчө Бата атага ырахматын айтуу менен анын

кайдан кайсыл айылдык экенин аты-жөнүн сурамжылап толук маалыматын алат. Ошону менен экөө эки тарапка өз сапарын улантышат. Албетте  бул окуя Бата ата үчүн кыргызча жөн кана «соопчулук» ишин аткардым деп кана эсептегени менен бул окуя кытай инсанына өтө таң калыштуу болду, а бул кыргыздарда акчадан да баалуу, улуу болгон «сооп» – деген иштери болот тура деп, аман-эсен калганына аябай толкунданып бара жатты.

Арадан мезгил билинбей өтүп жатты, жай айланып күз келди, күз айланып кыш келди, кыш өтүп жаз келди дегендей күнүмдүк көр тиричиликтин камылгасы менен алп урушуп жашоолор өтүп жатты. Бата, Батөгүз жана Байынтогуздар жашаган Көктерек өрөөнүнүн негизги тургундары калмактар болгондуктан аларда кезектеги занги (айыл өкмөтү) шайлоонун жүрүшүнө карата кам көрүшүп айыл-айылдарда эл-журтка алымдуу кадыр-барктуулары, ишкерлери, илим-билимдүүлөрү тымызын ич ара күрөштөрү башталган учур. Негизги максаттары айыл өкмөтүнүн башчылык бийлигине жетүү. Мындай калың калктын арасында жашагана бир-эки түтүн кыргыздардын капарына занги (айыл өкмөтүн) шайлоого катышса да шайлануу жөнүндө үч уктаса түшүнө кирбеген нерсе деңизчи. Күндөрдүн биринде дүнүйө бейкапар жаткан Батанын үйүнө шашылган калмак чабарманы чапкылап келип Бата атаны шаштырып калат.

– Бол эле бол бурут, тез камдан, бат аттангын. Сени кытай төрөсү тез келсин деген буйругун берди.

Бол эле бол бурут, деп демиккен демин  зорго алат. Муну уккан Бата мырзанын «санаасы санга, ойу онго» бөлүнүп, бул кытай төрөсү чакырткандай эмне иш кылым койдум, дагы кандай балакет басканы турат деген кыжаалат кылган ойлор биринен сала бири чубап көз алдынан өтүп жатты. Ушунча жашап бирөөнүн мышыгын «пыш»–дебеген жаныма бу калмак, кытайлар эмне балакетин ойлоп табышты деген ой пикиринен кетпеди.

Баласынын тынчсызданганын сезген Мангулда ата да жүрөгү бир аз опкоолжуганы менен сыр бербей, сабыр тут уулум, акылды калча, ачууга алдырба деген керээз сөздөрүн айтып уулу Батаны чакырган болсо бар деп  жөнөтүп жатты. Элибизде «дүйнөдө эмне күлүк санаа күлүк, жашооңо,

турмушуна салып бүлүк» – демекчи Бата үйүнөн чыгып айылдын борборундагы кеңсесине келгенче башына нелер келип, нелер кетпеди дениз. Ошентип сар санаада келе жаткан Бата мырза да чакырылган жерге кандай жеткенин билбей да калды. Аттан түшкөн Бата мырза топтолгон көпчүлүккө бет ала басты.

Көпчүлүктүн арасынан суурулуп чыгып кытай төрөсү утурлай басып тосуп чыгат.

Бата караса, өткөн жылда мөңгү муздан баягы өзү муздун жаракасынан зорго чыгарган кытай адамы экенин көрүп, көргөн көзүнө өзү да ишенип-ишенбей турду.

Кытай төрөсү да Батаны көргөндө кубанычын жашыра албай жадырап-жайнап эки кулачын жайып Батаны куду бир боорун көргөндөй кош колдоп кучактап калды, албетте Бата да кытай төрөнүн жообуна жооп кылып кучакташып калышып, бири-бирине кандайсыз деген суроолорун узатып жүздөрүнөн нур жайышты. Шайлоонун шарапатына чогулган калмактардын баардыгы кытай төрөсүнүн утурлай басып барып Батаны тосуп кучактап көрүшкөнүнө аң-таң болуп карап турушту. Айтылбаганы менен бул жерде бир туңгуюк чечилбеген айтылбаган сыр түйүнүнүн жатканын алар өзүнчө туйуп жатышты.

Кытай төрөсү көпчүлүк калайык калкка кайрылып өз бүтүмүн чыгарып бүгүнкү күндөн баштап силердин заңгиңер мына бул Бата Маңгулда уулу деп жарыялап Батага колун сунуп аны куттуктап жатты. Котологон калың калмак элине кайрылып, оң кулагыңар менен да, сол кулагыңар менен да уккула! Бата Мангулда уулунун силерге занги экендигине менин буйругум деп кесе айтты. Эсиңерде болсун! деп, калмак элине эскерте да кетти. Бул буйруктун чыгышын Бээжиндеги ак үйдөн кытай өкмөтү талап кылып отурат дегенде, бирин-серин көпчүлүк арасындагы күбүр-шыбыр кептер тыптынч болуп тынып калды. Кытай төрөсү зангинин мөөрүн да Бата мырзага тапшырып берди. Батанын ишине ийгиликтерди каалап кош колдоп колун кысып жүзүнөн нур жайып Бата деп үнүн чыгарып «сооп» – деп күлүмсүрөдү.

Ошондо гана Бата мырзанын ойуна өткөндө кытай инсандын берген акчасын албай бул иш «сооп» – дегени эсине келди. Көрсө кытай төрөсү да «сооп ишине сооп» деп берген жообу экенин боолголоду.

Ооба калмактар бул кытай төрөсү менен эки үйлүү кыргыз (буруттун) «соопко-сооп» – деген сөздөрдүн купуя сырын чече алышпай баштары катышты. Элибизде бекеринен «жакшы менен жанашсаң мураска жетээрсиң, жаман менен жанашсаң мээнетти табаарсың» – деген сөзү калетсиз айтылганынын дагы бир далили эле. Ошентип ойдо жок жерден, күттүрбөй келген бул бакыт – Бата мырзаны – калмак элине занги кылып дайындап кетти. Бөлөк эл, бөтөн жерде зангилик кызмат-мансап бийлигин калыстыкта кармаган Бата жыйырма беш жыл (чейрек кылым) калмак элинде бийлигин жүргүздү. Ал калмак, казак, кыргыз, уйгур, кашкар деп улутка урууларга бөлүштүрбөдү. Иштин ар дайым акыйкаттыкта, ак көңүл, кең пейилдикте ак чечмелеп бүтүмүн чыгарууга аракеттенди. Өзүнөн улууларды урматтап, кичүүлөргө сый кылып эч бир инсандын көңүлүн ооруткан жок.

Албетте мындай абалга, кадыр-баркка жетүү да оңойолтоң боло койгон жери жок. Жалгыз үйлүү буруттун (кыргыздын) калмактарга занги болушу алардын ичин күйгүзүп көралбастыктарын күчөттү. Жалпы калмактар кеңешип алып Бата мырзаны эптеп шылтоо таап иштен алууна да көздөгөн ондогон айла-амалдарды иштеп жатышты. Эмесе ошондой ой-максаттарынын бирин ортого сала айта кетели. Бата зангини калмактар шылдыңдоо максатында атайы меймандчылыкка чакырышат. Бирок мурдагы келишим кеп-кеңеш боюнча занги Бата (бурут) келгенде аны изаат кылып эч ким тосуп чыгып атын албайт, салам да айтпайт, эгер ал салам айтса эч ким алик да албайт. Үйгө киргенде этегинен төрүнө чейин тирелишип отуруп алышып эч кими жаңы занги Батага орун бербеши керек. Мына ушунда гана Батанын зоболосу түшүп, шагы сынып, ыза болуп, шылдың болуп бул калмактарга бийлик кыла албасына көзү жетет деген бүтүмгө келишет.

Ооба, иштин баары ойлогондорундай болуп орундалып жатты. Бата занги чакырган жерге айтылган убакытта келсе, айлана жым-жырт, кыбыр эткен жан жок, аны тосуп чыгып атын алган да адам жок. Булардын бул кылыгын көрүп Бата дароо бул жерде иштин башкача болуп жаткан сыр түйүнүнүн дароо сезип, сабырдуулук менен токтоо гана аттан түшүп, атын мамыга байлап койуп жай баракат чакы-

рылган үйгө бет алып басканда, боз үйдүн ичинен калмактар мурдагы пландаштырылып алгандай, сыртта келе жаткан Батага угуза калмакча «Хотун ноен болвахорма закы болва» – деген сөздөрүн айтып жатканын кулагы эшитип калат да, баягыдан да чыйралган Бата кайраттана түшөт. Бул айтылган сөздү кыргызчалаганда «сарт төрө болду, этек жака болду» деген кемсинтип, шылдыңдоо сөздөрү эле.

Бата мырза боз үйдүн эшигин шарт ачып: «Абрибаанти»– деди (Атсалоумалейкум). Боз үй жык толо тирелип отурган калмактардын бири да ооз ачып алик алышпады, боз үйдө эч адам жоктой жымжырттык өкүм сүрүүдө, кудум талкан сугунуп алышкансышып. Узун бойлуу эки далысына киши отургандай кең далылуу алдуу күчтүү келбети келишкен Бата мырза боз үйдө отурган калмактарды башынан-аягына чейин кыдырата бир сыйра карап чыкты да түз эле отургандарды жара басып төргө өтүп, төрдө отурган эки аксакалдын ортосуна отуруп, экөөнү эки жакка ыкшап-ыкшап орун бошотуп малдаш токунуп жайма-жай отуруп көпчүлүккө кайрылып:

«Хотун ноен болнагед кена санамди баажи, бурутун ковун амбал болнагед кена сананди баажи» – деди. Бул: Сарт төрө болот деген кимдин оюуна келиптир, кыргыздын баласы болуш болот деген кимдин оюуна келиптир дегени эле.

Элибизде «ала кушту атынан чакыр» – дегендей, туура айтылган сөзгө боз үйдөгү жык жыйма отурган калмак элдеринин кадыр барктуулары, нарктуулары, сөөлөттүү-дөөлөттүүлөрү баш ийишип Бата мырзанын зангилик кызматын таанышкан тура. Батаны чын ниеттери менен конок кылышып ак пейилден достошуп анан тараашты. Жогоруда «көз ачып-жумганча болгон окуя» – тез эле калың калмак элинин учу-кыйырына чагылгандай тездикте тарап кетти. Ачыгын айтсак калмактардын иш пландары орундабай калып, Батанын чечкиндүүлүгү оруну менен сөздү таба билген сөзмөрлүгү, чечендиги анын зоболосун дагы бийигирээк көтөрдү, абийирине абийир кошту.

Бата болуштук бийлигин жүргүзүп жүрүп калк арасындагы бирин-серин качкан бозгон кыргыздын башын бириктирип өзүнчө кыргыз айылын курушту. Айылга мечит салдырышты, мечитте жаш өспүрүмдөрдү окутуп таалим-тарбияларын беришти. Бара-бара топтолушуп отуруп өзүнчө чоң

кыргыз айылына айланганын ата-бабаларыбыздан кептелип отурат.

Ошондой бирин-серин жүргөндөрдү кураштырып журт кылгандардын арасындагы Байымбахы, Харбатыр жөнүндө айтпай кетсек чекилик болор, анткени алар азыркы Челпек айыл өкмөтүндөгү чоң урууларда. Кыргыз элинде «Курама топтон журт кылган, кулаалы таптап куш кылган» – деген макалдын чыгышынын негизинде мына ушулардын жатканы анын чындыгынын далили эмеспи.

Түп жагын териштирсе негизи Адигине уруусунан тараган наманган тараптагы кыргыздардан Баакы, Харки деген жигиттер мезгилинде тириликтин айынан соода-сатыгын жүргүзүшүп жер оодарып Наманган–Токмок андан ары кытайга чейин катташып турушкан тура. Барган сайын иштери жүрүшкөн ага-ини соода-сатык ишинин аркасынан сая түшүшөт. Кезектеги Кытайга соода-сатык менен келгендеринде алып келген буюм-тайымдарын өтө кымбат бааларга сатышып дүнүйөгө маарышкан ага-инилердин кубанычтары коюндарына батпай мына бүгүн эртең эли-журтка кайтабыз деп узакка сапарга камынышып жаткандарын баамдап калган ичи бузук жергиликтүү калмактар алардын буюм-тайымын толук тоноп кетишет. Кечээ эле бапырап бардамсынган ага-ининин шорлору катып мүгдүрөп мусапырчылык моюндарына түшүп калышат. Элибиздеги «Жакшы болуш аста-аста, жакыр болуш бир паста» – деген макала мына ушундай турмуштан улам чыккан кеп тура.

Мусапырчылык башка түшкөн Бакы менен Харки экөө эми өлбөстүн күнүн көрүшүп ошол жерде эптеп тиричиликтерин өткөрүп жашап калышат. Совет доорунун дүркүрөп өсүп өнүккөн мезгилинде экспедициядан-экспедициялар түркүн илимий-иликтөөлөрдү жүргүзүү күч алган учурда 1939-жылы Ленинграддан келген тарых изилдөөчүлөрү Каракол-догу сарткалмактарга келип Байынбахы уруусунан бирөөлөрүнө жолукканда ал киши өз билгендериндей кылып бурмаланган терс маалыматтарды берген. Албетте мындай туура эмес маалыматтардын негизинде накта тарыхый чындыктар бурмаланып бузулуп калайык калктын нааразылыгы туулат. Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал тарыхчы, санжырачыларыбыздын бири болгон. Эсенгул Төрөкан

уулу «Сарткалмактар негизинен монгол-кытай жакта жашашат деген бүтүмүн берген. Иш жүзүндө ал жакта ошондой уруу бар экендигин эч ким далилдей да албайт. Андан ары Кыргызстандагы сарткалмактар Кытайдан Орто Азияга жер оошуп келген батыш монголдордун (олоттордун) тобу деп айтылат. Алар 19-кылымдын экинчи жарымында Цин династиясына каршы кытайдагы дунгандардын көтөрүлүшү жеңилгенден кийин Ысык-Көлдүн айланасына жер которушуп келишкен. Булардын тили, дини башкача болгон. Көлдөн келгенден кийин-кыргыздын эли болуп калышат да Мухаммеддин ислам динин кабыл алышкан, – деген маалыматтарды берген. Булардын баары жалган маалыматтар. Анын бир далили катары жогоруда көрсөтүлгөндөй Бата атабыз калмактарда болуш болуп турганда эле качкан-тоскон бирин-экин кыргыздардын башын кошуп өзүнчө кыргыз айылын курушуп бирдикте жашашканы, аларга деп атайы мечит салышып бул медереседе балдар окуп сабаттуулукка үйрөнүшкөнүнөн сөз болбоду беле. Ал эми бул сарткалмактардын арасында адигине, солто, кыпчак, жедигер, тынымсейит, сарбагыш урууларын түзөөрүн жогорудагы маалыматтарды берген санжырачылар эч кимден сураган да сураштырган да эместиги болуп отурбайбы. Кытайда бүтүндөй бир уруунун жеке тарыхтары толугу менен бурмаланып калышына алып келгендиги өтөмө-өтө өкүнүчтүү.

* * *

Сарткалмак уруусу кайдан чыккан? – деген жүйөөлү суроо туулат. Көлдө болгон маалыматтарга жана ата-бабаларыбыздын айтып келе жаткан баяндамаларына таянып аныктама берүүгө аракеттенели.

Ата-бабаларыбыздын берген аныктамалары боюнча ошол кезде калмактардын арасына барып жашап калган кыргыз казак, өзбек, уйгурлар жалпысынан – сарт деп аталган. Алар калмак кыздарына үйлөнүшүп бала-чакалуу болушкан. Алардын балдары да калмактардын кыздарына үйлөнүшүп очор-бачар болуп турмуш курушкан. Мына ушундай көрүнүштөр менен үч-төрт аталардын тукуму өтүп кеткенине күбө болуудабыз. Ошондон улам жогоруда сарттар деп аталган инсандардын алган аялдары калмактын кыздары болгондуктан

сарттар калмак кыздарга баш кошушуп ортодон «сарткалмак» – деген уруусу чыгып отурбайбы.

Аңгемебизди кайрадан Баакы менен Харкинин жашоо тиричилигинин өтүшүнө буралы. Жогоруда көрсөтүлгөндөй таланып-тонолгон бул эки бир тууган өлбөстүн күнүн көрүшүп ошол жердеги оокаттуу байлардын ар кандай иштерине жалданып иштешип күнүмдүк жашоолорун өткөрүшкөн.Ага-туугандардын улуусу Баакы соода-сатык иштерине кызыгып, күнүмдүк жеген бир үзүм нанынан үнөмдөп отуруп соода тармагына баш оту менен киришип иши жүрүшүп калат. Баакы жергиликтүү калмактын күнүмдүк сойуп саткан малдарынын (ичеги-карын, баш-шыйрагын арзанырaак) сатып алып аларды толук жууп-тазалап, баш-шыйрактарды куйкалап тазалагандан кийин кайрадан базарга алып чыгып сатып турмуш-тиричилигин оңдоп алат. Мына ошентип бирди-экиге, экини-үчкө улаштырып арттырган тыйын тыпырына бир тай сатып алат. Муну байкаган калмактын байы кудайдын куттуу күнү көз салып жүрүп Баакыны чакырып алып – сен азамат жигит экенсиң, сен байый турган адам экенсиң деген алкоо сөздөрүн айткан тура. Ошо күндөн баштап калмак байы Баакыны (байы бат) Бакы деп атап калат. Баакыга качан кайрылса да Байы бат Бакы деп жүрүп Баакыбыз-Байымбакы же Байбакы деген ысымдуу болуп калган.

Байымбакы да жашоо турмушу оңолгон соң, жергиликтүү калмактардын кыздарынан көңүлү тарткан кыз менен сүйлөшүп жүрүп ага баш кошкон. Алардын алоологон сүйүүлөрүнөн Үмка, Худаменди, Курман аттуу балдары төрөлгөн экен. Ал эми казак аялынан болсо Хоола, Ходар (Жункеевдер) аттуу балдары төрөлөт. Калмак аялынын улуу баласы Үмкадан – Манка, Манкыр, Баткүндүлөр төрөлөт. Ал эми Худамендиден болсо – Абудхар, Баяш, Нуудунчу, Незмат, Бебя, Назарлардай балдарлуу болот. Баяш үй-жай күтүп анын – Хотунба, Санбайыр, Шаник, Буюнжа аттуу балдарлуу болгон. Байымбакынын калмак аялынын кенже уулу Курмандан Ката, Абдрахман аттуу балдары төрөлгөн. Ушу жогоруда аталгандардын бардыгынын этек-жеңи жайылган бүгүнкү айылыбыздын чоң уруусу болуп отурат.

Элибизде «атадан алтоо болсоң, ар жалгыздык башка келет» – дегендей. Баакынын (Байымбакы) бир тууганы Харкинин жашоо турмушуна токтололу.

Харки агасы Баакыдан бөлүнгөнү, ошол жерлик жергиликтүү калмак байынын малын багып тиричилигин өткөрө баштайт. Бара-бара байдын ишенимдүү жылкычысы болуп калмак байдын күлүктөрүн таптап, суутуп саяпкерлик иштерин да жүргүзүп өзү курдуу малчылар арасында кадырбаркы арта баштайт. Харки өзү да мүчө-башы келишкен мүчөлүү, кең далылуу, алдуу-күчтүү баатыр жигит болгон. Өзүнө тиешелүү иштерди айттырбай бүткөргөн, шум жигит болгон тура. Анын шумдугунан бир болгон окуяга токтололу: Харки калмак байдын алчаңдаган аргымак күлүктөрүн суутуп, таптап жүрүп, алды тарапта арыктан суу алып жаткан аял затына көзү түшүп, аны жаш экен деп ойлоп ага тийиишкиси келип аккан арыктагы сууга аттын тезектерин салып жиберет. Аккан тезек ана-мына дегенче суу алып жаткан кемпирдин көнөчөгүнө түшөт, аны байкаган кемпир дароо «чуу» көтөрүп тополоңду баштайт. Харкинин тилеги таш каап, кыз экен деп ойлогону аял заты калжаңдап карыган кемпир болуп чыгат. Албууттанган калмак кемпири көбүрүп-жабырып Харкини каргап-шилеп, боктоп-сактап, оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып көз ачып жумганча «уу-дуу» чыгарып жиберет. Муну угуп турган Харкинин чыны менен айласы алты кетип, оозунан «быссымылдасы» – түшүп эмне кылышын билбей эси ооп калат. Акыры акылын токтотуп келип калмак кемпирге жалынып-жалбарып, ит болдум куш болдум деп, кечирим сурап жатып, зорго калмак кемпирдин ачуусун басат.

Мына ушундай окуядан кийин Харкинин оюнан бир нерсе кетпей бирде болбосо бирде баягы кемпир болгон ишти калмак байга айтып күнөө койуп айыпка жыгаарын элестетип, кой бул кылыгым болбостур, андан көрө алтын баштын амандыгында эптеп бул жерден кетип кутулушум керек деген пикирге токтолот. Ал бул максатын иш жүзүнө ашыруу үчүн өзү таптаган тулпар күлүктөрдөн тандалма экөөнү суутуп узаккы сапарга даярдай баштайт. Эртели кеч калмак бай менен жолугушуп, анын иш билги орун басарларынын каш-кабагын байкап өзүнө оңуттуу шартты күтүп жүрдү.

Ошентип болжогон күндүн да ыңгайы келгенде Харки күлүктөрдүн бирин минип экинчисин коштой жетелеп беттеген жагына качып жөнөйт. Калмак байынын тыңчылары Харкинин баскан-турганынан көз кырын албай жүрүшкөн

кожойундарынын дайындоосу менен. Алар Харки качаар менен болгон окуяны болгондой калмак байына жеткирип келишет. Бул кабарды укканда калмак байы, көптөн бери шекшип жүргөн нерсеси, иш жүзүнө ашканын угуп, бөтөнчө мен деген бир эмес, эки бирдей күлүгүнөн ажырагандыгына ичи туз куйгандай ачышып, жамбаштап жаткан ордунан секирип туруп жардамчы кызматчыларын чакыртып, аларды бир сыйра жилкип ашата сөгүп алып Харкинин аркасынан мен деген балбан шылуун жигиттерин куугунга түшүрөт.

Элибизде «качкан да, кууган да кудай дейт» – дегендей, качып бараткан Харкинин кудай-кудайлап тиленгени эптеп качкан боюнча кайра колго түшпөй калмак байынын каарынан кутулуп кетсем деп кара жанын карч уруп минген күлүгүн үстөккө-босток теминип алдыга чексиз мейкиндикке умтулат. Ал эми куугунчу калмак байдын ишенген жигиттеринин кудайдан тиленгендери эч болбосо Харкиге жете келип күлүктөрдүн биринин башын ажыратып калуу эле. Жедеп калмактын куугундары жакындап калганда Иле дарыясын бойлоп качып бараткан Харки көп ойлонбой мелмилдеп аккан-акпаганы билинбегендей көрүнгөн Иле дарыясына аргымактардын башын буруп дарыянын агымы боюнча кирген боюнча кетет. Кептин чыны көргөн көзүңө өзүң да ишене бербейсиң Харкинин минген аргымагынын кулагы эле бирде көрүнүп бирде көрүнбөй «быш-быш» деген добушу угулат, анын үстүндөгү Харкинин башы эле көрүнгөндөй түрү бар. Ооба Харки баатырдын бул акыркы аргасыз жолу эле, аны үчүн мындай коркунучка барышы кудай буйруп Теңирим колдосо кутулуп кеткиси бардыр, ал эми бул дарыянын агымына, корксо анда калмактардын колуна түшкөнү, ал өлүмгө типтике эле барып бергени эмеспи. Буларды Харки мурда эле миң жолу ойлоп көз алдына элестеткен болуучу. Харкинин өлүмгө тике карап мелмилдеген Иле дарыяга тике салышын калмак куугунчулары Харкини өлүмгө эле кетти деп калышты. Алар Иле дарыясын бойлой чабышып Харкиге кыйкырып жатышты. Эээй бурут! эле бурут! Эч болбосо күлүктөрдүн бирин таштап кеткин дешип.

Муну уккан Харки, куугун калмак жигиттерге, анда эле ошондо шорум курубайбы. Силер бул күлүк менен сууга кирип мени колго түшүрөсүңөр да деп, өзү көзү жеткен пикирин айтып кыйкырып жатты. Чындыгында кептин ачыгы

ошондой эле, калмак байдын ишенимдүү күчтүү күлүктөрүн Харки минип качкан, калган күлүктөрүнөн буларга тең келчүлөрү жок эле. Ошону үчүн калмак куугундары Харкинин аркасынан Иле дарыясына түшө алышкан жок. Анткени минген аргымактарына ишеничтери жок эле. Ал деген демек Иленин агымына кирүү «өлүмдүн кучагына камтылуу» – дегенди туюндураарын куугундар да билишет. Алардын жүрөгүн бийлеген нерсе, качса бир бурут (кыргыз) качты, кетсе байдын эки күлүгү кетти, андан бай кедей болмок беле? андан көрө алтын башым аман калсын дегендери эле. Мындай пикир калмак куугунчуларынын баарынын оюнда бар эле. Мелмилдеген Иле дарыясынын агымында ажал менен арбашкан Харки баатыр утуру минген күлүгүнүн башын дарыянын наркы өйүзүн карай аз-аздан буруп отуруп төрт-беш чакырымча дарыянын нугунда агып баратып зорго наркы өйүзгө чыгып минген күлүгүнөн түшүп, аттын токумун алып өзү да кийген кийимдерин чечип сыгынып дегендей көпкө тынып жатып демдерин алышты. Суудан чыккан күлүктөрдүн да таноолору «быш-быш» деп өпкөлөрүн кагышып суудан зорго чыгышканы менен калтырап-титирегендери көпкө басылган жок.

Өз кийимдерин сыгып бир сыйра курганган Харки качаарын качып калмактын байынан кутулганына көзү жетти. Суудан чыккан күлүктөрдү да эс алып жанталашып жерге жабыша оттоп жатышты. Харки буга чейин жетекте келген күлүккө ээр-токумун токунуп аттанып сапарын улап келип сурамжылап жүрүп кыргыз айылын таап, анын башчысы Бата болушка келип жолугуп болгон окуяны болгондой кылып айтып берип, Бата болуштун айылында баш баанектеп жашап калган экен. Бүгүнкү күндөгү Батага келип кошулган экинчи чоң уруу ушу Харкинин укум-тукумдары. Харки кыргыз айылга келип үйлөнүп-жайланып өз жашоосун улантат. Андан Абдай аттуу уулу төрөлөт. Абдайдан Керам. Харкинин өңү-түсү капкара болгондуктан айыл ападагылар, жоро-жолдоштору Харбатыр деп атап жүрүшүп бара-бара өзүнүн Харки аты өчүп Харбатыр аталып калат, ал эле эмес уруусу да Харбатыр аталып калган.

Ошентип мезгилдин өтүшү билинбей өтүп жатты. Шорукчу атанын Мангулда уулунун тун уулу Бата өзү теңдүүлөрдүн арасында кадыр-барктуу болуп калмак элинде болуш

болуп шайланып ишин калыстыкта алып жүрүп Бокой, Энтемир жана Тудо аттуу уулдарлуу болот. Ал эми өзүнүн бир боору кичүү иниси Батагул да эр жетип үйлөнүп үй-жайлуу болуп Момун, Төрөкелди жана Дүйшө аттуу уулдары төрөлөт. Бир туугандардын кенжеси Байынтогуз да үйлөнүп Утнаасын, Кенежес, Батнаасын жана Саака аттуу уулдарлуу болот. Шорукчу ата небере-чөбөрөлөрүнүн алдын көрүп кудайга миң-мертебе ырахматын айтып, келмесин келтирип тобба деп топук кылып төрдө отурат. Жашоо турмушунда кемкарчы болбогону менен капчыгы чыкпаган бир өкүнүчү киндик каны таамып туулуп-өскөн жерин кайра бир көрбөй бул дүйнөдөн арманда өтүп кетеби. Бир жатынды жара тээп чыккан бир боорлору Бектен, Атай жана Чылпактарымды айланып Ала-Тоомду бир көрбөй бул жарыкчылыктан кете беремби деген түптүз ой гана тынчын алат. Антейин десе кудайдын кулагы сүйүнсүн уулдун-уулдарын (небере, чебере-лерин) көрүп ичинен сүйүнүп, бул жарыкчылыкта тирүү бар экендигине ыраазы да болуп кетет.

Ооба, кудайга миң мертебе ыраазы болоор жөнү бар чөбөрөлөрү Момун, Иман, Төрөкелди, Дүйшөн, Султан Дауттар кол арага жарап ат жалын тартып минип ата-эненин керегине жараган азаматтардан болуп калышты. Сыртынан карасаңыз калмагы, кыргызы, казагы, өзбеги бардыгы бап-барабар ынтымактуу жашоолору өтүп жатат. Ошондой болсо да күндөлүк кууараган турмуштун айынан «казан-аяк кагышат, акылы аздар чабышат» – дегендей көр-оокат билимсиз өтүүдө. Айыл бирге, айылда жайылган мал уруу-урууңуку болуп бөлүнгөнү-бөлүнгөн. Бул ата баладан келе жаткан жазылбоочу турмуштун купуя сыры турбайбы. Ошентип ар бир үй-бүлөөнүн жеке малы бөлүнөт. Мал жайылуучу жерлер да сеникименикиге өткөнү-өткөн. Керек болсо эки бир тууган да мына ушул көр оокатка алдырышып жер талашына алдырышы мүмкүн экенин күндөлүк жашоо тиричилик өзү маалимдеп отурбайбы.

Баш-аягы Бата атанын чогулткан кытай жериндеги кыргыздары 100 (жүз) түтүндү чамалап калган. Карылар калдайып каада-салтты кармашканы менен күнүгө короодогу малды жайып, күнүгө бөлүп алып турган жаш балдардын арасында мал жайылуучу жерди талашуу маселеси козголуп калат. Албетте айылдагы калктын басымдуу бөлүгү кал-

мактар болгондуктан бул талаш-тартыш калмак-кыргыздардын ортосунда болот.

Бул жер талашта басымдуулурак келген кыргыздын балдарына, ыза болгон калмактын балдары айлалары кеткенде «тентиген буруттар» (кыргыздар) темселеп биздин жерди талашканды койуп өзүңдүн киндик кан төгүлгөн ата-бабаларыңардын жериңерди таап алсаңар болбойбу деген «суук» сөздөрүн айтышат. Албетте бул суук сөз кыргыздын балдарынын ар-намысын козгогонун жашыра алышпай кечинде малды жайыттан айдап келгенден кийин Момун атасы Батагузго аксакалдар чогулуп отурган жеринде болгон окуяны болгонундай айтып берип, ушунчабызды чыны менен эли-жерибизди таппасак болбойт окшойт. Биз канчалык мыктыбыз, колдо бийлигибиз бар дегенибиз менен «тентиген бурут» деген суук сөздөн арылбайт экенбиз. Жогоруда белгилегендей калмактардын бурут дегени кыргыз дегени.

Момун жаш болсо да акыл эси тетик, ар-намыстуулугу менен өзү кырдуулардан айырмаланып тураар эле. Ошол жерде отурган кыргыздардан кадыр-барктууларына кайрылып; Кагылайын аталар «ар-намыска келели», ар качандан -бир качан ушу калмактарга «сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп» жүрө бербей, ата-бабалар өсүп-өнгөн өз жерибизди таппасак болбойт. «Бирөөнүн элинде султан болгончо өз элиңде ултан» – бол дегендей, өз эли-жерибизди табаар мезгил жетти, аталар! Мындан кийинки кеп мына ушул маанилүү маселенин үстүндө кетсин деген пикирин ортого салат.

Ооба, Момун отурган кадыр-барктуу калайык-калкты ойлонтоор ойго салды, алар бири-бири менен күбүр-шыбыр болушуп көпкө өз пикирлерин талкуулап талашып-тартышып жатышты. Калмак-кыргыз элдеринин болушу болуп иштеп жүргөн Бата ата отурган жалпы элге кайрылып: Айланайын бир боорлорум, «асыл таштан, акыл жаштан» – дегендей, бу Момун уулубуз өзөктү өйүгөн маселени козгоду. Айтса-айтпаса төгүнбү? Бул ойлоно турган кеп болуп калды деп, көпчүлүккө суроолуу карады Көпчүлүктөн үн болбогондон кийин, кайра өзү сөздү улага жакында 50 (элүү) кашкарлык күнүмдүк акысына бирден жамбы алышып, кытай падышасынын элчисин, жибек замбалга салып отургузуп алып «сүйдүң күрөгө» – алышып келмек, себеби чек ара бөлүнүп таптакыр, «тосулат» – деген миш-миштер улануу-

да. Чек аранын нары жагын орус падышачылыгы, чек аранын бери жагын кытай падышачылыгы катуу көзөмөлгө алышып эки өлкөнүн чек арасы таптакыр тосулаарын укканым бар. Ошол опурталдуу иш башталганча Момун мырзанын койгон маселесин иш жүзүнө ашыруу үчүн, алды менен жер чалып элди издөөбүз жөндүү болуп турат, деп отургандарга көз кырын салды.

Эгерде ылайык көрсөңөр Момун менен бирге барганга дагы алты-жети адам камданганы оң болоор. Алар алды менен барып кайда бараарыбызды, кантип бараарыбызды аныктап-тактап келишсин, андан кийин ийри отуруп түз кеңешип дегендей бир бүтүмгө келээрбиз деди. Бирок ошондой болсо да ар бир үй бүлөө ич ара тымызын эч шек билгизбей элге көчүү камылгасын көрө бергени түзүк. Харки ысыксуук башындан көп өттү, бул балдарга баш-көз болуп өзүндүн кошо аттанганың оң болчудай деп Бата Харки тарапка тигилди, анын үстүнө жолдо жүргөндө керегиi тийээр өзүңө жетээрлик кат-сабатың да бар деди.

Харки көпкө ойлонуп отурган жок, элибизде «жол азабы, көр азабы» – дейт. Андай узак сапарга мен карып калдым, менден кем эмес кат-сабаты бар алдуу-күчтүү неберем Керамды кошуп берейин. Анын үстүнө Момун экөөнүн өздөрүнчө ынтымактары да бар деген жүйөлүү сунушун айтты. Отургандар акыл калчашып сапарга аттануучулардын ар бирин сары эсеп салышып талдап тандап чыгышты. Ал эми бул сапарга чыгуучуларга баш-көз болуп бирге барып келүү жагын аксакалдар Байынтогузго жүктөдү.

Узаккы максаттуу сапарга даярдангандар жол азыгын керектүү буюм-тайымдарын камданышып калайык-калктын кыргыздарынан ак баталарын алып сапарга аттанышат. Кудайдан жакшылык тилешип аларды узаткан айыл элинин ар бири өз ичтеринде О Теңирим! Эли-жерди көрөөр күндөр болоор бекен дешип күбүрөп-шыбырап өздөрү менен өздөрү. Алыбетте булардын баардыгы кыргыздардын арасындагы турмуш агымы, калмактарга эч кандай шек билгизбей тымызын сыр түйүнү бекем сакталууда. Ал эми сапарга чыккандар жөнүндө калмактар эч нерсе шек да сапашпай күндөлүк жашоо турмуштун эле өтүшүндөй абалда.

Момундай эр азаматтар мекенди көздөп кетишкендерден кийин Бата Батаөгүз баш баш болгон бир боорлор атайы

келип Шариптин балдарына келишип алардын аманчылыгын сураштырып ал-ахвалдарын билишкен соң, өздөрүнүн келечек максаттарын аларга баяндашат. Бул окуяны уккан Шарип аганын балдары, жакшы иш болуп жатканын эскеришип, бирин-бири карап бул маселени биз дагы ойлонушуп көрөлү деп келген туугандарын жакшылап меймандашып кайра жөнөтүшөт. Сиздер кабатыр болбоңуздар биз да өзүбүзчө бир бүтүмгө келсек дароо кабар берип катташабыз деп белгилүү убакытты белгилеп алышты.

Момундар адеттегидей эле айылдан кийик уулагандай чыгып кетишкен боюнча акырын-акырын жүрүп отуруп чек аралардан өтүшүп ашуу ашып, таш басып ана-мына дегенче көптөн көксөгөн көгүлтүр касиеттүү Ысыккөлгө да жете келишти. Касиетиңден кагылайын кереметтүү Ысыккөлүм дешип, көлдүн жээгине отурушуп, жүздөрүн көлдүн суусуна чайышып, аман-эсен ата-бабалар мекендеген Алатоонун боруна келээр күндөрүн элестетишкен кеп учугун улашып көпкө жатып эс алышты. Минген аттарын жайдактап көйкөлгөн көлдүн шиберинен оттошуна шарт түзүштү. Көптөн көксөгөн, көктөн көксөгөн жерлерине келишкенден кийин жергиликтүү элдин арасына аралашып алардын жашоо шарттары менен жакындан таанышышты. Жалпы элдин турмуш-тиричилигинин өтүшүнөн кабар алышты. Атайын келген адамдар жер кезип көлдүн күнгөйүнөн тескейине чейин толук кыдырып чыгышып Каракол шаарына жакын жерге токтошуп өз алдыларынча көргөн, байкаган нерселерин ортого салышып кеңешип-кептешип да жатышты. Алар үчүн жаңылык болгон Каракол шаарындагы жаңы келген орус калкы болду. Алар да жер оодарып Россиядан 1863-жылдары жаңы көчүп келишкен экен. Жергиликтүү кыргыздар менен камыр-жумур болуп аралашып кетишкендерине көздөрү жетишти. Ал эле эмес, каратопурактуу жерлерди, жердешип дыйканчылыкты колго алышкандыктарына көздөрү түштү. Алар айыл жерлеринде кандай болсо, Каракол шаарынын борборунда да курулуштарды куруп там салып жаткандарына ынанышты. Каракол шаарында негизинен орустар, ногойлор, уйгурлар мекендешип үй куруп кызуу жашап жаткандарын көрүштү. Көлдү бир сыйра айланып келишкенден кийин алардын көңүлдөрүнө купулдарына толгон жер бул Каракол өрөөнү болду. Анткени суусу таза, тоосу жа-

кын, абасы салкын тоосунда карагай арча аралашып көк мэлжийт, тоосу толо түркүн өсүмдүк, жан-жаныбарларга толгон бай жер экендиги. Ал эми Бөрү-Баш айылы, тоосуна чыгышып, айлана-чөйрөгө туш тарабына көз жүгүртүшүп көз кумарынан бир чыгышты. Алды жагында мелмилдеген касиеттүү Ысыккөл жатса, арка жагында асман тиреген Ала-Тоо кыркалары. Кудай буйруса дешип мына ушундай жерлерди ар кими жүрөктөрүнүн борборуна түйүп жатышты. Бөтөнчө базарынын жакынына көңүлдөрүн бурушту. Айрыкча төө куйругу мол экен дешип, демек бул сөздүн түбүндө дагы сыр түйүнү жатканын сезип жатсаңыз керек... Урматтуу окурманым.

Кытайдан атайы жер чалганы келгендердин да сапарлары карып кайра артка кайтышып аман-эсен жашаган кытайга жете келишет. Калайык-калкын чогултуп алышып кыргызстандын ысыккөлүнөн көргөн-билгендерин толук төкпөй-чачпай толук айтып беришти. Көпчүлүктүн көксөөсү канып, ичтеринен кандайдыр бир ыраазы болгондуктун белгиси сезилгендей түрү бар көпчүлүк элде. Эгерде көл тарапка кыргыз эли-жерине көчүп барышса кайсыл жерге отурукташаар айыл апа, өзөндөргө чейин баяндап айтып беришти. Отурган эл бир бүтүмгө келишип кантсе да ата Мекенге көчүү маселесин ылдамдатууну чечишти. Бирок анын  да кандайдыр бир жүйөлүү жол-жобосун табууну чечишти. Айыл-апа толугу менен көчүүнүн камын көрүп жан үрөөгө өтүштү. Айылдагы Бата баш болгон журт башчылары кеңешип отурушуп төмөндөгүдөй бүтүмгө токтолушту. Колдо болгон мал аттуунун бардыгын узакка жайлоого айдаталы, айдоонун алдында жаш төлдөрдү толугу менен бөлүп козулар, улактар көгөндөлсүн, музоолор байлансын, желеге кулундар буурчакталсын, ит, тайгандар толугу менен байлансын, булардын бардыгына үч күнү үч түнү тоюттандырылбасын да суу да берилбесин. Эне баш малдарды үч күнчүлүк жолго алыс айдалсын.

Ошо белгиленген үчүнчү күнгө калмак, кытай төрөлөрүн мейманга чакыралы да болгон ишти баяндап алардын ыраазычылыгын алалы деп чечишет. Иштин бардыгы жогоруда пландаштыргандай болуп жүрүп жатты. Болжонгон күн да келип  айылга калмак-кытай төрөлөрү, кадыр-барктуулары меймандыкка келишип түшүп калышты.

Ата-бабалардан келе жаткан кыргыз элинин меймандостугун көргөзүшүп, Бата баш болгон айыл аксакалдары жадырап-жайнап кадырлуу меймандарды каршы алып, төргө чыгарып дасторкондор жайылды. Дасторкондун бети толо дүр-дүйүм тамак-аштарга жайнаган. Кыз-келиндер чай сунушуп, жигиттер аны меймандарга узатышып, суусундукка деп балдай ширин кымыздар куйулуп меймандарды сыйлап жатышты. Мейман болгон калмак-кытай төрөлөрү да кыргыздардын бул ынтымагына, меймандостугуна ичтеринен ыраазы болушуп ырахматтын үстүнө рахматын айтышып сый оокаттын үстүндө. Меймандостук өз деңгээлинде болгону менен эмнегедир меймандар келгенден бери эле сыртта ызы-чуу, күрү-күү эле болуп жаткандай түрү бар. Кой-козулардын, эчки-улактардын безеленип тынбай маараган үндөрү, уйлардын-музоолордун мөөрөгөнү, жылкылардын-кулундардын кишенегени, иттердин улуп-уңшуганы кулактын кужурун ала тундурат. Келген меймандардын негизги ой-максаты, эки колу тамак-ашта болгону менен деле эмнегедир тынчтары кетишип, акыры айлалары куруганда бул иштин чоо-жайын сураштырууга аргасыз болушат, улуу урматуу Бата болуш мырза! Биз жакшы түшүнүп да түшүнбөй да жатабыз, сырттагы ызы-чуу түшкөн малыңардын үнү биз келгенден бери эле басылабы десек эч басылбагандай түрү бар? дешкенде отургандардын арасынан обдула Бата болуш, – Ооба, иш ошондой болуп калды, албетте биз сиздерден көптөн-көп кечирим суранабыз. Сиздерди конокко чакыраарын-чакырып алып, өзүбүз да өтө ыңгайсыз абалда калып отурабыз. Эли-бизде ата-бабаларыбыздан бери айтылып келе жаткан накыл сөздөрү бар, «эртедир кечтир элин сагынбаган эл болбойт, жерин сагынбаган мал болбойт» дегени ырас белем, үч-төрт күндөн бери эле айыл ичи, «ызы-чуу, күрү-күү» болуп эле кым-куутубуз чыгып калдык. Күндө эртең басылар деген үмүттөбүз. Эртеси андан да күчөгөндөн-күчөөдө деп, Бата болуш жооп берген болду.

Отурган калмак-кытай төрөлөрү бул жооптуу угушуп, аа, дешип ошондой да болот, бул турмушта, ал айткандыгыңыздар чындык дешип, ой тоббаа! деп бири-бири менен кобураша калып жатышты. Сыртта «ызы-чуу» болгон малдардын үндөрүнүн басылаар түрү жок. Угуп отурган адамдардын кулактырынын кужурун алышты.

Мейман каадасы да аяктап, коноктор кетээр маал жакындаганда Бата болуш отурган меймандарга кайрылып, улуу урматтуу азис меймандар! Сиздер менен бир жарым кылымдардан бери эриш-аркак бирге жашап жоро-жолдош, куда-сөөк, таяке-жээн болуп карым-катнашыбыз, ысык-суугубуз, жаман-жакшыбыз, ачуу-таттуубуз бирге ынтымакта жашап келе жатабыз, бирибиз болбосо бирибиз өйдө карап сен деген сөзгө өтпөдүк, ар дайым «бир жакадан баш чыгарып, бир женден кол чыгарып» дегендей, дайыма өйдөдө өбөк, ылдайда жөлөк болуп жашап келатабыз. Бирок табияттын бул жазылбаган мыйзамын да эске албасак манкурттук болоор, мына сырттагы малдардын да ызы-чуулуу үнү кудайга жеткендей болуп зээнди кейитип турат, алардын да убал-сообу болоор. Ушунчабызда, эгер макул көрсөңүздөр биз дагы ата-бабалар туулуп-өскөн жерди таппасак болчудай эмес, бу сырттагы ызы-чуудан малдан тап-таза кол жууп ажырап калчудай түрүбүз бар. Экинчи бир мындан да оор жагы сиздер менен куда-сөөк, таяке-жээн болуп ушундай ширин татына жашап жатып, ата мекен деп эле көчүп кетүү андан да оор болуп турат. Кана буга кандай дейсиздер азис туугандар – деп Бата болуш суроолуу меймандарга карады.

Меймандар бири-бирин карашып отуруп, арадан бир билерманы ал айтканыңдын жөнү бар кеп болуп калды. Эмне демекпис ага-туугандарың менен кеңешип көрүп бир бүтүмгө келгениңер оң болот. Элибизде «кеңешип кескен бармак оорубайт» дегендей деп сөзүн аяктады. Биз эмне дейт элек, өзүңүз айткандай таяке-жээн, ага-тууган болгонубуз бул кудай астындагы чындык иш. Биздин да тилегибиз ушу сиздердин жакшына жашоого жетишиңер, керек болсо көчүңүздөрдү өзүбүз коштоп, малыңыздарды айдашып, тиги Байынкөл суусунан өткөрүшүп койуп анан келебиз дегенде, көпчүлүк коштоп ак баталарын беришти. Алар кеткенден кийин айыл-аксакалдары чогулушуп ойлогон ой максаттары ишке ашкандарына кубанышып «ак боз бээни» – курмандыкка чалышып анын канына колдорун (батырышып) матырышып: «өлсөк бир чуңкурда, тирүү болмок бир дөбөдө» – болобуз дешип ант кылышты. Баардыгына барабар тез арада көчкө камданып эртеден кийинки шаршенби күнү жолго чыгалы деп бир бүтүмгө келип тараштыр. Айыл аксакалдары кимдер-

дин эмне менен алектенишин, кандай иштерди аткараар иштери белгиленди.

Айылдагы эл башкарган алдуу-күчтүү мырзалардын бардыгы түтүнмө-түтүн кыдырып жолго минилүүчү жана жүк жүктөлүүчү улоолордун туяктарын, жону, төрт аягын бирдей такалашып сапарга камданып жатышты. Ар бир үйдөгү аялдар, келин-кесектер энелерине жардам берип буйум-тайымдарды салыштырып, баштык-үштүктөргө таңып бекитүүнүн үстүндө, элибизде Алыбай алына жараша дегендей ар кими өз түйшүгү менен болушуп аракеттенүүнүн үстүндө алп урушууда.

Калайыкка айтылган күнү таң заарынан турган ата-энелер чамдай камынышып ар бир кыргыздын үйүндө улоолоруна көчтөрүн жүктөп узакка сапарга камданышып жатышты, күн шашке болбой көчтүн  алды жолго чыгып, ага утуру кийинкилери уланып жолго чыгышты. Калмактардын арасынан жакын көргөн тайаке жээндер, эже-карындаштар, өз жакындарын коштоп узатып чыгышууда. Калмак туугандар болжогон жерге жете узатып келишип кош айтышып, ак баталарын берип, ак жол каалашып кайтышты, көч узагандан узап келүүдө. Өзүңүздөр билгендей көчтү журт башы кадыр-барктуу адамдар баштаса андан кийинкилер улоолорго жүктөрү жүктөлүп аларды жетекке алган эр азаматтар ата-лар-агалар, апалар, жеңелер болсо, көчтү мен деген шылуун жигиттер ар кандай курал-жаракчан коштоп жөнөйт. Адетте көч алдында алды менен мал айдаган азаматтар. Арадан күндөр өтүп Капкак жайлоосуна келгенде капысынан журт башчысы Бата ата кокустан сыркоолоп көч ошол жайлоого отурукташып калышат. Жабышкан кырсык Бата атаны алка жакадан алып шаштысын кетирди. Бата атанын оорусу барган сайын күчөп жармашкан шум ажал акыры Бата атаны алып тынды. Көч баштаган кыргыз эли чоң жоготууга учурашып мөгдүрөп жатып калышты.

Ата-бабадан калган салт боюнча өлүктүн өзүнүн сыйнаты бар, ал шарият жолуна ылайыкталып бардыгы өтүп жатты. Бата атанын сөөгү жер энеге берилди. Каада-салт боюнча өлүк койулгандан кийинки үчүлүгү, жетилиги, кыркы дегендей бардыгы өз шарты менен өтүп жатты. Айыл аксакалдары кеңешип отуруп журт башчылыгына жетектеп бийлөө

кызматын Момун атага ыйгарышты. Албетте бул жөндөн-жөн эле боло койгон жери жок, көпкө ойлонуп кеңешип отуруп чечилген маселе болду. Журт башы каадалуу карылар менен кеңешип мезгил кышка чукулдап калгандыктан быйылча көчтү ушул Капкак жайлоосунда Чубартал деген жергеде эле кышташып кийинки жылы аманчылык болсо көчтү узартаар бүтүмүнө токтолушту. Жигиттер кыш камын көрүшүп, жайлоонун өңүтүн алышып эл камына аракеттенишип жатышты. Кыштан көптөгөн кыйынчылыктар болгону менен журт ичи аман-эсен жазга чыгып алышты. Жаздын жадыраган күндөрү да келип эл ичи тынччылык менен жашоо өтүп жатты. Айыл аксакалдары ийри отуруп түз сүйлөшүп Бата атанын ашын өткөрүп туруп анан көчтү баштоону чечишет. Бата атанын ашын өткөрүүгө бүтүндөй журтчулук бир кишидей камынышып, бир үй-бүлөдөй кызматын өткөрүшүп ашты да өткөрүштү. Мына эми жалпы журт көчтү кайра баштоонун камына өтүштү. Белгиленген күнү Момун ата баштаган кыргыз көчү Чубарталдан чыгышып Каркыра Кызылкыя белдерин ашып, Караколго жете келишти. Бирок мурдагы жер чалып келгендер белгилегендей Каракол-дун жанындагы өрөөнгө токтобой түз эле көлдү жээктеген Койсарынын атрабына жакын түшүрүлдү. Демек мунун да сырлуу түйүнү болушу мүмкүн.

Кытайдан көчүп кыргыздын Алатоосун мекендеп Каркырадан Ысыккөлдүн башына Момун ата баштаган кыргыз көчү Койсарыга жете келип көч түрүшүлө баштайт. Көпчүлүк эл көчтү түшүрүү менен алектенишип жатышты. Калк башчылык милдети жүктөлгөн Момун баш болгон үч-төртөө дароо жердин өңүтүн чалгындап чыгышты. Нарыда жайылып жүргөн жоон топ жылкыларды көздөй бастырышып аны көзөмөлдөп жүргөн жылкычысын чакырышып саламдашкан соң бул жайылып жүргөн кимдин жылкысы экендигинен кабар алышты. Жылкычы да шашпай бул кадимки атагы кыргызга таанылган Тилекматтын уулу Чыныбайдын жылкычысы экендигинен кабар берди.

Тилекмат деген ким болот? деген жүйөлүү суроо туулушу ыктымал. Тилекмат Жылкыайдар уулу – кыргыздын бугу уруусунан чыккан кадыр-барктуу өз доорунун дөөлөттүү-сөөлөттүүлөрүнөн болгон. Көпчүлүк учурларда эл ортосунда

жүргөн элчи болгонунан кабарлар бар. 19-кылымдын 70-жылдарында Чыгыш Түркестандагы Жети-шаар мамлекетинин башчысы Йакуббекке өз ара карым-катнаштарды, алака-берекесин түзүү максатында кыргыздардын атынан сүйлөшүүгө барган элчи болгон. Анын уулу Чыныбай атасынын абийир-абройу менен эл бийлеп, жер бийлеп атасынын байлыгына бапырандаган ата уулу эле. Анын көптөгөн эссиз иштерине энеси тыйуу салып кой балам анткениң болбос журтчулук арасында деген акыл сөздөрүн көп айткан. Көл боюнда калмактардын Чүрүм деген баласын Шапак абатыр багып алган экен. Чүрүм бой тартып үйлөнүп-жайланганда биринен-бирине удаа төрт уулдуу болот. Балдардын улуусу Эсенбай небереси – Карач кара кылды как жарган калыс чыгып, калайык-калктын кадырлоосуна алынып калган инсан. Тилекматтын уулу Чыныбай көл боюндагы бугуларды бийлеп турганда Карач аке келип минтип айткан дейт: Ой Чыныбай Кангайдан келип мен билсем, капкайдан келип сен билсең, буларга да бийлик берелиби же жокпу? деп Чыныбайдын өкүмзорлугун сындаганы куду бүгүн да эл арасында айтылууда.

Чыныбайдын чоо-жайын уккан Момун аке жылкычыга буйрук кыла туу калды чоң семиз бээсин карматып алып кетип союп чарчап чаалыгып келген элине бышыртып берген экен. Бул кабар чагылгандай тездикте Чыныбайга жетип, Чыныбайдын кежигеси кер тартып ачуусу келип бул тентип келген кайдан келген балекет эл экен? Мен аларды түп орду менен жок кылып ар кимге кул кылып таратып жиберемин деп чамынып аттанып жатканын көргөн энеси баласына кайрылып:

– Ачууланба балам, сабыр тут, «сабырдын түбү сары алтын» – дейт элибизде... Алыскы Кытайдан келишкен тууган эл болсо сураштыра барып таанышып элиңе кошуп эл кылып алганың жөндүү болоор. Көп болсо жер бети жайнаган малыңдан сени сынамакка эркеп эркелик кылгандыр мына мен кыргыз элим бир боорлорума келдим дегендир. Анысына караганда башычысы тегин адам эмес болсо керек. Туугандар жок болсо алат, бар болсо койот. Бир малды ажалы жетсе бөрү деле жара тартып кетет, же тоодон-таштан учуп деле өлүшү ыктымал. Бээндин деле өтөсү өноор деп ачууга

алдырып жулунган уулуна өтөөр кетээр кептерди айтып жатып токтотуп калган тура. Элибизде «Ааламды алты айлансаң да, апандан артык акылкечти таппайсың – Асмандан учкан ак туйгун ондоосуз торго чалынбайт» деген кеби бар. Анын сыңарындай ким болбосун качан болбосун кептин чыны абдан кыйналган мезгилде энеден артык акылкөй адам табылбастыгы табихый чындык эмеспи. Энени сөзүн уккан Чыныбай аргасыздан ачуусун токтотуп зорго токтоду. Бирок ичинен уйгу-туйгу болуп дүнүйөсүнүн бир бөлүгү коңторулуп кеткенсип көпкө өзүн-өзү баса албай миң кырлуу арам ойлорунун түр-түрлөрүн кыялында иш жүзүнө ашырып жатты.

Чыныбай эртеси күнү эле, өзүнүн ишенимдүү тынчыларын тымызын чабармандыкка жөнөтүп, бул келген жаңы туугандардын кимдер экендигин, канча үй-бүлөө, малы, элинин саны билерманы ким дегендей толгон токой көйгөйлүү тапшырмаларын дайындап жөнөттү. Ал эле эмес биринчиси болбосо да бирден кийинки эл башкарган билермандарынан барымтага ала келүүлөрүн өтүндү. Чыныбайдын жан алгычтай шылуун жигиттери, ушуну эле уга албай турду эле, дароо Момун агалар мекендеген Койсарыга жете келишип, тымызын көзөмөлгө алып отурушуп Момундун сыр билги жардамчыларынын бири болгон Керамды колго түшүрүп тымызын Чыныбайга жеткиришет.

Чыныбай колго түшкөн Керамды алды менен бал тилге салып өз ыгына көндүрүүгө аракеттенет, андан эч жыйынтык чыкпаган соң акыры алка жакадан ала андай болсо бул жарыкчылык менен коштошо бер, өлгөнүң ушул деп ур токмокко алышат да Керамдын макулдугу жок эле Чыныбайга өмүр бою кул болуп берүүгө Кытайдан көчүп келген кыргыздардын башчысы Момунду макулмун дедирген келишим катты жазышат. Бирок бул жөнүндө эч бир жанга билдирбөөнү Керамга катуу эскертип жатып, эгерде ушул убадага турсаң сенин урууңа Бөрүбашты энчилеп беремин деп сөз бекитти.

Керам менен убаданы катуу бүтүргөн Чыныбай арадан көп күн өткөрбөй эле Момунду жакын жоро-жолдоштору менен мейманчылыкка чакырат. Силер ат арытып алыстан келдиңер, силерди сынагандай болуп биз баса барбайлы, андан көрө «өрүлүктөгөнүбүз» – ушул болсун келип кенен-ке-

сири чай-пайлашып көңүл ачып тамак жеп кеткиле деп. Мындай кабарды уккан Момун мен деген жакын кеп-кеңешчилерин чакырып алып, ийри отуруп түз кеңешишет. Кандай кылганыбыз оң болот. Атайы чакыртып ак тилегин билгизип жатса барбай койгонубуз оң болбос. Анын үстүнө жөн турбай чекилик өзүбүздөн да кетип калды «чү» – дегенде эле туу калды бээсин бейулуксаат союп алган дешип көпкө кеңешип отуруп Чыныбайдын чакыруусун кабыл алышты.

Ошентип Момун беш-алты адамы менен мейманга чакырган Чыныбай байдын үйүнө келип түшүп калышты. Чыныбай бай тымызын ичинен сени элеби «арамы» – тууган сөрөй, сага көргүлүктү көрсөтпөсөм эле Чыныбай атым өчсүн деген пикирде болсо да Момундарды көргөндө күлүп жайнап ак тилегин билгизгендей кулк-мүнөздө жадырап-жайнап тосуп алышат. Арадан чай-пайы ичилип, өтөөр-кетээр кептерди сүйлөшүп отурушканда Чыныбай бай, ак ниеттигин билгизгиси келип, эми Момун мырза эли-жерибиз деп атайы алыскы кытайдан ат арытып жол басып көчүп келипсиздер, аныңар чоң атуулдук иш болду, бул жарыкчылыкта ар бир атуул «мекеним элим-жерим» дейт эмеспи. Биз да карап турбай колдон келишинче өз жардамыбызды берели. Аны бүгүнкү замандын талабына ылайык мыйзамдаштырып келишим кат түзүп койгонубуз оң болчудай. Бул маселеге кандай карайсыздар деген тымызын сыноо суроосун билгизди. Чыныбайдын жүйөөлүү пикирин уккан Момун тараптагылар бул бечара таза ак ниет инсан көрүнөт дегендей бирибирин карашып, анан аныңыз жүйөөлүү иш деп бир ооздон жооп беришти. Шартыбыз мындай болсун деп Чыныбай бай өзүнүн «арам» оюн акырындык менен ишке ашыра баштады. Биз сиздерге энчилеп коночо жер, жазгы жайкы жайлоо, күзгү күздөө жана кышкы кыштоолоду бөлүштүрүп берели деген тилинен бал таамып жатты. Мына ушулардын баарын Момун тараптагы кат тааныган сабаттуу деген Керам мырзага жаздырды да меймандарга тамак тартылууга даяр болуп калганын билгизип, эми калган-катканын эртең менен эле бүтүрөлү деген шылтоо менен Керамдан келишим катты алып жанындагы жан сумкесине салды.

Момун баш болуп ал тараптагылар ичтеринен кымындашып түзүк кең пейил тууган-доско туш болдук, канча болсо

да эстүү-баштуу адамдардын тукуму да «теги» түзүк дешип өз ара күбүр-шыбыр болуп жатышты. Бул сөздөрдүн четбучкагын угуп-укпай отуран Чыныбай бай кудай бетин көргөзбөсүн ого бетер кең пейил боло бапырандап лапылдап жатты. Колго суу куйулуп, тамактары да тартылып шашпай кыргыздын «нарынын» туурашып беш бармагын жешти, үстүнөн «ак серкелерин» бастырышып дегендей. Бата тиленип ар кими өздөрүнчө ичтеринен ак ниеттерин кудайдан кош колдоп билгизип жатышты. Меймандар мейман каадасы боюнча сыртка чыгышты. Аялдар дароо конокторго кош кабаттап шырдак, ала кийиз, төшөктөрүн кастарлап салып жатышты.

Сыртка чыккан мейман жигиттердин аттарынын токумдарын алдырып Чыныбай мингичтерди дароо жем-чөбүн салдырып жайлатып жатты. Меймандар үйгө кирип орун алышып эс алышты.

Чыныбай бай тишине-тишин койуп чымыркаңып кекенгени эле «шек» алдырбай Керамга өткөндө жаздырган келишим катына кол койдуруп, мөөрлөрүн басылышы көз алдына элестеп жатты. Таң да атып эртеси болду, меймандар жайма-жай туруп сырткы чыгышып эс алышып Чыныбайлар менен өткөн-кеткен кызыктуу окуяларды эске алып жатышты. Бапырандаган Чыныбай бай меймандардан бата тилетип торпоктой болгон кара токтуну көтөрө чаап мууздатып жиберди. Кайрадан тамак асылып меймандар ичкери киришип чайга отурушту. Мейманчылык сый-сыпат Чыныбай тараптын кызмат кылган кыз келиндер кымыз үстүнө кымыз куйулуп, келиндер аркалуу сунулуп дегендей меймандар бейкапар Чыныбай байга ыраазычылыктарын билгизип отурушту. Кара токтунун эти тартылып чарадай болгон май куйругу кызмат кылган жигиттер тарабынан мап-майда болуп тууралып жатты. Тамак да желип бүтүп меймандардын колуна суу куйулуп турууга камданып жатканда, каракүчкө карбаластаган Чыныбай бай Астоопралда! кечиресиңер бир боорлор, тамак деп отуруп таптаза эстен чыгып кеткен турбайбы, бул кечте жазылган келишим катка мөөр басышып алалы деп сумкесинен Керамга мурдагы жазылган келишим катты алып чыгып, мөөрлөр басылат. Бул купуя сырды арамы иш кылып жаткан Чыныбай бай менен келишим катты

түзгөн Керам гана билим-туюп жатышты. А, Момундар болсо эч кандай арам ой-пикир жок жакшы пикирде аттанышып кайра айылга бет алышты. Жолдо келе жатышкан Момун атаны жандаган жоро-жолдоштору кара ниет калмактарды таштап өз эл өз жерлерине ак көңүл, кең пейил кыргыз туугандарын тапкандарын ачык эле айтышып бакылдашып келе жатышты. Арадан он-он беш күн өтпөй Чыныбай бай күпүлдөгөн көпкөн жер жайнаган жигиттери менен каптап келишип дүнүйө бейкапар жатышкан Момундарды басып алышып малын толугу менен айдатып алышып өздөрүн көл боюндагы какырган таштуу «жууку» деген жерге көчүрүп таштышты. Кечээ эле үйүнө чакырганда жадырап-жайнаган ак көңүл, кең пейил биларман мээримдүү Чыныбай бай жок. Бүгүн Чыныбай бай кирген буурадай «бурк-бурк» этип мен силерге көргүлүктү көргөзөмүн сураксыз, уруксатсыз ээнбаштык менен Чыныбайдын туу калды бээсин союп жегенди. Керек болсо бүт өмүрүңөр өткөнчө мага кул болуп жүрүп өтөсүңөр деп сумкасынан өткөндө мөөр басылган келишим катты көрсөтүп күпүлдөп жатты. Арыздаңып Ааламдын алты катарына чыксаңар да акыйкаттык менин колумда, муну өзүңөр кара токтунун этинен тоюп ныксырап отурганда мөөрүңөрдү басып, колуңар койулган деп керек болсо силер бүт өмүрүңөр өткөнчө мага кул болуп отунум менен кирип күлүм менен чыгып турасыңар деп келишим катта жазылгандарды Момундарга окуп берди.

Чырылдаган Чыныбай байдан уккандарына Момун баш болгон өткөндө мейманчылыкка баргандардын бардыгы аңтаң болушуп алды менен бири-бирин карашса, андан кийин баардыгы Керамды карап:

Ушундай беле кылыгың,<br>Ушундай беле былыгың –

дегенсип үн-сөзсүз тунжураштьы.

Муну укпаса да көөдөнүндө сезип турган Керам жалоорул, жалдырап жер тиктеди. Ооба, Керам үчүн «өлөйүн десе жан таттуу, кирейин десе жер катуу» болуп, жети өмүрү жерге кире телмирел турду...

Момун кыр артындагы Кытай-калмактардан каны бузук деп, эли-жерди издеп келип тапкан кыргыз аттуу туугандарыбыздын кылганы ушубу? деп, көөдөнү түтөп айласы

түгөнүп чексиз мелтиреген көл бетине тигилип көзүн ирмебей ойго батты. Келишим катты туу тута чамынган Чыныбайдын элеси көз алдына улам-улам тартылып жатты. Чыныбайдыкына мейманчылыкка бирге барган Момундун жоро-жолдоштору да туталанышып Керамды ортого алышты.

Керам болгон ишти болгондой төкпөй-чачпай Момундарга айтып берди, бирок мунун баары кеч болуп калганын жалпы элдин каарына калып, шорлоңткон Керам өзү экенин сезип да туйуп да жатты. Айла канча? Убагында өзүнүн керт башын өлүмдөн алып чыкканына сүйүнгөнү менен бүгүн бүтүндөй жүздөн ашык үй-бүлөөнүн шору шоңкордой кайнаганына ичинен аттиң, аттиң аййя, ошондо өлтүрүп койсо да чындыкты жашырбай элиме-журтума айтканда болмок экен деп бармагын жара чайнап эс-акылынан танып дендиреп отурду. Ооба, бул кылыгы ыймандуу адамдын кылыгына окшобогон кылык эле, ушундан көрө, ошондо эле Чыныбай байдын колунда өлүп бергенде абийири, ар намысы таза калбайт беле.

Ошентип Шорукчу атанын тукумдары Кытайдан кыргыздай тууган издешип келип, малынан ажырап, какыраган кара таштын арасында калышты. Момун ойлуу отуруп кыргыз деп эле кыйсыпыр түшүүнүн кереги жок экенин туйду. Көрсө кыргыздын ичинде эле калмактарынан миң эсе ашкан кара ниет, мерез, таш боорлордун бар экендигине көздөрү жетти. Кытайдан келген туугандардын башына каран түн түшүп, айлалары кеткенде жергиликтүү мусулман калктары болгон Ырдык айылындагы дунган калкы менен тил табышып алар менен ортоктош болуп опийим эгишип эмгектенише башташты. Алардын аракеттери акча чогултуп Каракол шаарындагы орус төбөлү менен сүйлөшүп Чыныбайдан эч болбосо, талап алган малдарын өндүрүп алуу эле. Бирок бул ойлогон ойлору иш жүзүнө аша бербеди. Орус төбөлдөрүнүн ногой-татар, тилмечтери болгон окуяны Момундан угуп отуруп, бул иштин бул жерден чечилбестигин баяндаган кеңешин берди. Бул маселеңерди эгерде тилин тапсаңар (белек-бечкегиңерди алып) Верный (Алмата) шаарындагы губернаторунун буйругун чечимин алсаңар гана иш жүзүнө ашаарын маалимдейт. Бул орус төбөлдүн котормочусунун жолдомо тил катын алышкан Момун баш болгон журт башылары алыс-

кы Алматы шаарына барышып губернатордун тилмечине жолугуп Караколдогу тилмечтин катын беришип, андан колунан келген жардамын берүүсүн өтүнүшөт. Ала барган белек-бечкектеринин бир бөлүмүн ушул тилмеч адамга тартуулашат (суусар, калтар, сүлөөсүн, кундуздун баалуу аң терилери). Губернатордун тилмечи иштин жагдайын губернаторго толук түшүндүрүп келген өкүлдөрдү кабыл алуусун түшүндүрөт. Губернатор да тилмечинин айткандарына жок дебей Момундарды кабылдаган экен.

Губернатордун кабылдоосунда болгон Момун жанындагылар менен болгон иштин чоо-жайын төкпөй-чачпай айтып түшүндүрүшөт. Чыныбай байдын амалын, чыгарган чырын, малын тартып алышкандарын, келишим катты алдап мөөр басып аны негизги документ кылып отурганын толук баяндашып беришет. Губернатор болгон иштин чоо-жайын толук уккандан кийин өзүнчө башын чайкап, адам баласынын бири алдамчы, куу, митайым, жойпу, шылуун болсо, экинчиси кой оозунан чөп албаган момун келишет деп жылмайды.

Эми менин силерге айтаарым, биз бул жерден болгон каткагазды Караколдогу бийлик башына жөнөтөбүз, силерден бир кана өтүнүч эптеп амалын таап Чыныбайдын колундагы келишим катыңарды жок кылгыла деген кеңешин берди. Анан бул барган буйруктун негизинде Чыныбай байдан малмүлкүңөрдү алгандан кийин өзүңөр каалаган жерди мекендеп отурукташа бергиле деген сунушун айтат. Элибизде ушун үчүндүр «берген кудайга жагыптыр» – деп айтып калышкандары. Губернатор Момундардын иш кагазын толук, так аткарылгандай буйруктарын аткаруучуларына дайындагандан кийин гана Момундарга бара бергиле деген жылуу сөзүн айтып жатып Момунга кайрылды:

– Момун мырза! мындан кийин мөөр басаардан мурун, ошол мөөр басылуучу кагазды жети, болбосо тогуз жолу окуп туруп анан мөөр басыш керек деп мыйыгынан жылмайды. Момун да кептин төркүнүн түшүнүп башын шылкыйтып кандайдыр бир деңгээлде күнөөлүү экендигин мойунга алып губернатор менен кош айтышып чыгышты. Момундарды тилмеч ээрчий чыгып, силер кабатыр болбогула бул жагын өзүм көзөмөлгө алып турамын деп Момундардын көңүлүн жубатты. Анын айткан жообун уккан Момундар дароо, сиз көп

жардам бердиңиз, кудай буйруп малыбыз мүлкүбүз колго тийип, ылайыктуу жерге орундашып калсак эми көрүп алдык сизди атайы «жоктоп издеп» – келебиз деп анын көңүлүн жайлады. Анан айтмакчы жанагы даярдай турган кагазыңызга Каракол суусунун өрөөнү деп көрсөтүп койсоңуз, кийин тигил жердин бий-болуштары кагазыңар-катыңар жок экен деп бизди кыйнашпасын деп тилмечтен көптөн-көп суранып өтүндү.

Момундун сизди атайын «издеп-жоктоп» келебиз деген сөзүнө эрий түшкөн тилмечтин айласы куруп, бирок болуптур деген макулдугунан башка жооп айта албады. Өз ичинде тымызын ойлонуп мен муну тузактайын десем, Момунум мага кош куржундуу жүк артып кетти го... Эмне демекпис, эми аткарбаска чара жок деген ойлору анын мээсин айлантып жатты. Момундарга ак жол каалап узатты. Буга чейин чийки май жегендей болуп жүргөн Момун ата жолдоштору менен бир аз эс алгандай абалга келишип бири-бирин карап ичтериндеги кубануу сезимдерин жашыра алышкан жок. Көңүлдөрү жайдары кобурашып Верныйдан жай отуруп чайлашкан соң кайра элди карай бет алышты.

Верныйдан келген Момун аталар кеңешип отуруп алиги губернатор айткан Чыныбайдын колундагы келишим катты алуунун жолун издеп тогуз толгонушуп бир бүтүмгө келишти. Акыры Чыныбай байды жоро-жолдоштору менен меймандыкка чакырышты. Мындай кабарды уга албай турган Чыныбай бай, Оо менин түбөлүк кулдарым мейманга чакырган турбайбы, ооба ошондой болот кулдарым али Чыныбай байыңарды көп-көп жолу меймандайсыңар деп ичинен кекенипкектеп жатты. Чыныбай бай бак-бак этип өзүнүн ишенимдүү жигиттерине кайрылып, кана жигиттер аттангыла, тиги кулдардын сый-сыпатын көрүп келели деп жаткан добушун уккан Чыныбайдын энесинин жүрөгү мыкчып, «лак-лак» деп согуп бир нерсени туйгандай тынчы кете баштады.

Уулу Чыныбайга кайрылып, балам деги ошол Момун менен чатакташпай, тилин таап элдешкениң оң болот, ал жөнөкөй инсан эмес, анын колдоочусу бар адам, бекер эрегишем деп мертинип калып жүрбөгүн дейт.

Муну уккан Чыыбай ырыс кесерленип ээ, катын деген үйдөгү казан-аягын эле билбейби, эби жок эр азаматтын

ишине кирише бербей деп күп-күп этип аттанып кетет. Аргымагында чалкалаган Чыныбай бай да жанжөкөрлөрү менен Момундардын айылына келип түшүштү. Атайы чакырылган меймандарды боз үйгө кийиришип меймандай баштaшты. Чай-пай ичилип жатканда, Момун ата өтө кичипейилдик менен урматтуу ханым өткөндөгү келишим кагазыңыздарда саал кемчилиги бардай көрүндү эле, ошону ондоп койбойлубу? – деген сөзүнө эсиркеген Чыныбай бай: – Ийи, силер менин байлоомдогу кулумсуңар эми кайда бармак элеңер, же кайра качып кытайга кетесиңерби? деп мазактап жатып, чаласы болсо ондосоңор ондоп койгула «өзүңөр эле эмес, жети атабызга чейин» кул болобуз деп, ондогула деп жатып жанындагы сумкесинен өткөндө түзүлгөн келишим катты алып Момунга узатты. Момун ишеним катты колуна алып деги ошол келишим кат бекен деп ачып карап анын аныктыгына көзү жеткенден кийин, катты улага тарапта отурган Керамды карай узатты. Ээ Керам келишим катты өзүң жаздың элең, өзүң окубасаң менин көзүм анча жете бербеди деп ага сунат. Керам ордунан туруп колун сунганда, Момун ата катты Керамдын колуна жеткире бербей очокто алоолоп күйүп жаткан отко түшүрүп жиберет. Келишим кат алоолонгон отто ана-мына дегенге болбой жалбырттап күйүп жок болот. Муну көрүп турган Чыныбай албууттанып: – тентиген кулдар! Мен элеби, мен силерди деп, Момун атаны карап бирден чачып жок кылам Көл айланасына түтүнмө-түтүн кул кыламын деп камчысын үйрүп тура калганда, дүнүйө бей капар отурган сабырлуу, ары токтоо Момун атанын жонунда мына-мына секирип беттен алчудай болуп камданган чаар ала жолборсту көрүп, Чыныбайдын эки көзү алайып, тили күрмөөгө келбей, куду дудук болгон немедей жалдырап эки көзү жолборс менен арбашып калды.

Момун ата: Эй Чыныбай бай! Эсиң менен бол чойундан чокойду кийип, темирден таякты таянып теңир тоонун ары жагынан кыргыз элим-жеримди издеп келген мен кулмунбу же чийге оролуп, коломтону короолоп, чыгданга сатылып келген сен кулсуңбу? – Эсинде болсун чиренген Чыныбай! Мен кыр артындагы кытайдан элим-жерим, ата-тегим деп келдим. Менин түпкү тегим Солто элиндеги Чаа баатырдын урпактарынан болот. Кааласам толгон желиңди чыгарып

койом! дегенде эртеден бери чарылдап жаткан Чыныбайдын жаагы жап болуп шалдайып отуруп калат. Чыныбай бул айтылган сөзгө эмес, эки көзү менен көргөн Момун атанын жонундагы айбаты күч чаар жолборстон коркту. Үйдөн чыгып жаткандагы энесинин ал Момун тегин адам эмес, колдоочусу бар, колдоочусу бар, колдоочусу бар... дегени кулагына кайра-кайра кайталанып жатты. Балам бекер мертинип калба? деген энесинин айткан кеби Чыныбайдын эсине мына эми келип оозуна«быссмылда» да кирбей калды.

Эртеден бери меймандарга куйулуп жаткан чай да токтоду. Момун ата Байынтогуз агасына дайындап жатты, жигиттер толук курал жарагы менен аттанышсын Чыныбайды чылбырлап алып жүрүп талап алышкан малды (быйылкы төлү) толугу менен кошуп беришсин деген өкүмдүү буйругун айтат. Чыныбайдын көзүнө тынбай көрүнгөн мына-мына секирчүдөй болуп комдонгон Момундун жонундагы жолборс эле. Момундун жогорудагыдай буйруктуу сөздөрүн Чыныбай угуп отуруп ооз ачып макул дебегени менен Момундун буйуган ар бир сөзүнө макулдугун билгизип илээлеген жылкыдай болуп башын утуру ийип «куп болот байым» – дегендей ишааратЫ эле. Чиренген Чыныбайдын «койондон корккондугун сезген Момун ан сайын Чыныбайга буйра сүйлөп: Тур Чыныбай телмирбей тур да талап алган малыңарды бүгүндөн калбай айдап келип бирден санап тапшырып бересиң, айткандай болбойт экен, анда эле таарынчу болбо, коргулүктү көрөсүң деп, оң жагына саал бурулганда, Момундун жонундагы байагы чаарала жолборс, баягыдан да сүрдүүрөөк болуп көзүнө ырылдап арсайган тиштери көрүнүп турду.

Байынтогуз ата ана-мына дегенче топтолгон куралданган жоокерлери менен аттанышып Чыныбайды ээрчип келген жигиттери менен алдыга салышып жөнөп кетишти. Чыныбайдын ойунда энесинин да олуя адам экендиги болуп жатты. Бу энем байкуш Момун мырзаны бир жолу да көрбөгөнү менен анын колдоочусунун бардыгын билгенин карабайсыңбы деп туңгуюк айылын карай жоон топ жоо-жарактуу мырзалардын көзөмөлүндө келе жатышты. Ошол тобу менен келишип айылына келип акылман апакесине жолугуп болгон иштИ болгондой айтып сиз айткан Момун мырза-

нын колдоочусун да көргөнүн толук сүрөттөп айтып берди.- Чыныбайдын энеси уулунун айткандарын узак убакытка чейин телмире тиктеп угуп отуруп төмөндөгүдөй бүтүмгө келди: «Уулум, алар да ар намыстуу эл-журт» – элибизде «жаны ачыган аянбайт – жаны ачыган жай албайт» деген накыл сөзү бар. Колуңдан келсе сырттан эли-жерине келген мусаапырларга боорунду кенен ачып кең пейилдик менен тосуп алган ата-бабаларыбыздан келе жаткан каада салтыбыз. Бул салтыбызды бузган ар кандай адам өсүп-өнүп жарыбайт. Ошондуктан али да болсо кеч эмес, өз малын өзүнө кайтар, дагы бир сөзүм бар айтаар: макул көрсөң жер жайнаган малыңдан дагы кошуп берип пейилиңдин таза экендигин далилдей жайгар деди. Чыныбай көп ойлонбой боз үйдөн тез эле чыгып жигиттерине өз буйругун берип ар бир айылга чабармандарды жөнөттү: аларга катуу дайында баягы олжого алган малын чычкан улагын да калтырбай алынган төлдөрү менен тез айдап келишсин деген буйругун берди. Өзү Байынтөгүз аталардын алдына келип туу калган ак боз бээни туура тартып алаканын жайып бата тиледи:

Ээ Жараткан Алла таалам, билип билбей кетирген кемчиликтеримди кечир, ушул алдыңызга туурасына тартылган жандыкты мындан кийин достуктун «жышааны» катары кабыл ал, оомийин деп меймандарга карап агынан жарылды. Бул батага Момун атанын өкүлдөрү да жок дей албай, бата берип жиберишип, бир-бирин карашып, бу кандай болуп кетти дегенсишип суроолуу тиктешишти.

Чыныбай бай эми баягыдай чыкчырылбай Байынтогүз атага кайрылып меймандар, аз айып көп күнөө кетсе кечиримдүү болсун? кана түшүңүздөр жигиттер малды айдатып келишкенче чай-пайлаша меймандык сый-сыпатты көрүңүздөр дегенде, Байынтогүз ата жоокерлерге караганда мурда сүйлөшүлгөндөй ондон бири аттарынан түшүштү Байынтогүз баш болгон, калгандары аттан түшкөндөрдүн аттарын жетекке алышып калышты. Бул көрүнүштү көргөн Чыныбай ичинен аттиң деп ээрдин кесе тиштеп, ооба, адам баласын айла амал менен бир жолу алдайсың, ал алданган эл экинчи жолу ишенбей калат. «Ишеничтен чыкканың, итчилик кылганың» – деген ушул деп, ичинен тынды. Аттан түшкөн меймандарды алып алдыга боз үйдү карай басышты.

Чыныбай мырза дасторкон үстүндө мурдагыдай Момун мырзанын тууганДарына бакылдай да шакылдай да алган жок, тек гана алыңыздар, жеңиздер деген сыпайычылыгынан ашыкча бейчеки кептер сүйлөнбөдү. Ушундай эле абалды Байынтогуз аталар да кармашты. Меймандар чай ичимиш болушканы менен жарытып чай ичкендей деле болушкан жок, жөн гана сыпайыкерчилик меймандостук сый-сыпаттар жүргүзүлүп жатты. Ал аңгыча асылган эти да бышып тамак тартылды. Эт бышканда Чыныбайдын тынчы кетип чайга келбеген Байынтогуз атанын сырттагы жоокерлерин чакыргыла дегенине Байынтогуз ата жооп кылып жөн эле коюңуз деп алдын ала жооп берип койгондо Чыныбайдын ындыны баягыдан да өчүп, бул кетирген кемчилиги эки элдин ортосунда оңой менен унутулбасын элестетип жатты. Ооба, бу эки элдин ортосунда ыдыраган бузулган ынтымак эми оңой-олтоң эле оордуна келе койбосуна дагы бир жолу көзү жетти. Тартылган тамак да желип, отурган эл бата болгондон кийин сыртка чыгышты. Кабарга кеткен чабарман жигиттер да ар бир айылдын өкүлдөрүнө өткөн жылы талоондон алган малдарын кайтарып айдап келгендер алды менен Чыныбай бай менен жолугушуп өздөрүнчө күбүр-шыбыр болушуп андан соң андан келген малды толугу менен Байынтогуз атанын жигиттерине өткөрүп берип жатышты. Ошентип кечке чейин бардык айылдардан жогорудагыдай болуп малдар толугу менен мал ээлерине тапшырып кайтып жатышты. Таланган малдары толук колдоруна тийгенден кийин (төлү менен ашыгы менен) Байынтогуз атанын жоокерлери күтүрөгөн жер жайнаган малды (жылкылар, кара мал, кой, эчки, төөлөр) айдаган боюнча элдин отурукташкан жерлерине жете келишти. Мындан бир жыл мурун чиренген Чыныбай байдын митайымдык, куйткулук, айла-амалы менен талап-тоноп алган малы бүгүн түгөлү менен кайра ээлеринин колуна тийгендердин кубанычы айтып түгөнгүс болуп калды. Бул кубанычтарын ачык эле айытшып кудай тааламдын акыйкаттыгына миң-мертебе ырахматтарын айтып жатышты.

Момун ата Верныйдагы губернатордун айтканы боюнча Чыныбайдан келишим катты жок кылгандан кийин каалаган жериңерге отурукташа бергиле деген сөзүнүн негизинде

эле эмес, алардын аркасынан удаа келген Караколдогу бийлик төрөлөрүнө даана жазылган кат да келип түшүптүр. Албетте бул каттын мазмуну губернатордон чыкканда Момун атанын тиги тилмечке ишеним көргөзүп Сиздин жардамыңыз зор болду, албетте атайы кабар алып сиздерди жоктойбуз деген сөзүнүн жыйынтыгы экендигинде талаш-тартыш жок эле, себеби дегенде келген катта Кытайдан жаңы келген бир боор кыргыз туугандарга мекендээр жери Каракол суусунун жээги, бөтөнчө анын күн батыш өрөөнү деп атайы жазылгандыгы, көпчүлүк бийлик ээлеринин оозун аңырдай ачырды. Алды менен ишенбөөчүлүк ниетте каттагы кабарды кайра-кайра окутуп, да окушуп да жатышты. Акыры амалдары кетип, бул буйрукка аргасыз макул болушту.

Ал эми Момун аталар болсо колдорунда атайы көрсөтмө көрсөтүлгөн катты «пир» тутушуп өрөөндү бойлой да жээктеп кенен кесири конуш ээлешип жайланышып жатышты. Жаңы жер которуп кыргыз эли кыргыз жери деп келген туугандар жергиликтүү калайык калк менен эртели-кеч кенен кесири карым-катнаштарын улай башташты. Жасаган мамилелерине жараша Момундардын абройу, кадыр-баркы бара-бара көтөрүлө баштады. Эң негизгиси жергиликтүү эл, жаңы туугандардын суроо-талаптары менен эсептешип калышты. Бара-бара алардын ортосунда келин алып, кыз берип дегендей карым-катнаш калыптанып алардын кубанычы эле эмес, кокус мүшкүл иш түшсө кайгысы да бир болгонун турмуш агымы айгинеледи. Эл биримдигин ынтымагын көздөгөн Момун ата бир кызы Гүлшара эжени Арык тукумунун акылман-билерманы Кыдыр акеге берген. Ал кишиден тараган укум-тукумдары Аксуу районундагы Керегеташ айылында кеңири тараган.

Өзүңүздөр күбө болгондой Жайыл атанын Теке уулунун уулу Шорукчунун тукуму, арадан 125–130-жылдар өткөндөн кийин (1885–1887-жылдары) Кытай элинен ар кандай жүйөлүү шылтоо эбеп-себептерин табышып ата-бабасы туулуп өскөн Кыргызстандагы Алатоо мекенине кайтып келишти. Ал эми Үсөн атанын Шарибинин уулунун тукуму ошол боюнча Кытай Эл Республикасынын аймагында калып кетти. Албетте элибизде үмүтсүз шайтан дегендей мезгил оошуп бизден кийинки Жайыл атанын укум-тукумунан татыктуу чы-

гаан уул-кыздары чыгып Шарип атадай бир боорлордун тукумун табат деген илгери үмүттө экендигибизди эскере кеткенибиз оң болоор.

Караколдун суусунун жээгин мекендеген бир боорлорубуз кадимкидей болуп жергиликтүү калк менен сиңишип кыз алышып, кыз беришип достук-куда-сөөк болуу күчөгөндөн күчөп өсүп-өнүп көбөйүшө беришти. Бул айткандарыбызды далилдөө максатында төмөндөгү тарыхый фактыларга кайрыла кеткенибиз айтылган сөздүн айкын далили болмокчу.

Өзүңүздөргө белгилүү 2004-жылдын этегинде борбор шаарыбызда Бийиктик басмасынан көлөмү 42,5 басма табак болгон Жайыл атанын бүгүнкү күнгө чейин тараган уул-кыз келиндери жөнүндө кеңири маалыматтар берилген. Китептин 287 бетинде Жайыл атадан Теке, андан Шорукчу уулунан тарагандар жөнүндө № 10 сүрөөдө толук баяндама келтирилген. Ошондой болсо да айрым маалыматтарга токтоло кетели:

Шорукчу атадан Мангулда уулу үч уулдуу болот. Тун уулу Батадан тарагандардын бардыгы 63-төн ашык укум-тукуму жөнүндө кыскача баяндама берилген.

Бата атанын биринчи аялынан Саада (Сааса) жана Тудо. Саада илим-билимдүү адам болуп өз заманында айылдын болушу болуп иштеген. Өкүнүчтүү жери бул агабыздан бүгүнкү күнгө тукум калбаганы. Ал эми Тудодон болсо: Усуп, Чыныбай, Чыныбек, Чымырбай жана Айткандар. Булардын да укум-тукуму толук тараган.

Бата атанын экинчи аялынан Энтемир, Эрдин булар жөнүндө да толук маалыматты жогоруда көрсөтүлгөн №10 сүрөөдөн толук маалымат ала аласыз.

Бата атанын үчүнчү аялынан Бокой, Боолжун жана Бучкалар төрөлгөн. Булар жөнүндөгү маалыматтар да №10 сүрөөдө берилген. Аларды кайталап жазуунун кажети жоктой.

Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе Жайыл баатыр №1 китебинин авторлорунуне бири Бээрман (Мээрман) Бөкө уулу жөнүндө толук маалыматты №1 китептин 288 бетинен толук маалыматтар менен тааныша аласыздар.

Шорукчу атанын экинчи небереси Батаогуз үч уулдуу болот: Момун, Төрөгелди жана Дүйшө. Момун ата журт башкарган инсандардан экендиги жөнүндө жогоруда баяндалды.

Момун атадан тарагандар: Атаке, Гүлшаара, Султан, Азынхан, Иман жана Даут. Булар жөнүндө толук маалыматтар жогоруда аталган китептин 289 бетиндеги №11 сүрөөсүндө толук маалыматтар берилген.

Батаогуздун экинчи уулу Төрөкелдиден Имилчик жана Матмусалар. Булар жөнүндөгү маалыматтар да толук №11 сүрөөдө берилген. Баш аягы болуп бул аталган сүрөөдө 80ден ашык Батаогуз аганын укум-тукуму баяндалганына күбө болобуз. Момун атадан тарагандардан Султанов Мухамед Султанович, Мухамед аганын Роза кызы жөнүндөгү кеңери маалыматты Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугу 290-291 беттеринен таанышсаңыз болот. Ал эми Дүйшө атадан тараган Токтогул уулу Хамид, Токтогулова Халида, Хамит кызы Сагида жана Хамид уулу Тынчтыкбектер жөнүндөгү маалыматтарды жогоруда аталган китептин 293-297-беттерден таанышсаңыз болот.

Шорукчу атанын үчүнчү небереси Байынтогуз жөнүндөгү толук маалыматтарды Жайыл баатыр китебинин биринчи томунун 298 бетинен № 12 сүрөөсүнөн таанышсаңыз болот. Байынтогуз атанын Саала, Утнаасын, Кенежес жана Батнасындары жана алардан тараган Колбаев Мукай, Болотов Асан, Асан уулу Кубанычбек, Хамза уулу Турсун, Хамза кызы Жамиля, Турсун уулу Туратбек, Солтошев Султаш, Султан кызы Турдубүбү, Илясов Данил, Асанбеков Касымбектер жөнүндөгү маалымат менен аталган китептин 229–308-беттеринен тааныша аласыздар.

Арадан билинбеген жылдар өтө берди, жашоо-турмуш барган сайын калыптанып отуруп, жогорудагы биздин бир боорлордун кытайдан келгени да унутта кала баштады. Бирок аларга энчиленген сарткалмактар деген ат энчиленип калды. Жогоруда сарт калмактын тарыхын аз да болсо чечмелеген болдук. Ошол сарт калмактардын ичинен солто уруусу суурулуп чыгып отурат. Жогоруда аталган китептин 10-11-12-сүрөөлөрүндө 63-80-107 деп атуулдардын баардыгы катталган. Бүгүнкү күндө алар Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айыл өкмөтүнүн курамындагы Ташкыя, Челпек жана Бурмасу айылдарында ырыс-ынтымактуу жашоолорун улантууда.

# СЫР ТҮЙҮНҮ

Мына өзүңүздөр күбө болгондой кептин башында сөз 1758-жылдары Кыргыз элчилерин курамы 250 адамдан турган элчилерди кытай өлкөсүнө жөнөткөн Жайыл бий болгондугунан кеңири кеп болгон. Мына ошол учурларда болжол менен алганда 12-13 жаштагы Жайыл бийдин неберелери Үсөн уулу Шарип менен Теке уулу Шорукчу жөнүндө баяндаган элек. Өзүңүздөр көргөндөй арадан 130 (жүз отуз) жыл өткөндөн кийин Шорукчунун бала-бакыра небере-чөбөрөлөрү түбү кыргыз элиндеги Солто уруусунан экенбиз Ата-Мекени болгон кыргыздын Алатоосун издеп келип жолдун өңүтү боюнча Караколдун жака белин мекендеп келип туруп калышкан. Албетте Шорукчунун чеберелерине балким алар кыргыздардын кайсыл уруусунан экендигинен толук маалымат жетпей калышы да ыктымал. Ошондуктан Байынтогуз, Момун аталар кыргызстандагы кайсыл уруудан экенин алар кайсыл жерлерди мекендегенин толук билбегендиктен жакын ага туугандарын издеп табуу маселеси толук чечилбей ичтеринен чийки май жеген адамдай болуп жүрө беришкен. Ал эми бул кытайдан келгендерди өзүңүздөр көргөндөй сарт-калмактар деген атка конгондугунан кабардарсыз.

Элибизде «ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар» – дегендей, кытайдан 130 (жүз отуз) жылдан кийин кайта кыргыз элине келгенден кийин да бир боорлорун таба алышпай 100 (жүз) жылча убакыт жашоолорун өткөрүшкөн. Элибизде «эбепке-себеп» – дегендей бул купуя сыр болжолу келгенде өзүнөн-өзү эле чечмелене баштаган. Эмесе кептин учугун ушул жагынан улаганыбыз оң болоор.

Жайыл атанын санжырасында көргөзүлгөндөй Жайыл атанын Кытайга элчиликке кеткен Шорукчунун укум-тукуму 250 жылдын ичинде 250дөн (эки жүз элүүдөн) ашып бараткасына күбө болдук (Жайыл баатыр № 1 томунун 175-бетинин № 1 сүрөөсүнлөгү маалымат боюнча). Мына ошончо эле Шарип атанын да укум-тукуму Кытай элинде маалыматсыз калганын так айта албасак да болжолдуу божомолдоого болуп отурат. Шорукчу атанын урпактарынын бири жогоруда Жайыл баатыр китебинин авторлорунун бири Бөкөев Бээрман өз адистиги боюнча Ысыккөл областынын Жетиөгүз

жана Түп райондорунун маданият тармактарын жетектеп жүргөнүнөн толук кабарлар жогорудагы китептин бетинде толук маалыматтар бар. Бээрман мырза кезектеги 1992-жылы мамлекеттик телевидениеси аркалуу 40 (кырк) минуталык берүүсү уюштурулганы жогорудагы сыр түйүнүнүн учугун таап отурбайбы. Бул берүүнү уюштуруп алып баруучу Бээрман мырзанын өнөрүнүн өнүгүшүнөн сөздү баштап отуруп акыры төмөндөгүдөй суроосун узатат.

Урматтуу Берман агай, албетте кечирип коесуз, ыңгайсызыраак берген суроом үчүн. Сиз бирде сарткалмак элинен болсоңуз, бирде Солто уурусунанмын деп каласыз. Ушулардын сырын чечмелеп берсеңиз деген суроосун узаткан. Албетте бул телеберүү бүтүндөй кыргызстандын аймагында көрсөтүп жатканы бардыгыбызга маалым. Бээрман мырза токтолбостон жогорудагы суроонун жообун кичине күнүнөн бери ата-бабаларынан укканын-уккандай чечмелеп айтып берет. Негизи биз түбү кыргыздын Солто уруусунун Чаа баатырдын уулу Талкан бийдин небереси Жайыл баатырдын уулдары Үсөн баатыр менен Теке баатырдын уулдары Шарип менен Шорукчунун урпактары болот экенбиз. Мезгилдин бир замандарында баба-бубаларыбыз (Шарип, Шорукчу) жаш кезинде эл бийлеген чоң атасы Жайыл бийдин жөнөтүүсү менен Кытай элине элчилердин курамына кошулуп келишиптир. Кытай ханы элчилерди түзүк кабыл алып иштери бүткөн соң кыргыздын Жайыл ханынын неберелерин ак үйлүү кылып алып калган экен. Албетте булардын баардыгы тең ошол учурдагы эл аралык мыйзамдын талабы болсо керек, мындан эч кандай тигиндей же мындай тетири бүтүм чыгарууга болбойт. Ошентип билинбей жылдар өтүп отуруп жогоруда көрсөтүлгөндөй Үсөн атанын Шариби түбөлүккө Кытай элинде калып кетип отурбайбы. Ал эми Теке баатырдын Шорукчу атанын укум-тукуму арада 130 (жүз отуз) жылдар өтсө да эли-жерин издеп келип Каракол шаарынын жанына отуруктаашып калганын бул турмуштун накта далили деген жообун маркум Бээрман мырза алып баруучуга билгизет. Мына ушундай телеберүүдөгү эфирден түз кеткен дил маеги өткөндөн кийин Бээрман мырзага удаама-удаа эки кат келет. Ал эки каттын маанилери бири-бирине опокшош болгон, эмесе ошол каттардын маанисине токтололу.

Кат ээси Адылбек Оморов Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун автору Жайыл районунун Жайыл айылынын тургуну. Адылбек ага жөнүндөгү маалымат жогоруда аталган китепте толук баяндалган. Урматтуу Бээрман иним сен кайда жүргөн Теке баатырдын балдарынан болосуң? Сен эч убакта жалгыз эмессиң. Бул жерде Жайыл районунда Панфилов жана Москва райондорунун 25 (жыйырма беш) айыл кыштактарында Жайыл атанын балдары Асан, Үсөн, Теке, Итике, Байбек, Куттубай, Эшбото жана Кудайберди деген сегиз уулунан 40 (кырк) миңден ашкан түтүн эл жашайбыз. Алар кадмики сен издеген Солто туугандарың болобуз. Теке баатырдын кыскача тарыхын өзүң да четинен айтып өттүң.

Ооба Жайыл хан өз учурунда жалаң эле Солто элинин башчысы эмес, бүтүндөй кыргыз элинин ажоосу болуп бийлеп турган учурда Кытай эли менен болгон эл аралык мамилени ондоо максатында курамы 250 (эки жүз элүүдөн) ашык элчилерди жөнөткөн Жайыл хан болгон. Мына ошол элчилердин курамына кыргыздардагы бийлик башындагы Жайыл ата өзүнүн 12-13 жаштардагы неберелери Шарип менен Шорукчуну кошо жөнөткөнү маалим.

Эки жарым кылым өтүп арадан
Эчен-эчен ойлор өттү санаадан.
Эфир менен бак-бак этип Бээрман,
Эли-жерин издээр «солто» баладан.
Элиң кыргыз, жериң Алатооң мына,
Эзилише куткардың чоң санаадан.

Жогорудагыдай эле мазмундагы катты Жайыл районунун Бөксөжол айылынын тургуну педагог Жүзүм Осмон кызы эжеден да келген. Жүзүм эже да Жайыл атанын бүгүнкү күндө тараган укум-тукумдары жөнүндөгү маалыматка кеңири токтолгон.

Ошентип кечээ эле Кытай элинен атайы көчүп келишкен Теке баатырдын Шорукчу уулунун укум-тукуму кыргыз эли-жерин издеп келген алдыңкы күндөрү Чыныбай өндүү байлардан кысым көргөн болсо бүгүн өзүнүн бир боолорун табышып көксөгөн максаттарына жетишишти.

# АДЫЛБЕК АГАНЫН ЫСЫККӨЛДҮК СОЛТО ТУУГАНДАРДЫ ТАБЫШЫ

1992-жылы 21-август айында кечки саат $19^{30}$да Адылбек ага телевизор көрүп отуруп укмуштуудай окуяга туш болгонун баяндап берди. Аңгыча эле телевизордо карасакалчан адам пайда болду, өңү-түсү көрүнүшү дунганга түспөлдөш болгону менен сүйлөгөн сөздөрү накта кыргыздардын эле өзү. Алды менен өзүнүн эмгек жолун, иштеген ишин толук баяндап келип, сөзүнүн аягында кыргыздын санжырасына өтүп, жети атасын бирден атап отуруп кадимки Солто уруусундагы Талкан бийдин уулу Коңурбайынын баласы Жайыл баатырдын урпактарынан экендигин маалымдайт. Жайыл баатырдын Теке уулунун Шорукчу деген баласынан экендигин, алар кийин кана Кытайдан көчүп келгендерин айткандарын уккан Адылбек аганын көктөн издегени жерден табылгандай сүйүнгөнүн жашыра албайт. Бүгүнкү күндө Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Челпек айылында жашаган Бээрман Бөкөевдин маалыматын жүрөгүнө түйүп, толкунданган агабыз дароо эле катын жазып даярдап жөнөткөнү жөнүндө жогоруда баяндадык.

Ооба Адылбек Оморов агабыз да мектепте эмгектенип жүрүүчү. Мектептин директору Көлдүк сарткалмак деп айткандарын кулагы чалганы бар. Дароо барып мектептин директору Эгембердиев Керимбек мырза менен маектешип отуруп, жогоруда телеберүүдө сөз сүйлөгөн Бээрман Бөкөевди таанырын угат, ал эле эмес бир айылдын тургундары экендигин билет. Агабыздын жүрөгү баягыдан да толкундап, ойу онго санаасы санга бөлүнүп ой толкуну алып учуп бир орунга тура албай калат. Адылбек ага сабырдуулук менен акылды токтотуп эми жогоруда Бээрман Бокоевге жазган катты күтүүнүн зарылчылыгы жоктугун элестетип, кантсе да Көлдүк бир боорлорду эртерээк табуунун жол-жобосун издей баштайт. Кептин чыны мурда бирде-экиде Ысыккөл тарапка барбаганын элестеп кой жалгыз жарым сапарга чыкканым болбос деп өзүнө санаалаш досторун, ага-туугандарын ойунда бирден санап өтүп, андай жолдоштук ишке жараса эле тиги эки «шер» жарайт деген бүтүмгө келди. Атаган ишеничтүү адамдары менен аңгеме дүкөн куруп өз пикирин билгизсе

алар да колдоо көрсөтүшүп жок дешпейт. Ошентип бейшемби күнү эртең мененки саат ондо Карабалтадагы автобекеттен жолугушаарын убадалашып тарашат. Адылбек аганын басса-турса башында Көлдүк Солто эли, өзүнүн бир боорлору... дегин койуңузчу... бир туруп андай болсо буларды эмнеге сарткалмак дешет деген суроолор тынчтык бербейт...

Болжогон күн да жете келип Адылбек ага аттанып узак сапарына жөнөп, макулдашкан автовокзалдан саат ондо тиги шериктерин күтүп отурду арадан жарым, анан бир саат убакыт өтсө да келбегенден кийин, кой узак жолдон калганым болбос деп автобуска түшүп Бишкекке келип бул жерден түз эле Бишкек-Каракол маршруттук автобусуна түшүп айтылуу Ысыккөл өрөөнүн көздөй бет алды. Ысык көлдү иш жүзүндө биринчи көргөнү менен массалык маалымат каражаттарынан Ысыккөлдөн тынбай кабардар агабыз үчүн анчалык деле таңкалышы болгон жок, анткени Ысыккөлдүн узун-туурасы, тереңдиги, айланасына айыл-кыштактар отурукташканы, көлдө ондогон-ондогон балыктын түрлөрү бардыгынан кабардар да.

Адылбек ага Көлдүк Солто туугандарына аттанаар алдында мектептин директору Керимбектен бараар жеринин дарегин толук сураштыруу менен анын атасы Шарип аганын дарегине аманат кат жаздырып алган. Караколго келээр менен, таксиге отуруп Челпек айылындагы Шарип акенин үйүнө түз эле жетип барып, куду илгерки тааныштардай саламдашып, учурашып аманчылыкты сурашып уулу Керимбектин аманат тил катын карматат. Кептин төркүнүн түшүнгөн Шарип ага, жадырап-жайнап Адылбек аганы тосуп алып мейман каадасын жасай баштайт. Адылбек ага Колдүк солто туугандарынын бир топ билермандары менен шашпай таанышты. Жогоруда сыр түйүндүн туткасы болгон Бээрман Бокоев менен да жолугушту, жай отурушуп сыр алышты, чер жазылды... Көптөн бери канбай жүргөн чаңкоо канды... көңүлдөр жайланды... санаалар тынды.

Акыры сапар карып, Адылбек ага кайра айылына Ысыккөлдүк солто туугандарынын кадырлап узатуусунда жолго чыкты. Аман-эсен айылына келип болгон кеп-сөздү, ага-туугандарына төкпөй-чачпай айтып берет.

Ысыккөлдөгү Солтобуз деген туугандар, кадимки эле ада-

бий маалыматтардагы 1758-жылы Жайыл бий кыргыз эли-жерин бийлеп, башкарып турганда кытай элине курамы эки жүз элүү адамдан ашкан ар уруунун өкүлдөрүн элчиликке жөнөткөндө өзүнүн эс тартып калган эки небересин; Үсөндүн уулу Шарипти, жана Текенин уулу Шорукчуну кошо жибергенинен маалыматтар бар. Кытай хандыгы кыргыз элчилерин жакшы кабыл алышып кайра жөнөткөндө, Жайыл хандын эки небереси Шарип, Шорукчуну жана элчилердин жетекчиси Нышаа баатырды убактылуу ак үйлүү кылып алып калганынан кабарлар такталып, Шарип илим-билимге берилип Бээжин шаарында кызматка илээшип калат, ал эми Шорукчу болсо Бээжиндин айлана тегерегинен соода-сатык, дыйканчылык менен аракеттенишип өз тирилигин өткөрүп, өсүп-өнүгүп жашоолорун өткөрүшкөн. Ошентип жашоо-тирилик, күндөлүк-турмуш менен алектенишип жүрүп 1880-жылдары ага-туугандар кеңешип отурушуп ата мекени болгон Алатоону көздөп көчүп келишип Караколдун жанындагы Ак-Суу өрөөнүнүн жээгинен орун алып жашап калганы такталгандыгынын күбөсү болду Адылбек ага.

Теке баатырдын 250 жыл мурда Кытайга кеткен Шорукчу уулунун урпактарынын табылышына себепкер. Биринчиден Бээрман Бөкөев болсо экинчиден Адылбек Омор уулу болгонуна өзүңүздөр күбө болдунуздар. Ысыккөлдөгү өздөрүн Солто уруусунанбыз деп жүргөн Жайыл баатырдын Теке уулунун урпактарынын кубанычына кубаныч кошуп жумурай журтту толкундатты. Көңүлдөгү көксөөлөрү аз-аздан сууп, көңүлдөрү жайланышып калгансыды. Албетте тууган арасында бүгүнкү күндө карым-катнаш башталып бир боор тууганчылык күчөөдө.

## ТАКТЫКТАН ТАРЫХ ЖАРАЛАТ

Баардыгыңыздарга белгилүү 1991-жылга чейин Кыргыз эли башка элдердей эле болуп Союздун карамагында калтырап-титиребегени менен катуураак жөтөлө да албай тандан кечке Москва эмне дейт деп карап отурбадыкпы. Теңирдин буйругу менен 1991-жылы эгемендүүлүк колго тийип Кыргыз эли өз алдынча мамлекет болуп узак жылдардан бери

ойлогон максаттарына жетишип оңуп эле калышпадыбы. Калп айткандай болбойлу чыны менен эгемендүүлүк колго тийгени демократиянын таңы аткандай ээн-эркин сүйлөп да калдык. Мына эми ар ким өз ой-пикирин коркпой, үркпөй эле ортого сала берсе болчудай абалга да жеттик.

Жайыл баатыр бир уруунун эле эмес, бир улуттун баатыры экендиги калайык кыргыз калкына айкындалып утуру барган сайын далилденген тарыхый маалыматтар жарык көрүүдө. 1993-жылдын 8-майынан баштап айрым аймактарга Жайыл атанын ысмы мыйзамдуу түрдө аталып келет. Мисалга алсак Жайыл району, Жайыл айыл өкмөтү. Жайыл дыйканчылык чарбасы, Жайыл айылынын жаңыча Жайыл деп аталышы – анын далили эмеспи.

Ошону менен бирге Жайыл (атанын) баатырдын айкели дүнүйөнү дүңгүрөткөн Улуу Жибек жолунун боюна батыш менен чыгышты, түндүк менен түштүк жолдорунун кесилишкен «үч кошкон» – жеринде орногону да өтө маанилүү. Айтмакчы Жайыл баатырдын эстелигинин бул жерге орнотулушун бүгүнкү Кыргыз Республикасынын Президенти Курманбек Салиевич Бакивдин өзү учурунда көрсөтүп сунуштаган. Бүгүнкү күндө Жайыл, Аксуу, Панфилов жана Москва районундагы Жайыл атанын кырк миңден ашык тургундары Жайыл баатырдын 300-жылдык маарекесин 2005-жылдын күз айларында Теңирим буйруса өткөрүлөбү деген зор үмүттө. Жайыл баатырдын 300-жылдык маарекесине карата баатырдын биринчи тому 42,5 басма табак көлөмүндө 2004-жылы жарык көрдү. Азыркы күндө анын экинчи томдугу жарык көрүшү үчүн алектенип жаткан учур.

Эмки сөз учугун буга чейин Жайыл атанын жарык көргөн айрым санжыраларына көңүлдү бурсак дейбиз. Асанбек Стамов өзүнөн «Жайыл баатыр баяны» аттуу тарыхый очерктеринде Жайыл баатыр 1705-жылы туулган. Улуу баласы Асан, андан кийин Үсөн менен Теке делген. Мындай көз караштар эл арасында да уйкаштыгына байланыштырып Асан, Үсөн анан Теке деп айтып жүргөндөр бар деп Адылбек Оморов өзүнүн негиздеген пикирин ортого салгысы келет. Жайыл баатырдын санжырасы боюнча чейрек кылымдан бери үзбөй иликтөө иштерин жүргүзгөндүгүнө негиздеп, жазуучу Асанбек Стамовго каяша айткым бар дейт. Ошону менен

бирге кокус жаңылган болсом кечирим да сурайм деп алдын ала өтүнө кеткен. Элибизде миң уккандан бир көргөн артык деген сөз бар.

Алды менен Асанбек Стамовдун «Жайыл баатыр баяны» аттуу китебинде айтылган сөзүнө сөзмө-сөз кайрыла кетели. «Жайыл Темиржанды 17 (он жети) жашында алып, Темиржан эне Асан, Үсөн Текени 1723–1727-жылдары койчо төрөгөн. Муну айтып белгилеп жатканымдын себеби Жайыл бий 1758-жылы кытайга Нышаа баатырды баш кылып элчи жибергенде Үсөн уулунун уулу Шарипти жана Теке баласынын баласы Шорукчусун элчилердин курамына кошкон. Баатырдын бул тестиер неберелери анда 16–17 жаштарда го деп болжойм – дейт.

Ал эми менин каяша айтайын деген ой максатымдын негизи, бүгүнкү күндө арабызда аралашып жүргөн көрүп уккан инсандарды ортого салайын. Айлыбызда жашы 85 (сексен бештен) өтүп калган Кулакмат кызы Калбүбү эжебиз акыл-эси жайында, алдуу-күчтүү күнүмдүк жашоосун улап келүүдө. Эжебиз өз доорунун илим-билимдүү, кадыр-барктуу активдүү кадырларынан болгон. Эже менен болгон дил маегин өзгөртүүсүз келтирүүгө аракеттенели:

«Атабыз Кулакмат – дейт, Калбүбү эже: 1950-жылы 16-мартта 74 (жетимиш төрт) жашында бул жарыкчылыктан кайтыш болду. Атабыз бейиши болсун. Сабырлуу, токтоо өмүр сүргөн, санжыраны жанындай көргөн, жалган сүйлөгөн жанды жек көргөн, кара кылды как жарган ар дайым бетке чаба түз айткан бакылдаган адам эле. Ар кезде заман бөлөк, мезгилдин талабы боюнча эски сөздөн алыс, партия эмнени айтса ошону кана аткарган учур эмес беле. Атакем мени эрке өстүрдү, көптөгөн акыл-насыят сөздөрүн жай отуруп алып айтып берээр эле. Алардын айрымдары кудайга шүгүр мына бүгүн да эсимден эч чыккан жери жок. Атамдын айткандарын эске салсам Асан атабыздын (түндүгү) чамгарагы биздин үйдө калган экен. Кыргыз калкынын каада-салты, кулк-мүнөзү боюнча чамгарактын кадыры ата сөөгү чыккан үй чоң үй (улуу үй) болуп эсептелчү экен, калган балдары жашы боюнча улуу болсо да шарты боюнча жолу кичүү болуп калчу тура. Мына ушундай чоң үй аталуунун өзүнчө салт-санаа, аңгемелери бар.

Асан атабыздын алты аялы болуп алардан 18 (он сегиз) уулдары бар экен. Ата-бабаларыбыздан кыргыз элинде кыз баланын эли-жери башка болот дешип, аларды эсепке алышчу эмес экен, ошондуктан кыргыздын санжырасында ата-энеден канча кыздуу болгону (төрөлгөнү) айтылбай калып отурбайбы. Асан атанын уул балдары:

– Биринчи аялынан тарагандар – Таштанбек Чыныбек, Адылбек, Мырзабектер. 2004-жылы жарык көргөн Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун № 13 сүрөөсүндө кеңири көрсөтүлгөн.

– Экинчи аялынан тарагандар – Нооруз, Бекбото, Атантай, Жоомарттар, булар жогоруда аталган китептин № 14-21 сүрөөлөрүндө.

– Үчүнчү аялынан тараган Каратай (Теке агасынын аялына үйлөнүп төрөлгөн уулу). 22-35 сүрөөлөрдө баяндалган.

– Төртүнчү аялынан тарагандар – Жаныбек, Ажыбек, Шайбек, Карбос, Сазалар, булар жөнүндө № 36-39 сүрөөдө кеңири баяндалган.

– Бешинчи аялынан тарагандар – Боруке, Байчумактар. алар жөнүндө № 39 сүрөөдө.

– Алтынчы аялынан тараган – Асылбеги, жогорудагы китептин № 39 сүрөөсүндө кеңири берилген.

Эми кеп учугун мына ошол эң кенже уулу Асылбектен улайлы. Асан атабыз пешенеге түшкөнүн көрүү шарты боюнча 67 (алтымыш жети) жашында жалгыз бой калган болот. Кыргыз элибиздин каада-салты боюнча карыган эркек адамдын жалгыз бой (жесир) калышы башка түшкөн кырсыктын эң жаманы болуп саналаары баарыбызга белгилүү. Карыган адамдын келиндин колунда калышы, жетим баланы жышаанындай эле болуп калат. Карыса да өз үйү, өлөң төшөгү дегендей, өзүнчө эле болгону абзел эмеспи.

Жогоруда Асан атанын алты аялынан 18 (он сегиз) уулу бар экендигин эскере кеттик. Ата-эне он сегиз баланын бардыгына барабар карап бирдей көрөт эмеспи. Ал эми он сегиз бала он сегиз башкача ойлонуп, он сегиз башкача толгоноору айдан ачык. Алардын кимиси тапкан-баккан атага кандай карашат деген негиздүү мыйзам ченемдүү суроо туулат. Күндөрдүн биринде Каратай уулу атасын Асандын саал жүдөөрөк тартып, маанайы пас экендигине көңүлү түшүп

түмөн түйшүк ойго батып, анын себебин табууга далалат ура баштайт. Айтса-айтпаса төгүнбү, санаалаш байбичеси болбой карыган киши жаш балача келиндин колун карап эле отурса.. Жүрөктүн тереңиндеги бул сыр түйүнүн чечмелөө үчүн Ыман агасына барып кеп учугун баштап, атасынын жүдөп калганын айтып, агасынын кеп-кеңешине кулак төшөйт. Баса, айткандай Ыман деген ким? Кандайча ага ага болуп эсептелет? Анын түпкү теги ким? Кайдан келген? дегендей толгон-токой жүйөлүү суроолор туулушу ыктымал. Эмесе Ыман ага жөнүндө болгон билген маалыматка да токтоло кетели:

Ыман агасы Асандан он жашча кичүү, сөзгө чечен, сырга бекем, ишке чебер, чымыр денелүү эки-үч адамга алдыра койбогон эр азаматтардын бири. Жашы кичүүлүгүнө карабай Асан атага ары сырдаш, ары жолдош бири-биринен сыр катпаган инсандардан. Түпкү теги сарыбагыш уруусундагы Токо манаптан  башталат. Токо карыянын уул баласы жок болгондуктан кудайдын бергенине тобо кылып, Теңиримден тиленип жатып жети жетим баланы багып өстүрүп таалим-тарбиясын берген тура. Ошол жети уулдардын бири – Өзүк. Эми Өзүк уруусунун таралышын чечмелейли; Өзүктөн – Токтомат, Токтоматтан–Түгөл, Түгөлдөн–Насыр, Насырдан–Баяке, Баякеден–Ыман. Мезгилинде татаал тагдырдын оор кырсыгынабы, сынагынабы туш болушуп, эл арасынан ыктуу, жай, тынч орун издеп чыккан мырзага насипти Жайыл атанын элинен Теңирим буйруган окшобойбу. Ушу насип буйруган жерге токтолгон боюнча эл-журтка алынып карым-катнаш ынтымакта жашашып калган тура. Ошентип Ыман мырза Асанга ини ал эми анын уулу Каратайга ага болуп бири-бирлери менен кадыр-сыйда жашап калышат.

Каратай атайы Ыман агасынан өтүнүп атасы Асандын ички сыр түйүнүн чечмелеп билип берүүсүн өтүнөт. Эгерде аталары Асан макул болсо, өзүнүн каалаган жеринен өмүрлүк жар алып берүүгө балдары толугу менен дилгир экендигин да айтуусун өтүнөт. Ыман болсо Асан атага келип узун сөздүн учугун улап отуруп уулу Каратайдын ниетин билгизет. Асан ата сабырдуулук менен Ымандын кеп-кеңешин угуп отуруп уулу Каратайдын тынчсызданганына ичинен ыраазы болуп, ата балдарынын камын көрүп тынчсызданат ар бир эле бала

атасынын ал-ахвалын түшүнүп биле бербегени табихый нерсе. Кудайга шүгүр атасынын тагдырын ойлогон уулдарымдын барлыгына Теңириме миң мертебе ыраазымын деп ойлонуп отуруп уулу Каратайдын пикирине каршы эместигин билгизет.

Мына ушундай кеп-кеңештен соң Асан ата кадимки кара жоргосуна атганып, ары ишеничтүү, ары ини катары болсо да сырдаш теңтушу катары Ыманды жанына алып алып ашуу ашып бел басып Улар ашуу, Төөашуу, Алабелди ашып айтылуу Кетментөбө өрөөнүн карай сапарга чыгышат. Албетте ал жактар жаш кезинен үйрөнүшкөн эли-жери, жекжаат болуп аралашкан эли.

Ооба жолоочулар айыл аралап бара жатышат, утуру сурамжылап дегендей, белгилүү, мерчемдүү жерге келгенде айылдаштардын баяндоосу боюнча ылайыктуу кыздуу үйдү болжоп токтошот. Ыман болсо аталган үйгө барып Жайыл баатырдын уулу Асан жекжаат улап кудайы коноктоп келе жаткандыгын кабарлайт. Мындай кабарды уккан үй ээси кудай конокторду  жакшы ниетте кабыл алып, мейман камын көрүшүп атайылап бата тилеп тай союп тосуп алышат. Ата-бабадан калган каада-салт урмат-сый көрсөтүү өтө жогорку деңгээлде болот. Үй ээси менен меймандар ортосундагы сөздөн-сөз уланып отуруп, Ыман сыр түйүнүн учугун чыгарып, үй ээсинин он төрт жашар кызына жуучулукка, куда-сөөк болууну көздөп ат арытып жер карытып келишкенин баяндайт. Сөз төркүнүн түшүнгөн үй ээси терең ойлонуп, кыргыздын каада-салтын эске алып, ары кетип, бери кетип отуруп акыры макулдугун билгизет. Ал эми кыздын энеси менен агалары мындай бүтүмгө каршылыктарын билгизип, «төрүнөн көрү жакын» – калган карыган абышкага бергенде кыздын тагдыры кандай болот, эртеңки жашоосучу? деген жүйөөлүү суроолорун коюшат.

Эне шордуу бышактап канчалык каршылык көрсөткөнү менен үй ээси – эринин айтканын эки дей албай аргасыз башын ийе чексизге мелтиреп көзүн ирмебей катты да калды. Албетте санаасы санга, ою онго бөлүнүп кызынын келечек тагдырын элестетип ичи күйүп, жүрөгү уйгу-туйгу... Дегени менен үй ээсинин өкүмдүү чечими орундалып каада салт

боюнча кара жоргонун жал куйругуна кебез байланып, жуучулуктун салты бекигендигин билгизишти.

Асан ата болочок кайын журтуна, келечек ой-максатын баяндап, Кетментөбө өрөөнүндөгү аталардын арбагына арнап дуба кылышып, кайра эли-жерине катышаарын, балдары жол-жобосу менен келишип кичи энесин алып кетишээрин айтат. Үй ээси да Асан атанын кара жоргосун убактылуу кайра кайтарып берип ыраазычылыгын билгизип кала берет. Аттанышкан Асан ата менен Ыман болжогон эл-журттарына барышып эки жүздөн ашык жылкы топтошуп, кара жоргону туу башы кыла айдап келишип «кенже» эненин калыңын төлөшүп, ыраазычылыгын алышып келип алып кетээр күндөрүн белгилешип кайра тартышкан экен деп айтышат.

Асан ата Ыман менен кайтып келгенден кийин болгон ишти Ыман толугу менен Каратай инисине баяндап айтып берет. Болжогон күнгө карата Каратай мырза ага катары санаган ары сырдаш пикирлеши Ыман менен куда башчы катары топту баштап Кетментөбөгө кудалардын алдына барышып «кичи энени» шаан-шөкөтү менен алып келишип, шарыяттын жолу боюнча никесин кыйдырып тойун өткөрүшөт. Арадан билинбей жылдар өтүп «кичи энебиз» тун кызын төрөйт, тун кызы эми тамтуң басып калганда ага удаа экинчи кыздуу да болушат. Берээрин унутпаган Теңирим Асан ата менен «кичи энеге» кенже уулун берет, жаңы төрөлгөн наристеге Асылбек деген ысым коюшат. Кенже уулу Асылбек төрөлгөндө Асан атабыз 70 (жетимиш) жашта экен. Асан атанын андан кийин канча жашка чейин жашагандыгы жөнүндө кеп учугу уланбайт. Асылбек атанын сүйкүмдүү кенже баласы болуп өтө эрке өсүп чоңойот, ошентип жүрүп 30 (отуз) жашка келгенден кийин үйлөнгөн тура. Асылбек ата да атасындай көп балалуу болот.

Ушул жерден эскере кете турган бир нерсе Асылбек атанын санжырасы Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун 544 бетинде №39 сүрөөсүндө баяндалган. Элибизде көч бара-бара түзөлөт дегендей, анда кетирилген айрым кемчиликтер бул жерде толукталып берилээрин эскере кеткибиз келип отурат. Асылбектен тараган уул балдарды атай кетели: Кулболду, Супатай, Айтыке, Чекир аттуу уулдуу болгондо Асылбек агабыз алтымыш жашында Кулакматы андан кийин Артыкбай

аттуу уулдуу болгон тура. Албетте бул жерпде ортодо төрөлгөн кыз балдары жана чарчап калган балдары айтылбаганын эске кере кеткенибиз оң болоор дейт Калбүбү эжебиз.

Эми жогорда айтылгандардын бардыгын негиздеп келип жыйынтыгын чыгаралы Кулакмат атабыз 1950-жылы 74 (жетимиш төрт) жашында кайтыш болду дедик. Ошондо Кулакмат атанын төрөлгөн жылы 1876-жыл болот экен. Ал эми Асылбек уулу Кулакматтан 60 (алтымыш) жаш улуу болгондо, анын туулган жылы 1816-жыл болот экен. Асан ата кенже уулу Асылбегин туура 70 (жетимиш) жашында көргөнүн чын деп кабылдасак, анда Асан атанын туулган жылы 1746-жыл дебеске арга жок. Ал эми Асан атанын атасы Жайыл баатыр 1770-жылы Абылай хан менен болгон айыгышкан кармашта курман болгондугун чындыкка кабыл алсак баатырдын Асан уулу 24 (жыйырма төрт) жаштагы бир эмес, эки аял алган мырза жигит убагы болуп отурбайбы. Андай бүтүмгө келишибиздин себеби душмандар менен кармашта каза болгон агасы Текенин тул калган аялын, жеңесин үчүнчү аялдыкка алып, андан Каратай уулу төрөлүп отурбайбы.

Мына булардан биз кайрадан көптөгөн жүйөөлүү суроолорго туш болуп отурабыз. Жогоруда Асанбек Стамов айткандай Жайыл атанын балдарынын улуусу Асан болсо Үсөн менен Теке кандайча инилери боло алмак? Жазуучунун айтканы боюнча 1758-жылы кыргыздардын Кытайга барган элчилер курамына катышкан Жайыл бийдин неберелери 16–17 жашар Шарип менен Шорукчу кайсы жылдары төрөлгөн болот? Үсөн менен Теке баатыр тун уулдарын качан көрүшкөн? Асанды 1758-жылы 12-жашта десек, иниси деген Үсөн 10 (он) жашта болуп калып жатпайбы?

* * *

Эми кайрадан жогоруда Асан атанын чамгарагы Асылбектин үйүндө калды дегенге кайрылып анын негизги себептерин аныктоого аракеттенели.

Кулакмат атаны биз да көрүп калдык. Бизден улуураак агаларыбыз сөзмө-сөз сүйлөшүп, эртели-кеч баарлашып калгандары да бар. Улуу муундун өкүлдөрү аталарыбыз Омор, Иса, Субанкул, Абыш, Рысбек, Абдырахман, Сманкул, Төлө-

байлар болуп айткан сөздөрүнө караганда Асан атабыз улуу жашка (көп эле жашап) барып О, дүйнө сапар салган экен. Акыркы жылдары кичи аялынын колунда болуп ошонун үйүнөн көз жумат. Атасы өлгөндөн кийин улуу аялынын балдары сөөк талашууга өтүшөт. Бир боорлор сөөк талаша баштаганда алардын ортончусу Каратай олуя ата ортого түшүп, эй бир туугандар! Сабыр тутуп бир саам акыл калчап көргүлө? Атабыз тирүү кезинде бириңер бастырып келип ал-ахвалын сурап-сурабаганга жарабай, эми атанын сөөгү силерге керек болуп калдыбы? деп, үнүн басымдуу чыгарганда бир боорлордун улуу-кичүүсү дебей тынчтанышып Каратайдын кебине кулак төшөп калышат. Сөөк талашаар атабыздын алты аялынын балдары бар экенбиз, бизге «сөөк» эле керек болсо, калыстык менен сөөктү жиликтеп эки-эки жиликтен бөлүп алалы? дегенде, бир боорлордун баардыгынын ызы-чуусу, күбүр-шыбыры токтоп, кудай сактай көр, дагы эмне деген турат? Бу кайсы тарыхта бар өлгөн адамды жиликтеп көмөт деген. Кой Каратайдын сөзүн тыңдайлы деп ичтеринен ойлонушуп тынып калышат.

Асан атабыз канча күн, канча айдан бери жаш болсо да «кичүү эненин» – колунан даам сызып, кичүү энекебиз, атабыздын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, колунан акыркы тамчы суусун атабыздын оозуна тамызып жатып, атабыздын ыраазычылыгын алып акыркы сапарына узатпадыбы. Андан көрө акыл калчап сырткы, «доско күлкү, душманга таба» болбой, атабыздын сөөгүн жаны чыккан ушул үйдөн акыркы сапарына сый-сыпаты, каада-салты менен урматтап ынтымактуу «бир жакадан баш, бир женден кол чыгарып» сыртка калайык-калкка сыр алдырбай узаталы деген экен. Ошондон улам Асан атанын чамгарагы Кулакматтын үйүндө калган деп анын уулдары зор сыймыктануу менен сөз кылышканын угуп да калдык.

Асылбектин аялды кеч алганын уулу Кулакмат көп айтчу экен. Атам Асылбек отуз жашка чыгып үйлөнгөн, мен да отузга чыккандан кийин үйлөнөмүн деп жүрүп, жарыктык ал киши да өтө кеч үйлөнүптүр.

Жыйынтыктап келгенде жеке менин оюм, пикиримче Жайыл атабыздын Темиржан энебизден тун уулу Үсөн андан кийин Текеси удаа болуп, андан кийин мүмкүн кыз-бал-

дары болдубу, же чарчап калган уул балдары болдубу? андан кийин Асан уулу төрөлгөн деген бүтүмгө келдим.

Мунун чындыгынын дагы бир далили атасы Жайыл баатыр өлгөндө, Асан ата 24 (жыйырма төрт) жашта болуп, эки аялы бар экендигине ынандык. Эгер улуулары Үсөн менен Теке болсо, булар да салтка жараша бир аял менен эле өмүрү өткөн дешке болбос. Ал учурдагы мезгилдин талабы да көп аял алып, көп балалуу болуу керек эле. Буга дагы кошумча Үсөндүн Шариби менен Текенин Шорукчусунун төрөлүштөрүнүн мезгили кийинки балдардан айрымаланып жатпайбы.

Каргашалуу Абылайдын каардуу баскынчылык согушу бүтүн кыргыздарды түп көтөрө чаап талкалап кетишкенден кийин, ойдо-тоодо калган Жайыл баатырдын тукумдары чогулушуп, улуу согушта курман болгондорго арнап куран окутушкандан кийин айылдын кадыр-барктуу аксакал-көксакалдары чогулушуп, эли-жерин коргоп жатып кас душмандардын колунан өлгөн Үсөн баатырдын аялын Жайыл атанын Асан уулуна ал эми Теке баатырдын жаш калган аялын Итикеге алып берип нике кыйууну бүтүм кылышат. Буга караганда Жайыл атанын калган балдары дале ошондогу он үч жашар Итикеден жаш экендигин тарыхый далилсиз чындыктар далилдегендей түрү бар. Анткени жогорудагыдай бүтүмдөр кыргыз элинде катуу талап-тартиптин негизине шарияттын, жазылбаган ата-бабадан каныбызга сиңип бүткөн мыйзамдын негизинде болот эмеспи.

Менин бул пикиримди, ой максатымды ортого талкууга койсом, Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун авторлорунун бири раматылык Бээрман да макул болгондугун билгизип биз көлдүк солтолор байбиченин балдарыбыз да деп тамашага чалдырып карс-карс этип күлүп калар эле.

Аттиң жашоо, турмуш деңизчи, «кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүйнө шок» – деп элибизде бекер жеринен айтылбаган окшобойбу. Ошенткен Бээрманыбыз кокус кырсык болуп 2002-жылы 1-ноябрда бул жарыкчылык менен кош айтышып түбөлүк келбес сапарына жол тартып кетпедиби.

*$9^{12}$ 12.VIII.05-ж.*

# ЖАЙЫЛ ХАНДЫН БЕЙИТИ

## ЖАЙЫЛ ХАН

Кыргыз элинде ата-бабаларыбыздан бери эле ар айылдан чыккан аксакалдары кадыр-барктуулары калайык-калктын камын көрүп, алардын ысыгына күйүп, суугуна тоңуу менен сырткы душмандардан сактоо камында болушкан. Ошону менен бирге ички өз ара келишпестиктерди да териштиришип, эл арасында ырыс-ынтымакты сактап келишкен. Ар айылдын абройлуу аксакалдары биригишип уруу башчыларын бийлерди шайлап алышып, анын айткан-дегендери мыйзам катары кабыл алынып, ага толук баш ийишкен. Албетте уруу башчылыгына мыктылардын-мыктысын шайлап алышкан. Эл башындагы бий, карапайым калкка барабар акыйкаттыкта, кара кылды как жарган калыстыкта караган.

Өз доорунда Солто элин Талкан бий башкарып турганы тарыхый маалыматтардан маалым. Талкан бий Сафет Буланда (Мазар кыштагында, Гүлүстанда) каза болгондон кийин Солто элин Талкан бийдин уулу Кошой бий башкарып, баштап калат. Кошой бий да 1755 жылы КетменТөбө өрөөнүндө каза болгондон кийин бийлик Жайыл баатырга өткөн. Демек кыргыз элинде бийлик укумдан-тукумна өтүп келгендигинен кабар берет. Өзүңүздөр билгендей уруу бийлери уруу башчысы болуу менен бирге, бардык саясий, чарбалык иштерин толук башкарып калайык-калктын милдетин алышкан.

Бул жөнүндө Кыргыз элинин жазуучусу Асанбек Стамов өзүнүн «Жайыл баатыр баяны» 1993-жылы жарык көргөн аттуу китебинде Жайыл бий жөнүндө төмөндөгүдөй жыйынтыкка келгенин сөзмө сөз келтирели «Өткөндөгү пикирибизди бышыктап кетсек, Жайыл бий кыргыздын уруу баатырларына жатпайт, ал улуттук баатыр. Так айтканда Жайыл 1756–1771 жылдардын аралыгында Теңири-Тагды мекендеген кыргыз элинин **ажосу**, эл жеринин тагдыры үчүн бала-

бакырасы менен кошо сырткы душмандардын колунан жан таксым болгон журт атасы, тарыхыбызда өчпөй турган чолпон жылдызыбыз» – деген бүтүмгө келген.

Өзүңүздөр билгендей **Ажо** – дегенибиз байыркы кыргыз кагандыгындагы бийлик ээлери болгон. Биз кыргыз эли Жайыл бий баатырды, өз учурундагы кыргыз элинин Ажосу – деп атасак, коңшулаш бир боор казак элинин тарыхый маалыматтарында Жайылды кыргыздын ханы деп атагандарына күбө болуудабыз. Сөзүбүз куру болбосун үчүн төмөндө казак элинин тарыхый маалыматтарын сөзмө-сөз келтирүүгө аракеттенели. Автору Шапыраштты Казыбек бек Тауасарулы, «Түп түкианнан өзіме шейин» Алматы 1993-ж. Жалын. 1776-жылы жазылган казак тарыхы. 384-бетте.

Абылай бұл жерде де аскан гакылдылык көрсетті. Ол ұрыска Үйсін калын эдейі араластырмай, жеке батырларды гана алып, сагысты өзі жүргізді. Бұган үш мыңдай колмен Кабабай араласты. Абылайдың өзінің төңірегіндегі батырлары Байгозы, Баян, Оразымбет, Елшібектер ұрыста көзге түсті. Ал Кабанбай колы азгантай кыргызды тіпті тапап жіберер еді, дегенмен аяушылык болду. Акыры **Этеке, Садыр, Нэдір** өздері ала болып, олардың ішінде де казакка карсы ұрыскысы келмегендер табылып, кыргыздар ойсырап калды. Эсіресе кыргыздың жер жагдайын жаксы білетін Дулат-Шымыр Шыңкожа, Дулат-Ботпай-Коралас Жаугаш. Дулат-Сикым Мэлік, Шанышкылы Бердікожа кыргызга ойран салды. Казакпен согысуга кыргызды көбірек үндеген **Жайылханды** сегіз ұлымен колга түсірді. Колга түскен **Жайылханнан** Жаугаш: «Көрші отырып мұның калай?

Өзүңүздөр көргөндөй казак элинин 1776-жылы жазылган тарыхында кыргыздын Жайыл баатырын ***Жайылхан*** деп атагандарына күбө болдук. Мындан 230 жыл илгери казак элинин тарыхында жазылган бул тарыхый маалыматтарды жокко чыгарууга эч кимдин акысы жок.

Кептин негизи биздин Жайыл атабыз: Жайыл баатыр, Жайыл бий, Жайыл ажо, ***Жайыл хан*** экендигине тарыхый тактыкты белгилей кетели деген эле ниетибиз. Бул тарыхый маалыматтардын негизинде мындан кийин ***Жайыл хан*** деп эле атаганыбыз жүйөөлүү эмеспи.

# ИЛИКТӨӨ...

*Кылым өтөөр, мезгил кетээр,*
*Кыйчалыш мезгил жетээр.*
*Жетинчи муундан соң...*
*Ошондон бизди эстээр...*

***Жайыл***

Кыргыз элинде ата бабалардан бери эле айыл-айылдардагы кадырман карылары, сөлөттүү-дөөлөттүү сөз кадырына жеткендер эртели-кеч ортолукка чогулушуп отурушаар эле. Биздин айылдан Омор, Иса, Абыш жана Субанкулдары, тиги Эркин-Сайдан Дыйкан, Иманаалы, Абдырахман, Бокой, Сманкул, Мырзаалы жана Төлөбайлары, Ташкыядан Бата, Батогуз, Байынтогуз жана Момундары узун сөздүн учугун улап-чубап санжыра кептин сапатын чыгарып бири айтса экинчиси тунжурап угуп акылга түйсө, кээ-кээде талашып-тартышып айтылган аңгеме-кеңештери андан да ары кызыктуу ары уккулуктуу кылып айтышаар эле. Кайран гана кадырлуу карыларыбыз аздан-аздан жүрүп арабыздан акырындык менен алыстап-алыстап келбес сапарларына кете беришпедиби. Улап айтуучулар утуру кемий берип, аңгемелеринин тузу утуру кемий берип, кийинки учурларда айтылбай да калган. Ал эми жогорудагы карылар дайыма: Шакем айтчу эле, Шакемдин сөзүн жалган деген адамды укканыбыз жок дешип, ортодон ал жөнүндө талаш-тартыш болгон учурлар болчу эмес.

Шакем дегени – Шамурат молдо (ал убакта бардык эле илим-билимдүүлөрдү молдоке дешчү эмес беле) 1856-жылы туулган, Бала Айылчы менен катар чыккан замандашы экен. Элдин айтымында Шамурат отургун жерде Бала Айылчы сөз талашып бетине чыккан учур болгон эмес экен. Ал эле эмес, айрымдары Айылчыга сөз узатып:

– Шамурат экөөңөрдүн кимиңер сөзгө чеберсиңер? деп,

Анда Айылчы айткан экен:

– Кара сөзгө келгенде, балким мен усталык кылаар бе-

лем, бирок Шамураттын билими жогору. Ошондуктан ал кишиден сөз талашканга болбойт – деп.

Бала Айылчы айткандай, Шамурат өз мезгилинде илим-билимдүү молдолордон болгон, ал эле эмес жаза билген акындык жагы артыкчылыгы эмеспи. Өкүнүчтүү жери андай адамдар замандын агымына ылайык өздөрүнөн-өздөрү коркуп кол жазмалары эмес, эч нерсесин калтырба жок кылган учурлары эле. Эл арасына кадыр-барктуу андай молдолорду сүрүп айдап сүргүнгө айдап камап жазган кол жазма, китептерин тып-тыйпыл жок кылышып жатышпадыбы. Ал күндөн бүгүнкүгө калган Кадыркул аттуу баласынын эсинде калган айрым ыр саптарын кагазга түшүрө кеткенибиз оң болоор.

Он сегиз миң, ааламга өлүм дархан,
Азрети адамдан мерас калган.
Бир күн бүткөн, бир күн кеткен,
Опасыз дүнүйө жалган.
Жашым келди жетимиш үч,
Ак өпкө болдум оорум күч
Эки көзүм көрбөстүр
Болсо дагы чанкай түш.
Ажал келди жакындап,
Катын бала күдөр үз.
Эми бизге – өлүмдөн
Иман берсин кудайым,
Куран окуп, дуба кыл,
Катын, бала, агаин –

деп, өмүрүнүн акыркы күндөрүн 1929-жылдын күз айларында өткөргөн экен. Шамурат ата өз учурунда чоң атасы Үрүстөм баатырдын кеп-кеңешин, акыл-насыятын уккан инсандардан. Ал эми Үрүстөм баатыр болсо чоң атасы Итикенин асыл ойлорун өз оозунан уккандардан. Өзүңүздөр билгендей Итике баатыр болсо атасы Жайыл баатыр, баатыр агалары Момокон, Үсөн, Текелер менен бирдикте өз эли-жерин кас душмандарга бастырбоо максатында күндөп-түндөп чабышып-алышкандардын накта өкүлү катарында Жайыл баатырдын биринчи китебинде толук баяндама, маалыматтар берилбедиби.

Ошону үчүн Жайыл атабыз тууралуу ар кандай сөздөрдү биз ата-бабаларыбыздан уккандарыбыздын негизинде талашып-тартышып келебиз. Эмдиги сөз кезегин кайрадан Жайыл атабыздын санжырасына бурганыбыз оң болоор.

Мезгилдин талабына ылайык Коммунисттик партиянын учурунда уруулар арасындагы санжыраны түп-тамырынан бери курутуп ага толук тыйуу салганы кимге жашыруун. Санжыра айткан акыл-эстүү, кадыр-барктуу, адамдарга кадимкидей куугунтук курулуп салбады беле. Кыргыз элиндеги «элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы» дегендей 1991-жылы калайык калкыбызга эгемендүүлүк колуна тийгенден кийин гана журтчулукка жаңы кабар чагылгандай тездикте тарабадыбы. Кыргыз элинин каны-жанына сиңип калган санжыра кептери аз-аздан болсо да калыптанып жандана баштабадыбы. Ар бир айылдын, жердин, райондордун аталышы эски ата-бабалардан берки өз наамдары менен аталуу укугуна ээ боло баштады. Эли-журтубуз өздөрүнүн чыгаан уул-кыздары менен сыймыктанышып, татыктууларынын ысымы аттын кашкасындай болуп чыга баштабадыбы.

«Атадан калган алтын сөз, айланып кайра атаар кез» – дегендей бабабыз Жайыл баатыр тууралуу айтаар сөз кезеги эми келгендей түрү бар. Мына ушундай жагдай: эгемендик боорлош Казак элинде да жандана баштагандыгын тарыхый турмуштун агымы ачык-айрым дадилдөөдө. 1991-жылдын август айларынын экинчи жарымында казак бир боорлордон эки адамы келип Жайыл районунун аймагынан Жайыл баатыр менен Жоогач баатырдын достугунан, карым-катнашынан кабардар адамдарды сурамжылашканынан кабар бизге да жетти. Ал аңгыча бул иликтөө-изилдөөчүлөрү акыры бизге да жете келишип, өздөрүнүн ой-максаттарын ортого салышып, издеген адамдарын таппай жүргөндөрүн баяндашты. Жайыл районундагы Жайыл айылынын ардагер тургуну Жайыл баатыр бир китебинин авторлорунун бири Адылбек агабыз агынан жарылып аталган баатырлар жөнүндө ата-бабалардан атам-заманынан бери айтылып келе жаткан кептердин бар экендигин маалимдеп, бирок бул маалымат силерди канааттандырабы дегенчеликте тиги меймандарга суроолуу карайт. Алар асмандан издегендери төрдөн табылганына сүйүнүшүп айланайын агатай ошол эле «билген-укканыңызды» айтып берсеңиз жетишет дешип акедей асылышат.

Көрсө Казак бир боорлор Жоогач баатырдын арбагына куран окутушуп, Жоогач баатыр жөнүндө бүтүндөй казак элинде эле эмес кыргыз эли кандай пикирде экендигин су-

рамжылап иликтөө максаттары бар экен. Кеп учугун казак элинин санжырасынан баштап отурушкан экен. Айтылган убагына Адылбек агабыз Жайыл районунун акимиятынын аттуу баштуу эр азаматтары менен он чакты өкүлдөрү да коңшу Мерке районунун Папанин (азыркы Жоогач айылы) айылына барышат. Казак эли да куду кыргыздардай эле меймандос калк эмеспи, дароо эле ой-бай ой кыргыз туугандар келишти дешип жапырт турушуп бизди тосуп алды дейт. Кана төргө-төргө деп отурушуп бүткөндө дасторкондо алыскы Алматы, Түркестандан келген жазуучу, окумуштуу, кызматчыларынын да бардыгы айгинеленет. Меймандар дасторкон үзүрүнөн ооз тийишип чайлашып отурушат. Алып баруучу мырзанын жаагы-жаагына тийбей, тили сайрап өз кызматын аткарып утуру отургандардын бирине сөз кезегин ыйгарып жатып, анда-санда райондун ишкер бардар жигиттерине сөз кезегин ыйгарып отурат. Колунда бар жигиттер өз сүйлөп кептин «ток» этээр жери дешип «Жоогач баатыр» – атабыздын коомуна арнап кошумчаларын ыроолой баштаашат. Албетте колунда барлар бардай, колунда жоктор жоктой ар кими өз салымдарын кошуп жатышты. Акырындык менен сөз кезеги кыргыз туугандарга да берилип, кана кыргыз бир боорлор кургак кебиңерден башка дагы эмнеңер бар дегенсишип сөз ыйгарышат.

Албетте «өлүп көрүптүрмүнбү» – дегендей мындай күтүүсүз окуя болот деп «үч уктаса түшкө кирбеген» – окуяга Казакстанга барган кыргыздар бири-бирин карашып отуруп сөз кезегин баягы эле Адылбек аксакалга ыйгарышып, «башын өзүң баштадың, жообун өзүң таштагын» эбин тапкын, элдин оозун жапкын дегенсиген көз караште болушат.

Кептин маанисин түшүнгөн Адылбек байке, акылды токтотуп, сабырдуулук менен шашпастан: Кымбаттуу бир боорлор, ага-инилер! Казак эли Жоогач баатырдын арбагын сыйлап куран окутуп жатып анын замандашы кыргыз калкынын Жайыл баатырынын урпактарын да бул маарекеңерге чакырганыңарга чоң ырахмат. Насип экен мына бүгүн кыргыз менен казактын эки баатырынын урпактары ак дасторкондо даам сызышып бирге отурабыз. Ата-бабаларыбыздан казак менен кыргыздын бир боорлугунда шек жок. Биз санжыра десек, сиздер чежире дейсиңер. Жайыл менен Жоогач

баатырлардын достугу өзүнчө узун сабак сөз, биздин кыргыз элинде алар жөнүндө дастандар жазылып жатат. Жайыл ата менен Жоогач атанын акыреттик достуктары эки элде тең кылымдардан-кылымдарга айтылып келет. Кан ичээрдин тукумунан Абылай хандын өлүм өкүмүндө турган биздин Итике атабыздын өмүрүн Жоогач баатыр атабыз сурап алганы күнү бүгүн да эки эл ортосунда кеңири айтылып жүрөт. Мына ушундай эки кылым жол баскан «санжыра менен чежирени» кимдер жокко чыгара алат. Ошол Итике баатырдын тукуму бүгүнкү күндө миң түтүндү чамалап барат, Жайыл районунун төрт айылында жайланышкан эли журт болду.

Бул тарыхый далилдөөсүз чындыкка таянып Жоогач баатырды биз Итике баатырдын урпактары да Жоогач баатыр биздин да арбашкан ажалдан «камырдан кыл сууругандай» сууруп алтын жанын аман алып калган атабыз десек жаңылыштык болбос. Эки баатырдын урпактары «силер менен биз» – дагы бир тууган эл болдук.

Урматтуу бир боорлор! Узун сөздүн кыскасы мына бүгүнкү жакшы саамалыгыңарды биз ушу турушубуз менен эли-журтубузга айта барып бир бүтүмгө келсек деген пикирибиз бар. Касыр эле ал эле, бул эле деп жалган убада бергибиз жок десе, отурган калың казак эли колдорун чапкылап (шапалакташып) кубатташкандыктарын билгизишет.

Ошентип казак туугандар мейманчылык менен келгендердин баарын жөнөтүшүп, өздөрүнүн көзлөгөн максаттарына жетишишет. Жоогач баатыр жөнүндө көптөгөн уламалар жазылып, иликтөө-изилдөө иштери негизделген илимий маалыматтар жыйналуу менен бирге көптөгөн каражат (акча) Жоогач баатырдын коомунун эсеп-кысап фондуна чогултулат.

Казакстанга барып келгенибизди Бөксөжол, Ийрисуу жана Жайыл айылынын тургундарына төкпөй-чачпай айтып берип абалды толук түшүндүрүшөт. Көпчүлүктөн айланса болот, кадырлуу карылар ийри отуруп түз кеңешишип эки миң сом (ал кезде акчанын асмандап турган учуру) бүгүнкүгө болжол менен жүз миң сом акча чогултуп дагы бир койду тирүү эки койду сойуп этин бышырып Жоогач атанын арбагына бир жумадан кийин куран окутуп кайра барып келишет.

Бул жасаган аракетибизге ичи анча чыга бербеген Өмүрзак агабыз, Адылбек деп атайын чакырып алып, бул сен Жайыл атабызды анча эске албай, казактын Жоогач баатырынын арбагына куран окутканыңарга жол болсун. Эсиңе түйүп ал мен бир негиздүү кепти айтып берейин андай эле арбакты сыйлагыңар келсе ошол эле Меркеде ***Жайыл*** баатыр атабыздын арбагына таазим этип бата кылсаңар деле болоор дебеспи. Эми угуп тур түшүнүктүү болсун үчүн баштан өткөн болгон окуяны айтып берейин дейт. Өзүң билесиң Муса, Жаманак агаларыбыз Кара-Балтадагы мечитке жума сайын үзбөй барып намазга жыгылышчу эле. Мечитке келген адамдар кеп учугун улап узун сөздүн учугуна жетишчү тура. Бири чын көргөн билгенин айтса, бири көбүртүп-жабыртып, бири кошуп дегендей ар кими өз билгениндей кептерин сүйлөп бак-бак этишкендерин дайыма тыңдап отурган бейтааныш төрдөгү казак абышка тиги бакылдаган кыргыздарга кайрылып:

Кебиңердин төркүнүнө карасам баарыңар Жайыл хандын тукумунан көрүнөсүңөр. Жайыл хандын эрдигинен-шердигинен кепти дайыма сөз кыласыңар. Бирок бириңер да атаңардын бейити кайда экенине так жооп бере албадыңар. Албетте ал силердин күнөөңүздөр эмес, андай-андайды далилдүү айтып бербеген бизге окшогон кадырлуу карылардын ыйык милдети гой. Эмесе мен айтайын силер кулак төшөгүлө деп сөзүн улайт.

Ата бейитин билбей, бата кылуу тийип-тийбегени кеп,
Андан көрө ата бейитине бата кылганыңар эп –

деп, силердин ата бейитиңер Жайыл хандын бейитин биз калайык казак калкы ыйык көргөн ***«Жайыл хан бейити»*** дейбиз. Ал бейиттин касиети күчтүү, купуя сырлуу ыйык мазар. Элибизде балалуу болбогон келин-кесектер дайыма сыйынышып ак тилегин тилешет. Ар кимдин тилегени орундалгандыгынан биз Жайыл хандын бейитин ыйык тутабыз дейт. Жараткан Алла Таалам ыйык кылган Жайыл хандын бейити мына бул эле Мерке районундагы тоонун этегинде... деген экен.

Кеп чынынан бузулбайт, уят болгон агаларыбыз кепкесөзгө жыгылышып үн дебей мечиттен тарашкан экен. Тарап

жатып тиги бейтааныш казакка эңиле таазим этише рахмат ага дешип ыраазылыктарын да айтышкан тура. Айтса, айтпаса төгүнбү? Мечиттен чыгып алышып болгон окуянын жүйөөлүүлүгүн кептешип кой убакытты созбой ата бейитин табалы деген бүтүмгө келишет. Муса агабыз бир кара күрпөң куйруктуу козусун куйкалап союп, Жаманак ага ичилүүчү суусундук кымызын дайындап, куран окуу милдетин Качыке молдого дайындашып кийинки жумада барышса баягы бейтааныш казагы «о дүнүйө аттанып»–келбес сапарына кеткен болуп чыгат. Мына тагдырга жазганы, жашоондун бүгүнү бар, эртеңи арсар» – деген ушул эмеспи. Жайыл атанын бейити жөнүндө кеп болуп бирок таба алышпай мечитте отурган жума намазына келгендерге алып барган эттерин тартып Жайыл атанын арбагына багышташып куран окушуп кайра кайтышат. Мына эми бул агалар да кайра келгис сапарларына бет алышып бул жарыкчылык менен түбөлүк коштошуп кете беришти. Айыл аксакалдары чогулуп сен Адылбек Меркелик казак бир боорлор менен байланышта болуп Жайыл атанын бейитинин дарегин билүү маселесин жүктөшөт. Мына ошол күндөн баштап Адылбек аганын алдына өзүнчө иш планы түзүлөт. Ал күн 1992-жылы 18-июну эле. Ушул күндөн баштап Адылбек аганын басса-турса да эсинен чыкпаган Жайыл атанын бейити эле эмес, Жайыл атанын баатырдыгы, эли-жерин коргогону, анын айкөлдүгү, акылмандыгы, көсөмдүгү, кеменгерлиги, достугу ырыс-ынтымагы эле.

Казак туугандарга экинчи жолу барганда, Жайыл атанын тагдырынан кеңири кеп болуп, казактын кадырлуу-карылары менен пикир алышып аңгеме дүкөнүн курууга жетише алат. Араларында кадыр-барктуу, узак-узак жылдары эл башкарган кызматкер Эсенбай уулу Акмолдо агага кайрылып, эмнеси болсо да сиз эл башында турган инсансыз биздин Жайыл ата жөнүндө уккан-билгениңер болсо бир кулак-кагыш кыла жүрсөңүз деп өтүнүп кайтышат. Акмолдо ага өзү сөзмөр турмуштан көптү көргөн, өтө маалыматтуу инсан экен, айткан убадасына туруп Жайыл баатырдын дарегин сурамжылап жүрүп анын дайынын билээр замат (арадан 15–20 күн өткөндөн кийин) Адылбек агага кабар жибе-

рет. Акмолдо агадан Жайыл хандын бейитин билген адамдар бар экен деген кабарды уккан Адылбек ага чоң сүйүнүчтө болуп жанына эки карыяны алып Меркеге жекшемби күнү жете барышса, аларга кабарберген Акмолдо агалары жок болуп чыгат. Акмолдо ага өзүнүн жеке чарбалык иштери менен Алматы шаарына кеткендигин билишет. Айла кеткенде «акыл токтотуу ак жолго салат» – демекчи, Адылбек ага мечитте чогулуп отурган карыялардын алдына он литрче кымызын алып келип сыр түйүнүн чечмеледи. Карыялар саамал кымыздан кере-кере жутушуп, «карт-карт» кекиришип ар кими өз билгендерин ортого салып жатышты.

– Мына бу таманда Жайылдын бейити бар, ошол болушу мүмкүн.

– Жок, ал казак Жайылынын бейити. Ал кездерде кыргыздар тоо этектеп, казактар кара жолдон ылдый тарапка сөөктү койушчу экен. Болсо эле жогору тоо жакта болушу ыктымал деген экинчиси чыгат.

– Андай болсо, менин билишимде жол үстүндө Жайылдын бейитин уккан жайым бар.

– Туура айтасың, бирок булар сураган Жайыл башка болуп жатпайбы? Сенин айтканың түбү Таластык кушчу уруусунун Жайылы.

– Менин да укканым бар эле, силер айткан кушчу Жайылдан дагы жогору жагында, тоо этегинде кыргыздардын көптөгөн сөөк койгон бейити бар дешчү эле, бирок кай жерде экенин толук билбейм. Муну бир билсе тиги Луговойдогу «Жаңы Турмуш» колхозунун тургуну жашы токсондон ашкан Нысандын Атыканы билиши ыктымал деди.

– Биздин Меркенин эле Курмангазы көчөсүндө жашаган сексен жети жаштагы (87) Изатилде аттуу инсан бар, чежирени жакшы айткан адам, ошол адамга да жолуксаңар болот деген акыл-кептерин айтышты.

Мына ушундай талаш-тартыш сөздөрдү уккандан кийин, акылды топтоп ишти «Жаңы турмуш» колхозунан баштоону эп көрүшүп ошол тарапка сапарларын улашат. Айткан Атыхан агага жаназа окуп отурган жерде жолугушуп, келген максаттарын айтышат. Бирок ал адам дароо эле андай кепти укпаганын баяндайт. Адылбек агалар кайра Мерке

калаасына келишип сураштырып жүрүшүп Изатилде аганы да табышат. Чоң дарбазанын бет маңдайына токтогондон кийин «атка жеңил, тайга чак» баягы эле Адылбек ага дароо машинадан түшүп дарбазадан баш бакса, чарбалык иштери менен алектенип жүргөн сөөктүү да сөөлөттүү да карыяны көрүп эле Атсалоомуалейкум карыя деп кирет. Мен Карабалта шаарынан келдим карыя, кыргыздын Жайыл баатырынын бейитин издеген адамдардан болом, сиздин уккан-билгениңиз бар бекен аке? деп суроону кабыргасынан койот.

– Ой бай оов, алиги эки уулу менен курман болгон Жайыл ханбы? дегенде эле, рахмат сизге сөзүңүз оозуңузда болсун деп, аркама (атып чыктым) чуркадым – дейт.

Мени карап карыя аң-таң калып кала берди, мен куду уулдуу болгондой кудуңдап сүйүнүп жолдошторума болгонун болгондой айтып берип, дароо машинадан түшүрүп короого чогула кирдик дейт Адылбек ага. Карыя менен учурашып бүткөн соң, сөз кезегин алган Изатилде ага болгон билгендерин айтып отурду.

– Бизден мурункулар казактар бейити жол астына, кыргыздар жол үстүнө тоо этектеп койушчу экен. Менин угуп-билишимде мезгилдин бир мезгилинде кыргыз менен казак элинин ортосунда чоң кагылыш болуп, ошол кагылышта курман болгон кыргыздар ошол (мазарга) бейитке койулганынан кабарым бар. Бирок кептин тагыраак болушу үчүн ушул эле айылда Ашырбек аттуу кыргыздын кушчу уруусунан жашы 79–80дерге барган карыбыз бар. Анын да кебин укканыңар оң болот деп, Ашырбек аганын үйүнө жөнөдүк. Түшүп барган машинабызга батпаган соң алды менен Изатилде аганы кошо салып кетишти, калганыбызды кайра келип алып кетти. Кудайдан болуп Ашырбек аганы да өз ордунан таап, ал бир боорубуздун кебин уктук.

Ашырбек ага, түпкү тегим тиги Таластагы кушчулардан болгонум менен бүгүн тилим казактарга бурулуп кетти, анткени булардын тили жатык жана таттуу экен деп, мыйыгынан жылмайды. Бул Меркеде туруп калышыбыздын негизги себеби ата-бабаларыбыздын мекендеген туулуп өскөн жери экен, ошону үчүн мында отурукташып калганбыз деген жообун айтат. Ашырбек ага ата бейитине баштап барып бул

бейит Жайылдын бейити, бул адамды ажы Жайыл деп аташчу, анткени 2-3 жылда Меккеге жөө барып келген ажы адам экен биздин чоң аталар.

Мына бул жерге Жайыл ханды баатырды балдары менен сөөгүн жууган жер экен. Чоң атабыз туугандарына кайрылып кийин мен көз жумганда сөөгүмдү ушул жерге койосуңар деген өтүнүчүн айткан экен. Чоң атам кайтыш болгондо мен жети жашта элем. Ал эми силер сураштырган издеген Жайыл хан баатырдын койулган жайы тигил жакта деп, дагы тоо этегин карай эки чакырымча жерге алып ьарып кыраңыраак жердеги бейитти көргөздү. Айлана-чөйрөсү – 8-10 метрдей дубал менен курчалганы байкалып турат. Мына бүгүнкү күндө байкаган адамга жарым метрче бийигирээк урандынын изи жатат, ортодо дөбөчө болуп мүрзө... Өтө кызыгы арадан эки жарым кылым өтсө да мүрзөнүн төбөсүнүн түшпөгөнү...

Барыбыз чөк түшө отуруп куран окуп мүрзөгө зыярат кылып кайра кайттык. Санаабыз-санга, ойубуз ой-тоого кетип ар кимдин өз алдынча ой коруму... Кайран кана асыл адамдар, эли-журтун кас душмандардан коргоп жатышып эки бирдей уулдары, иниси дагы-дагы миң...миңдеген Солто тукумунун сөөктөрү каргашалуу кармаштан кийин ушул жайга жашырылган тура.

Алды менен Оморов Адылбек ага баштаган төрт адам, андан кийин он жети, кийин Жайыл району боюнча 90 адам, 2004-жылы 18-июнда 77 адам бир икарус автобусу жана үч жеңил автомашина менен Жайыл баатыр – китебинин авторлору Адылбек Оморов, Мухуддин Төлөбаев, Тынчтыкбек Токтогулов ошондой эле «Жаңы турмуш» Жайыл районунун газетасынын редактору Уулкан Сариевалар келип Жайыл атанын жана иниси Момокондун, балдары Үсөн менен Теке баатырлардын ошондой эле миңдеген-миңдеген бир борлош Солто элинин эр азаматтарынын арбактарына зыярат кылып куран окулду.

Бүгүнкү күндө ата бейитине келип зыярат кылып куран окуп кеткендердин саны канча экенин так айткан адам жок, бирок тынымсыз агылып адамдар келип куран окуп кетип жатканына күбө боло аласыз. Андай дегенимдин да жүйөөлүү

себептери бар... Ар барганда Жайыл атабыздын бейитинин үстүндө «беш», «он», «жыйырма», «элүү», «жүз» сомдук акчалардын жатканын көрүп жогорудагыдай жыйынтыкка келүүгө аргасыз болосуң.

Кезектеги бир барышыбызда, бизди жетектеп барган Мерке районунун алдындагы «Жоогач баатыр» коомунун төрагасы Бейшебай ага тиги мүрзөнүн үстүндө чачылып жаткан акчаларды бирден чогултуп биз менен кошо барган молдо мырзага сунду, мына бул акчаны куран окуп туруп жетим, жесирлерге таратып бериңиз дегенине өзүбүз күбө болдук.

* * *

Айтса, айтпаса төгүнбү, бүгүнкү күндө Жайыл баатырдан тараган урпактарга кырк миң түтүндөн ашканы жөнүндөгү кеп кеңири тарагандан тарап баратат. Ал эми Жайыл атанын жаткан жайын билгени да бар, билбегени андан да көп.

2004-жылы 18-июнь күнү Жайыл районунун Жайыл айылынан Адылбек агабыздан кабар болуп Бишкектен Тынчтыкбек Хамид уулу Токтогулов, Мухуддин Төлөбаевдер биз да барып Жайыл айылына келсеңчок Икарус автобусу Мерке районундагы Жайыл атанын мүрзөсүнө зыярат кылып баруучуларды күтүп турушкан экен.

Өзгөчө белгилеп айта кетүүчү нерсе бул автобусту ушул айылдын тургуну, райондук мамлекеттик автоинспекциясынын жетекчисинин орун басары Шайырбек мырзанын жардамы менен жалданып келгени. Автобуска айыл тургундарынан каалоочулар отургандан кийин Карабалта шаарына келип дагы зыяратка баруучу адамдар кошулушту. Алардын айтымында Эфиренос айылында Букара айылынан баруучулардын күтүп турат дегендери болду. Айткандай эле Эфиренос айылында бир жоон топ адамдар, ата мүрзөсүнө барып зыярат кылууга даяр күтүп турушкан экен, алар толук автобуска түшүп Мерке районуна карай сапарыбыз уланды. Кокустан аркадан кууп келе жаткан ак жигули автомашинасынын сигналы болуп, бара жаткан автобусубуз токтоого мажбур болду.

Ак жигулиден лапылдаган бир адам түшүп, автобустун айдоочусун кереп-матай баштады. Эмне үчүн күтүп турбай-

сың деп, көрсө бул адам Жайыл атанын мүрзөсүн көрүүгө кызыккан эле инсан окшобойбу. Колунда көтөргөн эки-үч шише орустун баатырлары «Распутин» ж.б. Көрсө аны бак-бак эткизген «орустун баатырлары» өңдөнөт. Автобуста отурган карысы бар, жашы бар, улуусу бар, кичүүсү бар дегендей, баарыбыз бири-бирибизди карашканыбыз менен тиги шерге үн каткан адам болгон жок. Автобустан орун алган жашы алтымыштан баяле эле өткөн тиги аксакалыбыз ар кайсынын башын чалып бакылдап бара жатты эле, алдынкы орундукта отурган Бегалы уулу Жумабек деген карыя (жашы сексендене ашып калган) эй иним эмне эле бак-бак этесиң атаңдын тойуна баратkaнсып. Менин билишимче Жайыл атанын жерге берилген мүрзөсүнө зиярат эткени бараткан соң, ал биз үчүн ыйык жерге бул «жинди сууну» ичип барган атабыздын арбагын сыйлабагандык болуп жүрбөсүн? Жолуң болгур деп, тетири бурулду. Автобустагы адамдардын бардыгы өздөрү менен өздөрү болушуп эч ким тигинин сөзүнө көңүл бурбагандыгынан туура жыйынтык чыгарган «шер» Меркеден нары да он чакырымдагы Жайыл атанын мүрзөсүнө баргандан аз да болсо ыйбаа кылдыбы иши кылып андан нары барган жок. Автобустагы элүү-алтымыш адам Меркедеги Жоогач баатыр коомунун төрагасы Бейшебайдын коштоосу менен мүрзөгө барып таазим кылып кайра кайттык. Кайра Меркеге келип Бейшебайдын үйүнө кирип алып барган тамак-ашты ортого койуп Жайыл атанын жана анын балдарына арнап куран окуп багыштадык. Көпчүлүктөн айланса аздык болоор, баргандар өз ара макулдашканбы же көңүлдөрүнөн чыккандары болдубу айтор беш козуну союп бышырып барышкан экен, андан тышкары чай-нан таттуу, суусундугуна кымызы дагы бар. Иши кылып ооз тийген тамагыбыздын баарын Жайыл ата жана аны менен бирге каза болгон иниси Момокон баатырга уулдары Үсөн жана Теке баатырларга жана башка жоокерлерге багыштап жаттык.

Бата тиленип, ар ким өз билген тилегин тилеп батасын берип, дасторкон жыйналып келгендер кайра аттандык. Жолдо келе жатып ар кими өз ой максатын ортого салышып пикир алмашып жатышты.

Бул жерде мен Мухуддин Төлөбаев өз пикиримди ортого салып көпчүлүктүн талкуусуна койууну туура таап отурам.

Өзүңүздөргө маалим болгондой бүгүнкү күндө илим менен билимдин жетишкен мезгили болуп тургандыктан ал ишти билбейбиз деп айтууга эч мүмкүнчүлүктөр жок.

Ал учурда Жайыл атабыздын түшкөн же тартылган айкели болбогондуктан бүгүнкү күндө Жайыл атанын айкели ар кайсы автор же каалоочу ар башкача тарттырып жатканында талаш жок, ошондуктан Жайыл атанын нукура турган турпатын, өңү-түсү, чоң-кичинелигин керек болсо салмагына чейин аныктоону жүргүзүүчү атайын адистештирилген окумуштуулар менен келишим түзүп бул ишти ийне-жибине чейин ачык-айкын аныктап-тактаса болоор эле. Буга көпчүлүк Жайыл атанын урпактары кандайча көз караштa болушат?

Эгерде бул ишти кимде-ким баштап иш жүзүнө ашырса, аны ким каржылай алат?

Өз каражатына ушундай маанилүү уруунун ар намысына жароочу атуул чыгабы? же Жайыл баатырдын китеби чыккандан кийин, менин чоң атам жок, атам жазылбаптыр дешип бир китепти алууга жарабаганындай абалда калбайт деп айта аласызбы? Мына кептин негизи ушул жерде жатпайбы. Бир карасаңыз акыл-эстүү эле инсандын мен жөнүндө эч нерсе жазылбаптыр деп сөз кылуусунун эле өзү чоң уятсыздык эмеспи? Деги ал өзү ким? Китеп ал жөнүндө эмес, Жайыл ата жөнүндө жазылып жатканын эмнеге түшүнбөйт? деген ондогон-ондогон жүйөлүү суроолордун тууларына талаш жок.

Бүгүнкү күндө Жайыл хандын урпактарынан чыккан чыгаан уул-кыздары кызматкерлер ондоп-жүздөп эмес, миңдеп саналаарында талаш жок. Илимий даражалуу, жашоо тиричилиги жогорку эле деңгээлде десек жаңылыштык болбос. Бирок Жайыл атанын арбагына таазим этип, аны колдоого көңүлкоштук менен кайдыгер бир боорлорубузга ээним кейийт.

Экинчи бир маселе жогорудагыдай изилдөө-иликтөө иштерин колго алганда, Жайыл атанын жана анын балдарынын мүрзөсүн казып анын сөөгүн толук жыйнап алып келип эле анын эстелиги турган жерге атайын Жайыл атанын күмбөзүн музей үйүн тургузуп ошол жерге сөөктү койсок кандай иш болот эле?

Буга көпчүлүктүн пикири кандай?

Бул ишти ким баштап, ким бүтүрөт?

Жайыл ата коомунун мүчөлөрү эмне үчүн бул ишти жетектеп жүргүзө албайт? деген жүйөлүү суроолор...

Үчүнчү бул өтө ойлонуучу маселе Жайыл атанын арбагын сыйлоо, анын арбагына багыштап таазим этип куран окуу ызаттоо бүгүнкү күндүн муундарынын ыймандуулугуна күбө болуудабыз, бул маселе качанга чейин созулат?

Кылымдардан-кылымдар өткөндө Жайыл атанын урпактары түбөлүккө Мерке районуна барып Жайыл атанын мүрзөсүнө зыярат этип таазим эте береби?

Анын үстүнө Мамлекеттер арасындагы чек ара маселелери дайыма эле бүгүнкүдөй бейпилдикте болот деп ким кепил боло алат?

Айтайын дегеним ынтымакка келишип Жайыл атанын урпактары бир жакадан баш, бир жентден кол чыгараар мезгил жетти. Республикабыздын эле аймагындагы башка уруудагы ар намыстуу атуулдарынын алгылыктуу иштерин элестетип көрбөйлүбү? Ар кими өз пикирин ортого салып бир бүтүмгө келип, Жайыл баатырдын эстелиги турган жерге Жайыл баатырдын күмбөзүн үй музейин куруу маселесин чечүү учуру бышып жетилгенин мойунга алганыбыз оң болуп жүрбөсүн?

Сиздин пикириңиз кандай бир боорум?

## *КАЙРЫЛУУ*

*Ардактуу ага-инилер, эне-жеңелер, эже-карындаштар! Жайыл атанын урпактары! Эгерде өзүңүздөрдү Жайыл баатыр китебинин үчүнчү томдугуна кошулгуңуз келсе, болгон маалыматыңызды, сүрөтүңүздү жана китептин чыгышына керектелүүчү тыйын-тыпырыңыз менен авторлорго жолуксаңыз эшик ачык, албетте эл ичин кыдырып бул маалыматты топтой албагандыгыбыз үчүн кечирим сурайбыз.*

*Дарегибиз: Бишкек, 720040*
*Дзержинский көчөсү, үй № 11.*
*Тел.: 27-14-30*

А. ОМОРОВ
М. ТӨЛӨБАЕВ
Т. ТОКТОГУЛОВ

# ЖАЙЫЛ АТАНЫН УРПАКТАРЫ

*Үчүнчү бөлүм*

## АВАЗКАН УУЛУ ДӨӨЛӨТБАЙ



*Авазкан атанын алтынчы уулу Дөөлөтбай мырза 1958-жылы 2-декабрда Кетментөбө өрөөнүндө төрөлгөн. Жогоруда баяндагандай Авазкан атабыз Токтогул районунун көптөгөн мектептеринин директору болуп узак-узак жылдары жемиштүү эмгектенгендигинен маалымат бердик. Дөөлөтбай ата-эненин тарбиясында жүрүп окуусун жалаң «беш» деген бааларга окуган. Дөөлөтбай айыл чарба адиси болууну эңсеп Жалалабат зооветеринардык техникумуна өтүп аны* **кызыл** *диплом менен аяктаган. Ооба, орто билим менен ойлогон, көксөгөн максатка жетүү кыйын экендигин сезген Дөөлөтбай инибиз ошол эле жылы Москвадагы ветеринардык академияга документтерин тапшырып өтүп окуусун ийгиликтүү улантткан. Көксөгөн мезгил да жетип келди, мамлекеттик сыноолордон өтүп жогорку билимдүү ветеринардык врач деген дипломуна татыктуу болду.*

*Жогорку билимдүү ветеринардык врач, эмгек жолун Чүй областына караштуу Москва районунун Россия колхозунда катардагы эле ветеринардык врачтыктан баштаган. Албетте Дөөлөтбайдын мындай алдыңкы чарбага барып эмгектенүүсүнө райондук ветеринардык станциясынын жетекчиси Николай Петрович Вюшковдун аз болсо да салымы бар экендигин танууга болбойт. Анткени Н.П. Вюшков «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ветеринардык врачы» – деген ардактуу наамдуу адис. Жаңы бүтүп келген Дөөлөтбайды райондун алдыңкы чарбасында иштеп такшалуусуна, тажрыйбасынын артышына түрткү болду. Мунун тескерисинче райондогу артта калган чарбалардын бирине бөлүп койгондо, Дөөлөтбайдын сөзүн эч ким укпай, иши жүрүшпөй чүнчүп жүрүп кандай тагдырга туш болот эле, аны бир жараткан Теңирим өзү билет.*

*Пешенесине жазганы ушундай экен Дөөлөтбай иним жогоруда аталган Россия колхозунун мал чарбасында эмгектенип Москвадагы академияда алган теориялык билимдерин иш жүзүнө ашырып колуна ийне-шприцти кармап*

*ылаңдаган малдарды эмдеп сакайтып, көптөгөн жугуштуу ылаңдардын алдын ала ветеринардык профилактикалык иш чараларын жүргүздү, колуна кайчы, скалпелдерди алып козу-улак торпоктордун нечөнин бычуу иштерин мына ушул жерде өткөрүп такшалбадыбы. Албетте уюштургуч жөндөмү күчтүү, мындай демилгелүү адистердин аткарган иштери дароо эле чарба ичинде, ал эле эмес райондо, областта жетекчилер арасында кеңири тарап эл оозуна алынаарында шек жок эмеспи.*

*Арадан бир жыл өтпөй 1983-жылы Авазканов Дөөлөтбай бүгүнкү Жайыл районуна караштуу В.И.Ленин атындагы колхоздун башкы ветеринардык врачы болуп дайындалды. Мына колхоздун башкы ветеринария тармагындагы болгон кыймыл иш аракеттин бардыгын өз оюндагыдай, көздөгөн максатындай аткарсаң боло берет. Мындай дегенибиздин да жашыруун сыры бар. Жогору Россия колхозунда иштеп жүргөндө катардагы ветеринардык врач Дөөлөтбай, чарбадагы ветеринария тармагындагы көйгөйлүү маселелерди козгоп колхоздун башкы ветеринардык врачы Кулжанов Сатаркулга кала берсе колхоздун башкармасы мезгилиндеги СССРдин Жогорку Советинин депутаты Хубиевдин тынчын алып алардын канча жолу кирип шаштыларын кетирбеди.*

*Албетте көпчүлүк ак ниеттүү жетекчилер мындай демилгелүү келечекти көрө билген көсөм адистерди кадырлап, сыйлап алардын өз алдынча чарбаны жетектешине шарт түзүүгө аракеттенет. Ал эми тескерисинче чөйрөсү тар, мурдунан ары жагын көрө албаган жетекчилер жеке керт башынын кызыкчылыгын ойлогон немелер тымызын ойлонушуп бул иштин жүрүшүндө эртең менин ордумду тартып албасын деген пикир пайда болуп, райондук жетекчилерине андай адистерди жаманатты кылууга аракеттенишет. Кантсе да Дөөлөтбай Авазкановдун келечекке жолу ачылгандай түрү бар, ал бүгүн чоң чарбанын башкы ветеринардык врачы.*

*Ишке киришкен күндөн баштап колхоздун башкармасы менен «ийри отуруп түз кеңешип» – дегендей, принципиалдуу көп маселелерди талкуулашып чечип алды. Колхоздун башкармасы Дөөлөтбайга ачыгын айтып сен менин чарбадагы ветеринария деги эле мал чарбасы боюнча оң колум,*

*орун басарымсың, бардык жоопкерчилик сенин мойнуңда, ошондуктан жоопкерчиликти сезе билип камчы салдырбай, айттырбай, дедирбей эмгектенишиң керек, себеби сен такшалган адиссиң. Мен ветеринардык иштерди сенчелик биле албайм, ошондуктан ветеринария тармагындагы оор, чечилбеген кандай маселең болсо мага кайрылсаң мен сага колдоо көрсөткөнгө даярмын деген пикирин билгизди.*

*Ооба Дөөлөтбай мырза үчүн да түмөн-түйшүк иштер башталды. Жыйырма бешке эми толгон мезгили (чейрек кылым). Бир карасаң өтө көптөй сезилсе, бир карасаң жапжаш адиске өкмөтүбүз, мамлекетибиз тарабынан кандай жоопкерчиликтер, ишеним, үмүттөр жүктөлүп отурат. Дөөлөтбай Авазканович «чү» – дегенде эле чарбадагы малдын түрү боюнча санын алып ветеринардык профилактикалык иш чаралардын планын түздү. Ага керектелүүчү дары-дармектин өлчөмүн эсептеп чыгарды, аларды алууга чыгымдалуучу акча каражаттары маалымдалды. Коомдук мал менен бирге айыл-кыштактардагы жеке менчик малдардын, канаттуу куштардын (тоок, өрдөк, каз, индюк ж.б.) ит, мышыктарына чейин бирден каттоодон өткөрүп, аларга керектелүүчү дары-дармектердин эсеп-кысабы чыгарылды. Бул аткарылган иштердин бардыгы колхоздун кезектеги «правлениясында» каралып, кеңири талкуулангандан кийин атайын токтому түзүлүп башкармага тастыктатып ишин улантты.*

*Жыйынтык жаман болгон жок, ондогон-ондогон жугуштуу ылаңдар түп тамырынан бери сакайтылды. Булар айтканга жеңил болгону менен экономикалык жактан эсептей келсеңиз миллион-миллион сомдорду түзөөрүндө талаш жок. Бирок муну ар бир эле адам түшүнүп, элестете бербейт эмеспи. Керек болсо чарбанын малдарында кандай жугуштуу оорулар акыркы он жылда катталбай калганын капарларына да алышпайт.*

*Чарбанын иши чатак иш дегендей, Дөөлөтбай чарбадагы күндөлүк иштери менен алп урушуп жүрүп 9 (тогуз) жылдын өтүшү, 9 (тогуз) сааттай да сезилбей калды. Кечеги 25 (жыйырма бештеги) улан адис, бүгүн кычыраган жигит 34 (отуз төрт) жашка келди. Ооба, бул мезгил адам баласынын иштесе ишке, ичсе ашка тойбой турган учуру*

*эмеспи. Дөөлөтбай өз ишине камчы салдырбады, ишке жаңы дайындалганда колхоздун башкармасы эскерткендей «айттырбады, дедирбеди». Өз ишин өзү башкарып элдин ишенимине өттү, кадыр-барк күттү. Чарбадагы иштеген эмгекчилер эмес, райондук деңгээлде адистер, жетекчилер арасында «сиз» деген кайрылууга арзыды.*

*Өзүңүздөргө белгилүү, жаратылыышта адамзат пендесинде «сиз» деген урмат, сый сөз граммдан, килолоп же тонналап ченелбей турган **«чен»** бирдиги. Айрым адамдар бүт өмүрү кылымдар жашап, бир жолу да «сиз» деген сөзгө арзыбай кеткендер азбы? Урматтуу окурман. Сокур тыйынды талашып сооттошуп жүрүшпөйбү, сөгүшүп-сагышып «ит жебегенди жеп» бири-бирине акаарат келтирип жатышпайбы. Алар бири-бирине урмат-сыйдан кетишпедиби. Аларда жашоонун кандай «үзүрү» калды. Кайран өмүр кор болуп өттү да кетти. Менин пикиримче эгерде «сиз» деген сөздүн салмак ченинде ченесе 1001 (миң бир тонна) же узундукта (аралык) ченесе 1001 милл (миң бир милл) километр болоор деп ойлойм. Албетте бул менин жеке пикирим, эч кимге таңууланбайт, анткени ар бир инсандын бул жашоого өз көз карашы, өз деңгээли, өз паам-парасаты болот эмеспи. Ар ким ошонусуна жараша жаратылышты сезе-көрө билет.*

*Райондун жетекчилери Аваканов Дөөлөтбайдын бир топ жылдардан бери иштеген иштерин, эл-журтка жасаган мамилесин, терең таразалап отурушуп «Жайыл» бириккен дыйкан чарбасынын жетекчилигине дайындашты. Кечеги Москвадагы ветеринардык академиясынын бүтүрүүчүсү жаш улан, бүгүн дасыккан тажрыйбалуу «сиз» деген сөзгө арзыган чыгаан жетекчи. Арадан 13 (он үч) жыл, же «бир мүчөл» жылдар өттү. Чарба бүгүн райондогу алдыңкы катардагы чарбалардан. Дөөлөтбай аткарган иштерди бирден санасак биринчиден өзүнчө том болушу ыктымал, экинчиден айрым адамдарга ашыра мактап-жактагандай сезилиши мүмкүн. Жаман иштесе чарбанын жетекчиси эмес, бригадирин да бир айга жеткирбей иштен алып ташташат эмеспи. Ошондуктан Дөөлөтбай мырзанын иш аракетине биринчиден элге-журтка жасаган мамилесине калайык калк тараза болсо, экинчиден райондун, областын, республиканын жетекчилери күбө болуп турушбайбы.*

*Бүгүнкү күн айрымдарга эгемендүүлүк деп эсирген мезгил болуп айрым аймактарды «өзүбүздүн улактан эле теке салабыз» дегендер чыкпай жатабы? Мына ошондойлорду тартипке чакырып, мезгилинде жалаң эле Солто эле эмес, бүтүндөй кыргыз элин сырткы жоолордон сактаган, кыргыз элинин ажосу Жайыл баатыр атабыздын айткан осуяттарын колдоп калайык калкты сабырдуулукка, момундукка, кең пейилдикке, акыйкатыкка, адилеттүүлүккө, айкөлдүккө үндөгөн кадырман карыларыбыз бар, ырыс-ынтымагыбыз бар. Дөөлөтбайдын ишине кедерги болуп, бут тосуп бөгөт болгон бирөө да жок. Бул элдин биримдиги ыймандуулугу деп түшүнгөнүбүз оң.*

*Жайыл атанын тараган балдарынан бүгүнкү күндө 10 (ондон) ашык илимдин докторлору 50 (элүүдөн) ашык илимдин кандидаттары, миңдеген-миңдеген чыгаан райондук, областык, республикалык деңгээлдеги адистери, жетекчилери Кыргыз эли-журтунун бакты-таалайы үчүн талыкпай үзүрлүү эмгектенишүүдө.*

Москвага чейин бардыңыз,
Максаттуу билим алдыңыз.
Мекен деп жанды үрөөдө,
Мүмкүн ачкандыр кээде кардыңыз.
Мээнетиң кайтып акыры,
Менсине жарды салдыңыз.

Журтчулуктан бата алып,
«Жайыл» – деп, аты аталып.
Жетектей бер чарбаңды,
Жыргалга толук баталык.
Жардыга берип жардамың,
Жибербе такыр каталык.

*21.IX.05*

## АБДЫГУЛ УУЛУ АДЫЛБЕК АГАНЫН ӨМҮРЛҮК ЖАРЫ – РАПИЯ

*Кеп чынынан бузулбайт, Адылбек агабыз жеңебиз менен агарып-көгөрүп отурасыз. Кырк жылдан ашык бирге жашап Сагынкүл, Сабырбек, Гүлбайра, Шайлообек, Абай, Гүлкан, Нагызгүл, Калича, Нурдос жана Айгеримдей уулдарлуу-кыздарлуу болдуңуздар, жеңебиз жөнүндө кыскача маалыматын жазып бербейсизби деген өтүнүчүбүзгө жок, деген бир кана сөз жообун бере мостойду. Керек болсо, жеңеңердин өзүнөн сурап алгыла деп.*

*Рапия жеңеден барып өмүр баянын суроого чыны батына албадык...*

*Адылбек аганы жогорудагыдай «бурк» – этишинин да жөнү бар эле, анткени «Жайыл баатыр» №1 китебинде Көлдүн кыздары да кошулуп жүрөт? деген эскерүүсүнө ал кечеги көлдүн кызы, бүгүн Жайыл атанын тукумдарынын келини жана «Жайыл баатыр» №1 китебинин башкы редактору деген жообубузга анча ынана бербей тескери бурулган күнү бар эле. «Эркинсайдын эркелеринен» эч ким калтырбапсыңар деп.*

*Ошентип Адылбек агадан жеңебиз Рапия жөнүндө маалымат ала албаган соң, он баланы төрөп, багып кагын окутуп таалим-тарбия берген, кыздарын турмушка узатып, уулдарын үйлөгөн, алардын ар бири өз алдыларынча очокторунан түтүн булатып, очор-бачар бала-чакалуу болуп калышына жетишкен. «**БААТЫР ЭНЕГЕ**» кандай маалымат керек эле жакшынын иши жакшы да деген бүтүмгө келдик. Адылбек ага көңүлүңүзгө төп келбесе кечирип койоорсуз? (тентек инилериңизди).*

Таптатына жүзү жарык жеңебиз,
Таазим этип, саламдаша келебиз.
Тамашалуу сөзүн угуп аганын
Тагын айтсак танды ооба беребиз.
Тарыхтардан кепти козгоп калганда,
Таңыркаган биз «наристе» – элебиз.

Тагдыр экен кеңеш сурап келебиз,
Токтоо мүнөз, толукшуган жеңебиз.
Тамылжыган жүзүнөн нур жайыла,
Тасмал салып, үстүн ашка кересиз.
Тамактардын миң түркүнүн жайнатып,
Тазалыгы эч бир жанга теңегиз.

Таасири күч, тарбиялуу келесиз,
Таалиминди уул-кызга бересиз.
Тамшаныша жаштар үлгү алгандай,
Топуктуулук үрөнүн бек эгесиз.
Туу тутулган үй-бүлөнүн «куту» – ал,
Толгон айдай, таң нурундай жеңебиз.

*23[47] 3.IX05 ж.*



## АДЫЛ УУЛУ ШАЙЫРБЕК

*Шайырбек мырза 1962-жылы 13-июлда жайыл районунун Жайыл айылында төрөлгөн. Ата-эненин татыктуу тарбиясын алып жүрүп мектеп босогосун аттап илим-билимге кана сугарылды. Эскере кете турган нерсе тагдырдын татаал сыноосу атасынан эртерээк ажырап бүткүл түйшүктү Уражай эне башынан өткөрүп элибизде «канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай» дегендей таалим-тарбиясын бере алды. Урожай эне уулуна жаштайынан кең пейилдикке, ак ниеттүүлүккө, адилеттикке, мээримдүү-кайрымдуулукка багыттаган таалимин аянган жок. Албетте «уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей эненин татыктуу тарбиясы, уулу Шайырбектин татыктуу, ар намыстуу мырзалардан болуп калыптанышына алып келди.*

*Айылдан орто мектепти бүтүрүп, жетилүү аттестатын алган соң тагдырдын ар кандай сыноолоруна туш болуп турмуштун ачуу таттуусун, ысык-суугун тартууга туура келди. 1979-жылы мектепти эми бүткөн Шайырбек Республикабыздын кино тартуучулар коомунда оператордун ассистенти болуп иштөөдөн баштаган.*

*1981–1983-жылдары Советтик Армиянын курамында өз кызматын өтөп келүүгө жетишти. Армиядан жаңы келген Шайырбек Карабалтадагы «АТП» – автобазасында катардагы эле айдоочулуктан ишин баштаган. Катарлаш айдоочулар арасында дайыма чындыкты сүйлөп, чындыкты талап кылуусу анын кадырына-кадыр кошту. Натыйжада мекемеде жети жыл эмгектенгенден кийин, автобазанын жетекчилери атайын жолдомо беришип Мамлекеттик автоинспекцияга кызматка орношкон. Бул кызматта иштеп жүрүп Шайырбек билимин жогорулатууну көздөп Бишкектеги автодорожный техникумунан окуусун улантып аны 1992-жылы ийгиликтүү аяктаган дипломду колуна алган. Бул алган адистиги анын ишинин андан да өркүндөпр өсүшүнө алып келди. Шайырбек мырза техникалык билимге барабар эле юридикалык билимдин керектигин сезип Мамлекеттик Улуттук университетинин юридика факультетинде окуп жүрүп 1998-жылы жогорку билимдүү Юристиктин*

*дипломун колуна алууга жетишкен, эми жогорку билимдүү адис болуп калды.*

*Эл кызматында жүргөн азаматты, эли-журту ар дайым кадырлай алат. 2000-жылдан баштап Шайырбекти Жайыл айыл кеңешине бир добуштан депутаттыкка шайлап алышты.*

*Шайырбектин ишине кылдаттык менен мамиле кылышы анын кызмат абалындагы ийгиликтерге алып келди. Бүгүнкү күндө Шайырбек ички иштер кызматынын майору, Жайыл районунун мамлекеттик автоинспекциясынын жетекчисинин орун басары болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.*

*Шайырбек үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Багира жогорку билимдүү адис (политехникалык университетин бүтүргөн). Багира шартка жараша Жайыл айылындагы мектептин алдыңкы окутуучуларынын бири. Тун кыздары мамлекеттик университетинин экинчи курсунун студенти. Андан кийинки балдары да удаама-удаа мектепте окуп билим алышууда.*

*Кудайым буйруса эртең эле Шайырбек менен Багиранын жакшылыктары алдыда биринен сала бири келе жатканын элестетсек болот. Кыз узатып, келин алып, куда сөөк күтүшөөрүнө талаш жок. Ылайым аларды жакшылык жылоолосун.*

Ажыраган жаштайынан атадан,
Адилеттик таалим алды ападан.
Ак ниет болду абройлуу калкында,
Алыс болду ал ар кандай кападан.
Алектенсе күнү-түнү эл үчүн,
Абийир табаар ар кандай жан батадан.

Алга карай кадамынды таштадың,
Айдоочулук кесибинен баштадың.
Ачуу-таттуу турмуш шартын көп көрдү,
А дегенден жанды үрөп жаш жаның.
Ата журттун туусун бийик көтөрүп,
Алда кандай кыйындыктан качпадың.

Адилеттик ишке көңүл толобу?
Айкөлдүгүн айтпай койсо болобу?
Акыйкаттан кара кылды как жарган
«Асыл–бектен» көп купулга толоору.
Айланасын жалаң таштан кынатып
Атайылап бийиктеткен короону.

*$23^{12}$ 11.VII.05-ж.*



# АЙБАШ УУЛУ ЭСЕНГУЛ

*Эсенгул агабыз 1917-жылы 1-октябрда төрөлгөн. Төрөлгөн айы күнү эле айтып тургандай Эсенгул агабыз жаңы замандын жарчысы болуп бул жарыкчылыкка жаралып бүт өмүрүн Совет өкмөтүнүн өсүп-өнүгүшүнө, өркүндөп-өсүшүнө арнаган инсандардан. Жаштайынан окуп билим алып сабатсыздыгын жойуп өзү кырдуу курдаштарынын алдыңкы катарларында болду. Совет өкмөтү орношу менен айыл-кыштактардан бай-манаптар тап катары жоюулуп дароо эле колхоздоштуруу уюштурула баштады. Айылда колхоздоштуруунун уюшулушуна агабыздын салымы чоң. Жаңы уюшулган колхоздун ар кандай иштерине активдүү кол кабыш кылып жүргөн агабызды 1939-жылы Советтик Армиянын курамына алынып Фин согушуна катышкан андан кийин 1941-жылы Ата Мекенди фашисттик баскынчылардан коргоого катышып 1947-жылы аман-эсен Армиядан келген. Мекенди коргоодо Эсенгул агабыз көптөгөн эрдиктерди жаратып күнү-түнү тыным албай фашисттер менен кармашты. Немисттик баскынчыларды Кенсбергке чейин кубалап барган. Согуштагы көргөзгөн эрдиктери үчүн көптөгөн орден-металдар менен сыйланды. (Ардак даңк, каармандык, медалдары Кенсбергди алгандыгы үчүн медалы, Жуков медалы жана башка ондогон юбилейлик медалдар).*

*Эсенгул агабыз Ата Мекендик согуштун ардагери эле эмес эмгектин да ардагери боло алды. Армиядан келгенден кийин өмүрлүк жарына баш кошуп, кудайдын кулагы сүйүнсүн 8 (сегиз) балалуу болду (алты уул, эки кыз). Балдар-кыздарынын баардыгы өз алдыларынча үй-жай күтүшүп очор-бачар болушту. Армиядан келгенден кийин Эсенгул агабыз өзү туулуп өскөн «Победа» колхозунда үзүрлүү эмгектенди. Айыл кеңешинин төрагасы да болуп ийгиликтүү иштеди. Чарбада ал эмгектенбеген тармак калбады десек жаңылышпайбыз.*

## БАЙБОСУН КЫЗЫ ГҮЛАЙЫМ (ТОКОМАНОВА)



*Гүлайым кызыбыз 1962-жылы 1-февралда Жайыл районуна караштуу Моңолдор айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында чоңойуп, мектеп босогосун аттап билим алууга сүңгүп кирген. 1979-жылы он жылдыкты ийгиликтүү бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болот.*

*Гүлайымдын таалим алышына ата-энесинин ага, эжесинин таасирлери зор болгонуна талаш жок. Байбосун ага Манас, Семетейлерди айтса, жеңебиз Жумакан да жамакчылардан. Ал эми эжеси Сагын менен агасы Бообектер да бул өнөрлөрдөн куру эмес. Үй-бүлөөдөгү таалим-тарбия Гүлайымдын калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизе алды.*

*Көпчүлүк жаштардай эле Гүлайым да борбор шаарыбызга келип политехникалык институтунун инженер-куруучу бөлүмүнө өтүп, 1985-жылы аны ийгиликтүү аяктап жогорку билимдүү инженер-куруучу адиси болуп чыга келет.*

*Эмгек жолун өзү ээ болгон адистиги боюнча баштап, «Кыргызкомунпроект» институтуна кызматка орношкон. Күн санап иштеген ишинде такшала баштаганда турмуштук шартына байланыштуу Жайыл районуна которулуп, райондук архитектурасында кызматын уланткан.*

*Үй бүлөөдөгү ата-эненин, ага-эженин таасиринин негизинде 1995-жылдан баштап Гүлайым райондун «Жаңы мезгил» газетасына жазган ыр саптары тынымсыз жарык көрүп жүрүп, 1999-жылдан баштап Чүй баяны газетасына кызматка өткөн. «Чүйүбүз куттуу үйүбүз» ж. б. көптөгөн республикалык конкурстарга активдүү катышып бир нече жолу алардын жеңүүчүсү болуп баалуу сыйлыктарга да ээ болгон.*

*Гүлайымдын адабий майданындагы жараткан ийгиликтери жогору бааланып 1999-жылы Кыргызстан Журналистер Союзуна мүчөлүгүнө кабыл алынган.*

*Гүлайым карындашыбыз райондогу коомдук маданий кызматтарынын активдүү катышуучуларынан, райондогу «мөл-булак» аттуу поэзия сүйүүчүлөрүнүн ийримин жетектеген жаш калемгерлердин насаатчысы.*

*Бөтөнчө белгилей кетүүчү нерсе Жайыл баатырдын 300-жылдыгына карата барандуу салым кошуп көптөгөн негиздүү макалаларды жергиликтүү «Жаңы турмуш» жана Чүй баяны газеталарына тынбай баяндаган активдүү журналистерибизден.*

Ышкы түшсө түркүн келет бу кадам,
Ырын жазып кыш сымалы кынаган.
Ыгы менен шыгы менен алп ура...
Ыр жазууга чыдаган жан чыдаган.
Ырыс алды ынтымакты туу тута,
Ырларында «туңгуюк сыр» сынаган.

Ырларын жазып бөпөлөп,
Ыр жолун тапкан төтөлөп.
Ыйманын тилеп элинин
Ырлары менен көкөлөп.
Ырашкерлик тилеги...
Ырлары менен экөөлөп.

Ырларга жанын үрөгөн,
Ырлары менен түнөгөн.
Ырынан тапкан ырахат,
Ыр жандуу үй бүлөөдөн
Ыр десе тыным албаган,
Үргүштөп кана күрөөдөн.

*$10^{\underline{33}}$ 8.VIII.05-ж.*

# ДЕМЕСИН УУЛУ АЛТЫМЫШ



*Алтымыш мырза 1955-жылы 21-майда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Кеп чынынан бузулбайт эмеспи. Демесин чоң атабыз Чынар эне менен өмүр бою ынтымактуу жашашты, бирок тагдырга жазганын көрбөскө чара жок тура алар балалуу боло алышпайт. Акыры Чынара эне өзү макулдугун алып жакын сиңдиси Гүлбара эже менен Демесин чоң атанын ак никесин кыйдырып баш кошушуна себепкер болгон. Акылдуу эненин ойлогон ою иш жүзүнө ашып арадан бир жыл өтүп Демесин чоң атабыз уулдуу болуп атын Алтымыш аташкан.*

*Алтымыш ата-энени таалим-тарбиясында чоңойуп мектеп босогосун аттаган. Орто билимге ээ болуп, Советтик Армиянын курамында кызматын өтөөгө да жетишкен. Армиядан келген Алтымыш өмүрлүк жары Жанбүбүгө баш кошуп уул-кыздарынын атасы боло алды. Тун уулу Алмаз эр жеткен абийирдүү мырзалардан болуп өзүнөн кийинки инилеринин энесинин ишенген тиреги.*

*Өзү Жайыл районунун ички иштер бөлүмүндө автоинспектор болуп жемиштүү эмгектене баштайт. Таш боор ажалга айла жок, кокустан автоаварияга туш болуп, бул жарыкчылык менен кош айтышып отурбайбы.*

Жүрөгүмдөн сезип келем сөзүңдү,
Жүрөк сыздайт эстей келсем өзүңдү.
Жүлүнгө че сайгылаша тынч кетет...
Жүз ирээт мен көргөн сымал көзүңдү
Жигит «пирин» кокусунан көз жумуп
Жүрөк токтоп жашоо деген үзүлдү.

Аска-зоодон эрийт тура кар деле,
Аттиң дейбиз башка айла бар беле?
Алтымышым «кокус кырсык» – дегенде
Алда «кокуй» – дүр дей түштү делебе.
Ата-журту эл кызматын аткарган
Ай Ааламда Ала-тоодой шер эле.

*18$^{\underline{12}}$ 28.VIII.05-ж.*



## ЖАКИМБАЙ УУЛУ ШАМИЛ

*Шамил мырза 1951-жылы 20-июнда Жайыл районуна караштуу Буденый айылында төрөлгөн. Атасы Жакимбай ага менен энеси Үпөл жеңе колхоздун карапайым жумушчуларынан болгон. Колхоздун жылкысын багып жүрүшүп, кийинчирээк койлорун багышты. 1958-жылы Буденыйдагы сегиз жылдык мектепке биринчи класстын эшигин аттап толук эмес орто мектепти бүтүп, онунчуну Эриктүүдөн 1968-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Мамлекеттик медицина институтунун дарылоо бөлүмүнө өтүп аны 1974-жылы ийгиликтүү аяктап, ардактуу дарыгерлик дипломун алган. Интернатураны 1975-жылы Фрунзе шаарынын № 1 шаардык эмканасынан өткөн.*

*Эмгек жолун Жайыл районунун борбордук эмканасында травматолог врачы болуп иштөөдөн баштаган. 1978–1991-жылдары травматология бөлүм башчысы болуп үзүрлүү эмгектенген. 1991–1995-жылдары Эриктүү айылдык амбулаториянын башкы врачы болуп иштейт. 1995-жылдан баштап ушул күнгө чейин Карабалта шаарынын территориалдык травматолог врачы болуп жемиштүү иштөөдө.*

*Шамил мырза өмүрлүк жары Клара менен (ал дагы саламаттык сакчысы) 1974-жылы тун уулу Исман төрөлдү, андан кийин Руслан, Мирлан, Нурлан, Айкерим жана Назираларынын бактылуу ата-энелери.*

Белгилүү врач айылдан,
Белсенген хирург Жайылдан.
Биз билгенден отуз жыл,
Өнөрү элге жайылган.
Сынганы менен чыкканын
Бир кармап көрүп айырган.

Тилегин тилеп көгөрдү,
Теңирим ага көнөөрбү.
Тойбайдын неберелери
Төрт уул катар төрөлдү.
(Исман, Руслан, Мирлан, Нурлан)
Топугун айтып кудайга,
Тобба! деп бирден өңөрдү.

Келин алып кыз берип,
Казаны кайнап «чыз» делип.
Күн алыс күтө мейманды,
Куда-сөөгү бүт келип.
Керемет жашоо башталды,
Кадырлуу мейман дегделип.

23 [13] 23. III. 05-ж.

## ЖАКЫП УУЛУ КАРЫПБЕК



*Карыпбек агабыз 1933-жылы 5-мартта Жайыл районунун Суусамыр өрөөнүндө төрөлгөн. Жети жашынан баштап Тунук айылдык мектебинен окуп илим-билимин алды, орто мектебин Сарыбулак айылында бүтүрүп жетилүү атестатын алууга жетишти. 1954-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Чет тилдер факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүргөн.*

*Карыпбек агабыз эмгек жолун Ысыккөл областынын Тоң районуна караштуу Төрткүл айылында мектепте чет тилдер мугалими болуп иштөөдөу баштаган. 1959–1962-жылдары. 1952-жылы Жайыл районуна которулуп келип, Большевик сегиз жылдык мектебинин Чет тилдер (англис) мугалими болуп үзүрлүү эмгектенди. 1971-жылы Жайыл (Калинин) районунун аткаруу комитетинин чечими менен райондогу Сарыкоо айылдык Советинин төрагалыгына дайындалган, бул жерде жыйырма жылча үзүрлүү эмгектенип кадыр-баркы, зоболосу көтүрүлүп, калыстык менен иштегендиги калайык-калк тарабынан жогору бааланды.*

*Карыпбек аганын акыйкаттык, калыстык иштери карапайым элибиздин мүдөөсүнө толду. Жемиштүү эмгектери райондун администрациясы тарабынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан да жогору бааланды. 1990–1999-жылдары Калинин айылдык кеңешине катчы (секретар) болуп эмгектенди. Бөтөнчө белгилей кете турган бир нерсе бул Карыпбек агабыздын Калинин районун Жайыл району деп аталышына кошкон салымынын өтө зорлугу. Райондогу эмгекчилер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүздү. Ал эле эмес, Жайыл айыл Өкмөтүнүн, Жайыл айылынын Жайыл дыйкан чарбасынын аталышына да Карыпбек аганын кошкон салымы зор экенин эртели-кеч айыл тургундары эстеринен чыгарбай эскерип жүрүшөт.*

*Карыпбек ага өмүрлүк жары Шаршекан эже менен баш кошуп төрт уул, беш кыздуу болушту. Алардын баарына татыктуу таалим тарбиясын берип, илимдүү-билимдүү*

*болушуна өбөлгө түзө алышты. Алардын бардыгы үйлөнүшүп-жайланышып түркүн кесип ээлери болгон жогорку билимдүү адистерден боло алышты. Карыпбек ага менен Шаршекан эженин тун кыздары Москвадан окуп жогорку билимине ээ болду.*

*Динарасы Бишкектеги политехникалык институтун ийгиликтүү бүтүргөн жогорку билимдүү адис. Чынарасы жогорку билимдүү адис Республикабыздын ички иштер тармагында жемиштүү эмгектенет. Аскердик чин-даражасы – майор. Венерасы (Чолпону) энесинин-атасынын кесибин аркалап эл агартуу тармагында эмгектенет. Кларасы болсо соода-сатык тармагында окуп бүгүнкү күндө эсеп-кысабы тармагында (бухгалтер) эмгектенет. Уулдары Эрнис-Бернис, Бакыт жана Төлөндөрү түркүн кесип ээлери, фермерлерден болуп эмгектенишүүдө.*

*Шаршекан эженин жаш муундарды тарбиялоодогу эмгеги жогору бааланып «Кыргыз Республикасынын Эл агартуусунун отличниги» – деген, ардактуу наам ыйгарылган. Карыпбек ага комузду кол ойнотуп черткен чоң чебер комузчу. Ошону менен бирге райондук, областык, республикалык газета-журналдарга үзбөй акыйкаттык, калыстык таалим-тарбия боюнча макалаларын жарыялап турушчу.*

*Бөтөнчө белгилей кете турган нерсе Карыпбек ага Жайыл атанын ысмын Калинин районунан берилишине жанын үрөп айыл аксакалдарын, тургундарын үгүттөп райондун атка минерлерине чейин тынбай келип жүрүп акыры алардын көксөгөн тилектери иш жүзүнө ашты.*

## ЖЕКШЕНБЕК УУЛУ ТЕМИРЛАН (ИСАКОВ)



*Темирлан уулубуз 1983-жылы 29-ноябрда борборубуз Бишкек шаарында төрөлгөн. Ата-энесинин тарбиясында, таалим алып жүрүп, балдар бакчасына андан мектепке барып талыкпай окуп орто билимге ээ болгон.*

*Орто билимдүү Темирлан көп ойлонбой Кыргызстан Улуттук Мамлекеттик университетинин юридика бөлүмүнө өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп жаткан учуру.*

*Элибизде «асыл таштан, акыл жаштан» – демекчи бүгүнкү Темирландар Республикабыздын эртеңки келечектүү адистери эмеспи.*

Оку-оку билимиңди ала бер,
Окуу менен калыптанат ар бир эр.
Ой-чуңкуру бул турмуштун көп болот,
Ошондо да пешенеден чыгаар тер.
Опоң-чычаң, оолугуулар жан үрөө...
Оомат келип, жеңген турмуш болот – шер.

*529 9.VIII.05-ж.*



## ЖУМАБЕК КЫЗЫ УУЛКАН (САРИЕВА)

*Уулкан карындашыбыз 1949-жылы 15-декабрда Жайыл районуна караштуу Сарыбулак айылында төрөлгөн. Ата-эненин татыктуу таалим-тарбиясын алган Уулкан мектеп босогосун аттап эми илим-билимин алууга да жетишет. Мектепте активдүү окуучулардан боло алды, анткени ата-энеси Сарыбулак орто мектебинин алдыңкы мугалимдеринен эле. Орто мектепти бүтүп жетилүү атестатына ээ болгон Уулкан сүйүктүү ата-энесинин жолун жолдоп мугалим болуп жаш муундарга илим-билим берүүнү алдына максат кылып алат. Орус тилин жана адабияты боюнча жогорку билимин алып, дипломдуу адис болот.*

*Уулкандын өзгөчөлүгү мектепте окуп жүргөндө эле мектептеги дубал газеталарынын чыгышына активдүү катышуу менен Республикалык «Кыргызстан пионери», «Пионерская правда», «Жаш ленинчи» журналына жана Ленинчил жаш газеталарына тынбай өзү окуган мектептеги, жашаган айылындагы жаңылыктарды калтырбай жогоруда аталган газеталарга жарыялап, кабарлап тураар эле.*

*Жогорку билимдүү дипломдуу жаш адис, эмгек жолун мектепте катардагы эле мугалимдиктен баштап эмгектене баштайт. Бала-бара такшалган эл агартуу тармагынын адистеринен боло келди. Кызматынан кызматка көтөрүлдү, котормочу, жооптуу катчы, акыркы жылдары «Жаңы мезгил» райондук газетанын башкы редактору болуп жемиштүү эмгектенүүдө. Албетте Уулкан айым да жүрөгү сүйгөн өмүрлүк жарына баш кошуп Асель-Альбина аттуу кыздарлуу жана Арсен аттуу уулду болду. Уул-кыздарынын баары жогорку билимдүү белдүү адистерден боло алышты. Асели жогорку билимдүү кардиолог. Альбинасы – офтальмолог, ал эми Арсен болсо чоң мекеменин башкы-экономиси. Уулкан уул үйлөп, кыз узатып, балдары очор-бачар болушуп өз очокторунан түтүн булатышып энелеринин жүрөгүнө жылуулук тартуулашууда, неберелердин кубанычы, төрлөрүнүн куту.*

Татына сулуу тарандың,
Тырышып билим алалдың.
Таалимин алып атанын,
Тар жолдон тайбай баралдың.
Таасири белем эненин...
Так айым болуп саналдың.

Алпештеп багып балдарың,
Аруу күч демиң арнадың.
Акыйкаттык үчүн деп,
Абийирди бийик кармадың.
Ата мекен калк үчүн,
Аракеттен талбадың.

Кыз берип, келин алдыңыз,
Кудагый болуп калдыңыз.
Кудай деп, кулак сүйүнсүн...
Кем карчын алып бардыңыз.
Кам көрүп «бала-чака» деп,
Ачканын сезбей кардыңыз.

*$4^{21}$ 8.VIII. 05-ж.*

## ЖҮЗҮМКУЛ УУЛУ ТУРГУНБЕК



*Тургунбек агабыз 1936-жылы 25-апрелде Жайыл районунун Бөксөжол айылында төрөлгөн. Айылдан толук эмес орто мектепти бүтүрүп келип борборубуз Фрунзе шаарындагы № 5 орто мектебин бүтүргөн. Орто билимдүү агабыз 1954-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин физика математика факультетине өтүп аны 1959-жылы ийгиликтүү аяктаган.*

*Жогорку билимдүү Тургунбек агабыз эмгек жолун мектепте катардагы эле математик, физика мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1960-жылы Илимдер Академиясынын физика институтунда илимий кызматкери болуп иштеп жүрүп 1961-жылы Москвага бир жылга стажировкадан өтүп келген. 1963-жылы Москвадагы физика институтуна МГУнун астында аспирантурага өтүп аны 1969-жылы Эл аралык Патрис Лумумба атындагы университетинде ийгиликтүү коргоого жетишкен. Ардактуу физика математика илимдеринин кандидаттык илимий даражасы ыйгарылган.*

*Илимдин кандидаты Тургунбек Жүзүмкул уулу эми эмгек жолун Пржевальск шаарындагы пединститутунда физика кафедрасында иштөөдөн баштаган. 1980-жылы Улуттук университетке которулган, 1994-жылы Чүй университетинде, 1995-жылы политехникалык институтуна кафедра башчылыгына дайындалат. Агабыздын ал эмгеги Өкмөтүбүз тарабынан өз учурунда жогору бааланып «Кыргыз Республикасынын эл агартуу тармагынын отличниги» деген ардактуу наам ыйгарылган, Манас эпосунун миң жылдыгына карата.*

*Тургунбек агабыз өмүрлүк жары Анипа жеңе менен баш кошуп Касидин, Адылбек аттуу уулдары жана Элмира аттуу кыздары төрөлгөн. Бардыгы жогорку билимдүү адистерден. Агабыз менен жеңебиздин алты неберелери бар, төрлөрүнүн куту.*

Тагдыр экен күндө жаңы таң атып,
Таанышканбыз көчө бойлоп баратып.
Түбү бирге Жайыл ата тукуму,
Теңир колдоп бир бoорлорду саматып.
Текеденби же Итике балдары,
Таалай бирге келечекке каратып.

Байдылдага коштошууга баратып,
Бак ичинен байкоосуздан карашып.
Билип-билбей театрды сурадың,
Бүшүркөөдө билбегендей адашып.
Бул да болсо балким тагдыр кошуму,
Бирибизге каректерди кадашып.

Териштирбей ээлигебиз тилдейбиз,
Териштирип сурабасак билбейбиз.
Толук билбей тууганчылык жайларын,
Теригүүдө кабак бүркөп кирдейбиз.
Туу туталы туугандыкты бир бoорум,
Түбү бирге тагдыр насип бирдейбиз.

*4 [17] 6. IV. 05-ж.*

## ИСАЕВ АЛИАСКАР ЭРКИНОВИЧ



*Эркин уулу Алиаскар 1981-жылы 8-мартта Бишкек шаарында төрөлгөн. Ата-энесинин таалим-тарбиясындагы Эркин балдар бакчасына да каттады. Алиаскар жашынан эле мектептин босогосун аттап орус тилинде окуп толук эмес орто мектепти бүткөндөн кийин 9–10-класстарды экстерно сынактарынан өтүп орто билимдүү болуп жетилүү аттестатын алууга жетишти.*

*Ошол эле жылы Алиаскар Кыргыз-Россия Славянский Университетине өтүп аны 2001-жылы ийгиликтүү аяктап «Бакалавр экономика» деген даражасына татыктуу болду. 2002-жылы Москвадагы мамлекеттик эл аралык карым-катнаш, мамилелер институтуна (МИД Россия) өтүп аны 2004-жылы татыктуу аяктап, «Чет тилдерин билген Эл аралык мамилелердин Магистри» – деген наамын ала алды. Бүгүнкү күндө Алиаскар мырза Кыргыз-Россия Славян университетинин Эл аралык мамилелер факультетинин аспиранты. Университеттин окумуштуулар кеңеши Эркин уулу Алиаскарга «Борбордук Азиядагы регионалдык чыр-чатак кагылышуулар жана ага каршы бирге эмгектенүүнү өнүктүрүү» деген диссертациялык теманы бекитип беришкен. Мындай өтө жооптуу жана баалуу мамлекеттик иштерди иликтөөдө иш тажрыйбаларын коюуду Алиаскар түнкү уйкудан калып күнү тыным албай үзүрлүү эмгектенүү аракетинде.*

*Кыргыз элинде «Аккан арыктан суу агат» – дегендей Алиаскардын теги да жөнөкөй инсандардан эместигинде болуп жүрбөсүн. Эмесе сиздер менен бирге Алиаскардын жети атасына иликтөө жүргүзүп көрбөйлүбү.*

***Атасы Эркин** – жогорку билимдүү врач, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген саламаттык сакчысы. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо тармагынын отличниги.*

***Чоң атасы Арпылда** – Кыргыз Республикасынын элге билим берүү тармагынын отличниги, эмгек сиңирген педагог.*

***Бабасы Иса** – өз заманынын тың жашаган айыл аксакалы байы болгон, ал эле эмес, Совет өкмөтү орногондо кулакка тартылып Украинага чейин жер которулган.*

***Бубасы Сенкибай.***

***Кубасы Шыйкымбай.***

***Жотосу Сейит*** *– бий болгон.*

***Жетеси Каратай*** *– олуя болгону жөнүндө тарыхый маалыматтар Жайыл баатыр №1 китебинде толук баяндалган.*

*Элибизде «Эр тайын тартат» деген да орундуу айтылган асыл ойлор бар. Алиаскардын таятасы Байжигит уулу Аманат агабыз Кыргыздардан чыккан биринчи Республикабыздын Коммунисттик Партиясынын биринчи секретары Исхак Раззаков менен узак-узак жылдары бирге улуу референти болуп эмгектенген. Кийин Балыкчы шаарынын шааркомунун секретары, Бишкектеги Свердлов райкомунун секретары болуп үзүрлүү эмгектенген инсан болгон. Элибизде бекеринен «курама темир курч болот» – дегендей Алиаскардын* ***энеси Гүлсайра*** *да жогорку билимдүү саламаттык сакчысы Улуттук медицина Академиясынын окутуучусу.*

*Айталы дегенибиз Алиаскар уулубуз да ата-энесинин урук-туугандарынын дарегине шек келтирбеген ар намыстуу келечектен көптү үмүттөндүргөн кыргыздын белдүү кызматкерлеринен болот деген зор үмүттөбүз.*

*Алиаскар мырза! Сага кааларыбыз жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!*

Кыл комузда тарыхтарын сынаган,
Кыргыз эли кылымдардан тараган.
Кара кылды как жаруучу адилет,
Калыстыкты, акыйкатты самаган.
Кагылайын ак жол сага каалайбыз!
Кызматкер бол крыгыз элге жараган.

*8$^{\underline{59}}$–11.IX.05-ж.*

## КАЗАКБАЕВ МУКТАРБЕК



*Муктарбек агабыз 1933-жылы 7-январда Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. Муктарбек аганын балалык бактылуу күндөрү оор мезгилдерге туш келип бактылуу балалыгы каргашалуу оор күндөрлүү турмушка айланганына эч кандай далилдин кереги жок. Мектепте окуп билим алышканы менен мектептен кийин чарбанын ар кандай жумуштарына кол кабыш кылышып эч тыным алышпады. Ата Мекенди коргоого кеткен ата-энелеринин, ага-туугандарынын ордуна колхозго эртели-кеч ар кандай иштерин аткарышты.*

*Агабыз Муктарбек өмүрүнүн көпчүлүгүн Москва районундагы Түндүк суу курулуш ПМК сында жемиштүү эмгектенди (кырк жылдан ашык). Албетте өмүрлүк жары жеңебиз менен баш кошуп Жекшен, Байыш, Алмаз, Таалай, Байберген аттуу уулдарлуу жана Эркетай аттуу кыздуу болушкан.*

*Балдарынын баардыгы үйлөнүшүп-жайланышып бала-чакалуу, очор-бачар болуп калышкан, балдарынын балдарын (небере, чеберелерин) жетелеп бак-таалайлуу өмүр сүрүштү. Элибизде балалуу үй базар демекчи, балдарынын баардыгы чогулушканда ата-энелеринин үйлөрү кутка толуп чоң кубанычка айланаары талашсыз.*

*Агабыздын уулдары жөнүндө толук маалыматтар болгондо алардын ар бирине өзүнчө маалыматын берсек дурус болмок, айла канча...*

Беш уул бирдей кыздуу болалдыңыз,
Белди бууп, жетимишке толалдыңыз.
Булактан «мөлтүлдөгөн» – суу агызып
Бейиштин төрү сымал жол алдыңыз.
Билими-илимине  каныктырып...
Балдардын кубанчына зор кандыңыз.

*8[12] 28.IX.05-ж.*

## КАЗАКБАЕВА КҮЛҮЙПА АЛИЕВНА



*Күлүйпа карындашыбыз 1950-жылы 7-январда кыштын кычыраган чилдесинде Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. Ата-энесинин тарбиясында жүрүп Сосновкадагы орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болот.*

*Эмгек жолун 1968-жылы Жайыл (Калинин) районунун Эл сотунда секретар болуп ишке орношуп эмгектене баштайт. Караколдогу (Пржевальскийдеги) педагогикалык институтунун орус тил, адабияты бөлүмүнө өтүп, аны ийгиликтүү бүтүрүп жогорку билимдүү педагог деген дипломуна ээ болот.*

*Күлүйпа экинчи эмгек жолун Карасуу орто мектебинде катардагы мугалимдиктен баштап кийин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. Карасуу айылдык Кеңешинин секретарлыгына бир добуштан шайланган.*

*1982-жылы аталган айылдык кеңешинин төрагасы болуп шайланган. Бул кызматта 1996-жылга чейин жемиштүү эмгектенди. Өкмөтүбүздүн Указына ылайык чарба жетекчилери айыл өкмөттөрүнүн жетекчиси болгондон баштап Күлүйпа, анда жооптуу катчы (секретары) болуп иштеген. Ал эми 2000–2002-жылдары айыл өкмөтүнүн төрагасы болуп эмгектенет. Бүгүнкү күндө айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы болуп ишин улантууда.*

*Күлүйпанын эмгектеги зор жетишкендиктери көз жаздымда калган жок, бир эмес бир нече жолу райондук Ардак тактага жазылып сүрөтү илинди. Айыл өкмөтүндөгү ар кандай Социалдык маселелердин чечилишине өтө активдүүлүк менен катышып алардын натыйжалуу чечилишине аракеттенген кең пейил кызматкерлерден.*

*Күлүйпанын үй бүлөсү жөнүндө маалымат болбогон соң, жазылбай калганынын себепкери өзү...*

## КАЛЫЙ УУЛУ ОРУНБЕК

*Орунбек мырза 1943-жылы төрөлгөн. Айылдан орто мектепти бүткөндөн кийин Новосибирскийден энергетика боюнча жогорку окуу жайын бүтүргөн. Атайын жолдомо менен келип эмгек жолун Алматы шаарында катардагы энергетик адистиги менен иштеп баштап, утуру барган сайын кызматы көтөрүлүп отуруп Алматы шаарынын башкы энергетиги болуп узак-узак жылдары үзүрлүү иштеп кадыр-барктуу кызматкерден боло алды.*

*Орунбек инибиздин уулу Владик Алмата шаарында политехникалык институттун автодорожный бөлүмүн бүтүргөн азаматтардан. Владик Алматада жашап жүргөндө элчиликте иштеген бир англичанка менен таанышып, алардын алоолонгон сүйүүсү абдан күчөгөндөн-күчөп отуруп баш кошушкан.*

*Владик өмүрлүк жары менен бүгүнкү күндө Австралияда чоң кызматтарда эмгектенет. Аны тейлеген атайын вертолету бардыгы айыл арасындагы тууган-туушкандар арасында кеңири кеп боло калат. Ошентип Жайыл атанын урпактары алыскы Австралияда да үй-жай күтүп тукумун улап жаткан учурлары.*

Аргымак эмес мингениң,
Алатон эмес кийгениң.
Алыскы Австралияны
Алатоодой бийледиң.
Ата-Журт Бөсөжолунда
Айланайын! аны унутуп ийбегин

*8$^{28}$ 28.IX.05-ж.*

## КАРЫМБАЙ УУЛУ МҮСҮЛҮМ



*Мүсүлүм мырза 1948-жылы 21-майда Панфилов районунун Эркинсай айылында төрөлгөн. Ата-энесинин таалим-тарбиясында жүрүп мектептен орто билимге ээ болгон. Эл катары Советтик Армиянын курамына барып, кызматтын абийирдүү өтөп келген.*

*Армиядан келгенден кийин Мүсүлүм мырза эмгек жолун тоолуу Нарын областында баштаган. Узак-узак жылдары Мамлекеттик чек араны көзүнүн карегиндей сактап жемиштүү эмгектенди. Жаштык жалыны, күч-кубаттуу мезгили толугу менен Теңиртоо аймагында өткөнүнө инибиз Мүсүлүм өкүнбайт.*

*Мүсүлүмдүн мекен астында аткарган иштери Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып Ардак Грамоталар, баалуу сыйлыктар менен сыйланды.*

*Өмүрлүк жары менен уул-кыздуу болушуп, кыз узатып, келин алышты. Неберенин кубанычына баткан учуру.*

Күзөтүп авак аймагын,
Күн эмес жылдап-айладың.
Кийигин атып аскадан,
Калпыдың бал каймагын.
Калп айткан менен болобу,
Көтөрүп көңүл жайладың.

Жаштыгың жалын барында,
Жаштыгың өттү Нарында.
Жазы-жай, күзү тынымсыз,
Жадабай кыштын карына.
Жоокерлик милдет сыймыктуу,
Жаштыгың барда жалында.

*6 $\frac{43}{}$ 6. IV. 05-ж*



## КЕЛДИБЕК УУЛУ САДЫБАКАС

*Садыбакас агабыз 1926-жылы 9-майда Жайыл районунун Талды-Булак селолук кеңешине караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. 1935-жылы Талдыбулактагы башталгыч классына мектеп босогосун аттап биринчи класска барган, бул мектептен 1942-жылы жетинчи классты бүтүргөн. Толук эмес орто билимдүү Садыбакас ага өз учурунун өтө сабаттуу, билимдүүлөрүнүн бири эле. Согуш учурунда 1942–1944-жылдары Жайыл районунун Талдыбулак айылдык кеңеши боюнча финогенти болуп үзүрлүү эмгектенген. 1945-жылы СССР коопсуздук коргоо тармагы боюнча окууга жөнөтүлөт, ден-соолугуна байланыштуу окуусун улантталбай, 1946-жылдан баштап чарбанын ферма башчысы, айылдык кеңештин секретары болуп эмгектенет. 1947-жылы Сары-Булактагы орто мектебинде окуусун улантып 1948-жылы жетилүү атестатына ээ болот. Орто билимдүү агабыз чарбанын бригадири, парторгу айыл кеңешинин секретары болуп 1948–1951-жылдары эмгектенген.*

*1951-жылдан баштап Кара-Балта кант заводунда кадрлар боюнча директордун орун басары болуп үзүрлүү ишин улантткан. 1946-жылдан баштап КПССтин мүчөлүгүнө өткөн. 1959-жылдан баштап Пржевальскийдеги айыл чарба техникумунун зоотехния факультетине өтүп 1962-жылы ийгиликтүү аяктап дипломун алган. 1962-жылы өз адистиги боюнча дипломдуу агабыз Жайыл райондук малды бордоо боюнча адистештирилген совхозуна которулган. Совхоздун мал чарбасын жетектеп узак-узак жылдары бул малды бордоо чарбасында жемиштүү иштеди. Алган билимин өркүндөтүп жогорку билимге ээ болуш үчүн 1963-жылы Кыргыз Республикасынын К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехния факультетине өтүп окуусун улантткан.*

*Садыбакас аганын жүзүнөн нуру төгүлгөн, ачык-айрым, ак көңүл, кең пейил адам экенин, аны көргөн айыл аксакалдары эртели-кеч сүйлөшүп калышат. Бөтөнчө каткырып күлгөнү, бак-бак этип улуу-кичүүгө барабар шартылдаган мүнөзү менен өзгөчөлөнүп турчу экен. Ар дайым элинин ка-*

*мын көрүп, алардын ысык-суугуна барабар аралашып жанын үрөгөн эр азаматтардан экен.*

*Садыбакас агабыз өмүрлүк жарына баш кошуп тун кызы Марина төрөлөт. Андан кийин Бектурсун, Алима, Замира жана Калиналарын көрүшкөн. Мен билгенден Замирасы ветеринария илимдеринин кандидаты, район аралык ветеринардык лабораториянын директору. Бүгүнкү күндө доктор-лук илимий даража үчүн талыкпай тажрыйбаларын жүргүзүүдө. Ага ак жол каалайбыз.*

Жарк этип күлө кабагы,
Жадырап жайнап жамалы.
Журтчулук камын көп көргөн,
Жүйөлүү иште амалы.
Жүлүнгө чейин жетчү дейт,
Жүрөктөн айткан саламы.

Айылдык актив аталган,
Акыл эс айтып баталган.
Ата-Журт, элим-жерим деп,
Абийирлүү катардан.
Алынып айыл-апага,
Ал мүрөк суусун таталган.

Көңүлдөн сүйө сен деген,
Көңүлү таза пендеден.
Калайык калктын ишине,
Катыра иштеп тердеген.
Кадыры эле айылдын,
Колунан намыс бербеген.

Атак-даңкы ай-Ааламга тарамак,
Аман болсо сексен жашка карамак.
Айланып тегеренип чөрпөлөрүн,
Ар бирин ал, өз алдынча самамак.
Аттиң арман! тагдырыңа жазганы...
Арбагыңыз болсун ага саламат! – деп иниң,
Мухуддиниң

*5 [20] 21. XII. 04-ж*



# КОШОЙ УУЛУ ШАДЫБЕК

*Шадыбек агабыз 1911-жылы Жайыл районунун Акбашат айылдык кеңешине караштуу Айдарбек айылында төрөлгөн. Атасы Кошой колунда бардар, оокаттуу адамдардан болуптур. Уулу Шадыбекти жаштайынан эле илим-билимге ээ болуусуна аракеттенип, алды менен молдолукка окуткан, кийин лекбес окуп латын тилинде окуп эле эмес, жаза да билген өз доорунун сабатууларынан болуп эр жетет. Совет Өкмөтү орногондон кийин эле Кошой ата колундагы малдарын толугу менен кедей-кембагалдарга таратып берген, ал эми калган катканын Өкмөттүн карамагына өткөрүп берген. Ошенткен ак ниет адам 1922-жылы бул жарыкчылык менен кош айтышат.*

*Он бир жашынан жетим калган Шадыбек ага турмуштун ысык-суугуна аралашып, кат сабаты жойулгандыгына байланыштуу колхоздун ар кандай кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарган. Шадыбек аганы өзү менен бир тууган эжеси Күлүм эже үй-бүлө куруп Жекен айылында турушкан, инилери Ата Мекендик согушка кеткен боюнча дайынсыз калды. Согушка кеткенче төрөлгөн жалгыз кызы калды эле Байгүчүков Бакыр деген адамга турмушка чыккан балпайган байбиче болду. Бүгүнкү күндө кудайым берген жети баласы бар, Кайрыма айылында.*

*Шадыбек ага колхоздун иштерине аралашып жүрүп, дагы билимин өркүндөтүүнү ойлоп 1930-жылдары партиялык жогорку окуу жайына өтүп билим ала баштайт. Бирдей эле учурда кечкисин окуп орто билимдүү да болот. Тагдырдын буйругу 1933-жылы Малтаварлык Маат деген адамдын тал чыбыктай буралган он жетиге эми толгон Жамыйла деген кызы менен таанышып экөө баш кошушат. Өмүрлүк жарын Жамыйланы орто билим алуусуна шарт түзгөн Шадыбек ага күбөлүк алган келинчегин педагогикалык билим алуусуна да шарт түзөт. Илим билимдүү Жамыйла эне шаардын аткаруу комитетине кызматка орношуп иштей баштаган. Арадан убакыт учкан куштай өтө берет. Өзү партиялык окуу жайын бүткөндөн кийин юридика багытында да илим-билим алып дипломун колуна алган.*

*Өкмөттүн тапшырмасы менен Шадыбек ага 1937-жылы Ош областынын Куршаб районуна прокурор болуп дайындалып ишин уланткан. 1937-жылдагы Советтик алдыңкы белдүү ак ниет кызматкерлерди куугунтукка алганда Шадыбек ага да алардын тизмесине илинип камакка алынган. Куршабта түрмөдө К. Тыныстанов, өзү жакшы көрчү Айтматов Төрөкул менен бирге отурган экен. Шадыбек ага өтө сабырлуу, токтоо, ак жүрөк, арамчылыгы жок көп окуп, көптү билгенге аракеттенген инсандардан болгон. Кийинки учурларда жалгыз кызы Насип атасынан силерди эмнеге камады десе, – билбейм, көралбастыктын кесепети деп койчу экен. Атамды СТП, МТП мүчөсү деп камаптыр. Күндөрдүн биринде түрмөдөгү тергөөчүлөр чакырып алып кана Кошоев «СТП» – деген эмне дегенде, Шадыбек ага алардын суроосун оңдоп «СТП» эмес, «СТФ» деген экен, «СТФ» деген чочко товар фермасы деп, а «МТП» чы десе, жок МТП эмес «МТФ» сүт товар фермасы десе тиги тергөөчүлөр аябай күлүшүп, кайра бири-бирин карашып балким бу Кошоев бизди алдап шакаба чегип жүрбөсүн деген пикирге келишип, сен Кошоев чыны менен билбейсиңби? же митаамданып бизди алдап жатасыңбы дешип аябай жазалашкан тура. Кийин (эс алганда) эсине келгенде бирге жаткандарга суракта болгондору толук айтып берсе, алары да кыраан каткы күлүшүп СТП дегени – Социал-туран партия» дегени. МТП-сы «Жаштар туран партиясы» дегени деп түшүндүрүп беришиптир. Ал убакта түрмө дегени узун сарай дейт, алдына саман төшөлгөн, саман толтурулган матрастар, жаздыктар, эч кандай жамынчысы жок, тамак аш тартыш, ачарчылык өкүм сүргөн учур дейт. Тууган-уруктар кайдан келсе поезд менен келишип андан ары түнөй-конуп Куршапка чейин жөө-жалаңдай басып зорго жетишчү экен. Көпчүлүгү болгон тамак-ашын, тыйын-тыпырын поезде келе жатышып каракчыларга алдырып жиберип бοтодой боздоп куру кол барышчу тура.*

*Болжогон мезгил да жетип күндөрдүн биринде түрмөдө жаткандардын аты-жөнүн бирден чакырып, Фрунзеге алып кетүүгө иргей башташат. Фрунзеге барсам тууган-урук каттаганга да жакын болот деген пикирде Шадыбек ага да мен булар менен биргемин, мени да кошо ала кеткиле деп жол тоскон ички иштер кызматкерлерине утуру келе бе-*

*рет, алар көкүрөктөн түртүп жолотушпайт. Ошол учурда Төрөкул Айтматов Шадыбектин кулагына шыбырап, мен жаткан матрастын ичинде үч бурчтуу кагазда кат бар, ошону алып аман-эсен кутулсаң адреси менен берип кой деп өтүнөт. Өкүнүчтүү жери Төрөкул Айтматовдун бул өтүнүчү орундалбай калат. Анткени калган төрт кишини бириктирип башка баракка которуп койуптур. Аңгыча Ата Мекендик согуш башталып Шадыбек ага өңдүүлөрдү согушка айыптуулар баталенуна жөнөтөт. Орус тилин эркин сүйлөп жаза билген Шадыбек аганы армияда арадан аз убакыт өтпөй саясий бөлүмүнүн жетекчилигине дайындап аскердик чинин да жогорулатат.*

*Шадыбек ага немистер менен согушуп Ленинград блокадасында, Рига согушунда да катышып, немистерди өлкөдөн кууп чыгышат. Согуштун акыркы күндөрү аларды ыраакы Чыгыштагы (Владивосток) Жапон согушуна жөнөтүлүшөт. Алар узаккы жолдо эми жетип үч-төрт күн болгондо согуш бүтүп, бүт солдаттар үй-үйлөрүнө тараптыр. Согушта жүргөндө Шадыбек ага да анын запкысын көп жеген оң жак акырегине ок тийип оор жарадар болуп зорго сакаят.*

*Согуштан аман-эсен келген Шадыбек ага ошол учурдагы Калинин райондук (Жайыл) аткаруу комитетинде иштөөсүн уланткан. Аткаруу комитети, райкомпартиянын чечими менен Шадыбек аганы райондогу арткы колхоздордун бирине башкарма кылып дайындашат. Ал Кайрыма колхозу Бекитай айылы. Аталган колхоздун иши оңолуп, алдынкы катарга кошулганда Шадыбек аганы, райкомпартиянын буйругу деп, Акбашат айылынын башкармалыгына бекитет. Шадыбек аганын көмөктөш достору, бирге эмгектенген адистери бүгүнкү кары ардагерлер эртели кеч баш кошсо сөз учугун улашып, капырай биз иштеп жүргөндө дүнүйө жыйуу дегенди деги эле билбептирбиз, таңдын атышына, күндүн батышына чейин колхоздун иши менен алектенип эмгектенээр элек дейт.*

Таң  аткандан күн батканча иш деген,
Таң аткандан күн батканча иштеген.
Тынымы жок күнү-түнү дайыма
Тагдырына жазылганы иш менен.

*Акбашат колхозунун жери көп, анда иштеген адамдар аз болгондуктан, жумушчу күчү жетишпейт. Айласы кеткен Шадыбек ага райондун жетекчилеринен жумушчу күчүнүн жетишпегенин баяндайт. Ошол учурда Кавказдан жер которуп келген 30 (отуз) үй-бүлөөлүү түрктөр келип ошолорду толугу менен Акбашат айылына Шадыбек аганын карамагына беришет. Бул жаңы келген түрктөр, ооба абдан иштерман келишет экен, бирок колдоруда туткак болушат экен деп чындыкты бетке айткан.*

*Шадыбек ага таңдан кечке колхоздун иши менен алп урушуп тыным албайт. Өмүрлүк жары Жамила эне катуу ооруга чалдыгып акыры 34 жашка толгон кезинде аны «шум ажал» алып тынат. Эми сегиз жашка толгон жалгыз кызы Насиби энесиз жетим болуп калат. Насипти таенеси заркакшап, көзүнүн жашын көл кылып жүрүп багып тарбиялай баштайт. Шадыбек ага тагдырга жазганы экинчи аялына үйлөнүп андан уулдуу болуп Мусулманкул аташат, кыздуу болушуп Мира деп аташат. Эми Насип аталаш инилүү, сиңдилүү болуп калды.*

*Чарбанын ишинде чаалыкпай иштеп жүрүп 1974-жылы Шадыбек ага ардактуу эс алууга чыгат. Пенсияга чыгып да жөн жатпай колхоздун кампасын кармап эмгектенип келген. Ооба дайыма чарбанын башчысы, жетекчи кызматтарда жүргөн Шадыбек ага байлык деп дүнүйө жыйбады. Уулкыздарын окутуп жогорку билимдүү болушуна шарт түздү. Акыры 1994-жылы ичээр суусу, көрөөр күнү бүтүп келгис сапарына бет алды.*

Иштээр ишке иш планы түзүлүп,
Иш дегенде күнү-түнү сүзүлүп.
Ичип жебей, көр дүнүйө курабай...
Иштеп жүрдү, тынымы жок сүзүлүп.
Ишиң калды эл ичинде кеп болуп,
Эскеребиз – жаштарга биз түз үйрүп.

*5[47] 7.VII 05-ж.*



## ШАДЫБЕК КЫЗЫ НАСИП

*Насип Шадыбек кызы 1948-жылы 29-апрелде Жайыл (Калинин) районуна караштуу Акбашат айылында төрөлгөн. Насип эми мектеп босогосунун эшигин аттап класстан-класска көчө баштаганда мээримдүү, сүйүктүү апасы Жамиладан 1956-жылы айрылып энесиз жетим болуп атасы менен таенесинин кароосунда калат. Андай дегенибиздин да жүйөлүү себептери бар. Таятасы ушул эле Малтаварлык Маат деген адам болгон. Кезикбай деген иниси 1942-жылысогушка кетип кайтпай калган. Таенеси жалгыз кызы Жамиланы караан тутуп келет. Какаганга муштаган болуп 1937-жылдары күйөө баласы саясый күнөөлөр коюулуп түрмөдө отурганда, андан беш жыл Мекенди коргодо жүргөндө кызына каралашып бирге жашап жүрөт. Таенесинин өтө мээримдүү, сабырлуу, ак ниет, момун инсан экендиги жөнүндө Насип карындашыбыз көптөгөн сөздөрдү козгоду.*

*Тагдырдын таш боор татымын тартпай койууга, көрбөй койууга мүмкүн эмес. Өмүрлүк жары Маат атадан 34 (отуз төрт) жашында калып жалгыз кызы Жамиланы медер тутуп келечекке болгон үмүтү кызы эле. Катуу ооруудан кийин Жамила эненин каза болушу Калыйман энесинин эсин эки кетирип шалдыратып шайын оодарып койду. Эртеден кечке басса-турса Жамиласынын элеси көз алдынан кетпей жалгыз кызынан калган небереси Насипти ээрчитип алып Жамиланын мүрзөсүнө барып таазим кылуу менен бирге, кайгылуу кошогун кошуп ыйласа үнү кудайга жеткендей абалга жеткен күндөрү болот. Мезгил билинбей өтө берди. Эненин да жылдык ашы өткөрүлүп Шадыбек ага шарият жолу боюнча үйлөнүүгө камына баштайт.*

*Албетте бул көрүнүш Насипке да, Насиптин таенесине да өтө оор окуя болуп алар катуу кабыл алышат. Муну туура түшүнгөн Шадыбек ага кайненесине өтөөр-кетээрди айтып бирге жашоолорун улашат. Бирок баары бир эртели-кеч жалгыз кызы Жамиланын элесин элестей берет. Кайнене менен жаңы келиндин жылдызы төп келишпегени бай-*

*калат. Акыры кайнене күйөө баласы Шадыбекке айтып төркүнүнө кетээрин билгизет. Шадыбек да жок дей албай макулдугун берүү менен кайненесининин үлүшүнө деп музоолуу уй жана он кой бөлүп берип, ат араба менен Малтавар айылына жеткирүү учуру келгенде кайненеси кан какшап:*

Жалгыздан калган жалгызым,
Жанымдай көргөн бал кызым.
Жаныма ала жүрбөсөм
Жаралуу жүрөк алсызмын

*– деп, күйөө баласы Шадыбекке акедей асылып, небереси Насипти берүүсүн өтүнөт. Шадыбек аганын айласы кетип сүйүктүү жары Жамиладан калган жанындай көргөн Насипасын кайненесине бергиси келбей эки ортодо Насип таене менен атасынын ортосунда талашта калат.*

Жамилам жандай көргөнүм
Жаннатты карай өрлөдүң.
Жанында болуп түбөлүк...
Жай алып бирге өлбөдүм.
Жараткан карап акыйкат
Жан кызымдан бөлбөгүн,

*– деп, кызы Насипти атына өңөрүп, кайненесине жеткирбей качып кетет. Армандуу эне ээ-жаа бербей жер чапчып ыйлаган үнү кудайга жетет:*

Наристем ала кетпедим,
Максатыма жетпедим.
Максатсыз, жашоо-үмүтсүз,
Малтаварга беттедим,

*– деп, бир тууганынын аялы Сакиш менен аргасыз төркүнүнө боздоп-сыздап кеткени күнү бүгүн да көз алдыма көрүнүп турат дейт Насип карындашыбыз.*

*Алибетте энесиз жетим калган Насип басса-турса болгон окуяларды, энесин сагынып эңсегенин, таенесинин кан-какшап боздоп кеткендеринин бирин калтырбай күндөлүк дептерин түзүп баардыгын үзбөй бардыгын жазып жүрдү. Күндөрдүн биринде атасы Насиптин күндөлүк дептерин окуп алып, шайы ооп далдырап отуруп калат, кызы Насипке кайрылып, алда каралдым ай-я эми эмне кылайын...*

Алоолонуп күйүп жанып делебем,
Апакең жок мен да дайым капа элем.
Аттиң, аттиң, арга канча Насибим!
Апаң болсо, мындай болбос эле дейм –

*деп көзүнөн «мөлт-мөлт» деген жаштарын куйултуп, таенемчилеп алынып-жулкунуп бакыралбай, жүүнү бошоп, мени келегой деп чакыралбай кызым мындай өткөн нерселерди көп эстей бербей, мунуңду жоготчу деп тетири басып өңгүрөп-өңгүрөп кетти. Мен да атамды өңгүрөткөн ошол сырлуу дептеримди отко салып өрттөп жибердим, дейт.*

*Бирок алардын бардыгы күнү бүгүн да көз алдымда элестегени-элестеген. Айла канча өгөй энемдин колунда жүрүп айылдан жетинчи классты бүтүрдү. Андан аркы окуусун Карабалтанын коштегирмениндеги Макаренко атындагы мектеп интернатында окуп орто билимге ээ болуп жетилүү аттестатын алгандан кийин жогорку окуу жайына өтүүгө бет алат.*

*Фрунзе шаары, жайнаган жаштар, ар бир институттун алдында сагаалаган абитуриенттер, Насип да Мамлекеттик медициналык институтуна келип документтерин тапшырып Ташкент шаарындагы фармацептикалык институтуна болгон кулактандырууга көзү түшүп ага көңүлдөнөт. Жогорку окуу жайына кирүү экзамендерин ийгиликтүү тапшырып ага өтүп, кубанычы койнуна батпайт.*

## ЖАЙЫЛ УУЛУ НАДЫРБЕК



*Надырбектин улуу эжеси Талжибек, агасы Келсинбек инилери Кадырбек, Туратбек, Абдымиталип жана Догдурбек булар жети бир туугандар. Надырбектин атасынын Рыскулбек деген бир тууганы бар экен, Ата Мекендик согушта курман болушуп келбей калышкан. Рыскулбек аганын уулу Дыйканбектен 3 кызы 2 уул калды. Надырбек мырзаны толуктап жазганыбыздын да жүйөлүү себептери бир ал Солто элинин бий, баатыры Жайыл атанын небере-чеберелеринен болгон Шадыбек кызы Насиптин өмүрлүк жары. Тагдырдын буйругуна көз жүгүртүңүз Жайыл баатырдын урпагы Насип, экинчи бир элдеги Жайыл аттуу инсандын келини болуп калганы. Кантсе да бул жерде бир чечилбеген сыр түйүнү жатканында шек жок...*

*Эми алардын баш кошуусуна токтоло кетели. Ошол 1955-жылы Надырбек да орто билимдүү болуп, борборубуздагы мединститутка өтүүгө келген улан. Насип экөө таанышып калышат. Жагымдуу көздөрдүн оттору чагылышып келечектин бактылуу күндөрү көз алдыларына элестейт. Бирок аларды тагдыр бөлүп, Насип Ташкентке институтка өтүп кетти, айылына кайра барган Надырбек мырза мектепте дене тарбиядан мугалим болуп иштеп калат. Өтө кызыгы Насип өңдүү-түстүү сымбат-сыны келишкен сулууга (Чүйлүк) жолукканына ыраазы болуп досторуна сыймыктануу менен айтып Насипти сыртынан көргөзүп тааныштырат. Насипти сыртынан көргөн Надырбектин достору (Соорбеков Сатыбек, Нуржанов Арстан) эртели кеч бүгүн да жолуккандарында Надырбекти тамашаладык дейт.*

Катуу шамал учуруп кетип жүрбөсүн,
Колуктуңду таба албай эл шылдыңдап күлбөсүн – деп.

*Бул жөнүндө Насип орто билимдүү болгондо 44 (кырк төрт) эле килограмм элем деп күлөт. Ооба аларды аралык болгону менен ар дайым кат жазышып кабар алышып жүрүп арадан үч жылдын кандай өткөнү да билинбей калат. Акы-*

*ры Надырбек кат жазган сайын Насипке үйлөнүп баш кошуу маселесин козгой берет. Акыры көздөгөн максатына жетүү үчүн ата-энелери менен макулдашып Ташкентке жөнөйт, ыгы келсе колуктусун ала качып келээрин айтып. Ал 1968-жылы 29-апрель күнү рейс Фрунзе-Ташкент маршруту менен эртең мененки саат 6 (алты) ларда Насиптин жатаканасына жете келет. Жатакананын вахтеру Тешебай акенин көңүлүн таап тыйын-тыпырын колуна карматып Насип жаткан 412 комнатага түп-түз эле барып эшикти такылдатып кыздарды таңкы таттуу уйкусунан ойготот. Эшикти ачкан кыздар сырттагы Надырбекти көрүшүп таң калып, эшикти кайра жаап дароо бардыгы турушуп, кийинишип анан Надырбекти жадырап-жайнап тосуп алышат.*

*Надырбек болсо жыйырмага толуп, жыйырма бирге караган Насипке алып келген гүлүн тартуулап, жүзүнөн сүйөт.*

*Гүлдү алган Насип да сүйүнгөнүн жашыра албай, рахматын айтып, колундагы гүлдөрдү вазага салып суусун куйгандан кийин, жуунганы сыртка чыгып кетет. Мына ушул жерден Надырбек Насиптин курдаш кыздарына агынан жарылып ыймандай сырын айтып ата-энемдер камданып күтүп отурушат, эгерде бүгүн узатып Насип менен менин башымды кошпосоңор эле, элге-журтка кеп болуп уят болом жардам берүүңөрдү өтүнөмүн деп жалынып-жалбарат да акчасынан молураак кыздарга карматат.*

*Бардыгы бойго жеткен кыздар, элибизде «чыга албай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле» – дегендей Насип жуунуп кайра киргенде, жолдош кыздарынын баары тең эле шыпылдашып кана Насип сен Надырбекке шаарыбызды көргөзүп кел, биз бир аз камданып чай-пай даярлайлы дешип. Надырбек менен Насип шаарды бир сыйра кыдырып, кыздар айткан убакта келишсе столдун үстү дүр-дүйүм тамак-аш, шарап-шампандар...*

*Отургандардын баардыгы тең эле Насипке болгон арноолорун, жакшы каалоолорун айтышып шампандан аз-аздан жуткуруп отуруп дозасына жеткиришет (кантсе да бардыгы тең фармацевтер эмеспи). Бирок бул курдаштары менен өмүрлүк жары Надырбектин негизги максаты бүгүндөн калбай күткөн ата-эне, ага-туугандарына жөнөөрүн Насип*

*кайдан билсин. Кептин чыны бирде-экиде бул арак-шарапты оозуна албаган кыздар Насипти жибитебиз деп жатып өздөрү да жибип дүнүйө-бейкапар давай Надырбек сидердин үйгө барып ата-энең менен таанышып келели деген кепке өтүшөт. Надырбек мырзанын баардык ойлогон ою иш планы орундалып жатканына ичинен кудуңдап сүйүнүп, эгерде Насип – «ханум» макул десе эле мына казыр десеңер казыр кете беребиз деп сөз кезегин кыздардан күтөт. Кыздар топтошуп Насипке жабылышып кана Насип бизди келечек кайната-кайненең менен тааныштырбайсыңбы? Же тааныштыргың келбейби? дешип шыкактай башташат. Эч нерсе оюнда жок Насип капарсыз, «давай десеңер давай» а эмне барса барып таанышып келебиз курдаштар. Кана Надырбек! Сен бул биздин өтүнүчүбүзгө кандай дейсиң деп суроолуу тиктейт.*

*Надырбек да жок дебей, андай болсо, дароо жолго чыгалы даярдангыла деп буйра сүйлөйт. Кыздар бул сөздү уккада сүйүнүшкөн болуп чурулдап «жолго-мейманга» кеттик дешип даярданып жатышты. Кудайдан ак жол тилешип курдаш кыздары Насипти Надырбектин ата-энеси менен учурашып келебиз деп Ташкенттен таксиге отуруп Таласка жөнөштү. Жолдо келе жатышып дагы ат жалына казан асышып дегендей Талас жергесине качан, кантип келгендерин да билбей калышты. Албетте Ташкенттен–Фрунзе. Таласка келгенче Надырбек баш болуп Насиптин курбу кыздары Насипага утуру шыкап жакшы тилектерин билгизип аз-аздан ууртатып отурушуп Надырбектин үйүнө да жетип келишет. Таксиден зорго түшкөн Насипанын оюунда эч нерсе жок, биз Надырбектин ата-энеси, кайнага-жеңелеринин баары менен кол кармашып кандай жакшы жатасыңарбы? Аман-эсен отурасыңарбы? деп учурашып чыгат. Өтө кызыгы Насиптин жеткирип келген курбу кызы деле кыргыздын салтын толук биле бербегени, ал деле келин кайната-кайненеси менен учурашыш керек деп ойлогондугу.*

*Талас эли-жеринде жаңы келин келгенде, кайната-кайненелери жаш улакты көтөрө чаап союп, аны өпкө-жүрөгүн жаңы келген келинге садага чаап ырымдай турган ырым-жырымдары бар эмеспи, айыл-ападагы тууган уруктардын Надырбек келинчек алып келет экен деп тараган сөз, көптөн*

*күтүшкөндөрү да баары орундап, келин келмек түгүл, баары менен кол кармашып учурашып чыккандан кийин көксөөлөрү аз да болсо басылып бара жатты. Кайненелер баш болуп, келиндер Насиптен айланып-тегеренишип ак жоолугун башына салып көшөгө тартып отурugузушат. Надырбекке өмүрлүк жары Насипа жалынып-жалбарып мага тийе көрбө, кокус келин болуп калсам өңү-башым өзгөрүп. көргөн адамдар бул «кыз» – эмес, аял тура деп калат да деп эптеп көндүрсө, Надырбектин жеңелери, сен эркексиңби, эмнесиң? бүгүндөн калса эртең кетип калса эмне кыласың? деп курчутуп көкүтүшөт...*

> Келин келди, ак жоолугун салынды,
> Кокуй тийбе жан Наке деп жалынды.
> Кылыктанган жеңелери жемелеп...
> Келген кыздын «себи» дагы алынды.

*Надырбектин атасы Жайыл агалардын жашоо-тиричилиги түзүк бакыват жашаган адамдардан болгон, келин алышып айыл апага той-тамашасын 9-майда баш кошкон келин-уулуна чоң той свадбасын өткөрүшөт. Жайыл аганын карым-катнашы, жоро-жолдошторy, тууган-уруктары бүт келишип ак тойдун күбөсү болушат.*

*Насип кайнене-кайнатасы жана өмүрлүк жары Надырбеги менен кеңешип отурушуп окуусун улантууну чечишет. Ташкентке келип үчүнчү курсун ийгиликтүү бүтүрүп практикага бөлүштүрүлөт. Институттун жолдомосу менен Кавказга бөлүнгөн Насипти, бул жактан жетип барган Надырбеги деканга утуру кирип жатып Кыргызстанга бара турганы билинет. Кыргызстанда Пржевальский шаарынын жанында Союздук дары-дармек чөптөрдү өстүрүүчү атайын адистештирилген совхозу бар эле, мына ушул чарбада бир ай Насиптин практикасы өтөт. Практикасы бүткөндөн кийин Насип Фрунзеге келип, жанында болгон беш сомунан башка акчасы жок, курбу-курдаштарынан карыздап дагы эки сом кошуп Фрунзе-Талас самолетуна түшүп кайдасың Таласым деп жарым саатта учуп келип конуп калат. Жыйырма тыйын менен аэропорттон-автовокзалга автобуска түшүп келип өмүрлүк жары Надырбегин күтөт. Эртең менен келген Насип, ачка күн түш ооп бара жатат. Надырбеги жок...*

Күттү Насип жан жолдошун зарыгып,
Көздөн жашы «мөлт-мөлт» эте агызып.
Күн чыккандан, кечки бешим болгончо,
Күтөт Насип Надырбекке таарынып...

*Бирде-экиде мындай күтүү, зарыгууну көрбөгөн Насипке карата турмуштун ысык-суугунун, ачуу-таттуусунун алгачкы кадамы эле. Жанында бир тыйын акчасы да жок, карыны ачып, шайы ооп көзүнөн жашы билинбей куйулуп муңайып отурган жаш кызды байкаган бир аял жанына келип, сага эмне болду кызым, ушул жерге эртең менен саат жетиде келдиң эле, казыр күн бешим болду, кимдин кызы болосуң, кайда бармак элең деди. Үрмаралга деп Насип бышактаган ыйын токтотот. Эй айланайын Үрмаралга деп атайын автобус жүрбөйт Талас-Ленинполь деген автобус ошол Үрмарал аркылуу өтөт. Эртеден бери Ленинполдун төрт автобусу кетпедиби, тигине, тээтиги ошол Үрмаралдын автобусу деп жатып, Үрмаралда кимдин кызы болосуң деген суроосун узатат. Күтүүсүз берилген суроого шашкан Насип Жайылдын деп жиберет да кайра шашкалактап Надырбектин келинчеги боломун дегенде тиги аял ошондой десең кызым Жайыл байкемдин сендей кызы жок эле дейм да деп таңданган болду. Көрсө бул аял ошол Үрмаралдык болот экен, болгондо да Надырбектердин жакын эле туугандары окшобойбу. Ал аңгыча тиги аял, нарыда топтошкон балдардан ай Мекен кел бери деп бир баланы чакырып, бул келин сенин жеңең болот экен, айылга ала кет жеңеңди, эртеден бери Үрмаралды кайдан таап бараарын билбей турат бечара, деп боору ооругандай түрүн көргөзөт.*

*Нарыдан чуркап келген Мекен жеңеси Насип менен жылуу учурашып, жүрүңүз жеңе автобуз казыр эле жүрүп кетти, бир аз күтсөк эми эле келип калат деген сөзүн айтты. Насип тиги бейтааныш боорукер, мээримдүү аялга рахматын айтып Мекен менен ээрчише автобус токточу жайга басышат. Насип Мекенге ыймандай сырын айтып жанымда жарым тыйын да жок, сен мага карызга акчаң болсо бере тур мен үйгө куру барбай чай, таттуу болсо кайната-кайнеneме ала барайын дегенине Мекен жадырап-жайнап күлүп, жүрүңүз жеңе андай болсо, тиги жерде кайынсиңдиңиз бар,*

*керектүү нерсеңизди ошонун магазининен эле алсаңыз болот деди, буга ичинен Насип сүйүнүп Мекенди ээрчип басат. Магазинге киргенде Мекен тиги кыз менен тааныштырып Надырбек байкемдин келинчеги, сенин көздөй жеңең деди. Тиги кыз да сүйүнгөнүн жашыра албай жеңеси менен сүйлөшүп керектүү белек-бечкегин камдап берди. Насипке кайрылып, жеңе жүрүңүз чай-пай ичип алыңыз деп ашканага алып кирип тамак алып бирге тамактаныштьы. Сиңдиси жеңесин ушинтип сыйлап Мекен менен жөнөтөт. Мекен Насип экөө ээрчишип аялдамага кетишти. Булардын ээрчишип жүргөнүн көргөн Мекендин бир жеңеси алардан мурда келип айылга «дуу» салат. Мекендин энесине келип сүйүнчү эле сүйүнчү жеңе, тиги шаарда уулуңуз керилген бир чүрөктөй болгон кызды жандап ээрчитип келе жатат, кудай буйруса келиндүү болоор күнүң да жакындап калды деп шаштысын кетирет.*

*Мекен автобуска жеңеси Насипти отургузуп айылына алып келип Үрмаралдан түшүп калышат. Автобустун аялдамасына жакын эле жерде экен Надырбектин үйү. Насип автобустан түшүп Надырбектин короосуна кире келгенде Надырбек эми барып Насипти Таластан тосуп келгенге даярданып үйгө кире бериште чай ичип отурушкан экен. Сырттан кирип келе жаткан Насипти көргөн Надырбек чуркап келип келинчегин так көтөрүп кучактап өпкүлөй баштайт, ата-энесин да көзүнө илбей, келинин көргөн кайнене бир жагынан жабышып келинин өпкүлөөдө...*

*Кайнене үйдөн бир пиала суу алып чыгып, келининин башынан айландырып, анан Насипке түкүртүп, өз ырымжырымын өткөрүп жүрөт. Жашоонун ушундай кызыктуу да түйшүктүү да күндөрү билинбей өтө берди. Насип Ташкенттен институтун бүтүрүп келет. Надырбеги да désinститутту таштап, айыл чарба институтуна сырттан окуп билим алуусун уланткан.*

*Эмгек жолдорун Насип Фрунзедеги №38 аптекада провизор, а Надырбеги болсо Алаарча МТФнын жетекчиси болуп эмгектенүүдөн баштаган. Кийинки жылдары Насип Карабалтадагы №249 аптекага жетекчи болуп которулду, Надырбеги болсо Кайыңдыдагы эт комбинатында даярдоочу деген ишке орношту. Кудайым берээрин унутпаптыр 1974 жылы 10-июнда алардын тун кыздары Раушаны тө-*

*рөлөт. Раушан алтыга толгондо аркасынан 1980-жылы 14-февралда Салтанаты жарыкчылыкка келет. Ал эми 1982-жылы уулдуу болушуп атын Эржан деп аташат.*

*Турмуш өз агымынан жазбай өтүп жатты. Жашоо тирилик оңолуп дегендей. Надырбектин кулк мүнөзү өзгөрүп «дөөлөт» күтүп өзүнүн келишимдүү сын-сыпатына жараша жадырап-жайнап өтө өткүр, иш билги мырзалардан болуп эл оозуна алына баштайт. Анын келишимдүү өңү-түсү, шайырлыгына кызыккан келин-кыздардын кызыккандары көбөйгөндөй түр пайда болду. Насип өмүрлүк жарынын бул кылык-жоругун кайненесине арызданып айткан күндөрү да болду. Кайын эне уулунун бул кылык-жоругуна убактылуу да деп айтор аны уулум тизгинди тарта жүрүү керек дегендин ордуна, балам көп эле тарый бербе, боло берет турмушта, особенно кыргызда баары бир ал силерди таштап кетпейт, анткени ал силерди жакшы көрөт деп уулуна кыл жугузбайт. Ооба Надырбеги Насибин, кыздарын, уулу Эржанды жанындай көрөөр эле. Бирок ошондой болсо да ар кимдин көңүлүн ала берген Надырбегимди кудай таалам билгизбей жазалагандай түрү бар...*

## НАДЫРБЕК УУЛУ ЭРЖАН



*1990-жыл 24-май айы* ***Эржан*** *сүйүнгөн боюнча апасы Насип иштеген жерге аптекага келип мойнунан кучактап «апа-апа» мен «отличник» болдум деп энесин өөп-өөп алды. Бирок ал кайдан билсин энесин акыркы жолу өөп коштошуп жатканын. Албетте уулунун бул кубанычына Насип да сүйүнүп рахмат уулум деп, Эржандын жүзүнөн сүйдү, ооба, акыркы ирээт жүзүнөн сүйүп жатканын Насип шордуу түшүнгөн да жок...*

*Элибизде кырсык каш-кабактын ортосунда дегенинде «шек» – жок тура. Эми эле кубанычы койнуна батпаган Эржан энесин кучактап сүйүнткөнү көпкө узабады. Ал кайра велосипедине минип үйүнө бара жатканда жолдон машинага урунуп «шум» ажал Эржанды алды да кетти. Бул суук кабар түштөн кийин саат $15^{40}$ Насиптерге кошуна жаша-*

ган Шура аттуу аял айтып келди. Насип уккан кулагына ишенбей өкүрүп-бакырган бойдон кийген ак халаты менен көчөгө чуркап чыгып келе жаткан биринчи эле машинанын жолун тосуп отуруп шаардык реанимация бөлүмүнө барса, ал жакка Насипти кийирбейт. Андай учурда адам баласына кайдан жайдан күч-кубат пайда болот эмеспи, тоскон врачтарга ээ-жаа бербеген Насип реанимацияга кирсе врачтар тарабынан эч кандай жардам көрсөтүлбөй эле жаткан уулу Эржанды көрүп, эмне үчүн апарат кошуп жардам бербейсиңер деп өкүрүп-бакырып чуу салып уулун кучактап жыгылат. Ооба уулунун денеси жылуу эле көрүнөт бир кана колу-буту муздай баштаганын сезип-сезбей Эржанды таптак көтөрүп алып ыйлаган боюнча басам деп чалкасынан кетет. Көрсө Эржан машина урганда эле жан берген экен. Врачтар жардам бергенге жетишпей калып каран түн басып отурбайбы. Эне шордуу уулун көтөрүп алып кадам таштай албай, көзү караңгылап башы айланып жыгылып баратып уулун колунан түшүрүп албайын деп чалкасынан кетип жатпайбы. Эстен танган Насип цементке жыгылганда башы менен тийип, баш мээси чайкалып «микроинфарк» алгандай түрү бар.

Ооба ошол учурларда Насип анын кенедейинен бирге чоңойуп бирге окуган врач Кундузу болбогондо, балким андан да жаман болмок окшойт. Кундуз эсинен танган Насипти күнү-түнү менен карап жети күнү жанынан карыш кадам жылбайт. Надырбектин күйгөнүн боздоп-сыздаганын айтып, сүрөттөөгө сөз жетпейт. Надырбек түтүнсүз күйүп жатты... Анын дайынсыз ойноп-күлгөнүн жадыра-жайнап жүргөнүн кудай таалам Надырбектен чыгарып алып жаткандай түрү бар.

Эржанды уруп кеткен самосвал машинанын айдоочусу да эч жоопко тартылбады, көрсө катарлаш велосипедин тээп бара жатып Эржан самосвал жакка рулун буруп жиберип өзү урунуп, жыгылып дароо жан берген тура. Текшерүүдөн текшерүү жүрүп жатып ушундай бүтүмгө келишишти көрүнөт. Ошентип сегиз жашка эми толгон Эржан уулубуз наристе боюнча көз жумуп ата-энеси, Надырбек-Насипти күйгүзүп, боздотуп-сыздатып кетти, акыркы сапарына. Эржандын сөөгүн алып айылга туулуп өскөн ата-

*энесинин үйүнө жөнөштү. Телефон аркалуу боз үй тигип, союшка жылкы таап койгула деп дайындады. Айылга барса боз үй тигилип, мал союлган. Надырбектин ата-энеси ага туугандары жабыла Надырбек Насипти тосуп алып ата-бабаларыбыздан бери наристе бала көз жумса үй тигилип, мал союулбашын айтып түшүндүрүп жатышты. Чындап жаны күйгөн Надырбек «эгерде Эржаным тирилип келе турган болсо өзүмдү ушул союлчу жылкынын ордуна курмандыкка чалат элем» деп боздоп-сыздап жатты. Айла канча калкыбыздын каада-салты. Боз үй тигилип жылкы союлуп баардыгы чоң киши узаткандай болот.*

*Мына ошол күндөн баштап Надырбек-Насиптин жарык күндөрү күүгүмдөп, жадырап-жайнаган маанайлары бүркөлүп күн сайын эмес саат сайын алдан күчтөн ажыратып шайлары оой баштады. Эржан жер энеге берилди. Байагы жадырап-жайнаган мырза Надырбекти тагдыр миңдеген тонналаган жүгү менен басып үнсүз-сөзсүз «телмиртти» да койду. Уулу көмүлгөндөн бир жума өткөндө өңү башы куп-куу болгон Надырбек эс учун жоготуп тез жардам менен эмканага жеткиришти «кома» абалына жетиптир, сахарный диабет канда – 21,5 мл болуп... Надырбек эмканада мен үйдө. Күнү-түнү уйкусуз түндөр үч-төрт сутка. Насип да, Надырбек да эми жашоонун эмне кереги дегендей пикир пайда болуп, кайрат кылып бел байлашпай, муң кайгыга толугу менен алдырышты.*

*Насипа күндөрдүн биринде магазинге кирип калып, илинип турган Эржанга чапчак костюм шымды алмакчы болуп, сатуучу кыздардан ороп берүүсүн өтүнөт. Аны толугу менен түшүнгөн кыздар Насип эже эмнеге? Кимге аласыз? деп таң калуу менен карап калат. Насипте мындай окуялардын көп болгонун сезген өмүрлүк жары, тууган-уруктары. жоро-жолдоштору кеңешип отуруп Насипти больницага дарылануусун өтүнүшүп эптеп жатып көндүрүшөт. Болгондо да «психо-неврологический» бөлүмүнө пограничный состояние деген диагноз коюлган. Ооба дарыланып жатты... Насип больницада, Надырбек үйдө, дарыланып жатышты. Насип больницадан чыгып келип Надырбекти больницага жаткырат, өзү үйдө дарыланып жатышты. Теңирим булардын жашоо тирилигин мурдагыдай шаан-шөкөттөтпөй,*

*бири-бирине арызданып кайненеге ыйлатпай, бири-бирин эле карашып бири-бирине күйүмдүү-карамдуу кылып койду. Ой тообо десеңиз...*

*Надырбек аркамда «туяк» калган жок дегендей пикирде жүргөнүн жүрөгүнөн сезген Насип, Надырбекке ачык айтып, мен эми төрөттөн калдым, өзүңө ылайык жашырагына үйлөнүп балалуу бол деп уруксатын берет. Бири айылда, бири шаарда көроокат алпурушуп өтүп жатты. Бирок Надырбек үйлөнгөн жок, анткени кыздары эгерде сиз мамабызды таштап башкага үйлөнсөңүз, биздей кыздарыңыздан да айрыласыз деп айтышпаганы менен, эстүү Нарынбек аны түшүнөт. Бир үй бүлө, кыздары бойго жетип турмушка чыгышты, куда сөөк күтүштү, жаңы автомашина алышты, бир карасаң баары эле бардай, бир кана муң кайгы менен экөө тең ден соолуктарынан ажырашты. Надырбек сахарный диабетине жүрөк оорусу кошулду, ойнобой да күлбөй да калганын көргөн Насип эми эсине келип, аттиң-аттиң деп баш бармагын жара чайнайт... 2004-жыл 11-май күнү Надырбек да келбес сапарына кетти. Арадан быйыл бир жыл жыйырма бир күн өттү. Насиптин эсинде басса-турса Эржаны–Надырбеги. Кудай таалам эмнеге Эржан менен Надырбегин ага ыраа көрбөдү?*

*Тагдырга таарынып, күчтү көз жаштан чыгарган болбойт. Андай учурда кудайга тобо келтирип, ушул көргөзгөн жакшылыгыңа да ырахмат деп ыраазы болуш керек. Ооба Эржан менен Надырбегиңди кудай таалам сага ыраа көргөн жок. Тагдырдын бул көргөзгөнүнө да көнүү шарт.*

*Насип, топук кылсаңыз болот, улуу кызың Раушан Надырбек кызы Ысыккөлдүн тоң районунда төрөлгөн Нурлан мырза менен баш кошуп Бекжан, Темирлан, Бегимайдай жээндүү болдуң, Салтанатың Жетиөгүздүн кичи Жаргылчактык Алмазбек менен баш кошуп Айкеримдей кыздуу болушту. Теңирим мына ушуларыңдын боосун бек кылып, ошолордун кубаныч-күлкү-сүйүүсүн сизге ыраа көрсүн Насип.*

*Аркаңда аталаш иниң Мусулманкулуң (Мукан) бар, анын Лилия жана Адис (Чөкө) деген уулу сага төркүнүң эмеспи.*

*Ар бир адам өзүнө-өзү арка-бел болбосо, кайгы-муң жеп койоорун эстен чыгарбоо керек. Ошондуктан адамды адам кылаар бир кана – «Кайрат».*

Кара көзүм, көрөөр күнүм медерим,
Көөдөн толо кайгы мунда келемин.
Көрөөр күнүң түгөндүбү каралдым
Көз тунарып билбей турам не дээрим.

Өчтү күйгөн бүлбүл жанган шам чырак,
Өрөпкүймүн уулум тирүү барчылап.
Өкүт менен өтүп барат өмүрлөр...
Өрттөнүүдө жүрөк шорду жанчылат.

Кыз узаттым, келин ала албадым,
Көөдөнүмдө күйө-жанган арманым.
Кудай таалам мага буйрук кылбаган
Кайгы-мунду толук жаза арнадым.

Эстей берип токсон тогуз толготтук
Эстелигиң граниттен орноттук.
Элестериң баскан турган мүнөзүң
Элестелип көз жаш тыйбай шорлодук.

Оо жараткан! Эмне менин жазыгым,
Оп тартылды бүт үмүтүм азыгым.
Ошол күндөн бүгүнкүгө эсимде
Ойноп-күлгөн кулк-мүнөзүң басыгың.

Жаз гүлүндөй периштем,
Каза таптың нарисем.
Кагылайын каралдым
Кайгы-мунда ата-энең.

Ботодой көзүң жайнаган,
«Болот» – канат эрмегим.
Бүт өмүрүм өткөнчө...
Көкүрөк толо сен дээрмин.

*21.VII.05-ж.*



# КУЛЕК УУЛУ ӨМҮРБЕК

*Өмүрбек инибиз Жайыл районунун Эриктүү айылында 1946-жылы 21-июлда төрөлгөн. Атасы Кулек фашист баскынчылар менен баатырларча кармашып жүрүп алты саны аман-эсен 1945-жылы октябрь айында келген. Уулу Өмүрбеги төрөлүп кубанычына-кубаныч кошулду. Өмүрбек онунчу класста Карабалта шаарындагы Макаренко атындагы орто мектебин бүтүрүп Кыргыз Мамлекеттик университетинин чет тилдер (немис) факультетине өтүп аны ийгиликтүү аяктап жогорку билимдүү (дипломдуу) адистерден болду.*

*Эмгек жолун Жалалабад шаарындагы Кооператив техникумунда мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Ал жактан келгенден кийин Жайыл районунун мектептерирде чет тилдер мугалими болуп ишин улантты. 1976-жылдардан баштап Республикабызда туризм фирмаларында адистиги боюнча эмгектене баштады. Чет тилдери боюнча котормо иштеринде, Манас аэропортунда бажы тармагында үзүрлүү эмгектенип жүрөт.*

*Өмүрлүк жары Байсеитова Токтобүбү кооператив техникумун бүтүрүп иштеп жүрүп Арабаев атындагы университетинин бухгалтердик факультетин да бүтүрдү. Бүгүнкү күндө Бишкек шаардык мамлекеттик инспекциясында башкы бухгалтери. Баш кошкондон кийин тун кызы Лейла төрөлүп, андан кийин Лилия, Наргиз жана Валиханы төрөлдү. Балдарынын бардыгы жогорку билимдүү, кыздарын узатып 7 (жети) жээндеринин бактылуу таята-таенелери.*

Чет тилдик курска киргенден,
Чет тилин суудай билгенден.
Чет тилин билбес окуучу...
Чүнчүүдө жүрүп ирденген.

Которуп чет тил сөздөрүн,
Көңүлүн ачкан өзгөнүн.
Кыйла жыл бажыканада,
Көздөдүң ишин өзгөнүн.

Уул-кыз билим алышкан,
Куда-сөөк күтүп калышкан.
Неберелерди жетелеп...
Кубаныч-тойго марышкан.

*$11^{36}$ 1.IV.05-ж*

## КУЛЕК КЫЗЫ АЛТЫН



*Алтын карындашыбыз Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында 1948-жылы 2-июлда төрөлгөн. Айылда ата-энесинин таалим-тарбиясында жүрүп мектепте окуп орто билимине ээ болот. Ал учурдагы борборубуз Фрунзе шаарына келип кооператив техникумуна өтүп билимин алып жүрүп тагдырдын буйругу өмүрлүк жары Абденбай уулу Осмон мырза менен таанышып калып, сыр алышып жүрүп баш кошушкан (1967-ж). Кудайым берем десе бере берээр дегендей эки кыз, эки уулдуу болушат. Тун кыздары төрөлгөндө атын Бермет койушат. Бермет ак жолтой болуп аркасынан Нурдин, Бакыт жана Назгүлдү ээрчите келет.*

*Алтын менен Осмондун балдарынын баары окуп илим-билимдерин алышып түркүн кесип ээлери болушту. Ата-энелерин кубантышып баардыгы тең турмуш курушту, кыздар турмушка чыгып, уулдары үйлөнүп бала-бакыралуу, очор-бачар болушушту.*

*Осмон мырза 1967-жылы К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехния бөлүмүн ийгиликтүү бүтүрүп айыл чарба Министрлигинин жолдомосу менен Талас областынын Карабура районуна караштуу Жоон-Төбө (М.И.Лущизин атындагы) асыл тукум кой заводунда катардагы зоотехниктен баштап бара-бара ага зоотехник, селекционер зоотехник, чарбанын башкы зоотехниги болуп үзүрлүү эмгектенди. Өзүнүн уюштуруу жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу Осмон узак жылдары республикабыздын чарбаларында жетекчилик кызматтарда жемиштүү иштей алды. Айыл чарба министрлигинде да бөлүмдүн жетекчилик кызматын аткарып жүрүп, Сокулук районундагы «бройлердик» канаттуу куштар фабрикасында узак-узак жылдары анын директору болуп эмгектене алды.*

*Тагдырдын жазганын көрбөскө айла жок тура, аңдыган шум ажал көрөөр күнү түгөнгөн Осмон мырзаны арабыздан алып өмүрлүк жары Алтынды боздотуп-сыздатып кетти.*

*Өтө өкүнүчтүүсү пайгамбар жашына жетпей калганы болду, бирок уулдарынын-кыздарынын балдарын кучактап сүйө кумардан кана жыттай алды. Ал эле эмес небере, чеберелерин да эркелеткенге жетишишти.*

*Осмон Жоон-Дөбө асыл тукум кой заводунда иштеп жүргөндө кыргыздын уяң жүндүү койунун тукумунун чыгышына өзүнүн салымын кошо алганын баары эле биле бербес, анткени узак жылдары бул уяң жүндүү койлордун авторлору академик М. Лущихин жана Социалисттик Эмгектин Баатыры – Досбергеневдер менен бирге эмгектенген.*

*Алтын карындашыбыз бүгүн уул-кыздарынын төрлөрүнүн куту, небере-чеберелеринин сүйүктүү чоң эне, таенеси. Армансыз дүнүйө болбойт тура мына ушундай балдар-кыздарынын бүгүнкү күндөгү кубанычын Осмону толук көрбөй калганы болду. Арга канча пешенеге жазганын көрүү шарты бар тура.*

## КУЛЕК УУЛУ ӨЗҮБЕК



*Өзүбек инибиз 1952-жылы 27-февралда Жайыл районундагы Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясын алып калыптанды, мектеп босогосун аттап толук эмес орто мектепти бүтүрүп дилгирлүү жигит борборубуз Фрунзе шаарына келип Чуйков атындагы көркөм-сүрөт окуу жайына өтүп окуган, бирдей эле учурда автожолтехникумуна өтүп аны сырттан окуган.*

*Ооба Өзүбек инибиз да сүйүүнүн балбылдаган отунун илебине чалынып өмүрлүк жары менен баш кошкон. Экөө ырысынтымактуу жашоолорун улантышып үч уулдуу болушту. Уулдарына Мирбек, Нурбек, Айбек жана кенже кызына Жазира деген ысымдарды ыроологон. Ата-энелеринин доорунда уулдары окуп илим-билимге кана сугарылууда. Кудайым буйруса уулдары бирине-бири удаама-удаа сен койо тур мен дешип колуктуларын алып келишип Өзүбек инибизди жана келин балабызды сүйүнтүшүүдө. Куда-сөөк күтүшүп Өзүбек менен зоболосу көтөрүлүп колдору узарып турмуштун жыргалына батышууда. Неберелерин ээрчитип борборубуздун көчөлөрү менен толо басып көңүл ачышууда.*

*Өзүбек инибиз бүгүнкү күндө өз адистиги боюнча Манас аэропортунда үзүрлүү эмгектенүүдө, Манас айылында жашоолорун өткөрүшүүдө. Ал айылда өзүнүн жердештери Жээнбек Сатар уулу жана анын өмүрлүк жары Көкүлдөр менен карым катнашта, ынтымактуу жашашта.*



# КУЛЕК УУЛУ ШАЙЛООБЕК

*Шайлообек мырза 1954-жылы 12-декабрда шайлоо күнү Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата эненин тарбиясын алып жүрүп, орто мектепти Фрунзедеги №5 тен окуп жетилүү атестатына ээ болот. Коңшулаш Казахстандын Семей шаарындагы (Орто Азиялык), «Пушно-Мехевой» деген техникумуна өтүп 1974-жылы ийгиликтүү бүтүрүп келген.*

*Эмгек жолун өзүнүн адистиги боюнча Фрунзедеги «Овчинно-меховой» фабрикасында эмгектенүүдөн баштаган, кийин Фрунзедеги тери заводунда иштеген. Баалуу аң терилери менен иштеп жүрүп Шайлообек акырындык менен такшалып иш тажрыйбасы артты. Москва районунун керек-жарак коомунда баалуу терилер боюнча товароведдик кызматта узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. Бул ишин кийин Панфилов, Жумгал районунун даярдоо контораларында улантты. Турмуштун агымы өз ишинде машыккан тажрыйбалуу Шайлообекти Токмок шаарындагы Республикалык жүндү биринчи жолу кайра иштетүү фабрикасына кызматта иштөөгө алып келет. Акыркы учурларда борборбуз Бишкек шаарында жеке бизнестик иштерин ийгиликтүү жүргүзүүдө.*

*Өмүрлүк жары Айгүл жогорку билимдүү педагог, бакыйган балдар бакчасынын жетекчиси. Тун кызы Каухар Арабаев атындагы университетин бүтүргөн жогорку билимдүү адис, Азизбеги болсо жогорку окуу жайынын бүтүрүүчү студенти эртеңки өз алдынча адис. Ал эми Айгерим-Бегайым эгиздери мектептин бүтүрүүчүлөрү.*

Суусардын сурун албадың,
Калтардан-калтар тандадың.
Көп жерде иштеп элиңде
Кыйынды кыйла жандадың.
Дасторкон үстү дүр-дүйүм,
Эстүү жан болуп алганың.

Сабакка тынбай барышты,
Сапаттуу билим алышты.
Кыз берип, келин алууда
Көрөсүң эми жарышты.
Куда-сөөк күтсөң Шайлообек,
Сезесиң сөөм – карышты.

*8 $^{42}$ 21.III.05-ж*

## КУЛЕК КЫЗЫ АСЫЛ



*Асыл карындашыбыз 1957-жылы 24-июнда Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Асылдын ата-энеси жана агасы Шаршенбек ага жана Жайнагүл жеңе жөнүндөгү маалыматтар Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун 255-260 беттеринен таанышсаңыз болот.*

*Ата-эненин тарбиясын алган Асыл карындашыбыз айылда мектепти окуп орто билимин алып жетилүү аттестатына ээ болгон. Тагдырдын тартуусу өмүрлүк жары Байсалов Альберт мырза менен таанышып жүрүшүп баш кошушат. Баш кошушкан Асыл менен Альберт балдай ширин жашоолорун өткөрүшүп Айгүл, Зарина, Чыңгыз, Нурсултандай уулдарлуу-кыздарлуу болушту.*

*Бүгүнкү күндө Чоңарык айылында уулдары-кыздары менен бактылуу жашоолорун өткөрүшүүдө. Кудайым буйруса кыздарын турмушка узатып, уулдарын үйлөнтүшүп куда-сөөк күтүшөөр күндөр да жетип келди. Албетте жакшы тилек аткарылуучу үмүт, жарым ырыс демекчи Асыл менен Альберттердин бардык жакшылыктары алдыда. Ылайым тилеген-тилегиңер орундала берсин демекпиз.*

*Силер дагы ата-эненин жолун жолдоп бала-чакаңар менен өсүп-өнүгүп куда-сөөк, жээк-жаатыңар менен очор-бачар болушуп жашоо кумарын кандыраарыңарга кудай таалам өзү күбө.*

Жашоо бул – жыргал мезгилин,
Жыргалды жыргай сезгениң.
Жүйөөлүү шке көңүл бур,
Жөнсүздү билээр кез бүгүн.

*$11^{07}$ 23.IX.05-ж.*



## КУЛЕК КЫЗЫ АЛМАЗГҮЛ

*Алмазгүл карындашыбыз 1959-жылы 6-ноябрда Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тартибин алып чоңойуп мектеп босогосун аттап орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болгон. Эң улуу агасы Шаршенбек ага жогорку билимдүү соода-тармагы боюнча адис (Самаркандтагы кооператив институтун бүткөн). 1976–1981-жылдары Нарын областык керек-жарак коомунун төрагасынын орун басары болуп иштеген. Шаршенбек байкебиз жана анын өмүрлүк жары Жайнагүл жеңебиз жөнүндө Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун 255-261 беттеринен маалымат алсаңыз болот.*

*Орто билимдүү Алмазгүл Нарында эмгектенип жүргөн агасы Шаршенбектин колуна барып Нарын шаарындагы медициналык окуу жайына өтүп билим алган, саламаттык сакчылыгы адистигине ээ болгон. Алмазгүл дипломун колуна алганы турмушка өз алдынча кадамын таштап адистиги боюнча эмгектене баштайт. Тагдырга буйруган өмүрлүк жолдошу менен баш кошуп Максат, Бек, Алтынбек жана Акылбек аттуу уулдарлуу болушту.*

*Бүгүнкү күндө өз кесиби боюнча Манас аэропортунда үзүрлүү эмгектенүүдө. Балдарынын бойго жеткен эр азаматтардан болушуп биринен сала бири келинчектерин алып келип ата-энелерин зор кубанычка бөлөшүүдө. Кудайым буйруса бүгүн неберелер, эртең чеберелеринин сүйкүмдүү чоң эне чоң аталары болуу кубнычта турушат.*

# КУЛЕК УУЛУ ЧОЛПОНБЕК



*Чолпонбек инибиз 1961-жылы 14-августта Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Чолпонбектин ата-энеси жөнүндөгү толук маалыматтар Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунда 255-261 беттеринде толук жазылган. Ата-эненин тарбиясын алып, айылдан орто билимдүү болуп жетилүү аттестатын алып Фрунзедеги кооператив техникумуна өтүп, окусун бүүрүп тери-жүн боюнча товароведтик кесибине ээ болот.*

*Эмгек жолун Чолпонбек окуу жайынын жолдомосу боюнча Чүй өрөөнүндөгү Жайыл, Панфилов райондорунун даярдоо контораларында баштаган. Ишине кунт койуп кызыккан Чолпонбек узак жылдары өз кесиби боюнча эмгектенип жүрүп Советтик Армиянын курамына чакырылып, аскердик кызматын алды менен Молдава өлкөсүнүн борбору Кишинев шаарында өткөргөн. Акыркы эки жылын Ооганстандын от күйгөн талаасында ажал менен арбашып, душман менен кармашып жүрүп өткөрдү. Көкө Теңиримдин колдоосу менен алты саны аман-эсен эли-журтуна кайтып келип ата-энесин, ага-туугандарын, бир боорлорун зор кубанычка бөлөдү.*

*Чолпонбек Армиядан келген кийн өмүрлүк жары Гүлнара менен баш кошуп бактылуу өмүр сүрүшүүдө. Чолпонбек да катарынан Бактыяр, Данияр жана Исмандияр аттуу уулдарлуу болушту. Улуу уулу жогорку окуу жайын бүтүрүп атайын адистигине ээ болду, кенже уулу мектепте окуп билим алууда.*

*Чолпонбек өмүрлүк жары менен Карабалтадагы килем куруу фабрикасында үзүрлүү эмгектенишүүдө.*

## МАМАТКЕРИМ УУЛУ НАСЫРБЕК



*Ңасырбек агабыз 1928-жылы 15-октябрда Жайыл районуна караштуу Үсөн айылында төрөлгөн. Мезгилдин агымына ылайык Насырбек аганын балалык мезгили өтө оор учурга туш келгенине өзүбүз күбө болуудабыз. Айыл кыштактардын баарында колхоздоштуруу жүрүп, ар ким өз колунда болгон бирин-экин малдарынан ортолукка топтошуп жүрүп колхозду уюштурушкан. Кептин чынын айтсак агабыз айылдан башталгыч мектепти эле бүтүрүүгө жетише алган. Турмуштун талабына жараша сатуучулуктун алты айлык мектебин да бүтүргөн.*

*Насырбек агабыз эмгек жолун 1948-жылы ошол учурдагы «Комсомол» айылында колхоздун эсеп-кысап иштерине аралашуудан баштаган. 1950-жылдардан баштап Эриктүү айылында дүкөнчү болуп ишин уланткан. 1954-жылдардан баштап механизацияга жөндөмдүү Насырбек агабызды колхоздун башкармасы чакырып алып механизация тармагынын (тракторлордун) бригадирлигине дайындаган. Бул ишенимди абийирдүүлүк менен аткарган Насырбек агабыз үзүрлүү эмгектенген. 1956-жылдан баштап колхоздун эсеп-кысабын жүргүздү (счетовод) иштерине дайындашат. 1961-жылдан баштап агабыз колхоздун чарбалык иштеринде талыкпай узак-узак жылдары эмгектенди. Карамагындагы ар жүз тубар койлордон 145–150 дөн козу, ар бир тубар койдон 3,5–3,9 килограммдан жүн кыркып алууга жетише алды.*

*Агабыздын мал чарбасында жараткан ийгиликтери колхоздо эле эмес, райондун деңгээлинде да алдыңкы орундарга жетише алды. Колхоздун эле эмес, райондун Ардак тактасына да көп жылдары жазылып турду. Райондун жетекчилери тарабынан Насырбек аганын эмгегин жогору баалашып атайын «Москвич» жеңил автомашинасын ыйгарышты.*

*Насырбек агабыз өмүрлүк жары менен бактылуу өмүр сүрүшүп он балалуу болушту. Балдар-кыздарынын бардыгы окуп билим алышып, үйлөнүшүп-жайланышып өз алдыларынча очокторунан түтүн булатышып бак-таалайлуу өмүр*

*сүрүшүүдө. Он баланы багып өстүрүп, илим-билим алышына жетишкен жеңебиз «Баатыр-Эне». Кудайдын кулагы сүйүнсүн бүгүнкү күндө кырктан ашык небере, 21 (жыйырма бир) чөбөрөлүү болду. Насырбек ага жеңебиз менен төрдүн куту касиеттүү инсандардан.*

Малын багып, койун айдап чарбанын,
Мезгилинде кайда кана барбадың.
Мекен үчүн жанды үрөп ар дайым,
«Мөлт-мөлт» деген, эмгек териң арнадың
«Мышыяк» бердеп, мите деген дартына
Мал доктурдун тынчын ала кармадың.

Төлүн алдың, жердин бети жайнаган,
Тузун бере, төрдү карай айдаган.
Төөгө, бээге жүктөп алып боз үйүн
Төө ашууну ашып, Суусамырды жайлаган.
Такымга бир басып алса улакты...
Түк бербеген Насыкемден айланам.

Кыз узатып, уул үйлөп тойлодуң,
Куда күтүп, орундалды ойлоруң.
«Казы-карта, дүр-дүнүйө, дасторкон...
Кудай буйруп эч кебелип койбодуң.
Кызматыңды кылдаттыкта аткарып,
Кыр ашыра койлоруңду чойлодуң.

*$23^{07}$ 5.VIII.05-ж.*

*Насырбек аганын жана анын уулу Келдибек жөнүндөгү санжыра сүрөөсү Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун 255 бетидеги № 2 сүрөөдө кеңири чагылдырылган.*

## НАСЫРБЕК УУЛУ КЕЛДИБЕК



*Келдибек мырза 1955-жылы Жайыл (Калинин) районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында жүрүп чоңойду, бала-бакчадан таалим алды. 1962–1972-жылдары айылда мектепте окуп орто билимин алды. Орто билимдүү Келдибек инибиз айылдагы ага-туугандардын кеңеши менен Казахстандын Семей областындагы (Семипалатинский) териси баалуу аң тери жана жер-жемиштерди даярдоо боюнча атайын окуу жайына өтүп аны ийгиликтүү аяктап бүтүрүп келет. Эскере кете турган нерсе Келдибекти окуп жүргөндө Советтик Армиянын курамына чакырып (1972–1975) көпчүлүк катары абийирдүүлүк менен кызматын өтөп келип, окуусун кайра улантып 1977-жылы аны артыкчылык диплому менен бүтүрүп келет. Келдибектин бир өзгөчөлүгү окууну ал мектепте да техникумда да жалаң «4–5» ке эң жакшы окугандыгы эле. Ар дайым мактоо грамоталарына татыктуу болгон.*

*Келдибек инибиз эмгек жолун Кыргыз Республикасынын Москва районундагы даярдоо тармагында катардагы даярдоочу-кабыл алуучулуктан баштап бара-бара даярдоо конторасынын жетектөөчү адиси даярдоо конторасынын директорунун орун басарлык кызматында 1985–1987-жылдары анын директору да болуп узак-узак жылдары жемиштүү эмгектенген. Өз кызматын Келдибек ар адайым жогорку жоопкерчиликте аткарып, мамлекет тарабынан койулган ар кандай план-тапшырмаларын ийгиликтүү аткаргандыгы менен өзгөчөлөнчү. Иштеги ийгилик артыкчылыктары Республикабыздын Керек-жарак коому жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан өтө жогору бааланып Ардак Грамота, орден-медалдар жана баалуу сыйлыктар менен көп жолу сыйланган.*

*Келдибек мырза, бүгүнкү күнү дагы өзү сүйгөн кесиби боюнча Жайыл районунда үзүрлүү эмгектенүүсүн улантууда. Албетте Келдибек инибиз очогунан түтүн булатып, өмүрлүк жарына баш кошуп үч балалуу болду. Ал эле эмес балдары да эр жетип үйлөнүшүп балалуу болушуп Келдибек мырза неберелүү аксакал да болуп калды.*

## МИСПЕК КЫЗЫ САЙНАКАН



*Сайнакан карындашыбыз 1950-жылы 14-майда Жайыл районунун Алтын аттуу айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында таалим-тартибин алып жүрүп Буденовка айылындагы мектептен окуп билим алып 1966-жылы толук эмес орто мектептин сегизинчи классын бүтүрүп Токмок шаарындагы маданий агартуу окуу жайына өтүп 1969-жылы аны ийгиликтүү аяктаган.*

*Тагдырдын жазганын көрүү шарт эмеспи, өмүрлүк жары менен кол кармашып келечектеги бактылуу жашоого бирге кадам таштašты. 1969-жылы 6-ноябрдан баштап Жайыл районундагы Большевик айылындагы китепкананы жетектөө ишине өтөт. Элибизде «дарак бир жерден көгөрөт» дегендей ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин бир орунда жемиштүү эмгектенүүдө. Өзүнүн адистиги боюнча китепкананын алдында кол өнөрчүлүк боюнча курамы он эки айымдан турган атайын ишкана да уюштуруп үзүрлүү ишин улантууда. Ишкерлер күндөлүк элет турмушуна керектелүүчү жууркан-төшөк, туш кийиз, шырдак өңдүү буюмдарды тигишет. Бул ишкер айымдардын аткарган иш ыкмалары айылда өсүп келе жаткан жаштардын калыптанышына үлгү болууда. Айылдык, райондук деңгээлде семинар кеңешмелер өткөрүлүп турат.*

*Сайнакан өз кесибинин өтөсүнө чыгарган айымдардан. Өзү жашаган Жайыл айылынын тарыхын камтыган атайын сүрөттүү альбомун уюштурган. Карындашыбыздын бул үзүрлүү эмгектеринин баардыгы айыл жаштарына үлгү болууда.*

*Ооба Сайнакан өмүрлүк жары менен бактылуу жашап төрт балалуу болушкан. Алырдын бардыгына таалим-тарбиясын берип, окуп билим алышына өбөлгө түзүүдө. Кудайым буйруса келин алып, кыз узатып келечектен тилеген тилектери орундалууда.*

Таалимиң алып балдары,
Тартибин көрүп калганы.

Тарбиялык иши зор...
Тактык деп көбү жарданды.
Таасири күчтүү Сайнанын
Түк оозанбайт жалганды.

Аска-тоо суусу шар агат,
Адыр-зоо толо карагат.
Аңкыган атыр жыты бар,
Аралай бассаң жарашат.
Аттиңсиз жашоо өткөрүп
Ар кими жүрсө саламат.

Кызыккан жанды каратып,
Китебиң берип таратып.
Китептен-китеп тандоодо
Келсем деп утур саматып.
Кол өнөр жагын колго алдың
Кештелеп буюм жаратып.

*9$^{17}$ 7.VIII.05-ж.*

## НУРЖАН УУЛУ СҮЙҮНДҮК



*Сүйүндүк агабыз 1928-жылы 10-декабрда Жайыл (Калинин) районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Жаштайынан жетим калып төрт бир тууган атасыз чоңойушат. 1936-жылы мектепке барып окуй баштайт. Батыштан каргашалуу Ата Мекендик согуш башталып кетип айылдагы курал кармаганга жарактуулар бүтүндөй мекенди коргоого кетишти. Сабактан чыккан Сүйүндүк агабыз колхоздун ар кандай иштерине кол кабыш кылып жардамын аянбады. Атайын билим алып бир адистикке ээ болбосо жашоонун кыйындыгын түшүнгөн агабыз 1954-жылы айыл чарба техникумуна өтүп, аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат.*

*Окууну бүткөндөн кийин эмгек жолун Жайыл районундагы «Большевик» колхозунда бухгалтер болуп иштөөдөн баштаган. Кийин колхоздор ирилештирилип «Большевик» колхозу менен «Путь к Коммунизму» колхозу бирикkенде колхоздун башкы бухгалтери болуп дайындалган. Чарбанын эсеп-кысабын тартипке салуунун негизинде райондогу артта калган колхоз алдынкы катардагы тизмеге илинген. Бүт өмүр бою тынбай бир кана жерде эмгектенген. Мээнетинин үзүрүн көрүп 1991-жылы ардактуу эс алууга чыккан агабыз өмүрлүк жары Калбүбү жеңе менен 7 (жети) уул-кызды багып өстүрүп окутуп илим-билимдүү болушуна жетишишти. Балдарынын баардыгы үйлөнүп-жайланып куда-кудагыйлуу болушту, отуздан ашык неберелүү, 20 (жыйырмадан) ашык чеберелүү болушуп алардын төрлөрүнүн куту.*

Башкарып эсеп тармагын,
Бар күчүң ага арнадың.
Бардыгы элдин мүлкү деп,
Бир тыйын ашык албадың.
Байыды колхоз байыды
Береке тапкан ардагым.

Жетимдик баштан өткөрүп,
Жетимдик күндү көп көрүп.

Жетпеген турмуш курусун
Жүрдүңүз бир топ жөткүрүп.
Жан үрөп өлбөс күн үчүн
Жетилдиң баарын бөктөрүп.

Оор турмуш эле чынында,
Окудуң согуш жылында.
Орогун оруп, чөбүн чаап,
Отура калбай тынымга.
Ошондо болгон аракет,
Орноду жыргал кылымга.

*$5^{\underline{07}}$ 4. III. 05-ж*

## НУРЖАНОВ ТУРАР



*Турар агабыз 1933-жылы Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында туулган. Айылдан башталгыч мектепти бүткөндөн кийин тогузунчу класссты Сарыбулактан бүтүргөн. 1950-жылы Фрунзе шаарындагы эт комбинатынын алдындагы 6 (алты) айлык даярдоочулардын бухгалтердик курсун бүтүрүп 1953–1954-жылдары Токтогул районунда даярдоочу болуп эмгектенген. 1954–1958-жылдары Эриктүү мектебинин бухгалтери болуп иштейт. 1958–1963-жылдары Казарман аэропортунда алды менен кассир кийин Казарман аэропортунун начальниги болуп эмгектенген. Акыркы жылдары Жайыл районунун райондук «Эмгек даңкы» газетасында корреспондент жана башка газеталарында эмгектенген.*



*Турат агабыз өмүрлүк жары менен ынтымактуу өмүр сүрүшөт, тун* ***кызы Нургүл*** *1958-жылы 18-декбарда төрөлгөн. Жогорку билимдүү саламаттык сакчысы, Карабалта шаарындагы аймактык эмкананын башкы кардиологу. Миңдеген адамдардын жүрөгүнүн согушун тыңшап дартына дабаа болгон мээримдүү адис. Кыздары Алтынай менен Айжамалдын бактылуу энеси.*



***Уулу Салморбек*** *1963-жылы төрөлгөн. Орто мектепти бүткөндөн кийин коңшулаш Казакстандагы Жамбул шаарынан айыл чарба техникумунун ветеринария факультетине өтүп ийгиликтүү бүтүргөн. Эмгек жолун чарбанын фермаларында өз кесибин аркалап иштеп жүрүп Республикабызга эгемендик тийгени чарбадан тиешелүү үлүштөрүн алып жеке фермерлерден болуп алган. Бүгүнкү күндө Панфилов райондогу белдүү, алдыңкы фермерлердин бири.*

*Өмүрлүк жарына баш кошуп тун уулу Азаматы төрөлөт университеттин студенти. Адилети 9-классты, кызы Ширини 4-класстарды эң жакшы деген бааларга окушуп ата-энелерин кубантышууда.*

**Турар кызы Наваткул** *1965-жылы 5-октябрда төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөндөн кийин 1983–1988-жылдары Мичуринскийдеги techинститутун ийгиликтүү аяктаган. Жогорку билимдүү «психолог» адистигине ээ болуп жогорку окуу жайларында өз адистиги боюнча сабагын берүүдө.*

**Турар уулу Ракымбек** *1967-жылы 1-майда төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөндөн кийин ал дагы Мичуринский педагогикалык институтуна өтүп мугалимдик кесипке ээ болуп чыгат. Жайыл районундагы Эриктүү орто мектебинде мугалим болуп эмгектенүүдө.*

**Турар кызы Зээдүгүл** *1969-жылы 17-сентябрда төрөлгөн. Жетилүү атестатын алгандан кийин Фрунзедеги кооперативдик техникумун бүтүрүп, кийин Москва шаарында ишке орношуп окуусун улантууда.*

*Эскере кетүүчү нерсе, өзүңүздөр көргөндөй Турар ага жана анын уулдары-кыздары жөнүндө маалыматтын жоктугунан кенен кесири жаза албагандыгыбызды белгилей кетмекчибиз.*

*Анан деги кыргыздар кыйын элебиз, маалыматыңды берсеңиз десе эле, ат башындай алтынын беришчүдөй маалкатып калмайыбыз бар. Натыйжада өзүңөр көргөндөй аты-жөнүн атоо менен эле тим болуп калганыбызга өзүңүздөр ынандыңыздар. Андан көрө коркпой-үркпөй эле өмүр баяныңарды толук жазып берсеңер кудай буйруса үчүнчү томдукка?*

## НУСУП КЫЗЫ ЖАНЕТТА (ИДРИСОВА, ТОКТОГУЛОВА)



*Жанетта айым 1954-жылы Токмок шаарында көп балалуу кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Нусуп Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Беш жыл катары немисттик баскынчылар менен каармандыкта кармаша аткылашып жүрүп акыры аларды сүрө кууп жүрүп талкалагандардан. Согуштан аман-эсен келип үй-жай күтүп, анан тапкан кызын Жанетта деп аташкан.*

*Жанетта ата-эненин алкоосунда өсүп чоңойуп таалим-тарбиясын алууга жетишет. Мектеп жашына жеткен күндөн баштап окуп илим-билим алып орто билимдүү жетилүү аттестатын алат. Алматы шаарындагы Казак мамлекеттик Абай атындагы педагогикалык университетинде окуп жогорку билимдүү адистигинин дипломуна ээ болду. 1977-жылдан баштап келечекке эмгек жолун баштап алган адистиги боюнча жаш муундарга илим-билим, таалим-тарбиясын берип окутуучу болуп эмгектене баштады.*

*Тагдырдын буйругуна айла жок тура, Жанетта күндөрдүн биринде кыргыздын айтылуу Жайыл баатырынын тукумунан Сулайман (Хамид) уулу Тынчтыкбекке жолугуп, алардын келечекке жылдыздары төп келишип калат. Арадан сынашкан-сындашкан күндөр өтөт. Алоолонгон сүйүүнүн оту ан сайын тутанып акыры барып баш кошушат. Сүйүүдөгү аңкоо-чаңкоо кана-кана алардын тун наристелери эгиз кыздары төрөлөт. Бул жарыкчыкка алдынкы чыкканын Чолпон (Венера) деп, кийинкисин Чынара деп аташат. Арадан төрт жыл өткөндөн кийин Тынчтыкбек менен Жанеттанын уулу төрөлүп, наристени Медер деп аташат.*

*Жанетта бактылуу, керемет-касиеттүү эне. Бүгүнкү күндө Республикабыздагы Мамлекеттик транспорт жана архитектура Университетинин улуу окутуучусу. Тынчтыкбек мырзанын балпайган байбичеси, неберелеринин таенe, чоң энеси. Үйдөгү төрдүн куту, балдарынын – насыятчысы.*

Касиеттүү ак бешикке бөлөнгөн,
Көп балалуу үй-бүлөдө төрөлгөн.
Казак элдин кадыр күткөн инсаны
Каада күткөн атакеси өңөргөн.
Кыз баласын атакеси алпештеп,
Кут билимге кумар кана чөгөргөн.

Келин бала Тынчтыкбекке берилген,
Кулк-мүнөзү кер маралдай керилген.
Кыздары бар эгиз Чолпон-Чынарадай
Касиеттүү керемет бул дедирген.
Кудайымдан куда-сөөк күткөнбүз
Кудай таалам буйрук берип Теңирден.

Кыргыз-казак жайлоого бир жайлайбыз,
Казак-кыргыз бир боорлугун танбайбыз.
Кымыз камы желе-желе толтура
Керме толо кулундарды байлайбыз.
Кыз узатып келин алып бир боорлор
Кумар кана, куда-сөөктөр чайлайбыз.

*23$^{47}$ 11.VII.05-ж.*

# ОРМОКОЙ УУЛУ КОЙЧУ



*Карт тарых баяндагандай, Жайыл баатыр китебинин биринчи томунун 563-бетиндеги №44 сүрөөдө Жайыл атанын Итике уулунан Медери төрөлөт, Медерден Назар, Назардан Ормокой, Ормокойдон Рыскул, Койчу жана Ыбырайым аттуу уулдары болгон. Биз баяндайлы деген Койчу атабыз казыркы Жайыл районуна караштуу Сарыбулак айылында 1909-жылы 21-майда төрөлгөн. Ата-эненин таалим тарбиясында Койчу жаштайынан эле зээндүү, ар нерсеге шыктуу болуп эс тартат. Жаңы орногон Совет Өкмөтүндөгү айыл-ападагы жаңы ачылган мектептерде талыкпай окуп кат сабаты жойулган жаш өспүрүм тез эле элдин арасында кадыр барктуу боло баштайт. Өзүңүздөр билгендей ал учурда Республикабызда сабатсыздардын саны басымдуулук кылаар эле. Аларга салыштырмалуу илим-билимдүү Койчу агабыз айылдаштарынын катсабатын жойуу үчүн 1930-жылдары мугалим болуп иштеп айылдагы жаш муундарды эле эмес, колхоздошууга жапа тырмак жашы өткөн чоң кишилерге да «А» деген арипти үйрөткөнү күнү бүгүн да кары-картаңдар арасында сөз боло калат.*

*Койчу агабыз жаштайынан түмөн-түйшүктүү кыйынчылыктарга туш келгени менен анын баарын жеңе алат. Республикабыздагы колхоздоштурууга да өтө активдүү катышкандардан.*

*Жогоруда көрсөтүлгөндөй Ормокойдун тун уулу Рыскул үйлөнүп үч уулдуу болот: Нурбача, Абдыбача, Жамансары. Ормокой атанын Койчу уулу да үйлөнүп өмүрлүк жары Алтын энеге баш кошот. Тагдырга жазганды көрбөскө арга жок, утуру төрөлгөн наристелери чарчап кала берип балдары токтободу. Ошол учурда Койчу атанын жатындаш кичүү иниси Ыбрайым ага менен Зина (Сыйна) эжелердин тун уулу төрөлөт. Жаңы төрөлгөн наристени Ыбрайым аганын бир тууган агасы Койчу ата ырымдап атын «Турар» деп атап багып алышат. Кудайдын буйругу экен Турары аман-соо туруп калат, күндөн-күнгө эс тартып атасы Койчу, энеси Алтындын зор кубанычы болот. Берээрин унутпа-*

*ган кудайым Койчу ата менен Алтын энелердин өздөрүнүн наристе уулу төрөлүп атын дагы ырымдап Турсунбек деп аташат, бул 1941-жылдын жаз айлары эле.*

*Ошентип Турар мырза ак жолтой болуп, баккан ата-энесине аркасынан Турсунбекти ээрчите келсе, өзүнүн тапкан ата-энеси Ыбрайым ага менен Зина эжебиз дагы уулдуу болушуп атын Талип деп аташат. Ага-инилүү эки үйдө үч уул (Турар, Талип, Турсунбек) жарыша чоңойуп келе жатышты. Кеп чындыгынан бузулбайт булардын улуусу Турар сүйкүмдүү, сүймөнчүктүү сезилип кала берди ата-энелерине. Бөтөнчө белгилей кете турган нерсе Койчу ага улуу уулу Турарды көбүрөөк эркелетип, басса-турса өзү менен бирге ала жүрөөр эле. Айрыкча эртели-кеч үйдө болобу, же сыртка чыкса да атына өңөрүп алып бирге алып жүргөнүн бүгүнкү күндө да Турар мырза өтө сыймыктануу менен эскерет.*

*Ооба Турар мырзага таалим-тарбияны берген Койчу ага болду. Койчу ага уулунун көңүлүн калтырбай дайыма көңүлүн терең буруп бөтөнчө окуусуна катуу талап койоор эле. Жашырганда эмне ал учурда Ата Мекендик согуш эми жеңиш менен аяктаганы менен айыл-ападагы элдин жашоо-тиричилиги абдан эле начар экендиги эч кимге жашыруун эмес. Мектепке жаңы барган биринчи класстарынын окуучуларына керек болгон дептер китептери да жетишсиз болгон. Бүгүнкү биринчи класстын окуучуларындай болуп портфелди асынмай кайда дейсиз. Ал учурда ата-энелерибиз жөн эле кездемеден китеп салаар баштык жасап берип, болгон китептерибизди ошого салып алаар элек.*

*Койчу ага Турарды борбор шаарыбыз Фрунзеге жөнөтүп, ал учурда атагы таш жарган шаарыбыздагы №5 орто мектебинен окута алды. Мектепте татыктуу билим алган Турар ошол эле жылы Улуттук Мамлекеттик Университетке окууга өтүп жогорку билимдүү болуп ата-энесинин жүрөгүнө кубаныч тартуулай алды. Анткени Койчу ага өзү көксөгөндөй билим ала албады. Болгону ошол мезгилдердеги юридикалык билим алууга жетишип райондук, областтык жана Республикалык денгээлдерде кызматтарда жемиштүү эмгектене алды.*

*Койчу ага 1941–1945-жылдары Ата Мекенди коргоо үчүн немистерге каршы беш жылы катары менен кайраттуулук-*

*та күрөш жүргүздү. Көп жолу ок жаңылып жарадар болгону менен госпиталда дарыланып жатып кайрадан согушка катышып немистер менен аяоосуз күрөшүн жүргүзгөн.*

*Согуштан аман-эсен келген агабыз сол бутунан катуу жараат алып келгендиктен узак жылдарга чейин өтө кыйналып жашоосун өткөрдү. Согуштан келгенден кийин да бекер эле жата берген жок. Чарбанын ар кандай иштерине жан-дили менен сүңгүп кирип анын аткарылышына өзүнүн болгон акыл-күч аракетин аянган жок. Колхоздун мал чарбасы боюнча ферма башчысы болуп эмгектенди. Ийгиликтүү иштеринин жыйынтыгын көргөн колхоздун башкармасы Койчу аганы В.И.Ленин атындагы колхоздун башкармасынын орун басарлыгына дайындашты. Бул иште иштеп жүрүп Фрунзедеги республикалык жетекчилердин мектебинде окуп билимин өркүндөттү. Жалпы колхозчулардын талабы менен Койчу Ормокоевди В.И.Ленин колхозунун башкармасына кызматына көтөрүп алышты. Мына ошол күндөн баштап элибизде «эки тизгин, бир чылбыр» колго тийип дегендей үзүрлүү эмгектенип чарбанын экономикасын кескин көтөр алды. Агабыздын аткарган иштери көз жаздымда калган жок, Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып Ардак Граммоталар, баалуу сыйлыктар, орден медалдар менен сыйланды.*

*Койчу агабыз өмүр бою уулдары Турар менен Турсунбекти талыкпай билим алышына колдо болгон өбөлгөлөрүн түзүүгө аракеттенди. Илимдеги өзү жетпеген ийгиликтерге уулдары жетсе экен деген тилегин иш жүзүнө ашса дегенде эки көзү төрт эле. Менимче тилеген тилеги орундалды десем жаңылыштык болбос улуу уулу Турар экономика илимдеринин доктору, профессор, академик 350гө жакын илимий эмгектерди жаратты, жүздөгөн брошюра, монографиялардын автору. Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген кызматкери. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик секретары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн вице-премьери, Улуттук Академиянын Президенти болуп үзүрлүү эмгектенди.*

*Ал эми кичүү уулу Турсунбек болсо сүрөтчүлүк багытында жемиштүү эмгектенүүгө жетише алды. Анын эмгектери Өкмөтбүз тарабынан жогору бааланып «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери» деген ардактуу наам ыйгарылган.*

*Мына ушулардын негизинде Койчу аганын тилеги орундалды деген пикирге келе алабыз. Анын таалим-тарбиясы текке кеткен жок. Уулдарынын дөөлөтү-сөөлөтү, зоболосу өзүнөн өйдө болгонуна ачык айтпаганы менен ичинен зор ыраазы болоор эле.*

*Турар мырза менен көчөдөн жолуга калганда «Сиз өтө бактылуу инсан экенсиз» десем, билип турса да билмексенге салып кандайча? деп калат.*

*Турар Койчиевич! Эл бирден ата-энеге жетип жетпей көбү жетим жүрсө, сиздин «бөпөлөгөн» эки атаңыз, эки энеңиз болду дегенде, ха-ха-халап каткырып күлүп калат.*

*Жо-жок менин бир эле ата-энелерим бар, алар Койчу атам менен Алтын энем. А Ыбрайым агам, Зина жеңем деп мойун бербейт.*

*Кеп ачыгынан бузулбайт эмеспи. Турардын баккан энеси Алтын эне болсо, тапкан энеси Зина эже бүгүнкү күндө 87 жашта баскан-турганы тың, акылы тунук. Эртели-кеч жолуга калганда айланайын деп жалынып-жалбарып калат Зина эжебиз.*

*Сырдуу түйүндү ага жазганымды Турар мырза кечирээр деген пикирдемин. Анткени тарых тактыкты кана талап кылат эмеспи, Туке!*

Ата-журтту кас душмандан калкалап,
Атты немис желдеттерин талкалап.
Алды-артына карабастан качырып,
Ал күндөрдөн бүгүнкүгө салтанат.
Аталарга миң мертебе ырахмат!
Али күнчө кас санаган жалтанат.

Тынчы кетип бүт Ааламды жаргандай,
Тийген октун «осколкасы» калгандай.
Тарамышы буттарында тырышып,
Таяк менен зорго басат арданбай.
Тарбиясын балдарына берүүдө,
Талап кылат, тагдыр сыноо алгандай.

Акыйкатта кара кылды как жарган,
Азбы-көппү өз ишинде такталган.
Алп урушуп күнү-түнү иштешти,
Айыл-чарба жагын оңоп башкарган.
Акыл кебин айта берип кеңешин
Айылынан тарбиялап жаштардан.

*11$^{32}$ 5.IX.05-ж.*

## ОРМОКОЙ УУЛУ ЫБРАЙЫМ



*Ыбрайым агабыз 1912-жылы 21-ноябрда Жайыл районуна караштуу Сарыбулак айылында төрөлгөн. Ата-эненин татыктуу тарбиясын алган Ыбрайым агабыз жаштайынан эле жаңы ачылган мектепте окуп кат сабатын жойо алган. Элибизде «аганы көрүп ини өсөт» дегендей бир боор агасы Койчу атанын да тарбиясын алып калыптанганында талаш жок. Тагдырга жазганын көрүү шарт экен, Ыбрайым аганын тагдырына Совет Өкмөтүнүн орношу, курулушу туш болду. Республикабызда колхоз-совхоздорду уюштурулушуна баш оту менен киришти. Ал ангыча батыштан немистик баскынчылар кол салып, Ата Мекенди коргоо үчүн согуш башталган күндөрү эле биринчилерден болуп аттанган. Согушта беш жыл бел чечпей немистер менен кармашып жүрүп акыры баскынчыларды Берлинге чейин кууп барып, жеңиштин туусун желбирете сайып келген агалардан.*

*Согуштагы эрдиктери үчүн Ыбрайым агабыз көптөгөн орден, медалдар менен сыйланды.*

*Армиядан келгенден кийин райондук деңгээлдеги ар кандай мекемелерде эмгектенди. Бөтөнчө Карабалтадагы нан заводунда, кант заводдорунда узак-узак жылдары жемиштүү эмгектенди. Уул-кыздарын окутуп тарбиялап илим-билим алышына жетише алды. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин Ыбрайым агабыз айылдын, айылдын эле эмес, райондун кадыр-барктуу аксакалдарынан боло алды. Калайык калктын сый урматына татып, кай жерде, кимдер менен болбосун ар дайым «сиз» делип төрүбүздүн куту эле. Сөзүбүз куру болбосун үчүн бир мисалды келтире кеткенибиз оң болоор. 1993-жылы 17-январда, Эл аралык «Жайыл ата» мээримдүүлүк коомунун түзүлүшү боюнча чакырылган жыйын Жайыл районундагы Сосновка айылында болуп өткөн. Жыйынга Панфилов, Жайыл, Москва жана Ак-суу райондорунан болуп 230 (эки жүз отуз) дан ашык адам катышкан жыйын өткөн. Ошондо чогулгандардын арасынан эмгек ар-*

*дагери Ормокой уулу Ыбрайым агабыз (Сарыбулак айылынан) Жайыл атабыздын арбагына багыштап куран окуп бата кылышкан. Өзүңүздөр көргөндөй төрт-беш райондорунун тургундары жыйылган мындай жерде, мен-менмин деген далай Жайыл атанын урпактары урматташып-сыйлагандыгынан Ыбрайым аганын куран окушуна жол берилгендик эмеспи.*

Таасирлүү келип сөздөрү,
Таалимди дайым көздөдү.
Тактыкты талап кылуудан
Тамшантаар эле өзгөнү.
Талапты койо жаштарга,
Татыктуу эле сөздөрү.

*23[27] 21.IX.05-ж.*

## АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ

*Койчу атанын таалим-тарбиясын алган Турар мырзанын бүгүнкү күндө ээлеген орду, иштеген иштери, илимий даражасы, кыргыз элине өтөгөн кызматынан аз да болсо маалымат бергенсиди. Эми Турардын уулдары жана кызы жөнүндө кыскача баяндамага токтололук.*

***Турар уулу Патрис*** *1961-жылы 27-сентябрда төрөлгөн. Орто мектепти бүтүп жетилүү аттестатына ээ болгондон кийин Москва шаарындагы Ломоносов атындагы Мамлекеттик Университетинин теориялык математика тармагы боюнча билим алып аны ийгиликтүү бүтүргөн. Бүгүнкү күндө теориялык математика тармактары боюнча үзүрлүү эмгектенүүдө. Акыркы жылдары республикабыздагы экономикалык ар кандай иш чаралардын алдын ала долбоорунун эсеп-кысабын түзүү багытында ишин улантууда.*

***Турар уулу Бактияр*** *1963-жылы 10-октябрда төрөлгөн. Он жылдыкты ийгиликтүү бүтөөр менен Борборубуздагы*

*Мамлекеттик Университетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүргөн. Бахтияр алган адистиги боюнча эмгек жолун баштап үзүрлүү эмгектене алды. Илимий багытында аракетин жасап иликтөө иштерин жүргүзүп жүрүп кандидаттыгын ийгиликтүү коргоп «филология илимдеринин кандидаты» – деген ардактуу даража ыйгарылды. Бүгүнкү күндө КРСУда доцент. Татыктуу эмгектенүүдө.*

*Бахтияр үй бүлөлүү, өмүрлүк жары менен баш кошуп тун уулдары Бакыт 1988-жылы 15-августа төрөлөт. Андан кийинки уулдарын Батыр деп аташат, ал 2000-жылы 21-декабрда төрөлөт. Кенже кыздары эми үчтө Камила 14-августта 2002-жылы төрөлгөн.*

***Турар кызы Мэрим.** 1974-жылы 1-февралда төрөлгөн. Он жылдыкты бүткөндөн кийин Мамлекеттик Улуттук Университетинин экономика бөлүмүнө өтүп, аны ийгиликтүү бүтүргөн. Алган адистиги боюнча жемиштүү эмгектенип жүрүп, илимий иштерине да зор ынтаасын койуп иликтөө-изилдөө тажрыйбаларын үзгүлтүксүз жүргүзүүгө жетишкен. Натыйжада илимий иштерин ийгиликтүү коргоп, экономика илимдеринин кандидаты деген ардактуу наам ыйгарылган. Мэрим бүгүнкү күндө Республикабыздын банк тармактарында үзүрлүү эмгектенүүдө. Уулу Артур 2003-жылы 6-апрелде төрөлгөн. Көчөдө таята-таенесин ээрчип там-туң этип басып жүрөт.*

*Артурга:*

Там-туң кадам бара-бара такталат,
Так басууда далай жерлер тапталат.
Таңдан кечке тай-тайлаган ата-эне...
Тамшаныша ак эмгеги акталат.
Теңир колдоп, баралына жетсе да...
Түбөлүккө жүрөгүндө сакталат.

*$9^{\underline{43}}$ 29.IX.05-ж.*

## САДАБАЙ УУЛУ МҮСҮРКУЛ



*Мүсүркул агабыз 1910-жылы 5-февралда Жайыл районуна караштуу Сарыкоо айылдык кеңешине караштуу Жонарык айылында төрөлгөн. Жаштайынан ата-энеден жетим калып турмуштун азап-тозогун көп тарткандыгынын бир далили ошол убактагы Токмок шаарындагы балдар үйүндө таалим-тарбия алган. Бул мектеп интернатта Кыргыз эл акыны Абдурасул Токтомушев жана Алыкул Осмоновдор жана Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген айыл чарба кызматкери Жүзүмкул Худайбергеновдор менен бир партада окуп илим-билим алышканын раматылык агабыз Жүзүмкул кептеп калаар эле. Жүзүмкул аганын айтымында Мүсүркул ага өзү кичирээк чакан болгону менен абдан бышык, акыл-эстүү, сабагын абдан жакшы өздөштүргөнү менен айырмаланат эле дегени эсимде.*

*Мүсүркул агабыз ошол интернатта окуп жүргөндө эле ар кандай ишти уюштурууга жөндөмдүү, иш билгилиги менен дайыма өзү кырдуу балдарды жетектеп алаары айтылат. Ал эле эмес, мектеп окуучулары жайкы эс алуу учурунда бекер карап жатпай иштөө үчүн ошол кездеги райкомпартиянын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Төлөгөн Садыков агайга кайрылышкан (Кыргыз эл жазуучусу Жалил Садыковдун атасы). Жаш өспүрүмдөрдүн мындай жүйөлүү өтүнүчүн колдоого алган Төлөгөн ага мектеп интернатынын окуучуларына Окторкой жайлоосунда эс алууну уюштуруп берген. Окуучулар жайлоодо жөн эле жата беришпей малчыларды кыдырып ойун койуп концерттерди уюштурушкан.*

*Мектепти бүтүрүшкөндөн кийин Алыкул Осмонов педагогикалык окуу жайына, Жүзүмкул агабыз айыл-чарба институтуна ал эми Мүсүркул агабыз партиялык мектепке өтүп кыргыз элинин алгачкы карлыгачтары тунгуч интеллигенттеринен болуп окуп илим-билим алышкан. Мүсүркул агабыз жогоруда аталган партиялык мектепти бүткөндөн кийин эмгек жолун алган билими боюнча Республикабыздын тоолуу Нарын областынын райондорунда эмгектенүүдөн*

*баштаган. 1937-жылдан баштап Кыргыз Өкмөтүнүн атайын жолдомосу менен айтылуу Теңиртоонун райондорунда партиялык кызматтарда үзүрлүү эмгектенген.*

*Мүсүркул агабыздын өзгөчөлүгү карапайым калктын калың катмары менен кадимкидей сыр чечише сүйлөшө алгандыгы, алардын арыз-муңун талыкпай угуп дайыма оң чечилишине кара жанын үрөп аракеттенгени болгон. Эл арасында абдан боорукер, кара кылды как жарган калыс, адилеттүүлүгү менен айырмалаган.*

*1941-жылы Ата Мекендик согуш башталганда алгачкылардан болуп өз ыктыяры менен арызын жазып, Мекенди кас душмандардан коргоо үчүн аттанган. Өтө сыймыктана турган жери агабыз Мүсүркул атагы таш жарган жыйырма сегиз баатыр Панфиловчулар двизиясынын курамында кызматын өтөгөн. Өзүңүздөр билгендей 316-аткычтар двизиясы 1941-жылы 12-июлда Фрунзе жана Алматы шаарларында уюштуруп ага Командирликти Кыргыз ССРинин аскер комиссары генерал-майор Иван Васильевич Панфилов дайындалган. Согушка 1941-жылы жөнөтүлүп Москваны коргогондугу үчүн двизия Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланып гвардиялык двизия наамын алган И.В.Панфилов курман болгондон кийин (1941-ж. 18-ноябрь) двизияга анын ысмы берилген.*

*Улуу Ата Мекендик согушта Москва алдындагы салгылашта артыкча эрдик көрсөткөн панфиловчу жоокерлер. Волокаламск шаарынан түштүк-чыгыш тарапта Дубосеково темир жол разьездинде 316-панфиловчулар двизиясынын 1075-аткычтар полкунун 2-батальонунун 4-ротасынын аткычтары душманга каршы төрт саат бою салгылашкан 28-жоокерден турган бул топту кенже саясий жетекчи Василий Георгиевич Клочков-Диев (1911–1941) башкарган. Анын уруш алдында жоокерлерге кайрылып «Россия кенен, бирок чегинүүгө жер жок, аркабызда Москва!» деп ураан чакырган. Ошол жоокерлердин алтоо: Николай Ананьев (1912–1941), Григорий Конкин (1911–1941), Иван Москаленко (1912–1941), Григорий Петренко (1909–1941), Григорий Шемякин (1906–1941) жана Дүйшөнкул Шопоков (1913–1941) Кыргызстандан болушкандыгын сыймыктануу менен эскерсек болот.*

*Бул катуу салгылашууда катуу жарадар болгон Мүсүркул агабыз, 1944-жылы согуштан кайтып келген. Армиядан келген агабыз кайрадан партиялык кызматтарда жүрүп, 1946–1949-жылдары Тогузторо районунда соттун төрагасы, 1949–1954-жылдары Чолпон районунун аткаруу комитетинин төрагасы, 1954–1958-жылдары Кочкор районунун аткаруу комитетинде, 1958-жылдан баштап өзү туулуп өскөн Жайыл районундагы «Ильич» колхозунун парткомунун секретары, Победа колхозунун башкармасы болуп үзүрлүү эмгектенген. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин ошол эле колхоздун ревизиондук комиссиясынын төрагасы болуп жемиштүү эмгектенген.*

*Садабаев Мүсүркул ага жөнүндө бүгүнкү Чүй областынын аксакалдар коомунун төрагасы Бейшеналы Кулов (ошол учурда Калинин районунун айыл чарба башкармасынын башчысы). Мүсүркул агабыз жетекчи катары өтө уюштургуч, чарбанын иштерин көрө билген көсөм экендигине байланыштуу Победа колхозуна башкармалыкка райкомпартиянын жана райондун аткаруу комитетинин жетекчилери дайындаганын сыймыктануу менен белгилейт. Мүсүркул агабыз Жонарык айылынын өсүп-өнүгүүсүнө өзүнүн зор салымын кошкон инсандардан. Анткени 1970-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн келечексиз айыл-кыштактарды акырындык менен жоюу боюнча токтому чыккан. Бул токтомго карата Мүсүркул агабыз тиешелүү иш кагаздарын толуктап толтуруп Жонарык айылынын келечектүүлүгүн далилдеп Кыргыз Республикасынын Министрлер Советинин төрагасы АкматбекСүттүбаевич Сүйүнбаевге тынбай үстөккө-босток кирип жатып Жонарык айылынын жойулбай калышын коргоп чыкканын бүгүнкү Жонарык айылынын бардык эле тургундары биле бербес.*

*Агабыздын Ата Мекенди коргоодо жана Өкмөтүбүздүн өсүп-өнүгүшү үчүн кошкон эмгеги жогору бааланып көптөгөн мактоо граммота, орден, медалдары менен сыйланган.*

*Мүсүркул агабыз өмүрлүк жары менен бактылуу өмүр сүрүп жүрүп беш кыз, төрт уулдуу болушкан. Балдар-кыздарына татыктуу таалим-тарбия беришип, илим-билимдүү кылышты. Тун кыздары Турсун эженин бүгүнкү күндө беш уул, төрт кызы жана кырктан ашык небере, он бештен ашык чебереси бар.*

*Муратбеги жогорку билимдүү маданият кызматкери, Мисири – саламаттык сакчысы врач гематолог, Мирбек, Союзбек, Турсун, Гүлнара, Клара, Гуля жана Гүласылдардын бардыгы үй-жай күтүшүп очокторунан түтүн булатып бактылуу өмүр сүрүшүдө.*

*Элибизде «келген келин эстүү болсо кыздай, күйөө бала эстүү болсо уулдай сезилет» дегендей, күйөө балабыз Сапарбек Элебесов да Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын өркүндөп өсүшүнө барандуу салымын кошкон Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгегин сиңирген кызматкерлеринин бири экенин белгилей кеткенибиз оң болор.*

Эринбей иштеп такшалдың,
Элим деп кызмат аткардың.
Эл кадырын көтөрүп,
Элиңе кыйла такталдың.
Эбегейсиз ишиңден,
Эл ичинде макталдың.

Ок учуп ажал талашып,
Окопто жатып карашып.
Осколко учуп чачырып,
Ошондо ылым санашып.
Ок жеген жери сыздаса,
Опосуз дүйнө таң ашып.

Кыйындык ишин көп көрдүң,
Калыстык жашоо өткөрдүң.
Калкыңа кызмат өтөөдө,
Кыйла эле жүгүн бөктөрдүң.
Калыстык менен элиңдин
Көтөрдүң көңүл чөккөнүн.

Эскере кете турган нерсе Мүсүркул аганын атасы Садабай, анын атасы Сатыбалды. Сатыбалды Бектендин уулу. Бектен Теке баатырын уулу. «Жайыл баатыр» биринчи китебинин (томунун) 278-бетиндеги №78 сүрөөдө толук баяндалган.

*4[17] 16.IX.05-ж.*



## САДЫБАКАС КЫЗЫ ЗАМИРА

*Замира карындашыбыз 1958-жылы 28-мартта Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылыда төрөлгөн. Айылда ата-энесинин тарбиясында жүрүп жетилүү аттестатын алгандан кийин атасынын өтүнүчү боюнча К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетине өтүп окуусун ийгиликтүү бүтүргөн.*

*Эмгек жолун Замира Жайыл райондор аралык ветеринария лабораториясында катардагы эле ветеринардык врач болуп иштөө менен баштаган. Бул жерге да раматылык атасы Садыбакас ага болбой жатып кызым мына ушул лабораторияга ишке орношуп иштейсиң, бүгүн катардагы ветеринардык врач болсоң эртең бөлүм башчысы, бүрсүгүнү ушул лабораториянын жетекчиси болосуң деп бардык нерсенин алдын ала көрө-биле, элестете айткан. Атасынын бир кана өтүнүчү лабораториялык иштерди шашпай, кылдат ирээти менен аткарганга үйрөнүшүң керек. Элибизде «майда иш маанилүү» – деген кеби бар, дагы бирөөлөр «башталат иштер майдадан, байкабайт аны майда адам» – деп да коюшат, анын сыңарындай иштин майдасы чоңу болбойт дегендей кеп-кеңештерин айтчу тура.*

*Жайыл район аралык ветеринардык лабораториясы Панфилов, Жайыл, Москва райондорунун ветеринардык лабораториялык иштерин толук тейлейт. Замира лабораториянын иштерин бардык бөлүмдөрү боюнча иштерди өз колунан өткөрдү десек жаңылышпайбыз. Жайы-кышы, күнү-түнү дебей түйшүктүү ишти аркалоодо Замира дайыма бирге иштеген кесиптештеринин ак ниеттүү иштерине таянат, ошону менен алардын иштеген ишин тынымсыз көзөмөлгө алып керектүү кеп-кеңештерин берип турат.*

*1990-жылдан баштап Жайыл район аралык ветеринардык лабораториясынын директорлугуна дайындалат. Мына ошол күндөн ушул күнгө чейин лабораториянын ишин жетектөөдө кездешкен ар кандай кыйынчылыктарга карабай алардын бардыгын бир башынан чечмелөөгө аракеттенгени-аракеттенген. Лабораториянын кызматкерлеринин негиз-*

*ги милдети жогоруда аталган үч райондун чарбаларында, айыл-кыштактарындагы жеке менчик малдардын арасында диагностикалык текшерүүлөрдү үзгүлтүксүз жүргүзүү менен ар кандай жугуштуу жана жугушсуз ылаңдардын алдын алуу болуп саналат. Лабораториянын кызматкерлери айыл чарба малдары менен бирге эле үй канаттууларын, бал аарыларынын, териси баалуу аң терилүү жырткыч жаныбарларды ошондой эле балыктардын да ар кандай ветеринардык санитардык көзөмөлдөрдөн өткөрүү менен лабораториялык текшерүүлөрдөн өткөрүшүп турушат.*

*Ветеринардык лабораториянын кцзматкерлери ар дайым жугуштуу оорулардын алдын ала диагностикалык текшерүү менен аларды өз убагында аныкташып алардын чарбалар арасына кеңири тарашына бөгөт койушат.*

*Замира Садыбакасовна Жайыл район аралык ветеринардык лабораториясынын директору болуп иштөө менен бирге чарбалардагы жана жеке менчик малдар арасында кеңири тарап бараткан ошондой эле ар дайым адам баласына жугуу коркунучу бар бруцеллез оорусуна каршы күрөшүү иш чаралары анын тынчын алат. Акыры бул аталган бруцеллез оорусуна каршы ветеринардык иш чараларды үзгүлтүксүз жүргүзүүнү колго алган. «Малдардын бруцеллезунда розбенгал иликтөөлөрүнүн калыптанышы» – деген теманы окумуштуулар кеңешинде бекиттирип алып мына ушунун үстүндө илимий иштерди да бирдей эле учурда алып барууну колго алды. Малдардын бруцеллезун серологиялык диагноздоодогу чечилбеген маселелердин үстүндө тынымсыз иштөөсүн уланты. Ошондой эле «кой-эчкилердин бруцеллезунда сүттөгү шакекче реакциясын иликтөө» иштерин кеңери тажрыйбалоону иш жүзүнө ашыра баштап анын жыйынтыгын анализдейт. Деги эле бруцеллез оорусун диагностикалык текшерүү иштеринин республикабызда эле эмес, жакынкы коңшу өлкөлөрдө кандай деңгээлде жүрүп жаткандыгы жөнүндө да иликтөө иштерин тактоого алды. Мына ушул өңдүү бруцеллез жөнүндөгү ондогон-ондогон чечилбеген маселелердин үстүндө эмгектенип жүрүп 2001-жылы Республикабыздын агрардык академиясында кандидаттык ишин ийгиликтүү коргоп ага ветеринардык илимдеринин кандидаты деген ардактуу илимий даража ыйгарылган.*

*Бүгүнкү күндө Замира Садыбакасовна «Малдардын жана канаттуулардын бруцеллезуна серологиялык диагноздоону өркүндөтүү» багытында докторлук илимий изилдөө-иликтөөлөрдүн үстүндө үзүрлүү тажрыйбаларын улантууда.*

*Ооба, Замиранын тун кызы – Лейла жогорку билимдүү юрист, уулу Тилек техникалык университеттин информатика боюнча студенти.*

Жашоо дейбиз, ооба чын баары белен,
Жашоо дейбиз, сыр түйүнү өтө терең.
Жаралган соң жашайбыз айла барбы?
Жетип-жетпей жыргалга элең-элең.
Жашоодогу жыргалың жаштык кезиң...
Жаш өткөн соң мен бүгүн сезип келем.

Жашоо түркүн болбостур аны теңеш,
Жүйөөлүүдүр кээ-кээзде айрым кеңеш.
Жолдуулардын «жашоосу» жоогазындай...
Жолсуздарга аска-зоо белес-белес.
Жүрөгүңүз туу тутуп бийлеп алат,
Жаштыгында калган бир сонун элес.

Жашоодо күндөр өтөт ширин-ширин,
Жаш өтүп, элестейсиң күндө бирин.
Жан үрөп илимий иш, иликтөөлөр,
Жактадың илимдеги ийгилигиң.
Жылмайып өткөн күндөр көз алдында,
Жыл өтөт, өтө берет тирилигиң...

*$4^{\underline{21}}$ 1.V.05-ж*

## САРГАЛДАЙ УУЛУ РАХМАТИЛДЕ



*Рахматилде 1938-жылы 24-декабрда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылда ата-эненин тарбиясын алып жүрүп орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына да ээ болгон. Эркинсай айылынан алдыңкылардан болуп борборубуздагы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехния бөлүмүнө өткөн. Ден соолугуна байланыштуу окуусун улантпай 1958–1959-жылдары Фрунзе шаардын курулушун №7 СМУсунда бетонщик, каменщик, штукатурщик болуп ийгиликтүү эмгектенген.*

*1960–1973-жылдары В. И. Ленин атындагы 60-завод (военный завод) согуш куралдарын оңдоочу слесар жана инструментальщик слесар, ар кандай куралдарды штамповкалоочу алтынчы разрядтагы слесар болуп эмгектенген. 1973–1979-жылдары Республикабыздагы Кайыңды, Токмок, Нарын, Пржевальский, Ош, Жалалабад эт комбинаттарында Ош шаарындагы сүт заводунда газорезчик, газосварщик слесар монтажник (алтынчы разрядтагы), трубопроводторду монтаждоочу (водопровод, вентиляционный, компрессорный агрегат муздаткыч цехтери).*

*1979–1994-жылдары слесарь инструментальщик, ар кандай запастык тетиктерди даярдоочу штамповщик, пресс-подборщиктин запастык тетиктерин даярдоочу болуп иштеген.*

*Рахматилде шлифовалдык, фрезердик, товардык станоктордун баарында иштей билген мастерлиги да бар.*

*1994-жылдан бери Мамлекеттик Кыргыз Драм театрында Сантехникалык тармактары (водопровод, отопление, вентиляция) боюнча цехтин жетекчиси болуп жемиштүү эмгектенүүдө.*

*Рахматилденин өмүлүк жары Жумалы кызы Какин менен баш кошушуп тун кызы Жылдызы төрөлдү, андан кийинки уулун Арстан деп аташты. Жылдыз кыргыздын кара кылды как жарган татыктуу юристеринин бири. Ишине ийгиликтерди каалайбыз.*

*Өзгөчө белгилей кете турган нерсе, Арстан мырза узак жылдардан бери Америка Кошмо Штатында жемиштүү эмгектенүүдө, Американын атуулдугун алган. Рахматилденин уулу Арстандай мырзалардын Кыргызстанда көбөйө берсе кана!*

Темирдин сырын сураган,
Темирди кылдай бураган.
Таңдан кеч иштеп заводдо,
Тетикке-тетик кынаган.
Театрда талыкпай...
Тыбыштан кепти сынаган.

Ак иштеп арамчылыксыз,
Ак жүрөк арам былыксыз.
Ачыгын сүйлөп эл журтка,
Азамат мырза кылыксыз.
Амандык-соолук сурашкан,
Ага-ини жерде сылыкпыз.

Маалы менен ишке келип күч делип,
Маданият тармагында иштеди.
Механиксиз маданият мазасыз,
Мыйзамдуу иш, кадырлоодо бүт эли.
Мына бүгүн жетимишке жетсе да...
Мырза сыпаа, максымын да ичпеди.

*4 36/5. III. 05-ж*

## САРГАЛДАЙ УУЛУ АСЕЙ



*Асей инибиз согуш жылдары Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Атасы Саргалдай агабыз колунан да тилинен да иш келген атуулдардан эле. Уулдарына татыктуу таалим-тарбиясын берип алардын окуп билим алышына өбөлгө түзө алды. Асей айылдагы Эркинсай орто мектебин бүтүргөндөн кийин Мамлекеттик Улуттук Университеттин тарых факультетине өтүп аны сырттан окуп ийгиликтүү аяктады. Университетте окуп жүргөндө эле айылдагы мектепте мугалим болуп иштеп жүрдү.*

*Өмүрлүк жары Үпөл менен баш кошуп, бактылуу өмүр сүрүштү. Үпөлдүн да кесиби педагог хим-биолог болуш керек. Баш кошкон эки жаштын тун кызы Айна, андан кийин Айзада, Айгүл, Нурлан жана Руслан аттуу уулдары жана кыздары бар.*

*Асей айылда мектепте мугалим болуп жүрүп чарбанын ишине да аралашып (бригадир болуп) үзүрлүү эмгектенди. Калайык-калкты уюштуруп чарбанын ишинин алдыга жылышына барандуу салымын кошо алганына талаш жок. Уулдары-кыздары бардыгы өз алдыларынча (кыздары турмушка чыгып, уулдары үйлөнүшүп) очокторунан түтүн булатып бала-чакалуу болуп калышкан.*

*Нурлан айылда атасынын ордун басып, үй-жайдын ээси, айылдагы алдынкы фермерлерден, эрте барсаң, кеч келсең да бакылдап колу ачык, козусун көтөрө чапкандан кайра тарпапаган колу ачык мырзалардан болуп эр жетти.*

Татыктуу койуп талабын,
Тарыхтан берип сабагын.
Таалимин берип жаштарга
Тактадың тарых барагын.
Тарых бул турмуш жашоо деп,
Так айтып ачык кабагың.

Иликтеп тарых беттерин,
Изилдеп тарых кептерин.

Ийгилик таптың ишинден
Изилдеп тарых бектерин.
Илимиң ошол турбайбы,
Изилдеп жетип-жетпедим.

Балдарың өсүп аркандан,
Барандуу ишиң тарталган.
Бүткөрүп мекен иштерин,
Билимдүү эле жаштардан.
Бул турмуш чыны аманат...
Бурадар ишин аткарган.

*$14^{\underline{14}}$-10.IX.05-ж.*

*Саргалдай уулу Асейдин санжыра тарыхы Жайыл баатыр (бир) китебинин 422 бетиндеги №32 сүрөөдө толук берилген.*

*Эскере кете турган нерсе уулу Русланды кичинесинен эле чоң атасынын иниси Тойчубек агабыз багып алып таалим-тарбиясын берип окутуп илим-билимдүү болушуна өбөлгө түзө алды. Руслан да эр жетип өз алдынча түтүн булатып очор-бачар жашоосун өткөрүүдө. Өкүнүчтүү жери мындай эки жердин таалим-тарбиясын алган жаш муундар «эки тоонун жайытын эңсеген кийиктей» – болуп калат окшобойбу...*

*Жакында жолугуп калып Тойчубектин баласы ким? деген суроо бергенин угуп таңкалышта болдум. Эгер Тойчубектин уулу болсоң сени баккан-каккан тарбиялаган энеңди эмне үчүн бакпайсың дегим келди...*

## СЕГИЗБАЙ КЕЛИНИ ЗУЛАЙКА (СЫДЫК КЫЗЫ)



*Зулайка эне 1912-жылы Жайыл районуна караштуу тоо этегиндеги Моңолдор айылында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тартибин алып мектепте окуп билим алалды. Бойго жеткен кыз өмүрлүк жары Нургазы ага менен баш кошуп ынтымактуу жашоосун улантты. Белек, Жолдошбек жана Намат аттуу уулдарлуу боло алды. Балдарынын бардыгы үй-жай күтүшүп үйлөнүшкөн. Бүгүнкү күндө Зулайка эненин он бештен ашык небереси, ондон ашык чөбөрөлөрү бар.*

*Энебиз жаштайынан эле чарбанын ар кандай иштерине кошо аралашып иштеген инсандардан болгон. Колхоздун башкармасынын дайындоосу боюнча узак-узак жылдары Зулайка эне колхоздун балдар бакчасынын башчысы болуп жемиштүү эмгектенүүгө жетишти, жаш муундарга илим-билимин, таалим-тарбиясын бере алды. Жаш муундарды ар дайым, акыйкаттыкка, ак көңүл, кең пейилдикке үндөй алды. Мээримдүү, кайрымдуулукка үгүттөдү. Өзү ар дайым таза, тыкан болгондугуна байланыштуу, балдар-кыздарынан да ошону талап кылып, кара кылды как жарган калыс болуусуна жетише алды.*

*Нургазы ага каза болгондон кийин үй-бүлөдөгү бардык түйшүк Зулайка энеге түшүп кыйынчылыктар көп болду. Зулайка эне сабырдуулук менен акыл калчап балдарын ач калтырбай, таза кийинтип татыктуу тарбиясын бере алды. Бардык кыйынчылыктарды жеңе билди балдарынын бардыгы жогорку билимдүү адистерден болушуп эл кызматын аркалаган азаматтардан боло алышты.*

*Зулайка эне Сегизбай атанын үй-бүлөсүнүн куту боло алды. Үй-бүлөдөгү бардык маселелерди өзү жеке чечип туура жыйынтык чыгара алды. Үй-бүлөдөгү бардык иш Зулайка эненин кеп-кеңешин менен болоор эле дейт, келини Салима айым.*

Энелик мээрин төккөн балдарына,
Энелик кеңеш берип калганына.
Эл ичин ынтымакта тутаар эле...
Ээликкен муктаж болуп жардамына.
Энелеп... неберелер, чеберелер...
Ээрчишип алаар эле карганында.

*Аттиң, аттиң аййаа, армансыз дүнүйө болбойт турбайбы. Зулайка эне пайгамбар жашына толгондон кийин бул жарыкчылык менен кош айтышып түбөлүк келбес сапарына кете берди. Балдарынын кубанычына батканы менен небере-чеберелеринин кубанычына толук канбай калды асыл энебиз... Жаткан жайы жайлуу болсун! Эч качан балдарынын эсинен чыга койбос.*

## НУРГАЗЫ УУЛУ БЕЛЕК



*Белек мырза 1941-жылы 12-октябрда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тарбиясын алып жүрүп 1948-жылы мектеп босогосун да аттап партага отуруп «А» деген арипten баштады. Кеп чынынан бузулбайт Белектин балалык күндөрү оор эле болду десек аша чапкандык болбос, анткени немистик баскынчылар чагылгандай тездик менен Советтер Союзун басып кирип келип, Москваны алабыз деп алп урушуп жаткан мезгил эле. Айылыбыздагы ар бир атуул согуштагы жоокерлер үчүн жылуу кийим кече даярдашып түйшүктүү иштерде эле. Мына ушундай кыйынчылыктарга карабай ата-энеси Белекти өксүтпөй окуусуна шарт түздү. Айылдан орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатын алган Белек чарбалык иштерге кызыгып Канттагы Фрунзе селхозтехникумунун зоотехния бөлүмүнө өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп дипломуна ээ болду.*

*Алгачкы эмгек жолун Белек мырза өз айылында зоотехник болуп иштөөдөн баштады. Мал чарбасынын түмөн-түйшүктөрүнө күбө болуп, аларды жоюуга алп урушту. Чарбада эки жыл иштегенден кийин жогорку билимсиз кенен келечекти элестете албай Самарканддагы кооперативдик институтуна өтүп окуусун улантты. 1968-жылы аталган институтту ийгиликтүү аяктап келип Ош областык керек-жарак союзунда товаровед болуп ишке орношуп эмгек жолун баштаган. Өз ишине дилгир жаш ишмер Белек мырзанын ишкердиги жетекчилер тарабынан жогору бааланып анын өз алдынча жетекчилик кызматка дайындашты. 1970-жылдан баштап Өзгөн районундагы Куршаб рабкобунун төрагалыгына бекитишти. Беш жыл окуган илим-билимин толугу менен иш жүзүнө тажрыйбасында колдонуда соода тармагында зор ийгиликтерди жарата алды. Өзү менен бирге эмгектенген коллективде кадыр барктуу жетекчилерден болуу менен бирге райондук жетекчилер арасында да абройлуу жетекчилердин катарында боло алды.*

*1977-жылдардан баштап Ош областында Карасуу даярдоо конторасында директорунун орун басары болуп үзүрлүү узак-узак жылдары эмгектене алды.*

*Белек мырза өмүрлүк жары Алмурза кызы Салима менен Самаркандда кооперативдик институтунун окуп жүргөндө эле таанышып, акыры ысык сүйүүнүн натыйжасында үйлөнүшүп тун кыздары төрөлүп, бирге окуган студенттер жаңы төрөлгөн наристени Рано деп аташат. Рано деген тажик элинин сулуу, акылдуу дегендей маанини туюндурса керек деп ойлойм. Андан кийинки кызы Чолпон жана уулу Эрмектер. Белек беш неберелүү, уул-кыздарынын төрлөрүнүн куту.*

Аралап чарба тармагын,
Алп ура билим алганың.
Айылда иштеп тынымсыз,
Аракет күчүң арнадың.
Алып сатуу жагы жок...
Андан соң аны жандадың.

Эсинден кетпей жарагы,
Элестеп соода тармагы.
Эсеп-чот жагын үйрөнө,
Эрк-күчтү толук арнады.
Эзиле сүйүп колукту (С.....)
Элире боосун кармады.

Татына турмуш тердетти,
Төрөлүп балдар эр жетти.
Татыктуу жүрүп иштери,
Табышты уулу Эрмекти.
Тал чыбыктай буралып
Түбөлүк жары бермети.

Оомат келсе келе берээр,
Очор-бачар неберелер.
Очорулган карылык бар
Ооруп кээде делебелер.
Оо жараткан! Биз ыраазы,
Орун басаар – чеберелер.

*$18^{\underline{07}}$ 14.VIII.05-ж.*

## НУРГАЗЫ КЕЛИНИ САЛИМА (АЛМУРЗА КЫЗЫ)



*Салима айым 1946-жылы 13-сентябрда Жалалабад областына караштуу Токтогул районунун Чолпоната айылында төрөлгөн. Айылда окуп орто билимге ээ болуп жетилүү аттестатын алган Салима 1965-жылы Самаркандтагы кооператив институтуна тапшырып 1969-жылы ийгиликтүү бүтүрүп жогорку билимдин дипломуна ээ болот. Жогоруда айтылгандай институтта окуп жүрүп өмүрлүк жары Белек мырза менен баш кошуп бактылуу жашоолорун бирге өткөрүшөт.*

*Институтту бүткөндөн кийин Салиманын эмгек жолу өмүрлүк жолдошу Нургазы уулу Белектин ишине байланыштуу болду. Белек кайда иштесе Салима айым да ошол мекемеде иштөөгө туура келди (бул табихый иш десек да болот). Качан, кайда иштебесин соода тармагында, товаровед, жетекчинин орун басары кызматтарында үзүрлүү эмгектенген. Бул эмгектери текке кеткен жок, жетекчилер, Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып Ардак Грамота, баалуу белектер, сыйлыктар менен сыйланган.*

*Белек экөөнүн Рано, Чолпон жана Эрмектери бар. Алардын бардыгы үй-жай күтүшүп: Жамила, Бектемир, Искендер, Асел жана Эрмека... ларынын бактылуу чоң ата-энелери.*

Салима сылык-сыпаа айымдардан,
Сый-урмат мейман болсо дайындалган.
Сизиң деп, берээрине ашы дайын...
Сыймыгы үйдө байы Белек бардан.
Сарыэсеп салып ар бир иштерине,
Сарамжал жан үрөгөн сүйкүм жардан.

Соода сатык тармагын,
Сопсонун эле кармадың.
Сүйүү бул жыргал жашоо деп,
Сүйгөнүңө бүт өмүрүң арнадың.

«Сен» дебей «сиз» дээр дайыма,
Сүйгөнүң – Белек – ардагың.

Кыз узатып келин алдың,
Кол узарып жыргап калдың.
Куда күтө, сыйың арнап
Кымызын куйа кантың салдың.
«Куту» болуп төрүңүздүн
Каситеттүү Белек жардын.

*$18^{32}$ 14.VIII.05-ж.*

## БЕЛЕК КЫЗЫ РАНО



*Ар бир эле адамды жашоосунун эң сонун күндөрү бул студенттик күндөрү эмеспи. Белек менен Салиманын да студенттик күндөрү Самарканд шаарында өттү. Институтка өткөн күндөн эле экөөнүн бири-бирине көз караштары оттой чагылышып дегендей таттуу сүйүүгө малынышты. Акыры биринчи курсту бүтөөр менен баш кошушту. 1967-жылы 5-февралда көз жарып тун кызы төрөлдү. Бирге окуган студенттер болбой атышып Рано деп ысым арнашты. Анысына да макул, макул болбоско арга канча, атаны кайран студенттик күндөр ай десеңиз.*

*Рано кызыбыз окуусун Ош шаарындагы Киров орто мектебинде окуп 1984-жылы орто билимге ээ болот. Ошол эле жылы Бишкектеги Мамлекеттик Университетке өтүп 1989-жылы жогорку билимдүү дипломдуу адис болот. Эмгек жолун Жалалабат шаарындагы универсалдык соода базасында иштеп баштаган. Андан кийин финансы министрлигинин казначействосунун жетекчиси болуп узак-узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. Бүгүнкү күндө кирпич заводунда башкы бухгалтер болуп иштөөдө.*

*Кызы Жамила славян институтунун экинчи курсунун студенти:*

Апакең айтса өз дедиң,
Атанын сөзүн – сөз дедиң.
Айттырбай баарын орундап
Ак тилегин – көздөдүң...

Жаныңды үрөп тепе-тең,
Жүрөккө сүйкүм тең экен.
Жогорку окуу жайында
Жамила кызың – берекең.
Жибектей болуп чойулуп,
Жараткан өзү кең экен.

*18[47] 14. VIII. 05-ж.*

## БЕЛЕК КЫЗЫ ЧОЛПОН



*Чолпон кызыбыз 1968-жылы 6-июлда Ош шаарында төрөлгөн. Ош шаарындагы Киров атындагы орто мектепте окуп жүрүп 1985-жылы орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болгон. Ошол эле жылы Бишкектеги мамлекеттик медициналык институтуна өтүп ийгиликтүү аяктайт.*

*Эмгек жолун 1991-жылы Базаркоргон районунда баштаган. Андан кийин Ошто врач болуп ишин улантты.*

*Чолпон өмүрлүк жары Бакытбек менен баш кошуп бактылуу өмүр сүрүшүүдө. Экөө эки уулдуу болушту: Бектемир жана Искендер деген алар мектеп окуучулары.*

Тамырың кармап билалган,
Тагдырың ага тил алган.
Так аткарып айтканын,
Таасирин анын бил абдан.

Ачыгын ала шартталды,
Алдынан ала дарттарды.
Азабын чеккен кеселдер,
Атайы барып катталды.
Анализ кыла далайлар...
Айтканын толук аткарды.

Көтөрүп көңүл чөккөндүн,
Көңүлүн алып көптөрдүн.
Кызматында кыргыздын...
Кылымды артка бөктөрдүң.
Керемет акыл оюңуз...
Калкыңа кызмат өткөргүн.

*21$^{07}$ 14.VIII. 05-ж.*

## БЕЛЕК УУЛУ ЭРМЕК



*Эрмек мырза 1977-жылы 28-февралда Ош шаарында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тарбиясында жүрүп 1984-жылы Оштогу Керметоо орто мектебинен босогосун аттап окуусун баштаган, 1994-жылы аны ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Ошол эле жылы Оштогу политехникалык институтуна өтүп окуй баштайт, 1995-жылы Бишкектеги Университетине которулуп аны 2000-жылы ийгиликтүү аяктайт. Жашоо-турмуштун агымына ылайык Эрмек бүгүнкү күндө окуусун дагы улантууда.*

*Эрмек уулубуз жаштайынан ата-эненин турмушка татыктуу жактарын алып соода-сатык тармагына өтө дилгир болуп чоңойду. Бүгүнкү күндө доордун талабына ылайык зор бизнесмендердин бири, Дордой базарында чоң кафеси бар, ондогон, жүздөгөн адамдарды иш менен камсыз кылгандардан.*

*Эрмек үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Айдана менен Асел жана Эрмека аттуу кыздары бар. 2002-жылдары Жайыл атанын эстелиги курула баштаганда Эрмек мырза да четте калган жок. Бүгүнкү Жайыл баатыр китебинин экинчи томдугунун чыгышына да өз үлүшүн кошкон эр азаматтардан, экендиги менен сыймыктанабыз.*

Атанын жолун жолдогон,
Ар дайым ишин колдогон.
Ар намыс үчүн жан үрөөр,
Ага-ини бизде ондогон.
Ата-мекен эл-журтта,
Андайга орун ордодон.

Назарың сала келгениң,
Намыз деп көмөк бергениң.
Наар албай эли-журт үчүн,
Намызга жарап эрдедиң.
Натыйжалуу ишиң көп,
Нарктуу жан уулу Эрмегим.

Таалимин алып атанын,
Татымын ооба таталдың.
Тактыгың менен калкыңа,
Татыктуу мырза аталгын.
Тилегин элдин орундап.
Тартынба элден бата алгын.

*$5^{21}$ 15.VIII.05-ж.*

## СЕГИЗБАЙ УУЛУ БЕКТУРГАН



*Элибизде «аккан арыктан суу агат» – дегендей, Сегизбай атабыз да кудай колдогон эл арасында кадыр-барктуу ары дөөлөттүү, ары сөөлөттүү инсандардан болгондугу жөнүндө карапайым калк арасында куду бүгүн да кеңири кептер болууда. Анын төрт уул эки кызы бар.*

*Тун уулу Ниязалы 1903-жылы төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясында таалимин алып эр жетет, жаштайынан тырышчаак келип окууга шыктуу экен. Араб тилин кеңири өздөштүрүп окуп жаза алчу тура. Кийин Совет Өкмөтү орногондо колхоздун катчысы болуп үзүрлүү эмгектенген.*

*Экинчи уулу Нургазы атабыз 1909-жылы төрөлөт. Кийин колхоз уюшулганда чарбанын ар кандай жетекчилик иштерин абийирдүүлүк менен аткарган. Нургазы атадан Токтор эжебиз жана Белек агабыз. Токтор эже он алты жашында эле каза болуп калат. Ал эми Белек мырза жөнүндө Жайыл баатыр китебинин биринчи томунун ____ бетинде кеңири маалыматтар бар. Белектин Рано, Чолпон жана Эрмек аттуу уул-кыздары, ошондой эле Жамила, Бектемир, Искен, Эр____ жана Асел аттуу неберелери бар.*

*Бекбоо агабыз 1922-жылы төрөлгөн. 1941-жылы Ата Мекендик согушта эли-жерди коргоого кетип кайтпай калган.*

*Бектурган атабыз болсо 1914-жылы Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Атабыз Сегизбай менен энебиз Ширинбүбүнүн тарбиясында чоңойуп эр жеткен. Ата-эне уулун адилеттикке, калыстыкка, акыйкаттыкка, ак көңүлдүккө, кең пейилдикке, мээримдүү, кайрымдуулукка үндөп тарбиялаган.*

*Айылдык мектепте окуп сабатсыздыгын жойуп колхоздоштуруу учурунда чарбанын активдүү жетекчилеринен болуп эмгектенген. Бектурган аганын уюштуруу жөндөмдүүлүгүн, өз алдынча иштей билгендигин эске алып райондун жетекчилери 1958-жылы Большевик колхозуна башкармалыгына дайындашкан. Бектурган ага жанын үрөп эмгектенүүнүн негизинде чарбанын чечилбеген көптөгөн иштерин өз*

*убагында оңдоп арттагы чарбаны райондук деңгээлде алдыңкы катарга чыгарган жетекчилерден болгон.*

*Кийинки жылдары чарбанын мал чарбасын жетектеп жылкы фермасынын башчысы да болуп жемиштүү иштешип жүрүп кырк тогуз жашында (төрт мүчөл жашка толгондо) кокустан каза болгон.*

*Бектурган агабыз өмүрлүк жары Анипа жеңе менен баш кошуп ынтымактуу, бактылуу өмүр сүрүшөт. Алар сегиз уул, үч кыздуу болушат. Анипа жеңебиз бактылуу Баатыр Энелерден. Кыздары: Мырзагүл, Апаркүл жана Сайрагүл. Уулдары болсо: Анарбек, Жеңишбек, Жолдошбек, Ысмайыл, Айнабек, Нааматбек, Айнакул жана Капарбектер.*




*Бектурган ага менен Анипа жеңенин неберелери: Малик, Динара, Таалайбек, Канатбек, Жеңишбек, Жамиля, Айнура, Акылбек, Чынара, Нургүл, Бермет, Эркинбек, Талант, Назгүл, Тилек, Чыңгыз, Нурбек, Айбек, Эмил, Каныбек, Бакыт, Ширин жана Аруун...*

*Бектур ага менен Анипа жеңелердин чөбөрөлөрү: Жантай, Бегимай, Канай, Айжан, Айсалкын, Дамир, Амантур, Дарья, Айгерим, Эркайым, Аким, Бектур, Эрнар ... жана-жана...*

*Өтө кубанычтуу жери неберелеринин көбү жогорку билимдүү адистерден болуп өз алдыларынча иштей башташканы. Чөбөрөлөрү болсо бала-бакчадан тарбияланып таалим-тарбиясын алып Бектур ага менен Анипа жеңенин көчүн улантышууда.*

Бөлүнүп чыккан жаштардан
Башкарма элең башкарган.
Бийлигиң мыйзам сыңары,
«Биз» десең үнүң таш жарган.
Боорукер, мээрим, ак көңүл,
Берээрге ашың ... шашкандан.

Активи болуп чарбанын,
Акыйкат ооба, кармадың.
Алдырбай алдым-жуттумга,
Адилдик жолду тандадың.
Акылды калчап дайыма
Арамдык ишке барбадың.

Бала деп ооба жалынмай,
Балдарың сүйүп жаныңдай.
Балалуу үйлөр базардай...
Бак берсе неге таарынмай.
Балабыз баскан «изибиз»,
Балбылдап жашоо шамындай.

*$23^{\underline{34}}$ 9.VIII.05-ж.*

## СЕГИЗБАЙ КЕЛИНИ АНИПА (МИҢБАЙ КЫЗЫ)



*Анипа жеңебиз 1919-жылы 26-январда Жайыл районуна караштуу Бөксөжол айылында төрөлгөн. Ата-эненин тарбиясын алып бойго жетет, 1936-жылы Бектурган ага менен баш кошуп бактылуу жашоолорун уланткан. Анипа жеңебиздин колунан көөрү төгүлгөн өтө чебер уз чебер айым болгон экен (бычмачылык, тикмечилик, курак куроо ж.б.). Мындай ишмерлиги менен барабар кат сабаты жоюлган, ар кандай иштерди уюштурууга жөндөмдүү кызматкерлерден болгон.*

*Өкүнүчтүү жери Бектурган ага менен 27 (жыйырма жети) жыл эле бирге жашап 44 (кырк төрт) жашында агабыздан ажырап калып отурбайбы. Агабыз менен тапкан сегиз уул үч кызды багып чоңойтту, окутуп аларды тарбиялоо бүтүндөй Анипа жеңинин үлүшүнө туш келет. Алардын ар бирин окутуп жогорку билимдүү болушуна жетишүү менен бирге уулдарын үйлөндүрүп, кыздарын тушмушка узатып үй бүлөдөгү атанын да эненин да милдетин аткарууга аргасыз болду.*

*Анипа жеңе Бектурган агадан кийин 35 (отуз беш) жыл жашап балдар-кыздарынын туу тутаар* ***«БААТЫР ЭНЕСИ»*** *төрлөрүнүн куту боло алды. Ооба, Анипа жеңенин ишмердүүлүгү, чеберчилиги келиндери Догдурбүбүгө жана Нургүлгө ошондой эле небереси Жамийлалар улантууда.*

Алтындай болгон жеңебиз,
Актыгын айтып беребиз.
Сегиз уул, үч кыз төрөгөн
Баатырдын баатыры элесиз.

Бакчада багып балдарын,
Бүк түшө тыным албадың.
Бөпөлөп жүрүп өстүрдүн,
Башым деп ыйлап калганын.
Балам бул, бактым деп жүрүп
Бүт өмүрүң арнадың.

Орозгер ичи күтүнүү,
Очоктон булап түтүнү.
От табы «алоо» болгондо,
Оргуштай кайнай сүтүңү.
Ооматтуу жашоо өзүңдөн
Ошондой жашоо бүтүмү.

Тамагын бере бөпөлөп,
Тамтаңдап басса көкөлөп.
Тай-тайлап ата-энелер
Тамылжый күлөт экөөлөп.
Түнү-күн тыным албастан
Тилегин-тилеп көтөрөт.

*$01^{28}$ 10. VIII. 05-ж.*



## БЕКТУРГАН УУЛУ ЖЕҢИШБЕК

*Жеңишбек мырза 1944-жылы 18-августа Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Өзүңүздөр баамдагандай Советтик жоокерлер немистерди сүрө качырып Советтер Союзунун баардык аймагынан кууп чыгып бараткaнда Бектурган ага менен Анипа жеңенин наристеси төрөлүп, атын атайылап Жеңишбек деп аташат, жергебизге жеңишти алып келсин деген тилекте.*

*Айылда ата-эненин таалим-тарбиясын алып эр азамат болгон Жеңишбек орто мектепти ийгиликтүү бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болот. Айылда чарбанын ар кандай иштеринде эмгектенип жүрүп 1965-жылы Фрунзе шаарындагы сүт заводуна ишке орношуп иштеп калат. 1966-жылы Фрунзедеги курулуш техникумуна өтүп окуусун улантткан. 1968-жылы күтүлбөгөн кырсык «шул» ажал Жеңишбекти түбөлүк келгис сапарына алып кетет. Мына армандуу дүнүйө деп, ушуну айтыңыз... Жашоонун үзүрүн көрбөй ширин татымын татпай 24 (жыйырма төрт) жашында түбөлүккө көз жумду. Бир боор туугандарынын сый-урматы Жеңишбегибизге буйрубай да калды. Алардын туу тутунаар сыймыгы боло албай арманда кете берди.*

Жароокер жайың көрүнүп,
Жүзүндөн нуруң төгүлүп.
Жайдары эле Жеңишбек,
Атуучу таңдай сөгүлүп...
Жаралган элең өзгөчө,
Жигерден туйа бөлүнүп.

Жалындап күйүп муң кайгы,
Жаштыгың жалын турбайбы.
Жүзүнөн күлкү кетпеген...
Жүрөктү эзе сыздайбы.
Жүйөөсүз кырсык... айла жок...
Жүргөндү кудай урбайбы?

Ажалды кимдер кармаган,
Ажалга барбы барбаган.
Акыры жетип түбүңө
Аймады ажал арбаган.
Арбагың болсун ыраазы
Ага-ини ырын арнаган.

Аксакал кары болмоксуң,
Алтымыш жашка толмоксуң.
Ардагы болуп төрлөрдүн
Азбы-көп мейман конмоксуң.
Алпештөө бизден буйрубай
Арбаксың ооба «сен» жоксуң.

Армансыз жашоо болбогон,
Арман күн жанды кордогон.
Ак ийилип сынбаган,
Акыйкат турмуш орногон.
Адилдик өкүм сүрбөсө...
Андайлар абдан шорлогон.

*$3^{17}$ 10.VIII.05-ж.*

## СЕГИЗБАЕВ ЫСМАЙЫЛ



*Ысмайыл мырза 1949-жылы 24-июлда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылда ата-эненин татыктуу тарбиясында эр жетип, мектеп босогосун аттап 1967-жылы орто мектепти бүтүрүп, жетилүү аттестатына ээ болгон. 1968–1972-жылдары Алматы шаарындагы политехникалык окуу жайында окуп билим алып дипломго ээ болгон. 1972–1974-жылдары Бишкек шаарындагы Кыргызторгмонтаж комбинатында мастер болуп үзүрлүү эмгектенген. Ушул эле комбинаттын Ош шаарындагы филиалында 1975-жылдан өмүрүнүн акырына чейин (1993-жылдын 7-майына) үзүрлүү эмгектенип көптөгөн эмгектеги ийгиликтерге жетише алган.*

*Күтүлбөгөн шум ажал Ысмайылды арабыздан алды да кетти. Боздоп-ыйлап-сыздап, бармакты жара чайнап кала бердик, ажалга айла жок турбайбы, арга канча?*

*Ысмайыл инибиз өмүрлүк жары Зуура менен баш кошуп, аз да болсо бактылуу өмүр сүрүштү. Тун кыздуу болушуп атын Назира деп койушту. Назира да окуп орто билимге ээ болгондон кийин Бишкектеги Политехникалык институттун технология факультетине өтүп ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимдүү адис болду. Бүгүнкү күндө Москва шаарында жемиштүү эмгектенүүдө.*

*Кенже кызы Айнура И. Арабаев атындагы Университеттин чет тилдер факультетин бүтүргөн. Бүгүнкү күндө Айнура Австралияда үзүрлүү эмгектенүүдө.*

«Уу-дуу» болуп, дайым чуркап иш дедиң,
Уул-кыздын ысык чайын ичпедиң.
Уулдан урмат, кыздан кызмат көрөөрдө,
Умсунууда кетип ооба күч демиң.

*Ысмайылдын уулу Нурлан жөнүндө атайын токтолгонубуз оң болоор.*



# ЫСМАЙЫЛ УУЛУ НУРЛАН

*Нурлан мырза 1977-жылы 3-январда Республикабыздын түштүк регионунда, Кыргыз Республикасынын экинчи борбору Ош шаарында төрөлгөн. Ата-энесинин таалим-тарбиясын алган эр азаматтардан боло алды. Мектеп босогосун аттап окуп орто мектепти 1994-жылы борборубуздагы №48 орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болот. Ошол эле жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп жогорку билимдүү дипломуна банктык иштер боюнча адистерден болуп чыгат. Азыркы учурда борбор шаарыбыздагы «Азия Универсалбанктын жетектөөчү адиси» болуп жемиштүү эмгектенүүдө.*

*Нурлан үй бүлөлүү, өмүрлүк жары Асел да жогорку билимдүү адис, банкта аудитор болуп иштейт. Алардын тун кызы Айгерим балдар бакчасында тарбиланууда. Нурлан жаштайынан шахмат оюнуна кызыккандардан, райондук, шаардык жана республикалык мелдештерге активдүү катышып бир топ баалуу сыйлыктарга татыктуу боло алган.*

## БЕКТУРГАН КЫЗЫ АПАРКҮЛ СЕГИЗБАЕВА



*Апаркүл карындашыбыз 1954-жылы 7-мартында Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-энесинин тарбиясын алып 1961-жылы мектеп босогосун аттап биринчи класстан окуй баштаган. Сабагын ар дайым тырышып окуу менен 1971-жылы орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болот. Көпчүлүк жаштардай эле Апаркүл да билим алууну көксөп Жалалабаттдагы кооперативдин окуу жайына өтүп окуп бухгалтердик кесипке ээ болгон.*

*Апаркүл эмгек жолун өзүнүн алган адистиги боюнча иштей баштаган. 1976-жылы Кыргыз Республикасынын туризм жана саякат кеңешине ишке орношуп ошондон бери ушул мекеменин башкы бухгалтери болуп жемиштүү эмгектенүүдө. Эмгектеги жетишкен ийгиликтери өз учурунда бааланып министрлик, Өкмөт тарабынан жогору бааланып Ардак Грамоталар, баалуу сыйлыктар, белектер менен үзбөй сыйланууда.*

*Апаркүлдүн Жибек атуу кызы бар, Бишкектеги Токтогул Сатылганов атындагы окуу тарбия комплексинин бешинчи классынын окуучусу.*

*Апаркүл бир караганга кыргыздын карапайым момун сабырлуу, токтоо кыздарынын бири, анын өзгөчөлүгү ар намысты туу туткан керек болгон учурда не бир эр азаматтардын колунан келбеген жоопттуу иштерди кабагым-кашым дебей өтөсүнөн чыккан кең пейил мээримдүүлүгү, кайрымдуулугун ар ким эле биле бербес. Буларды бөтөнчө белгилеп жатышыбыздын дагы жүйөлүү себептери бар. Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугу жарык көргөнүнө бир жылдын жүзү болуп калганы менен айрым төбөсү көк тиреген илим-билимдүү кызматкерлери кош алаканындагы сокур тыйынын токсон тогуз санап жатып бир китеп алууга жарабагандары да бар экенине күбө болдук. Ал эми Апаркүл болсо жеке өзү эле албай айылдагы ага-туугандарынын баар-*

*дыгына бирден ыроолоп Жайыл баатыр китебин алып тартуулаган айым.*

*Жайыл баатыр китебинин экинчи томдугуна өз ыктыяры менен анын жарык көрүшүнө жардамын берүүдө көмөгүн көрсөтүүдөн аянбагандыгын белгилей кеткенибиз оң болоор.*

Эне сүйкүм түбөлүктүү жарыңар,
Эне мээрим керек болсо арыңар.
Энекенин этегинде бейишим...
Эй дебестен, таазим кылчу баарыңар.
Эне бейпил элдин камын көрүүчү...
Элдин куту – энекелеп жалынаар.

Намыз дээр барга-жокко тең экенсиз,
Нарктуу жан сар-санаадан бек экенсиз.
Намызын эли-журттун колго алган,
Назарлуу мээрим төгө кең экенсиз.
Нарктангын наркың билсин калайык калк,
Намызды колдон бербес берекебиз.

Эбегейсиз бүт дүйнөгө таралган,
Эне деген намыс үчүн жаралган.
Элжиреөдө наристени бөпөлөп,
Эне сүтүн эмбеген жок жарандан.
Эр азамат жарабаган иштерге...
Энелер бар Апаркүлдөй жараган.

*$14^{\underline{02}}$ 6.VIII.05-ж.*

## АЙБЕК КЫЗЫ ЖИБЕК



*Жибек кызыбыз 1994-жылы 20-апрелде Бишкек шаарында төрөлгөн. Жибек кызыбыз кыргыздар кылымдардан бери жетпеген өз эгемендигин колуна алгандан кийин төрөлгөн наристелерден. Ата-эненин татыктуу таалим-тарбиясына канып, алды менен балдар бакчасында тарбияланып андан соң борборубуздагы №69 мектеп босогосун аттаган. Бүгүнкү күндө бешинчи класстын эң жакшы окуган, үлгүлүү окуучуларынан.*

Жүзүнөн нуру төгүлгөн,
Жылмая күлүп көңүлдөн.
Жан үрөп окуп күнү-түн
Билимге сүңгүп чөмүлгөн.
Сүйүнүп эне жүрөгү...
Чайыңды ичсин төрүңдөн.

Аткарып бардык талабын,
Айттырбай окуп сабагын.
Апаңдын көөнүн көтөрөөр,
Ачыгы сенин кабагың.
Ата-мекен эл үчүн...
Ак ниет ишке жарагын.

Көөдөнүмдөн сүйүп жанган жигерим,
Күтөөр үмүт, туу көтөрөөр тирегим.
Күндүгүнө жорго минип жашооңо,
Күлүп-жайнап жыргай бергин тилегим.
Кыргызыңа кызматыңды аткаргын,
Күн нуруңдай төгүлөгөр Жибегим.

*$10^{47}$ 29. VIII. 05-ж.*



## БЕКТУРГАН УУЛУ КАПАР (СЕГИЗБАЕВ)

*Капар инибиз 1962-жылы 21-майда Жайыл районуна караштуу Эриктүү айылында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тарбиясына толук сугарылып мектеп босогосун аттаган. 1979-жылы айылдан орто мектепти үлгүлүү аяктап жетилүү аттестатына да ээ болот. Орто мектепти бүтүргөн Капар өзү туулуп-өскөн айылдагы чарбанын ар кандай иштерине кол кабыш кылып иштеп калат. 1980-жылы Капар көп катары Советтик Армиянын курамына чакырылып кызматын абийирдүүлүк менен өтөп келген.*

*Армиядан келген Капар 1982-жылы Фрунзедеги кооперативный техникумуна өтүп, аны ийгиликтүү окуп 1984-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун алган адистиги боюнча товаровед болуп иштөөдөн баштаган. Карабалтадагы коопторгдо товаровед болуп иштеп жүрүп 1985-жылы райфин бөлүмүндө финансовой инспектор болуп дайындалган. 1987–1992-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетине өтүп, аны ийгиликтүү аяктап жогорку билимдүү экономист деген дипломуна ээ болгон. 1991-жылдан баштап Жайыл райондук салык инспекциясында эмгектене баштайт, 1993-жылы Капар мырза бөлүм башчылыгына дайындалат. Бүгүнкү күнгө чейин салык инспекциясынын белдүү жетекчилеринен болуп жемиштүү ишин улантууда, Биринчи рангадагы кызматкер (Капитан).*

*Ооба Капар мырза да өмүрлүк жары Айым менен баш кошуп бактылуу жашоолорун улантышууда. Тун уулдары Бакыт юридика факультетинин IV-курсунун студенти. Кыздары Ширин Карабалтадагы техникумдун экинчи курсунун студенти, кенже уулу Арун 7-класстын окуучусу. Кудайым буйруса Капар менен Айымдын келин алып, кыз узатып, куда-сөөк күтүп кадыр-баркка да ээ болоор мезгилдери жетип келди... Айым жогорку билимди эл агартуу тармагынын адистеринен, тажрыйбалуу, таалимдүү – мугалимдерден.*

Салыгын топтоп элиңдин,
Сапатын тактап жериңдин
Санаадан чыкпай иштериң
Сарсанаа боло берилдиң.
Сар эсеп менен иликтеп
Сарамжал мырза дедирдиң.

Белсенип таппас айыбын,
Билерман жанга кабылган.
Билгизбей үйдө бар-жокту,
Байкалды элге дайыныӊ.
Билимин берип балдарга,
Берекең үйдө – Айымың.

Кыз узап келин алаарсың,
Куда-сөөк күтүп калаарсың.
Кудайдан күткүн жакшылык,
Кумардан куунап тараарсың.
Карым-катыш дос-жолдош,
Келиң деп бирден санаарсың.

*15$^{00}$ 7.VIII.05-ж.*

## СМАНКУЛ УУЛУ АБЖАНБЕК (АБЫТАЙ)



*Абытай агабыз 1935-жылы 21-июнда Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Өзүңүздөр көргөндөй Совет Өкмөтү эми орношуп, айылдардан бай-манаптар тап катары жойулуп, колхоздоштуруунун кызуу жүргөн учуру эмес беле. Элдин турмушу эптеп-септеп өтүп жаткан мезгили. Абытай агабыз айылдагы мектепте окуп толук эмес орто билимин ала алды. Балалык балдай мезгили Ата Мекендик согуштун күчөгөн учуруна туш келип кыйынчылыктарды көп тартты. Айылда алгачкылардан болуп Фрунзе шаарына келип айдоочулук (шоферлук) курсун бүтүрүп келип Карабалтадагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада үзүрлүү эмгектене алды.*

*Кийинки жылдары райондук типографияга кызматка орношуп, өмүрүнүн акырына чейин ошол ишти аркалап келди. Эмгеги Өкмөт тарабынан бааланып ар кандай сыйлыктарга татыктуу боло алды.*

*Өмүрлүк жары Токон жеңе менен баш кошуп бала-чакалуу болуп, балдар-кыздарынын баардыгы үй-жай күтүшүп өз очокторунан түтүн булатууга жетише алышты. Сатаркул, Бакыт, Таалай аттуу уулдары, Динара, Дилбара, Айзада аттуу кыздары бар.*

*Агабыздын атын өчүрбөй, өзүңөр көргөндөй уул-кыздары да очор-бачар болуп, бала-чакалуу болушту. Небере-чөбөрөлөрүнүн кумарына канып-канбай кете беришти.*

Жарк этип, кабак түйбөгөн,
Жакшына кебин сүйлөгөн.
Жүйөлүү болуп кеп-кеңеш,
Жөнсүздү жакшы көрбөгөн.
Жең учунан күбүрөп,
Журт ичин такыр бөлбөгөн.

*7.IX.05-ж.*

## СУРАНАЕВ ТЯНАРБЕК



*Тянарбек мырза 1945-жылы 31-январда Нарын шаарында төрөлгөн. Нарын шаарында төрөлүшүнүн сырдуу түйүнү агабыз Жангазы Тянарбектин атасы 1944–1947-жылдары Нарын обкомкомсомол уюмунун секретары болуп иштеген. 1947–1948-жылдары Кемин райондук аткаруу комитетинин төрагасы, 1949-жылдан баштап Чүй обком партиясында жемиштүү эмгектенген. Ошого байланыштуу уулу Тянарбектин жашоо турмушу ата-энеси Жангазы байке менен Түнкатар жеңелер менен бирге болглондугу табихый иш эмеспи. Ата-эненин таалим-тарбиясын алган Тянарбек мектеп босогосун аттап сабагынан тырышып жакшы окуду. Он жылдыкты бүтүрүп жетилүү аттестатын алган инибиз Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүрүп жогорку билимдүү (дипломдуу) адис болуп чыгат.*

*Эмгек жолун өз адистиги боюнча катардагы экономистиктен баштап, бара-бара такшалган бакшы адис, бөлүмдүн башчысы жана дагы ушундай кызматтардын неченин башынан өткөрөт.*

*Өзгөчө белгилей кете турган нерсе Тянарбекти кызыктырган кыргыз элинин байыркы тарыхы болуп отурат. Ар кандай тарыхый маалыматтарга сүңгүп кирип, библиотекадан библиотекалардагы маалыматтарга өтө кызыгып эмгектенүүсүн уланткан. Жасаган аракеттери текке кеткен жок, алды менен өзүнүн жети атасын териштирип, кыргыз эли үчүн опол тоодой кызмат кылса да аты аталбай көмүскөдө калган түпкү аталарынын бири Жайыл бий баатыр болгон. Бийликтин эки тизгин бир чылбыры колго тийгенден кийин ата-бабабыздын, журтубуздун өткөн тарыхына кызыгып Жайыл баатырдын эрдигин иликтеп өз эли-журтун сырткы баскынчылардан бошотуу үчүн жасаган иши, жүргүзгөн саясаты, согуштагы жеке баатырдыгы, кол башчылык уюштуруу жөндөмүн чагылдырып бий Жайыл баатыр аттуу тарыхый маалыматтарын китеп кылып жазган, Жайыл атанын тукумунан чыккан алгачкы автор экендиги менен Тянарбек инибиз өзгөчөлөнөт.*

## СҮЙҮНДҮК УУЛУ ТУРАТБЕК



*Туратбек мырза 1957-жылы 16-январда Жайыл районунун Эриктүү айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкьы ийгиликтүү аяктагандан кийин Фрунзедеги дене тарбия институтуна өтүп окуп жогорку билимдүү адистигине ээ болот.*

*Жогорку билимдүү адис комсомолдун жолдомосу менен 1980-жылы, Республикабыздын ички иштер министрлигинин карамагына кызматка жиберилген. Бул жерден Панфилов районунун ички иштер бөлүмүнө бөлүштүрүлөт. Панфилов районунун ички иштер жетекчилери жалындуу жаш жигиттин кайрат-күч кубатына ишенип Суусамыр өрөөнүнө участкалык инспекторлук орунга дайындашкан. Ооба, Суусамырдын 40 (кырк) градус суугунда Туратбек мырза кабагым-кашым дебей беш жыл эмгектенди. Сүлкүлдөгөн тоо арасындагы мен деген «суперлерди» – тартипке чакырды. Алды менен жаш бала экен дегендер бара-бара Туратбекти көргөндө жата калып салам берип калышты, урматташты, сыйлашты, кадырлашты. Булардын бардыгы Туратбектин талап-тартипти кармангандыгынан, акыйкаттыгынан кабар берип отурбайбы.*

*Такшалган, тажрыйба алган Туратбекти кийин Вознесеновка айылына участкалык инспекторлугуна которушту. Туратбектин зоболосу көтөрүлгөндөн көтөрүлүп райондогу ички иштер тармагында жоопту у кызматтарды аткарды. Токмок, Жайыл бүгүнкү күндө Панфилов районунун ички иштер башкармалыгынын орун басары болуп жемиштүү эмгектенүүдө. Катардагы ички иштер кызматкери болуп ишке киришкен Туратбек инибиз бүгүнкү күндө Республикабыздын ички иштер министрлигинин подполковниги, эртеңки полковник, генералы. 1995-жылы Улуттук университеттин юридика бөлөмүн да бүтүргөн.*

Атадан таалим таталдың,
Атанын уулу аталдың.
Ата-журт элим-жерим деп,
Ак тилек менен бата алдың.

Акыйкаттык туу болуп,
Азабын бердиң катаалдын.

Тетири оңун тактаган,
Темирдей тартип сактаган.
Териштирип жеринде...
Тартипке келсе мактаган.
Туу туткан актык иштерин
Туратым менен мактанам.

Актыкка журтту үндөгөн,
Ашыкча сүйлөп күлбөгөн.
Айыптуу чыкса алдынан,
Апкаарып көбү сүрдөгөн.
Ар-намысты жоготпой,
Акыл-эс менен жүр деген.

*6 $^{\underline{39}}$ 4. III. 05-ж*



## СҮЙҮНДҮК КЫЗЫ БАКТЫГҮЛ

*Бактыгүл карындашыбыз Жайыл районунун Алексеевка айылында 1961-жылы 16-январда төрөлгөн. Башталгыч класска ушул айыл мектебинде окуганы менен кийин он жылдыкты 1978-жылы Жонарык орто мектебинде бүтүргөн. Жетилүү аттестатына ээ болгон Бактыгүл жогорку окуу жайына өткөн (медицина институтуна).*

*Эмгек жолун Жайыл районундагы керек-жарак коомунун тамак ташуу тармагынын бухгалтери болуп иштөөдөн баштаган. Жалалабаттагы кооператив техникумун 1986-жылы сырттан окуп бүтүрүп «товаровед» адистигине ээ болгон. Алган адистиги боюнча Жайыл шаардык керек-жарак коомунда товаровед болуп эмгектене баштады. Бирдей эле учурда Карагандадагы кооператив институтунда окуп билим алып жүрүп 1994-жылы муну да сырттан окуп ийгиликтүү бүтүргөн.*

*Жогорку билимдүү Бактыгүл Карабалтадагы «НИКА» аттуу кооперативде башкы товаровед болуп иштеп жүрүп союз тарагандан кийин «Келечек» соода тармагында 1997-жылдан бери эмгектенүүдө.*

*Өмүрлүк жары өзү менен кошо иштешет. Уулу Ринаттан Диана, Алина аттуу неберелери бар.*

Окуу деп абдан күтүнгөн,
Окууну сырттан бүтүргөн.
Окутуучу дел болчу,
Өксүгүн таппай үтүрдөн.
Окуу-окуу деп жүрүп...
Окууга кетти бүтүн дем.

Келечек соода түйүнү,
Келечек үчүн күйүгүү.
Күнү-түн жүрүп соодада,
«Келечек» – ооба сүйүнүү.
Кереметтүү – келечек,
Келечек түйүн – үйүнү.

Ууртадың ата кешигин,
Уладың ата кесибин.
Урматтап улуу-кичүүнү,
Уулдун термеп бишигин.
Уулдан тапкан небере
Урматың бейиш-бешигиң.

*5[07] 5.III.05-ж.*

## СЫДЫК УУЛУ АШЫМАЛЫ



*Ашымалы Сыдык уулу 1940-жылы 7-ноябрда Панфилов районуна караштуу Ортокайрыма айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болгондон кийин пешенеге жазган тагдырдын буйругу менен эмгек жолуна түшүп жүрүп Республикабыздын ички иштер Министрлигинин курамына эмгектенүүгө өттү. Негизинен бул багытта өмүр бою үзүрлүү ишин улантып кыргыз эли-жеринин коопсуз жашоосу үчүн эл арасындагы алдым-жуттумдарга каршы тынымсыз күрөш жүргүздү. Ашымалынын талыкпаган кызматы, ишиндеги тактыгы райондук жетекчилердин көңүлдөрүнүн борборунда болду, ага тез эле офицерлик наам берип, участкалык инспекторлук кызматка дайындашкан.*

*Ашымалы мырза иштеген иши менен алектенип жүрүп Улуттук Мамлекеттик Университетинин тарых факультетине өтүп, аны ийгиликтүү аяктап жогорку билимдүү (дипломдуу) адис боло алды. Алган илим-билимин ишине айкалыштырып, өзүнүн адабият багытына болгон кызыгуусун да колдон чыгарган жок. Эртели кеч жаза койгон ыр саптары өз учурунда тынымсыз «Пионер» «Жаш ленинчи» гезиттеринен жарык көрүп турган болсо, акыркы жылдары «Чүй баяны» жана «Жаңы мезгил» гезиттерине үзбөй жарыялануyда.*

*Ашымалы ардактуу эс алууга чыкканы менен колунан калемин түшүргөн жок, ар дайым изденүүдө жазганы утуру жаңы ыр саптары. Өмүр бою эмгектенгенин Республикабыздын ички иштер Министрлиги да унутта калтырбай милициянын 80 (сексен) жылдыгына Ашымалы Сыдык уулуна юбилейлик медалы жана дагы баалуу сыйлыктары менен сыйланды.*

*Ашымалы жөнүндө кеңири маалыматтар Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунда толук чагылдырылган 320-беттеги №17 сүрөөдө, ал эми бул жолу Ашымалынын жашоосунун экинчи багыты болгон акындык дараметине токтолгонубуз оң болоор. Тагдырды кескен кембагал-*

*чылык экенин жашыра албайбыз, болбосо Ашымалы Сыдык уулунун ырлар жыйнагы алда качан эле жарык көрсө болмок. Эмне демекчибиз элибизде «үмүтсүз шайтан» – деген жүйөөлүү кеби бар, анын сыңарындай бүгүнкү күндө Ашымалынын ырлары өзүнчө жыйнак болуп чыгарууга типографияда даярдалып жатканын айткыбыз келет.*

*Акындын жарык көргөн ырларынын айрымдарын сиздерге тартуулоого уруксат этиңиздер.*

## ӨЙДӨЛӨЙ БЕРСИН АТА ЖУРТ

Байыртадан кыргыз уулу,
Түшүрбөй колдон тууну.
Эркиндигин сактаган,
ЭКИ МИҢ ЭКИ ЖҮЗ жылы.

Мамлекеттүүлүктүн жылында,
Каaларым кыргыз чынында.
Мейманды тосуп, узатып
Мээримиң төккүн кылымга.

Көтөрүп бийик желекти,
Көрсөтүп достук өнөктү.
Кредит алып жардамга,
Көгөрткүн шаарды, элетти.

Коррупция илдетин,
Кийинки жаштар билбесин.
Казына толуп, эл тоюп,
Кыргызстан дайым гүлдөсүн.

Азбы, көп кыйынчылыкта,
Азыркы жашоо турмушта.
Агайын-тууган, Ата журт
Аман бол жаз, жай, күз, кышта.

Колдосун дайым Теңирим,
Көгөрүп чөбү жеринин.
Көп элден өйдө болсо экен,
Кадыры кыргыз элимин.

Жакырлыкты жойгула,
Жааттashкanды койгула.
Жаңы жылда кааларым,
Ынтымактуу болгула.

Кыргыздын кыйла жол-жосун,
Кыскартып коюу болбосун.
Кадырла тилди, өнүктүр
Ким кой дейт «эркин» жолдосун.

Окуп бил билим тереңин,
Унутпа тилин энеңин.
Доклад жазып «орусча»,
Билимдүү менмин дебегин.

Ысык-көл, Нарын, Чүй, Талас,
Жалалабад, Баткен, Ош талаш.
Койгула куру чатакты,
Түп атаң Бакай, эр Манас.

Баарына берсин ынтымак,
Өчпөсүн күйгөн шам чырак.
Өйдөлөй берсин Ата журт,
Бабалар баскан жолду улап.

## ТҮШҮНСӨҢ

Бир келдим, келбейм кайра эгер кетсем,
Назданып жатаар жерде бийик өпкөм.
Тирүүмдө сыйлашалбай калсам кечир,
Унутулаар бул жалгандан бир күн өтсөм.
Пендебиз бул жалганда бир жашаган
Суу ичип, дем алабыз таза абадан.
Андыктан ар бирибиз бу жашоодо,
Арылбай жүрөлүчү ак батадан.
Адамдык сапатыбыз өтө бийик,
Жүрөлүк саламдашып башты ийип.
Асыл жан кокус бир күн өтүп кетсе,
Кур бекер кереги эмне бышып, күйүп.

Баарбыз эртеби же кечпи акыр,
Ажалга бир кездешээр биз мусапыр.
Андай болсо арам ойдон алыс болуп
Ат сойуп, аға чейин конок чакыр
Сиз, биз деп жаман айтпай сыйлашалы,
Бар кезде баа жетпеген адам жаны.
Өлгөн соң мактооң сенин кимге керек,
Тирүүсүндө турбасаң сыйлап аны.

## МАС

Мас бaратат, ары бери буйтап басып,
Буттары ал шордуунун ала качып.
Аралап чыла баскан жерден өтүп,
Асфальтка чалкасынан калды жатып.
Жыргал ай, сезбейт ысык аптабын да,
Боргулдап тердеп күйүп жатканын да.
Бейиштин төрүндө анан уктап жатып,
Калтырап турду таңдын атканында.
Шордуунун жанында жок сокур тыйын,
Табылбай элү грамм болду кыйын.
Темселеп «пахмел» сурап көрүнгөндөн,
Кетирди абийирин да адам сынын.
Барбы жок, билбейм анда намыс деген,
Баа жеткис акылыңан алыс белең.
Калтырап колун сунуп турганда аны,
Ай байкуш кайырчынын өзүн көрөм.
Ай иним, же карындаш, агам, эжем.
Кыргызбыз, биз эмеспиз бөлөк-бөтөн.
Ошондуктан пахмел сурап турганында,
Көргөндө ыза болуп күйүп кетем.
Аракты иче берсең жатып, туруп,
Айтаарым ай туугандар акмакчылык.
Калбайбы өтө бийик, өтө кымбат,
Адамдык сапатыңар унутулуп.

## ЖАШТЫКТЫН ЭЛЕСТЕРИ

Кыпкызыл, мандалактар, ландыш,жасмин,
Көйкөлөт шамалына мээлүүн жаздын.
Аромат, ажайып кооз салкын аба,
Аймалап турса улам келет баскың.
Ай укмуш тулаң чөбү, бетегеси,
Тартылып жаратылыш көшөгөсү.
Таң эрте күндүн нуру төгүлгөндө,
Тоолордун түшүп салкын көлөкөсү.
Күнгөйү кызыл, жашыл гүлгө толо,
Тулаң чөп баскан сайын бутка ороло.
Жаштыктын жан дүйнөсүн кытыгылап,
Сезимди жандандырып койсо боло.
Тоо гүлүнүн жытын искеп улам, улам,
Таң эрте тагдырыма тобоо кылам.
Жүрөккө соккон кандын деми менен,
Мен бүгүн жаштыгымды сезип турам.
Жаштыктын алоолонгон сезимдери,
Жанаша бирге баскан кечиндеги,
Ойлосом жүрөгүмдү эзип салды,
Ойноок кез, он сегиз жаш кезимдеги.

## ТИЙИП ЖАТАТ НАМЫСКА

Ар бир элдин үрп адаты, салты бар,
Айтсам уйгур, өзүбекте манты бар.
Кана жуурат, эжигейиң, күл азык,
Арак, «Самаш» болду ичээр кантыңар.
Өлүк чыкса өгүз, жылкы, кой союп,
Колунда жок кемчилиги оркойуп.
Турса деле, кур намыска алдырып
Аза күтпөй, арак ичмей той болуп.
Анан мактап семиз болсо жылкысы,
Атын атап, азамат деп, уул кызы,
Тойуп алып кетебиз да ойдо жок,
Анын кандай өтүп жатат турмушу.
Эгер арак болуп калса союшу,
Жаман сөздөн чыкпайт анын конушу.
Кыргызыма калса керек салт болуп,
Карайлаткан ушак сөздөр дал ушу.

Азыр кыргыз эркиндиктин доорунда,
Илим, билим, өнүп өскөн коомунда.
Өзгөртсөк дейм салтыбызды адатты,
Өз тагдыры турган кезде колунда.
А болбосо кала берип алыска,
Ары жоктор түшүп улам жарышка.
Бүгүн, кийин муундарыбыз кыйналып
Тийип жатат бул салтыңар намыска.

## ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВГЕ АРНАЙМЫН

Талпынып учкан куштай канат серпип,
Турганда лириканын күүсүн чертип.
Талантың таанылганда эми гана,
Таштады өмүрүңдү ажал кертип.

Эстеймин тулган жериң Сарыбулакты,
Аралап бетегени, аткулакты.
Жайлоодо тандап жаңы күлүк минип,
Тартчу элең такыр бербей сен улакты.

Көчөдөн кээде өткөрбөй уруп сөгүп,
Койгун деп айткан сайын сен көшөрүп.
Айтканыңды аткарчу элең билгениңдей,
Айласыз жүрөр элек биз көтөрүп.

Кээде мен жоруктарың эстей калам,
Ошондон нак Турардын өзүн табам.
Дайыма токтоо, бирок жини келсе,
Көк эле, кежир эле тил албаган.

Тууганбыз, түбү бирге айлым жакын,
Туйбаган, билбеген бар анын баркын.
Тулпардай лириканы таптап чапкан,
Турардай, Алыкулдай болбос акын.

Өлүмгө өкүнүчтүү ала барбы,
Өксүткөн өмүрүнөн акындарды.
Экөө тең аз жашады, бирок тирүү
Ырлары түбөлүккө элде калды.

*Ашымалы Сыдыков*
*Карабалта шаары*

## ТИЩЕНКО СТАНИСЛАВ НИКОЛАЕВИЧ



*Станислав Николаевич мырза кыргыздын түшүн жоорубаса да алар менен өз ой максатын кенен түшүндүрүп жана алардын сүйлөгөн сөздөрүн кенен кесири түшүнө алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Жогорку билимдүү айыл чарба адиси катары ал Республикабыздын чарбаларында өз адистиги боюнча башкаруу тармагында иштеп жүрүп район, областардын жетекчи кызматтарында да үзүрлүү узак жылдары эмгектенди. Бөтөнчө Теңир тоолуу Нарын областынын райондорунда жетекчи болуп иштеди. Акыркы жылдары Чүй областынын Жайыл райондун ветеринардык станциясынын жетекчиси болуп иштөө менен райондун аймагындагы айыл чарба малдарынын ондогон жугуштуу ооруларынын алдын алып аларды толук жок кылууга чоң салымын кошо алды. Айрыкча райондук ветеринардык адистерин уюштуруп алып, Жайыл район аралык ветеринардык лабораториясынын директору Замира Садыбакасовна менен көчмө лабораторияны уюштуруп Суусамыр өрөөнүндө малдарды бруцеллезго серологиялык текшерүүлөрдү үзгүлтүксүз жүргүзүп жүрүшүп, анын кескин азайышына жетишишкен.*

*Станислав Николаевичтин мындай жөндөмдүүлүктөрү Өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланып көптөгөн орден медал жана Ардак Грамоталар менен сыйланды. Бүгүнкү күндө Карабалта шаарынын мэри болуп дайындалып ийгиликтүү эмгектенүүдө.*

Ар күнү кирип түшүнө,
Ал дартты дароо түшүнө.
Алдын ала эмдетип
Азандан жөнөп ишине.
Алдырып канын текшертип,
Жугузбай дартын кишиге.

Катуу дарт болсо боорунан,
Калк камын көрө коруган.

Кызыктуу кептен сөз козгоп,
Кыргыздын түшүн жооруган.
Кыргызча сүйлөй албаган,
Киргизге боору ооруган.

Жан дили менен берилдиң,
Жыргалын ойлоп элиңдин.
Жугуштуу дартын жоготуп,
Жай ала жыргай керилдиң.
Жактырып шайлап алышты,
Шаар мэри! Эми темингин!

*8 39 2.V. 05-ж*

*Бөтөнчө белгилей кетүүчү нерсе Станислав Николаевич Кыргыз элинин өз доорунун баатыры Жайыл атанын арбагына таазим этип «Жайыл баатырдын экинчи китебинин (томдугунун) жарык көрүшүнө көмөк көрсөткөндүгү болуп отурат. Албетте зор ыраазычылыгыбызды билгизебиз.*

*Станислав Николаевичтен зоболосу, кызматы, дөөлөт-сөөлөтү алда канча жогору өзүбүздүн эле тукумдун мен-мен дегендери атанын арбагына таазим этүүнүн ордуна «мерседесте» мелтиреп көктү карагандар ондоп-жүздөп жүрүшпөйбү. Ылайым жолу болуп, тукуму өскүрлөр.*

## ТОКТОГУЛ МОЛДО НАРЫНБАЙ УУЛУ



*Токтогул атабыз 1896-жылы эл жайлоого көчкөндө Ысыккөл областынын Аксуу районуна караштуу Ташкыя айылында төрөлгөн. Жаштайынан өзүнө-өзү тың чыйрак өспүрүм жаштыгына карабай эл оозуна алына баштаган. Ата-энесине айттырбай үй чарбасындагы ар кандай иштерди өзү билип аткарган уландардан болгон. Элибизде «аккан арыктан суу агат» дегендей, Токтогул чоң ата, таяталарын тартып илим-билимге шыктанып ынтаасын койо баштайт. Ал учурдагы негизги окуу эле диндик окуу жайларынан (молдолордон окуп таалим-тарбия) билим алуу болгон.*

*Өтө кызыгы Токтогул атабыз жаш кезинен баштап эле түшүндө кадимкидей куран окуганы болгон. Демек Алла Тааламдын амири менен Теңирим тубаса касиет бергенин сезген ата энеси уулдарын Каракол шаарындагы өзбек чоң молдолорго берип илим-билим алуусуна өбөлгө түзүшөт. Табихатынан таланттуу улан болгон дитин койуп молдолуктун болгон окуусун толугу менен окуп бүтүрүп, өзү кырдуулар арасында да эл оозуна кеп боло баштайт. Молдолордун туу чокусу жеткен ар кандай «сырлуу дубаларды» окуугa жетишип, болгон жетишкендиктерин эл алдына тажрыйба түрүндө тартуулай алган. Бүгүнкү күндөгү айыл карыларынын айтымында Токтогул молдо «Касида» окугандыгы кеңири кептелет. Айыл ападагылар эле эмес, райондун аймагындагы коңшулаш айыл кыштактардан бери жин оорусу менен ооруган ар кандай адамдарды жедеп айлалары кеткенде Токтогул молдогo окутушчу турбайбы. Күнү-түнү тынбай окуган молдо ар кандай «жин», «шал» ооруларын кадимкидей сакайтып жибергенин көргөн-билгендер арбын. Ал эле эмес, Токтогул молдо касиданы окуганда к ерек болсо кар да жаадырчу, же тескерисинче алай-дүлөй болгон бороон-чапкынды токтотуп күнду чайыттай кылып ачып жиберчү деп бирге жүргөн жоро-жолдошторунун кеби алардын небере-чеберелерине чейин кеңири кеп-сөз болуп жүргөнүнө биз өзүбүз да күбө боло алдык.*

*Токтогул молдонун чоң атасы Дүйшө ата да кат сабаты жойулган өз заманынын илим-билимдүү кадырлуу инсандарынан болгон. Меккеге барып келген «ажы» ата, өз доорунда да узак-узак жылдары болуш болуп шайланып элжерин, калайык-калкын бийлеп башкарган дөөлөттүү да сөөлөттүү да болгон.*

*Дүйшө болуш менен кудасы Тойгонбай экөө уулу-күйөө баласы Нарынбайды да Меккеге барышына шарт түзүп жатканда, кокустан «шум» ажал Нарынбайды жалмап каза болуп калат. Ойлогон ойлору ишке ашпаган эки куда Нарынбайга деп арнаган каражаттарын чогултуп айылга чоң мечит курдуруп беришкен тура. Өз убагында айыл ападагылар бул мечитке зыярат кылышып беш убак намаздарын окушса, кийин 1917-жылы Совет Өкмөтү орногондо бул мечитти калайык-калк жаш муундарды окутканга орто мектеп кылып алышкан. Бүгүндөй айылдагы жаш муундар бул мектептен окуп илим-билим алышып эли-журтун башкарган чыгаан түркүн кесип ээлери, кызматчылардан боло алышкан.*

*Совет Өкмөтү бар алына келип айылга орто мектеп курулгандан кийин кана Дүйшө ата менен Тойгонбой аталар курдурган бул имарат кайрадан айыл ападагылардын мечити болуп эли үчүн кызматын кылууда.*

*Ооба, Токтогул ата да Айымкан эне менен баш кошуп тун уулдары Сулайман (Хамит) андан кийин Токтосун, Турусбек жана кызы Халидалары төрөлөт. Алардын ар бири өз алдыларынча очокторунан түтүн булатып очор-бачар бактылуу жашоолорун өткөрүшүүдө.*

*Токтогул ата, чоң молдо эле эмес, кыргыздын тарыхына иликтөө жүргүзүп өзүнөн кийинкилерге үзбөй айткан чоң санжырачылардан да болгону баарыбызга белгилүү.*

*Андай дегенибиздин да жүйөөлүү себептери бар. Жайыл баатыр китебинин экинчи томдугундагы Жайыл баатырдын неберелери Үсөн уулу Шарип менен Теке уулу Шорукчулардын кандайча Кытайга элчилер курамы менен барышканын жана Шорукчунун урпактары кантип эли жерине келгенин (Ысыккөл солтолорунун) тарыхын Токтогул чоң атасынан уккан небереси Сулайман (Хамит) уулу Тынчтыкбек мырзанын баяндоосу боюнча берилди.*

*Токтогул атанын санжырасы толугу менен Жайыл баатыр китебинин биринчи томдугунун 287-бетиндеги №10 сүрөөдө чагылдырылган.*

Касида кереметин окугандан,
Касиет күчтүү болот, окуган жан.
Кышы-жай чилделерде демин салса,
Кадиксиз сакайышат «жин-шайтандан».
Каарданса күн күркүрөп нөшөр төгүп,
Көргөндөр бул сыйкырга болот аң-таң.

*$4^{17}$ 19.IX.05-ж.*



## ТОКТОГУЛ УУЛУ ТОКТОСУН

*Токтосун агабыз, 1932-жылы 15-сентябрда Ысыккөл областынын Челпек айыл өкмөтүндөгү Ташкыя айылында төрөлгөн. Жети жашка толуп 1939-жылы мектептин босогосун аттап окуусун уланткан, «Жаштардын коммунисттик мектеби» аттуу мектебинде он жылы окуп орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатын 1949-жылы алды.*

*1951–1953-жылдары Советтик Армиянын курамында өз кызматын абийирдүүлүк менен өтөгөн. Армиядан келген Токтосун агабыз борбор шаарыбыздагы финансы-кредиттик техникумуна 1954-жылы өтүп аны ийгиликтүү аяктаган.*

*Эмгек жолун Ысыккөл областык финансы башкармалыгында эмгектенүүдөн баштаган, алды менен катардагы эле инспекторлук иштен баштап бара-бара такшалып кызматы ай сайын, жыл сайын жогорулаган. 1959-жылы Ысыккөл областынын жоюлгандыгына байланыштуу Тянь-шан (Нарын) областык финансы тармагына бөлүм башчылык кызматына жөнөтүлөт. Өз кызматын өтө кылдат аткарган Токтосун агабызды Нарын областык керек-жарак союзунун финансы бөлүмүнүн жетекчилигине дайындалат. Бул кызматта 1961-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген. 1961-жылы областын жоюлганына байланыштуу Ысыккөлдөгү Түп районунун финансы бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалат. Бул жерде 1972-жылга чейин иштеп жүргөндө, Ысыккөл обкомпартиясынын жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жолдомосу менен Аксуу районундагы «Коммунизм таңы» колхозунун партиялык уюмунун секретарлык кызматына дайындалган, бул партиялык кызматта жемиштүү эмгектени жүрүп, ден соолугуна байланыштуу Караколдогу токой чарбасына өз адистиги боюнча кызматка которулуп 1992-жылга чейин иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыгып бүгүнкү күндө бала-чакалары менен төрүнүн куту.*

*Токтосун агабыздын иштеги ийгиликтери жараткан жетишкендиктери райондук, областык, республикалык фи-*

*нансы тармагы тарабынан өз учурунда жогору бааланып мактоо Граммота баалуу белек, сыйлыктар менен сыйланган.*

*Токтосун агабыз өмүрлүк жары София Умаровна менен баш кошуп бактылуу өмүр сүрүштү, беш балалуу болушту. Дилара, Клара, Гуля, Ильяс, Марат. Балдар-кыздарынын баардыгы окушуп билим алышып дипломдуу адистерден. Өз алдыларынча үй-бүлө күтүшүп очор-бачар болуп калышкан.*

Эл ишеничин актадың,
Эсеп-чот жагын тактадың.
Ээнбаш куйтку митаамдан,
Элдин мүлкүн сактадың.
Ээн-эркин казынага кол салган,
Ээнбаштарга ооба чыны жакпадың.

Таалим ала талыкпастан тер кетип
Тарбиялуу уул-кыздарың эр жетип.
Таптатына уул-кыздар агада,
Таасиринди жана дагы бер дешип.
Түтүн булап очогунан өзүнчө
Түштөнүүгө ата-энени кел дешип.

*2.IX.05-ж.*

## ТОКТОГУЛ УУЛУ ТЫНЧТЫКБЕК



*Тынчтыкбек мырза 1952-жылы 22-февралда Ысыккөл областынын Аксуу районунун Челпек айыл өкмөтүнө караштуу Ташкыя айылында төрөлгөн. Башталгыч мектепти айылдан, он жылдыкты Каракол шаарынан бүтүргөн. Бишкек шаарындагы политехникалык институтунун энергетикалык факультетине өтүп 1974-жылы ийгиликтүү бүтүрөт.*

*Эмгек жолун Республикалык энергетика боюнча илим изилдөө институтунда кенже илимий кызматкер болуу менен баштаган. Темир бетон заводунун лабораториясында улуу инжинер болуп эмгектенет. 1979-жылдан баштап өзү бүтүргөн институтка мугалим болуп иштеген. 1984–87-жылдары Москвада аспирантурада окуп, техника илимдеринин кандидаты деген илимий даражасын ийгиликтүү коргогон. 1993-жылдан баштап бизнестик иштер боюнча өзүнчө фирманын директору, кийин өз алдынча көз карандысыз инжинерлер тобунун директору.*

*Үй бүлөлү, өмүрлүк жары Жанетта менен Венера, Чынара жана Медеттердин бактылуу ата-энелери.*

Көңүлдүн тереңинен орун алган,
Күпүлдөп сүйлөбөгөн эч бир жалган.
Кырчындай мырза жигит арабызда,
Кыйлалар ашык мүмкүн арман-арман.
Кымындай убактысын бош кетирбей,
Кызматта эли үчүн таңкы заардан.

Иликтеп иштерин көп терендетип,
Илимдин кандидаты энергетик.
Ийгилик жаратууга эли-журтка,
Илгиртпей көп нерсени белендетип.
Инвестор менен ишти алып барат,
Изилдеп, иликтеши жалаң тетик.

Тактыкты, тазалыкты жандай көргөн,
Тарыхка, таалимдерге көңүл бөлгөн.

Таасирлүү сүйлөгөн сөз тарбиясы,
Татыктуу ага орун берсе төрдөн.
Талабың тапшырмаңды орундоодо,
Тилеги урук байлап ооба өнгөн.

*7[37] 31.X.02-ж.*
*Сары-Челек коругу*

*Тынчтыкбек мырза чоң атасынын таалим-тарбиясын алып калды, бөтөнчө аны кызыктырганы кыргыз элинин санжырасы эле. Мезгил өттү, чоң атасы эле эмес өз атасы Сулайман (Хамит) да о дүйнөгө сапар тартты.*

*Улуулардын санжыра кебинин учугун улап колуңардагы китептин экинчи бөлүгү «Шарип менен Шорукчунун тарыхы» – Тынчтыкбектин баяндоосу боюнча жазылганы эскере кеткенибиз оң болоор.*

*Тынчтыкбек мырза бул экинчи томдуктун жарык көрүшүнө колдоо көрсөткөнүн сыймыктануу менен эскеребиз.*

## ТӨРӨКУЛОВА АЛТЫН



*Алтын айым 1954-жылы 25-октябрда Жайыл районуна караштуу Жайыл айылында төрөлгөн. Ата-эненин таалим-тарбиясында жүрүп 1962-жылы биринчи класстын босогосун аттап партага отурган. 1968-жылы окуунун отличниги катары Жайыл элге билим берүү тармагы тарабынан В.И. Ленин атындагы Бүткүл союздук пионер лагери Артекке жиберилген. Артек 1925-жылы ВЛКСМ БК менен Кызыл Кресттин Россия коому тарабынан уюшулган. Артек жыл маалы иштеген пионерлер эс алуу жайы. Жылына 27 (жыйырма жети) миң пионерлер эс алат, буларды тейлөө үчүн миңден ашык кызматкерлер эмгектенишет.*

*Алтын карындашыбыз окууну кунт койуу менен окуп сабагын мыкты өздөштүрүп 1970-жылы сегиз жылдык мектепти артыкчылык менен бүтүргөн жалаң бешке (кызыл граммота) менен. Бул кызыл күбөлүгүнүн натыйжасы менен Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумуна экзамeнсиз кабыл алынган. 1973-жылы өнөр жай тармагындагы бухгалтердик эсеп-кысап бөлүмүн ийгиликтүү бүтүрүп дипломуна да ээ болот. Дипломун алган Алтын карындашыбыз Карабалтадагы промкомбинатыка алды менен бухгалтердик кызматка, кийин башкы бухгалтердин орун басары, кийин башкы бухгалтер болуп узак-узак жылдары үзүрлүү эмгектенген. Бул комбинат үй тиричилигине керектелүүчү ат арабаны, ага керектелүүчү шаймандарды, чабандын үйлөрүн палаткаларды. курулуш материалдарын чыгарылуучу, алар жалаң эле Кыргызстанга эмес, бүтүндөй Советтер Союзуна таратылуучу.*

*Алтындын салык инспекциядагы үлгүлүү жана үзүрлүү эмгектерин өз учурунда баалаган Өкмөтүбүз анын иш тажрыйбасын андан да өркүндөтүү максатында Америка Кошмо Штатына эки айлык окууга иш сапарында болуп келген. 2004-жылдан баштап жаңы ачылган ОсОО «Al-Sku Alco» башкы бухгалтер болуп ишке орношуп ишин улантууда.*

*Иштеги жетишкен баалуу белектер, сыйлыктарга татыктуу болгон.*

*Алган билимин өркүндөтүү максатында 1974-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетине сырттан окуу бөлүмүнө өтүп аны ийгиликтүү аяктап жогорку (билимдүү) дипломдуу адистерден болууга жетишкен.*

*1989-жылы Карабалта шаарынын финансы бөлүмүнүн башкы инспектору, 1990-жылы Карбалта шаарынын салык инспекциясына ишке дайындалып он беш жыл үзүрлүү эмгектенүүгө жетише алды.*

Абайлап аста карашкан,
Ага ашык боло самашкан.
Алтындай айым арада,
Атына заты жарашкан.
Абийирди туу тутууда,
Алганы менен таңашкан.

Саймасын сая токуган,
Сабагын бешке окуган.
Сылыктык менен «сиз» деген,
Сактыгын айтып отурам.
Саресеп салган ишине
Сабырлуу жанга жол тулаң.

*$5^{17}$ 8.VIII.05-ж.*

## АЛТЫН АЙЫМДЫН ӨМҮРЛҮК ЖАРЫ КУЛМАМБЕТОВ РЫСБЕК



*Рысбек мырза 1949-жылы 10-февралда Жайыл районуна караштуу Алексеевка айылында төрөлгөн. Айылда окуп орто мектепти бүтүргөн Рысбек Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика бөлүмүнө өтүп, окуусун ийгиликтүү аяктап экономист-финансист деген ардактуу адистигине ээ болот.*

*Рысбек эмгек жолун Жайыл районундагы мамлекеттик камсыздандыруу мекемесинде өз адистиги боюнча узак-узак жылдары үзүрлүү эмгектенди. Кийин райондук финансы бөлүмүндө салык инспекциясында да иштөөгө жетишти. 1997-жылдан баштап Жайыл дыйкан чарбасында эмгектенүүдө.*

*Өмүрлүк жары Алтын экөөнүн төрт баласы бар, уулдары жогорку окуу жайларын бүтүрүшүп, өз алдыларынча үй-жай курушуп очокторунан түтүн булатышып ата-энелеринин жүрөктөрүнө жылуулук тартылашууда. Ал эми кенже кыздары Кыргыз Мамлекеттик Университетинин студенти.*

*Рысбек мырзага:*

Алтыны ойдон кетпеген,
Алтынга адам жетпеген.
Алтын бул, баалуу турбайбы?
Амалы жеткен эптеген.
Алтының толо койнуңда,
Армансыз Рысбек «эр белем».

*14$^{43}$ 8.VIII. 05-ж.*

## ТУРДУКУЛ УУЛУ ЗАКОН



*Закон агабыз 1928-жылы 5-декабрда Жайыл районунун Орто-Суу айылында төрөлгөн. Мыйзам кабыл алынган күнү төрөлгөндүктөн Закон деп аталганы да далилсиз чындык деп эсептөөгө туура келет. Атасы кубанычынан төрөлгөн наристеге Закон деген ысымды ыйгарды.*

*Закон мектепте окуп жүргөндө эле өтө чыйрак, зээндүү, кичи пейил элпек, сылык, боорукерлиги менен балдардан бөлүнүп турчу экен. Албетте анын мындай калыптанышына үй-бүлөдөгү ата-эненин таалим тарбиясынын зор таасирин касиети эмеспи. Айылдан тогузунчу классты бүтүрүп келип К.И.Скрябин атындагы айыл чарба институнун зоотехния факультетинде окуп жүрүп ден соолугуна байланыштуу окуусун уланта албай алыскы Жалалабат областына караштуу Алабука районуна мугалимдик кесипти аркалап иштеп кеткен. Анткени ошол учурда алыскы райондордо агартуу иштеринде адистердин (мугалимдер) жетишсиздиги сезилип тураар эле. Орто билим менен онунчу класстарга сабак бергени менен өз илимин дагы өркүндөтүүнү алдына максат кылып келип Улуттук Университеттин чет тилдер факультетине өтүп англис тилин үйрөнүүгө киришкен. Окууну 1952-жылы бүтүрүп англис тили боюнча жогорку билимдүү адис болот. Университетти ийгиликтүү бүтүргөн Законду өзү билим алган факультетке мугалим кылып алып калышат. Жаш муундарга таалим-тарбия, илим-билимди үйрөтүү ишинде 1952–1955-жылдары үзүрлүү эмгектенди. Бирдей эле учурда университеттин комсомол уюмунун секретарлык ишин да жетектеген. Мындай жөндөмдүү жаштар дароо эле көпчүлүктүн алкоосуна алынып, 1955-жылы Закон Турдукулов Кыргызстан Лениндик комсомолдук Жаштар Союзунун Борборук Комитетинин үгүт насыят иштери боюнча секретарлыгына дайындалган. Тапшырылган иштерин ийгиликтүү аткарып жатканда, республикабызда Чүй жана Талас областтары биригип, аталган чоң областын комсомолдук жаш-*

*тар уюмунун жетекчилиги Закон Турдукуловичке ыйгарылган. Фрунзе областык комитетинин комсомолунун биринчи катчылык ишин ийгиликтүү иштеп жүргөндө Борбордук Комитети тарабынан СССРдин тышкы иштер министрлигинин ортолук аппаратына дипломаттык ишке дайындалат, арадан бир жыл убакыт өткөндөн кийин СССРдин Ирак республикасындагы элчилигинин экинчи катчысы болуп дайындалат. Бул кызматта үч жылы өтө кылдаттык менен жемиштүү эмгектенет.*

*Өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе бул Закон Турдукулов жалаң эле кыргыз тарыхындагы эле биринчи элчи дипломат эмес, ал бүтүндй Орто Азия өлкөлөрүнөн чыккан тунгуч дипломат экендигин бардык эле инсандар биле бербеси бышык. Ошентип Закон агабыз Кыргыз Республикасынын дипломатия тарабынан биринчи баштоочусу, анын салган чыйыры менен бүгүнкү күндө республикабызда жүздөгөн, миңдеген дипломаттар чет өлкөлөр менен иш алып барууда. Өзүңүздөргө белгилүү дипломаттык ишке ар кандай эле адистерди ала бербегендиги барыбызга маалым. Аны үчүн партиянын курамында болуу менен бирге сансыз сыноолордон өткөн кылдат, чыгаан, мыкты адистердин миңден-миллиондон бири алынганы бизге белгилүү.*

*Закон агабыз элчилик кызматта өзү бүтүргөн англис тили эле эмес, араб тилин да тез арада өздөштүрүп тилмечсиз эле эркин сүйлөөгө жетише алган. Консулдуктан келгенден кийин Закон Турдукуловичти Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитети республикабыздын айыл чарбасы боюнча бөлүмдүн башчылыгына дайындашты. Анда үзүрлүү иштеди. 1967-жылдардан баштап Кыргыз Республикасынын элдик көзөмөлдөө тармагын жетектөөдө үзүрлүү эмгектенди.*

*Закон агабыз учурунда Кыргызстанга аттын кашкасындай таанымал болгон кызматкерлер менен тизгиндеше кызматын өтөп роеспубликабыздын дүркүрөп өнүгүүсүнө өз үлүшүн кошо алгандардан. Салмоорбек Табышалиев, Сабирдин Турсунов, Сопубек Бегалиев, Абдылда Каныметов, Талгарбек Сарбанов, Сабырдек Абдырахманов ж. б. у. с.*

Ар ким иште жаш үрөөчү темине,
Акыйкаттык келип-келбей элиме.
Ар бир кыймыл мыйзам менен чектелип,
Азбы-көппү орноп калган жериме.
Ата-эне уул көрүшүп сүйүнүп,
Ат коюшту Закон уулум дедире.

Аткарса дейт өзү билбес чаласын,
Ата байкуш окуса дейт баласын.
Ааламдагы жетишкендик билимде,
Ага умтула билим менен аласың.
Аруу сезим, туңгуюкта сырлар көп...
Аны чечпей таң калышта каласың.

Кат сабаты толук жойуп телчигем,
Калем кагаз, окуп-жазып ээрчигем.
Качан болсо китеп менен алышып,
Китеп кана, көздү ача берчү дем.
Керемет, касиеттүү мезгилинде...
Кыргызда эң алгачкы элчилерден.

*$4^{44}$ 11.V.04-ж.*



## ТУРМАНБЕК УУЛУ БУЗУБЕК

*Бузубек агабыз 1933-жылы 9-майда Чүй областынын Москва районуна караштуу Акторпок айылында төрөлгөн. Бузубек агабыз балдай балалыктын доорун сүрө албай калды десек жаңылыштык болбос, анткени 1941-жылы Ата Мекендик согуш башталып айылападагы эр азаматтар толугу менен мекенди коргоого кетишти. Өзүңүздөр билгендей элдин турмушу оорлогондон-оорлоп ач-жылаңач, жашоо өтүп жатпадыбы. Жети-сегиз жашар айыл балдары эртеден кечке талаадан тергени машак болуп, өлбөстүн күнүн көрүштү. Айылдагы уул балдар эгин оруп-жыйыноодо кырманда таш бастырышып кызыл данды жыйышууга өз салымдарын кошо алышты.*

*Бузубек агабыз 1951-жылдары айылдан орто мектепти бүтүрүп жетилүү аттестатына ээ болгон. Бирок окуусун улантууга турмуш-шарты мүмкүнчүлүк бербегенине өзүңүздөр күбө болуп турасыздар. Агабыз колхоздун ар кандай иштерине аралашып катардагы эсепчи, бригадир, ферма башчысы, кампачы болуп үзүрлүү эмгектенүүгө жетише алды. Өз ишине чыйрак, сарамжалдуу, тыкан жигитти чарба жетекчилери колдоо көрсөтүшүп, райкомпартиянын жолдомосу менен 1962-жылы Советтик Партиянын атайын мектебинен окууга жөнөтүлөт. 1960-жылы Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө өткөн. Атайын партиялык окууну бүтүп келген Бузубек агабыз 1963-жылы райондогу Карл Маркс колхозунда эмгектенүүсүн уланткан, айрыкча мал чарба тармагында ферма башчысы болуп узак-узак жылдары жемиштүү эмгектенүүгө жетишти. Бузубек агабыз жашоосунун жалындаган мезгилин чарбанын иштерине жумшап жүрүп ден-соолугунан да начарлап 1988-жылдан баштап Сокулук районундагы «Красный Заря» колхозунун «Конок» деген жайлоосундагы участкасын жетектеп эмгектенүүгө өткөн. 1993-жылы ардактуу эс алууга чыгып өз алдынча дыйкан чарбасын түзүп балдары менен жайлоодо чардап эс алууда. Акыркы жылдары дыйкан чарбасын улуу уулу Курманбекке өткөрүп берип, өзү байбичеси Айдай жеңе ме-*

*нен байтал бээнин бал кымызын ичип жашоонун ырахатын көрүшүүдө.*

*Бузубек агабыз өмүрлүк жары Айдай жеңе менен баш кошуп он балалуу болушуп, жеңебиз* ***«БААТЫР ЭНЕ»*** *болгон балпайган байбичелерден. Балдар-кыздарынны баардыгы окуп-билим алышкан адистерден, үйлөнүп-жайланып өз алдыларынча очокторунан түтүн булатып алар да бала-чакалуу болуп калышкандардан.*

*Бузубек агабыз жети атасын жазып жебирген экен ошого толуктоо ирээтинде төмөндөгү тарыхый маалыматты келтирүүнү туура таптык.*

***Долон бийден – Наалы эже, Адигине, Тагай.***
***Тагайдан – Богорстон, Козор.***
***Богорстандан – Эштек.***
***Эштектен – Солто.***
***Солтодон – Күнтуу, Култуу, Чаа.***
***Чаадан – Талкан, Бөлөкбай, Жоочалыш, Тата.***
***Талкандан – Коңурбай, Кошой, Бакы, Багышан, Байболот, Делдең, Алдаң, Багыш.***
***Кошойдон – Жамансарт, Момокон, Баймырза, Мамбет, Каман.***
***Жамансарттан – Түлөбреди, Эсенаман.***
***Эсенамандан – Ажыбек.***
***Ажыбектен – Назар.***
***Назардан – Кулеш.***
***Кулештен – Турмамбет.***
***Турмамбеттен – Бузубек.***
***Бузубектен – Курманбек, болуп улана берет...***

## ТЫНЧТЫКБЕКТИН КЫЗЫ ВЕНЕРА (ЧОЛПОН)



*Венера кызыбыз 1979-жылы 13-сентябрда Бишкек шаарында төрөлгөн. Венера эгиздин түгөйү, (алдыңкы төрөлгөнү). Алар ата-эненин алпешинде таалим-тарбиясында чоңойушуп 1986-жылы мектеп босогосун атташып 1996-жылы борборубуздагы №4 мектебин ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол эле жылы Баласагын атындагы Улуттук Университетинин экономика факультетине өтүп, окуусун уланткан. Окууну эң жакшы деген бааларга окугандыгынын негизинде бюджеттин эсебинен магистратурага кабыл алынган.*

*2002-жылы магистратураны ийгиликтүү аяктагандан кийин эмгек жолун Аманат сактык кассасында кызматка орношуп эмгектенүүсүн улантууда.*

*Венера турмушка чыгып, өмүрлүк жары Дайыр менен Алтынай, Анатай деген эки балалуу болушту. Алар да Жайыл баатырдын тукум улоочуларынан болуп кала бермекчи кыздар тарабынан.*

## ТЫНЧТЫКБЕК КЫЗЫ ЧЫНАРА



*Чынара кызыбыз 1979-жылы 13-сентябрда Бишкек шаарында төрөлгөн, жарыкчылыкка эжеси Венерадан кийин келген. Эгиз кыздар ата-эненин алпешинде чоңойушуп 1986-жылы мектеп босогосун атташып, 1996-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин ошол эле жылы Баласагын атындагы Улуттук Университетинин экономика факультетине өтүп, ийгиликтүү окуй баштаган. Окууну жакшы окугандыгынын негизинде окуусун бүтөөр менен бюджеттин эсебинен магистратурага өтүп илим-билим алуусун уланткан.*

*2002-жылы магистратураны ийгиликтүү бүтүргөндөн кийин «Көз карандысыз инжинерлер тобунун» ОсОО алды*

*менен бухгалтери кийин башкы бухгалтери болуп эмгектене баштайт. Чынара турмушка чыгып өмүрлүк жары Мирлан менен Кайрат, Акинай деген эки балалуу болушкан.*

Бир жатында тебишип эгиз кыздар,
Биримдикте чоңойуп жатыпсыздар.
Бирин-бири «сизиң» деп, урматташып...
Биринчиси Чолпону анан Чынарасы
Бул турмушка жарыкка чыгыпсыздер.

Бирге өсүп, бирге ойноп бирге жүрүп,
Бирге басып, бир туруп, бирге күлүп.
Бул турмуштун жыргалын бирге көрүп,
Бир боор кыздар арада өмүр сүрүп.
Башым десе кокустан анын бири,
Бүк түшүү бар экинчи кошо үңүлүп.

Бул турмушка кеңири таралгандар,
Бир эненин канынан жаралгандар.
Берекеси, бактысы ата-эненин
Бирге жашап бирдикте тарангандар.

*5[28] 12.VII.05-ж.*



## ТЫНЧТЫКБЕК УУЛУ МЕДЕР ТОКТОГУЛОВ

*Медер мырза 1983-жылы 17-февралда Бишкек шаарында төрөлгөн. 1989-жылы борборубуздагы №4 орто мектебинин босогосун аттап окуусун уланткан. 1999-жылы орто мектепти аяктап жетилүү аттестатын алууга жетишкен. Ошол эле жылы И. Раззаков атындагы техникалык университетинин энергетикалык факультетине өтүп, окуусун уланткан.*

*Эмгек жолун ОсОО «Көз карандысыз инжинерлер тобунда» катардагы инжинерликтен баштаган. Бүгүнкү күндө жетектөөчү адис болуп ишин улантууда.*

*Медер үйлөнүп, өмүрлүк жары Жылдыз менен Аяна аттуу кыздуу болушту.*

Кыргызды коргоп бөтөндөн,
Кыргыз деп тынбай жөтөлгөн.
Калайык калкка кызмат кыл,
Кыргыз деп жүгүн көтөргөн.

Калыс бол кылды как жарган,
Кыраан бол кыйла такшалган.
Кызматы үчүн элиңдин,
Кыйналбай ишин аткарган.

Кас душман үчүн тарыган,
Калк иши үчүн арыган.
Каректей сакта элиңди,
Кадырла калкың баарынан.

*$3^{49}$ 16.IX.05-ж.*

# ЫСАК КЕЛИНИ РАПИЯ (КАРАТАЙ КЫЗЫ)



*Рапия айым 1950-жылы 18-февралда Панфилов районуна караштуу Букара айылында төрөлгөн. Сайарык орто мектебинде окуп жүрүп орто билимге ээ болду. Орто билимге ээ болгон Рапия Фрунзе шаарындагы эки жылдык бухгалтердик окуу жайын бүтүрүп атайын адистик дипломуна ээ болгон.*

*Рапия эмгек жолун Кемин районундагы мамлекеттик камсыздоо бөлүмүндө бухгалтер болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин Панфилов районунда борбордук сактык кассасында кассир болуп үзүрлүү эмгектенген. Акыркы жылдары Рапия айым «Кыргызглавэнергодо» ашканасынын жетекчиси болуп дайындалып узак жылдары эмгектенди.*

*Рапия айым өмүрлүк жары Ысак уулу Жекшенбек менен баш кошуп беш баланын ата-энелери боло алышты (Венера, Сейил, Мирлан, Асел жана Темирлан). Armansыз дүнүйө болбойт тура элүү үч жаш курагынан эми өткөн Рапия да бул жарыкчылык менен кош айтышып акыркы келбес сапарына бет алды, 2003-жыл 14-декабрь.*

Умсунбай жашап өрлөдүң,
Улууну сыйлапа төр дедиң.
Уулуңдун-уулун жетелеп,
Урматын аттиң көрбөдүң.
Кыздардан кызмат буйрубай...
Көз жума кокус «көр» дедиң.

Аттиң ов! адам тойбогон,
Армансыз жашоо болбогон.
Ашпады нечен максаттар...
Алдыга койуп ойлогон.
Акыры алдың арадан,
«Шум» ажал жутту жойлогон.

*7³³ 9. VIII. 05-ж.*

## ШАРШЕНБЕК КЫЗЫ ЗЕБО



*Зебо карындашыбыз ата-энеси Самаркандтагы кооператив институтуна окуп жүргөндө өндүрүштүк практикасын Өзбекстандын Навои шаарында өткөрүшөт. Бири райпотребсоюздун ага бухгалтери болсо, экинчиси шаардын керек-жарак коомунун экономиси болуп эмгектенишип жүрүп 1964-жылы кыздуу болушат. Жаштык жалын алоолонгон мезгил, жоро-жолдош, досжар дегендер бир үзүм нанды да бөлүп жеген кең пейилдик өкүм сүргөн учур. Бирге иштешкен өзбек-кыргыз-тажик замандаштары биригип кеңешип жаңы төрөлгөн наристебиз сын-сыпаты келишкен сулуу болсун деген ниетте – Зебо деген атты ыроолошкон.*

*Зебо орто мектепти бүтүрүп жетилүү атестатын алган соң ата-эненин жолун жолдомокчу болуп Карагандадагы кооператив институтуна өткөн. Акыркы эки жылы калганда борборуздагы Мамлекеттик университеттин экономика факультетине которулуп товаровед бөлүмүн 1988-жылы бүтүргөндөн кийин жогорку билимдүү Зебо, эмгек жолун Жалалабад шаардык керек-жарак соода базасында иштөөдөн баштаган. Андан борборубуз Бишкек шаарына каздемелер дүң базасына которулган. Бара-бара тажрыйбасы артып, керек-жарак коомунун методикалык окуу жайында бөлүмдү жетектейт. Ортосай соода комплексинде ага товаровед, универмагынын башчысы болуп жемиштүү эмгектенген.*

*1998-жылдын февраль айынан бери Америка Кошмо Штатына барып Нью-Йорк шаарында эмгектенүүдө. Зебо карындашыбыздын Айкерими жетилүү атестатын алгандан кийин өзүнө алып кеткен. Айкерим мектепте окуп жүргөндө жаштардын Сейтек борборунда атайын кружокко катышып «Жаш кыял» ансамблинин солисти болду, жакынкы кошуна жана алыскы чет өлкөлөргө (Турцияга) бир эмес, бир нече жолу жаш муундардын кароо конкурсуна катышып ийгиликтерге жетишти. Президенттик окуунун отличниктерине берген стипендиясына татыктуу болду. Зебо*

*карындашыбыз алыста жүрсө да ата-энесине, ага-тууган-дарына жакындан жардамын берип келүүдө.*

Таалимин алып апанын,
Тартибин көрүп атанын.
Теңирим колдоо көрсөтүп,
Таасири тийди батанын.
Талашып тагдыр чече алган,
Тактыгын кантип катамын.

Баалаган башка элдесиң,
Бөлөк эл, бөлөк жердесиң.
Бардыгы бирдей болсо да,
Болбостур анда жердешиң.
Билимиң менен бarкталган,
Билимиң күчтүү эрденсиң.

*21 $^{20}$ 4. IV. 05-ж*

## ШАРШЕНБЕК УУЛУ НУРЛАН



*Нурлан инибиз, 1966-жылы төрөлгөн. Орто мектепте окуп жетилүү аттестатын алгандан кийин Мамлекеттик университеттин экономика факультетинин анын «материалдык техникалык жабдуу» бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган.*

*Жогорку билимдүү Нурлан эмгек жолун Республикалык камсыздоо мекемесинен баштаган. Бара-бара коомдун багытына жараша, базар экономикасынын талабына ылайык өз алдынча жекече ишкер болуп эмгектене баштайт. Кийинчерээк, республикалык керек-жарак коомунун тармагындагы Панфилов районунун даярдоо конторасын жетектеген.*

*Нурландын өмүрлүк жары Бусурманкул кызы Чынара. Экөөнүн 1993-жылы тун кызы Жазгүл, 1999-жылы уулу Санжарбек төрөлгөн. Жазгүл эжеси Айкеримди тартып шаардык өздүк-көркөм кружокторуна активдүү катышууда, шаардык кароолордо жеңип чыгышып өз өнөрлөрүн чет өлкөлөргө чейин көрсөтүп келип жатышат.*

*Нурлан жубайы Чынара экөө тең Арабаев атындагы университеттин экономика тармагында мугалим болуп эмгектенишүүдө. Университеттин окумуштуулар кеңешинде өздөрүнө илимий тема алып аны бул кеңеште бекиттирип алышып илимий изилдөө, иликтөөлөрүн, тажрыйбаларын жүргүзүүдө. Кудай буйруса быйылкы жылы экономика тармагы боюнча келинибиз Чынара илимий иштерин коргоону пландаштырууда. Жаш жубайлар өздөрүнүн алган илим-билимдерин толугу менен жаштарга окутушууда.*

Илимди илгей билиштен,
Илимге сүңгүп киришкен.
Иликтөө ишин жүргүзүп,
Ийгилик күтөт бул иштен.
Илим бул «кудук казгандай»,
Кур калба! тийээр үлүштөн.

*5 02 5. IV. 05-ж*

## ШАРШЕНБЕК УУЛУ КАНАТБЕК



*Канатбек инибиз 1972-жылы 21-март «Нооруз» майрамы күнү төрөлгөн. Шаршенбек байке эми 35 (отуз беш) жашка толуп, майрамда бирге болгон жоро-жолдоштору төрөт үйүнө келип жаңы төрөлгөн наристеге агасы Нурланга канат болсун деген пикилерин билгизип «Канатбек» деген ысымын койушкан. Ошентип Асан чакырылып Канатбек деп аталганын агабыз айтып берди. Мезгил учкан куштай өтүп отуруп кечеги жаңы төрөлгөн наристе, эмгектеп басып, бала бакчага барып; мектепте окуп жетилүү атестатын да алууга жетишкен күндөр болду.*

*Эр азамат Канатбек Бишкектеги кооператив техникумунда окуп бүткөндөн кийин атуулдук милдети болгон Советтик Армиянын курамында Германияда Казакстанда кызматын өтөгөн. Армиядан келгенден кийин Мамлекеттик Университеттин юридика факультетине өтүп аны ийгиликтүү бүтүргөн. «Товаровед-юрист» деген жогорку билимдүү дипломдуу Канатбек мырза өз адистиги боюнча ишин улантты. «Эридан» аттуу Канадалык интер-лото боюнча Ош-Жалалабад шаарларында уюштуруу-жетекчиси, ошол эле фирманын Бишкектеги жетекчисинин орун басары, бүгүнкү Костонай шаарындагы «Вымплекс» фирмасынын жетекчиси.*

*Канатбектин өмүрлүк жары Самарбек кызы Гүлмира – кесиби боюнча саламаттык сакчысы (медицина) кызматкери, биринчи категориядагы врач медицина илимдеринин кандидаты. Канатбек менен Гүлмиранын тун кызы Жибек 1996-жылы төрөлгөн, уулдары Искендер 2002-жылы бул жарыкчылыкка келген.*

Эмгеги менен керилген,
Эл-жери үчүн берилген.
Эс тартканы мекенге,
Эринбей иштеп теминген.
Эл ичинде Канатбек,
Эр азамат дедирген.

*13 $^{03}$ 5.IV. 05-ж*

## P.S: ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН КҮМБӨЗҮ

*Жайыл баатыр китебинин экинчи томдугу толук даярдалып бүтүп басмага тапшырылганда Жайыл райондук архитектура жана курулуш башкармалыгынан Жайыл баатырдын күмбөзү Карабалта шаарынын күн чыгыш тарабындагы Жайыл баатырдын эстелигинин жанына орнотула тургандыгы тууралуу кабар келгендигине байланыштуу бул жаңылыкты да китепке кошууну туура таптык.*

*Жайыл райондук архитектура жана курулуш башкармасынын жетекчиси М.Алиев, долбордун башкы архитектору Б. Жанусаков, башкы инжинери Д. Шабданалиев, долбоорду чийип даярдаган* ***инжинери Эгемберди уулу Кыдырбек.***

## Күмбөздүн көрүнүшү



## ЭГЕМБЕРДИ УУЛУ КЫДЫРБЕК



*Кыдырбек мырза 1958-жылы Панфилов районуна караштуу Эркинсай айылында төрөлгөн. Айылдан он жылдыкты ийгиликтүү бүткөндөн кийин борбор шаарыбыздагы политехникалык институтунун курулуш факультетине өтүп, аны ийгиликтүү бүтүргөн.*

*Эмгек жолун өз адистиги боюнча иштеп жүрүп Возносеновка айыл өкмөтүнүн башчылыгына шайланган. Кийин өз алдынча бөлүнгөн үлүшүнө тийген жер аянты менен дыйкан чарбасын түзүп үзүрлүү эмгектенген. Акыркы жылдары жогоруда аталган мекеменин катардагы инжинери болуп орношуп ишин улоодо.*

*Кыдырбек мырзанын кубанычы, касиети күчтүү Жайыл (атанын) хандын күмбөзүнүн долбоорун даярдоо ишине активдүү катышкандыгы. Күмбөздүн узун-туурасы 6х6 метр . Бийиктиги 6,7 метр. Дубалдары кызыл кирпич, жээктери ак кирпич менен коздолот.*

*Күмбөздүн бет маңдайынан караганда ортодо чоң куполу, эки жагында эки мунарасы көрүнөт. Ортодогу куполу Жайыл баатырды элестетсе, эки жагындагы куполдор баатырдын уулдары Теке баатыр менен Үсөн баатырларды элестетет. Мунара жана куполу дат баспаган ак темир менен жабылат (капталат). Оозунан кирсе ичинде куран окуганга ыңгайланыштырылган.*

*10[13] 15. IX. 05-ж.*

# МАЗМУНУ

I БӨЛҮМ

**ЖАЙЫЛ АТАНЫН ЖАНА БАЛДАРЫНЫН АСЫЛ ОЙЛОРУ. МУХУДДИН ТӨЛӨБАЕВ** ........ 3

РЕДАКТОРДОН ........ 4
БАЙЫРТАДАН ЖОЛ АРЫТЫП ........ 5

II БӨЛҮМ

**ШАРИП МЕНЕН ШОРУКЧУНУН ТАРЫХЫ.** ........ 257
**Т. ТОКТОГУЛОВ, М. ТӨЛӨБАЕВ, А. ОМОРОВ**

АТТИҢ! ДЕП, КАЗАК ЭЛИ БАШ ЧАЙКАШКАН ........ 258
СЫР ТҮЙҮНҮ ........ 313
АДЫЛБЕК АГАНЫН ЫСЫККӨЛДҮК
СОЛТО ТУУГАНДАРДЫ ТАБЫШЫ ........ 316
ТАКТЫКТАН ТАРЫХ ЖАРАЛАТ ........ 318
ЖАЙЫЛ ХАНДЫН БЕЙИТИ ........ 328
ИЛИКТӨӨ ........ 330

III БӨЛҮК

**ЖАЙЫЛ АТАНЫН УРПАКТАРЫ** ........ 344
**М. ТӨЛӨБАЕВ, А. ОМОРОВ, Т. ТОКТОГУЛОВ**

АВАЗКАН УУЛУ ДӨӨЛӨТБАЙ ........ 345
АБДЫГУЛ УУЛУ АДЫЛБЕК АГАНЫН ӨМҮРЛҮК ЖАРЫ – РАПИЯ ........ 350
АДЫЛ УУЛУ ШАЙЫРБЕК ........ 352
АЙБАШ УУЛУ ЭСЕНГУЛ ........ 354
БАЙБОСУН КЫЗЫ ГҮЛАЙЫМ (ТОКОМАНОВА) ........ 355
ДЕМЕСИН УУЛУ АЛТЫМЫШ ........ 357
ЖАКИМБАЙ УУЛУ ШАМИЛ ........ 358
ЖАКЫП УУЛУ КАРЫПБЕК ........ 359
ЖЕКШЕНБЕК УУЛУ ТЕМИРЛАН (ИСАКОВ) ........ 361
ЖУМАБЕК КЫЗЫ УУЛКАН (САРИЕВА) ........ 362

ЖҮЗҮМКУЛ УУЛУ ТУРГУНБЕК ........................................ 364
ИСАЕВ АЛИАСКАР ЭРКИНОВИЧ ........................................ 366
КАЗАКБАЕВ МУКТАРБЕК ........................................ 368
КАЗАКБАЕВА КҮЛҮЙПА АЛИЕВНА ........................................ 369
КАЛЫЙ УУЛУ ОРУНБЕК ........................................ 370
КАРЫМБАЙ УУЛУ МҮСҮЛҮМ ........................................ 371
КЕЛДИБЕК УУЛУ САДЫБАКАС ........................................ 372
КОШОЙ УУЛУ ШАДЫБЕК ........................................ 374
ШАДЫБЕК КЫЗЫ НАСИП ........................................ 378
ЖАЙЫЛ УУЛУ НАДЫРБЕК ........................................ 381
НАДЫРБЕК УУЛУ ЭРЖАН
КУЛЕК УУЛУ ӨМҮРБЕК ........................................ 392
КУЛЕК КЫЗЫ АЛТЫН ........................................ 393
КУЛЕК УУЛУ ӨЗҮБЕК ........................................ 395
КУЛЕК УУЛУ ШАЙЛООБЕК ........................................ 396
КУЛЕК КЫЗЫ АСЫЛ ........................................ 397
КУЛЕК КЫЗЫ АЛМАЗГҮЛ ........................................ 399
КУЛЕК УУЛУ ЧОЛПОНБЕК ........................................ 399
МАМАТКЕРИМ УУЛУ НАСЫРБЕК ........................................ 400
НАСЫРБЕК УУЛУ КЕЛДИБЕК ........................................ 402
МИСПЕК КЫЗЫ САЙНАКАН ........................................ 403
НУРЖАН УУЛУ СҮЙҮНДҮК ........................................ 405
НУРЖАНОВ ТУРАР ........................................ 407
НУСУП КЫЗЫ ЖАНЕТТА (ИДРИСОВА, ТОКТОГУЛОВА) ........................................ 409
ОРМОКОЙ УУЛУ КОЙЧУ ........................................ 411
ОРМОКОЙ УУЛУ ЫБРАЙЫМ ........................................ 415
АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ ........................................ 417
САДАБАЙ УУЛУ МҮСҮРКУЛ ........................................ 419
САДЫБАКАС КЫЗЫ ЗАМИРА ........................................ 423
САРГАЛДАЙ УУЛУ РАХМАТИЛДЕ ........................................ 426
САРГАЛДАЙ УУЛУ АСЕЙ ........................................ 428
СЕГИЗБАЙ КЕЛИНИ ЗУЛАЙКА (СЫДЫК КЫЗЫ) ........................................ 430
НУРГАЗЫ УУЛУ БЕЛЕК ........................................ 432
НУРГАЗЫ КЕЛИНИ САЛИМА (АЛМУРЗА КЫЗЫ) ........................................ 434
БЕЛЕК КЫЗЫ РАНО ........................................ 436
БЕЛЕК КЫЗЫ ЧОЛПОН ........................................ 437
БЕЛЕК УУЛУ ЭРМЕК ........................................ 438
СЕГИЗБАЙ УУЛУ БЕКТУРГАН ........................................ 439
СЕГИЗБАЙ КЕЛИНИ АНИПА (МИҢБАЙ КЫЗЫ) ........................................ 442
БЕКТУРГАН УУЛУ ЖЕҢИШБЕК ........................................ 444
СЕГИЗБАЕВ ЫСМАЙЫЛ ........................................ 446
ЫСМАЙЫЛ УУЛУ НУРЛАН ........................................ 447
БЕКТУРГАН КЫЗЫ АПАРКҮЛ СЕГИЗБАЕВА ........................................ 448
АЙБЕК КЫЗЫ ЖИБЕК ........................................ 450
БЕКТУРГАН УУЛУ КАПАР (СЕГИЗБАЕВ) ........................................ 451
СМАНКУЛ УУЛУ АБЖАНБЕК (АБЫТАЙ) ........................................ 453
СУРАНАЕВ ТЯНАРБЕК ........................................ 454

СҮЙҮНДҮК УУЛУ ТУРАТБЕК ........ 455
СҮЙҮНДҮК КЫЗЫ БАКТЫГҮЛ ........ 456
СЫДЫК УУЛУ АШЫМАЛЫ ........ 457
ӨЙДӨЛӨЙ БЕРСИН АТА ЖУРТ ........ 459
ТҮШҮНСӨҢ ........ 460
МАС ........ 461
ЖАШТЫКТЫН ЭЛЕСТЕРИ ........ 462
ТИЙИП ЖАТАТ НАМЫСКА ........ 462
ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВГЕ АРНАЙМЫН ........ 463
ТИЩЕНКО СТАНИСЛАВ НИКОЛАЕВИЧ ........ 464
ТОКТОГУЛ МОЛДО НАРЫНБАЙ УУЛУ ........ 466
ТОКТОГУЛ УУЛУ ТОКТОСУН ........ 469
ТОКТОГУЛ УУЛУ ТЫНЧТЫКБЕК ........ 471
ТӨРӨКУЛОВА АЛТЫН ........ 473
АЛТЫН АЙЫМДЫН ӨМҮРЛҮК ЖАРЫ КУЛМАМБЕТОВ РЫСБЕК ........ 475
ТУРДУКУЛ УУЛУ ЗАКОН ........ 476
ТУРМАНБЕК УУЛУ БУЗУБЕК ........ 479
ТЫНЧТЫКБЕКТИН КЫЗЫ ВЕНЕРА (ЧОЛПОН) ........ 480
ТЫНЧТЫКБЕК КЫЗЫ ЧЫНАРА ........ 481
ТЫНЧТЫКБЕК УУЛУ МЕДЕР (ТОКТОГУЛОВ) ........ 483
ЫСАК КЕЛИНИ РАПИЯ (КАРАТАЙ КЫЗЫ) ........ 484
ШАРШЕНБЕК КЫЗЫ ЗЕБО ........ 485
ШАРШЕНБЕК УУЛУ НУРЛАН ........ 486
ШАРШЕНБЕК УУЛУ КАНАТБЕК ........ 487
ЖАЙЫЛ БААТЫРДЫН КҮМБӨЗҮ ........ 488
ЭГЕМБЕРДИ УУЛУ КЫДЫРБЕК ........ 489

**Мухуддин Төлөбаев**
**Адылбек Оморов**
**Тынчтыкбек Токтогулов**

**ЖАЙЫЛ БААТЫР – 2**
(Асыл ойлору, тарыхы, санжырасы)

Редактору *Бакашева Күлүйпа*
Сүрөт редактору *Мухуддин уулу Алишер*
Корректорлору *Төлөбаева Динара, Бурулкан, Гүлмира, Айгүл.*
Тех. редактору *Ж. Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Терүүгө 15.06.2005-ж. Басууга 25.06.2005-ж. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60 x 84 $^{1}/_{16}$. Мектеп арибі. 31,0 физ. басма табак.
31,0 учеттук басма табак. Нускасы 500. Заказ № 118
Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7–4
Ж 21

**Төлөбаев М. ж.б.**

Ж 21 Жайыл баатыр. 2 китеп. Асыл ойлору, тарыхы, санжырасы/ М. Төлөбаев, А. Оморов, Т. Токтогулов – Б.: 2005. – 496 б.

ISBN 9967-22-962-4

Мухуддин Төлөбаев (иштеп чыккан түзүүчү)
Жайыл атанын жана балдарынын асыл ойлору

Республикабыздын төрт районундагы кырктан ашык айыл кыштактарда жашаган Жайыл атанын укум-тукумдарынын арасында кеңири тараган асыл ойлору жарым кылымдардан бери чогултуп изилдеп-иликтеп иштеп түзгөн эмгегинде автор адамдардын кулк-мүнөзүн, карым-катнашын, куулук-шумдуктарын деги эле жашоонун өтүшүндөгү турмуштун чар тараптуу агымындагы мамилени чагылдырган.

Окурмандарынын жан дүйнөсүн ойготуп, жашоодо ар бир кадамды ойлонуп таштоого үндөйт.

Ж 4702300100–05

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7–4

ISBN 9967–22–962–4

© Төлөбаев Мухуддин,
Оморов А., Токтогулов Т., 2005

